КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
АКЫЙКАТЧЫСЫ

# 2015-жылы Кыргыз Республикасында Адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктеринин сакталышы жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) баяндамасы

Бишкек-2016

2015-жылы Кыргыз Республикасында адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктеринин сакталышы жөнүндө Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) баяндамасы. – Бишкек, 2015. –бет.

Баяндама Кыргыз Республикасынын 2002-жылдын 31-июлундагы № 136 «Кыргыз Республикасынын Омбудсмени (Акыйкатчысы) жөнүндө» Мыйзамынын 11-беренесине жана Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 74-беренесинин 6-бөлүгүнүн 2-пунктуна жана 8-бөлүгүнө ылайык түзүлдү.

Баяндама Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) 2015-жылдагы ишмердигин жана Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысына (Омбудсменине) келип түшкөн кайрылууларды жана арыздарды изилдөөнүн, ошондой эле адам укуктары жана эркиндиктери чөйрөсүндөгү аракеттеги ченемдик-укуктук актыларга жүргүзүлгөн экспертизанын негизинде Кыргыз Республикасында адам укуктарын жана эркиндиктерин камсыз кылууга жалпы баа, корутундулар жана сунуштамалар берилди.

*Борбордук Азия менен Дания Королдугунун Тышкы иштер министрлигинин кызматташуусу программасынын алкагында Адам укуктары боюнча Дания институтунун, Адам укуктары боюнча кеңештин эксперттик жана каржылык колдоосунда жарыяланды.*

© Кыргыз Республикасынын Акыйкатчы (Омбудсмен) Институту, 2015

**МАЗМУНУ**

**Кыскартуулардын тизмеси**……………………………………….
**Алгы сөз………………………………………………………………**
**Жалпы сунуштар …………………………………………………**

**I бөлүк. Кыргыз Республикасынын Акыйкатчы (Омбудсмен) Аппаратынын 2015-жылдагы ишмердүүлүгүнүн негизги багыттары………………………………**

1.1. 2015-жылы Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысына келип түшкөн арыздардын саны жана мүнөзү…………………………………………………

1.2. Адамдын жана жарандын укуктарын коргоо чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын жакшыртуу ……………………

1.2.1. Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын мыйзам нормаларына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү боюнча сунуштары....................

1.2.2. Улуттук укук коргоо мекемелеринин иши

**II бөлүк. Социалдык жана экономикалык укуктар…………..**

**2.1. Адамдын социалдык-экономикалык укуктарын камсыздоо…..**

2.1.1. Эмгекке укук……………………………………………..

2.1.2. Ден соолуктун эң жогорку деңгээлине жетүү укугу.....

2.1.3. Социалдык камсыздоого укук…………………………………

2.1.4. Калктын социалдык жактан аялуу катмарынын жеткиликтүү турак-жайга укугу

2.1.5. Жарандардын ичүүчү таза сууга укугу………………….

**2.2. Үй-бүлөдөгү зомбулуктан жана** гендердик **кодулоодон коргоо**

2.2.1. Жарандардын репродуктивдүү укуктарынын сакталышы………

2.2.2. Алименттерди өз убагында алууга укук………………….

2.2.3. Жеке ишканаларда иштеген жарандардын укуктарынын сакталышы……………………………………………………

2.2.4. Үй-бүлөлүк зомбулук........................................................................

2.2.5. Жашы жете электер менен нике маселеси ..............................

**2.3. Баланын укуктары.....................................................................**

2.3.1. Жетим балдардын турак-жайга укугу…………………………………….

2.3.2. Билим алууга, акысыз билим алууга укук

2.3.3. Ички иштер органдарынын кызматкерлери тарабынан балдардын укуктарынын бузулушу……………………………………………………

2.3.4. «Балдарга жардам берүүнүн шыр байланышы» (115) кызматы боюнча 2015-жылдагы иштер…………………….

**2.4. Психиатриялык мекемелердеги бейтаптардын укуктарынын сакталышы**

2.4.1. Мамиленин жана дарылоонун катаал методдорунан коргоого укук

2.4.2. Ош областтык психикалык саламаттык борборунда жаткан адамдардын укуктарынын сакталышы

2.4.3. Чым-Коргон айылындагы республикалык психиатриялык оорукананы инспекциялоо

2.4.4. Кызыл-Жар шаар тибиндеги поселогундагы республикалык психиатриялык оорукананы инспекциялоо

**III бөлүк. Жарандык жана саясий укуктар……………….**

**3.1. Укук коргоо органдары тарабынан жана эркинен ажыратылгандар кармалган жайлардагы адам укуктарынын сакталышы……………………**

3.1.1. Укуктук корголуунун натыйжалуу каражаттарына жеткиликтүүлүккө укуктун бузулушу: жазык-процесстик мыйзамдардын нормаларынын сакталбашы жана укук коргоо органдарынын аракетсиздиги …………………………………..

3.1.2. Жарандардын укук коргоо органдарынын өкүлдөрү тарабынан кыйноолордон корголууга укугу………………………………..

3.1.3. Эркинен ажыратылгандар кармалган жерлердеги жарандардын укуктарын коргоо

**3.2. Сот процесстеринин мониторинги**

3.2.1. Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңеши менен кызматташуунун проблемалары

3.2.2. Адилет соттук териштирүүгө укуктун сакталышы……………………….

3.2.3. Соттук териштирүүлөрдүн мөөнөттөрү

3.2.4. Соттук чечимдерди мыйзамдын негизинде гана чыгаруу принцибинин бузулушу жана тараптардын атаандаштык принцибинин бузулушу

3.3. Тынч жыйындардын эркиндигине укук……………………………………..

3.4.Жарандардын шайлоого жана шайланууга укуктары

**IV бөлүк. Кыргыз Республикасынын Акыйкатчы институтун өркүндөтүү**

**4.1. Эл аралык кызматташуу**

4.1.1. Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын эл аралык уюмдар менен жолугушуулары, келишимдер жана натыйжалар

4.1.2. Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын эл аралык уюмдар жана жарандык коом менен биргелешкен иш чаралары, эксперттик, консультативдик, донордук жардам, биргелешкен ишмердүүлүктүн натыйжалары, пландаштырылып жаткан иш-чаралар

4.1.3. Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын БУУнун Кыргыз Республикасындагы агенттиктери менен кызматташуусу, биргелешкен пландар, программалар жана натыйжалар

4.1.4. Мындан аркы кызматташуу боюнча пландар

**4.2.** Жарандарды адам укуктары чөйрөсүндөгү агартуу иштери

**4.3.** Практикалык иш-чаралар

4.3.1 Коомдук талкуулар, парламенттик угуулар……………

4.3.2. Иш-чаралардын саны, тематикасы, катышуучулар, натыйжалар

**Тиркемелер**

№1 тиркеме. Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын аппаратынын бюджети жөнүндө маалыматтар

№2 тиркеме. Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын атына жарандардан келип түшкөн арыздар жөнүндө маалыматтар

**Кыскартуулардын тизмеси**…………………………………………

## Кыскартуулардын тизмеси

| | |
|---|---|
| АУБДИ | Адам укуктары боюнча Даниялык институт |
| АУЖКБ | БУУнун адам укуктары боюнча Жогорку комиссарынын башкармалыгы |
| АӨБ | Азия өнүктүрүү банкы |
| БшИИББ | Бишкек шаардык ички иштер башкы башкармалыгы |
| БТжОИИБ | Бишкек травмотология жана ортопедия илимий изилдөө борбору |
| БшРПДБ | Бишкек ш.Республикалык психикалык ден соолук борбору |
| БУУ | Бириккен Улуттар Уюму |
| БУУ БФ | Бириккен Улуттар Уюмунун Балдар фонду |
| БУУ ӨП | Бириккен Улуттар Уюмунун өнүктүрүү программасы |
| ДБ | Дүйнөлүк банк |
| ДМЧА | Ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар |
| ДСУ | Дүйнөлүк саламаттык сактоо уюму |
| ЕККУ | Европадагы коопсуздук жана кызматташтык уюму |
| ИИБ | Ички иштер башкармалыгы |
| ИИО | Ички иштер органдары |
| ИИРБ | Ички иштер райондук башкармалыгы |
| ЖАМК | КР Өкмөтүнө караштуу Жазаларды аткаруу мамлекеттик кызматы |
| ЖАС | Жазык аткаруу системасы |
| ЖК | Жатак колониясы |
| ЖӨБ | Жергиликтүү өз алдынча башкаруу |
| ЖСУЭП | Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пакт |
| ЖТК | Жол транспорт кырсыгы |
| КБ | Коомдук бирикме |
| КР | Кыргыз Республикасы |

КР ЖПК Кыргыз Республикасынын Жазык процесстик кодекси

КР КЖК Кыргыз Республиасынын Кылмыш-жаза кодекси

КР КТРК КРнын Коомдук телерадиоберүү корпорациясы

КР МСЖКМКП КРнын жарандарына медициналык-санитардык жардам менен камсыз кылуу боюнча мамлекеттик кепилдик программасы

КР УКМК Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук боюнча мамлекеттик комитети

КР ӨКМКК КРнын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик каттоо кызматы

КР СФ Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду

КФ Коомдук фонд

Мамэкотехинспекция КРнын Өкмөтүнүн караштуу Мамлекеттик экология жана техникалык коопсуздук инспекциясы

ММК Массалык маалымат каражаттары

МСЭК Медициналык-социалдык эксперттик комиссия

МППК Милициянын патрулдук-посттук кызматы

МШБ Мөөнөтүнөн мурда шарттуу түрдө бошотуу

ООПДБ Ош областтык психикалык ден соолук борбору

ОМ Орто мектеп

РИИБ Райондук ички иштер бөлүмү

РӨЭБ Реконструкциялоо жана өнүгүү боюнча Эвропалык банк

САКБ Сот аткаруучуларынын кызматынын бөлүмү

СМКФ Сөзсүз медициналык камсыздандыруу фонду

СМЭ Соттук-медициналык экспертиза

ТБ Тергөө бөлүмү

ТК Түзөтүү колониясы

УКИ Убактылуу кармоо изолятору

УКМК КР Улуттук коопсуздук боюнча мамлекеттик кызматы

УКТИЗО Убактылуу кармоочу тергөө изолятору

| | |
|---|---|
| ҮБКБ | Үй-бүлө жана баланы колдоо боюнча бөлүмү |
| ҮМБ | Үй-бүлөлүк медицина борбору |
| ШКО | Шаардык клиникалык оорукана |
| ЭАЭУ | Эл аралык эмгек уюму |
| ЭСМУЭП | Экономикалык, социалдык жана маданий укуктар жөнүндө эл аралык пакт |
| ӨЭА | Өмүр бою эркинен ажыратылгандар |
| ӨЭУ | Өкмөттүк эмес уюм |

**Алгы сөз**

**“Кыргыз Республикасынын Омбудсмени (Акыйкатчысы) жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамынын 11-беренесине ылайык Жогорку Кеңешке “2015-жылы Кыргыз Республикасында адамдардын жана жарандардын укуктары менен эркиндиктеринин сакталышы жөнүндө” Баяндаманы сунуштайм.**

Өткөн жыл өлкөнүн тарыхындагы маанилүү өнөктүк-Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине шайлоо өткөнүнө карабай, акыркы убактагы эң туруктуу, тынч жылдардын бири болду. Апрель окуяларынан кийин тандалып алынган конституциялык система ар түрдүү саясий күчтөргө жана партияларга бийлик үчүн кармашта теңата атаандаштыкты камсыз кылса, мамлекет жана коом үчүн туруктуулукту, мыйзамдуулуктун орношун жана өнүгүүнү алып келди. Ал эми туруктуулук менен бакубаттык адамдар менен жарандардын укуктары менен эркиндиктерине түздөн-түз таасирин тийгизет.

2015-жылы Акыйкатчы институтунун жетекчилигинде да өзгөрүүлөр болду. Июнда парламенттин Адам укуктары, конституциялык мыйзамдуулук, мамлекеттик түзүлүш боюнча комитети Акыйкатчы (Омбудсмен) жөнүндө мыйзамдын 7-беренесинин 7-пунктуна ылайык Б.Аманбаевди мөөнөтүнөн мурда кызматынан бошотуу жөнүндө маселени палатага чыгарды. Жогорку Кеңештин 5-чакырылыштагы депутаттары 2015-жылдын 25-июнундагы №5327-V токтому менен бул маселени канааттандырды.

Акыйкатчы институту алты ай бою башкы укук коргоочу жок иштеди. 2015-жылдын 30-декабрында парламент менин талапкерлигимди колдоп Акыйкатчы (Омбудсмена) кызматына шайлады. 2015-жылы 2 күн иштегениме карабай, жылдык баяндаманы сиздердин назарыңыздарга сунуштайм.

Айтып коюу керек – мамлекет адамдардын жана жарандардын укуктары менен эркиндиктерине өзгөчө көңүл буруп келүүдө. Акыйкатчынын макамы менен укуктары Баш мыйзам баштаган бир катар ченемдик-укуктук актыларда бекемделген. Кыргыз Республикасын 2013-2017-жылдарда туруктуу өнүктүрүү боюнча улуттук стратегияда адамдардын жана жарандардын укуктары менен эркиндиктерин коргоого жана ошондой эле, Акыйкатчы институтунун ишин жакшыртууга көңүл бөлүнгөн.

Колуңуздагы баяндама Акыйкатчы жөнүндө мыйзамдын 11-беренесинин негизинде даярдалды. Анда башкы укук коргоочу өткөн жылдын 1-январынан 31-декабрга чейинки аралыктагы адам укуктары жана эркиндиктери боюнча баяндаманы ар бир жылдын 1-апрелине чейин Жогорку Кеңешке сунуштайт деп жазылган.

Жылдык баяндамада даттануулардын саны менен мүнөзү, анын ичинде четке кагылган арыздар, анын себептери, ошондой эле, ар кайсы мамлекеттик органдарда каралган кайрылуулар келтирилет. Баяндамада адам укуктарын жана эркиндиктерин бузуп, ошол эле маалда Акыйкатчынын сунуштарын тоготпой ишин улантып жаткан мамлекеттик мекемелер, өз алдынча башкаруу органдары, ишкана, уюмдар жана алардын жетекчилеринин аты аталышы зарыл. Мыйзамда ошондой эле, баяндамага талаптар коюлган, ага ылайык өлкөдөгү адам укуктарын жана эркиндиктерин сактоо максатында Акыйкатчынын баасы, корутундулары жана сунуштары документке камтылышы зарыл.

Баяндама Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) жана анын Аппаратынын жыл ичиндеги ишмердигинин, жүргүзүлгөн мониторинг, инспекция, каралган каттар, иликтенген иштер, ошондой эле, мамлекеттик органдардан келген жооп, сунуштардын негизинде даярдалды.

Баяндама 4 бөлүмдөн жана тиркемелерден турат.

**Биринчи бөлүк** – «Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) Аппаратынын 2015-жылдагы ишмердигинин негизги багыттары» деп аталат. Бөлүмдө Акыйкатчы институтунун жумушу, каралган каттар менен кайрылуулардын саны жана мүнөзү, адам укуктары жана эркиндиктери чөйрөсүндөгү мыйзамдарды жакшыртуу жаатында жасалган иштер, ченемдик укуктук актыларга конкреттүү сунуштардын өзөгү берилди.

«Социалдык жана экономикалык укуктар» деп аталган **экинчи бөлүк** жарандардын эмгекке, ден соолукту сактоого, иче турган таза сууга, колунда жоктордун там-ташка, кыйналып турганда мамлекеттик колдоого болгон укуктарына арналды.

**Кийинки чакан бөлүк** «Үй-бүлөдөгү зомбулуктан жана гендердик кодулоодон коргоо» деп аталды. Аты айтып тургандай, бул бөлүмдө төрөткө даярдык жана көз жаруу маалындагы укуктар, ажырашкан маалда аталардан алимент алуу, жеке менчик ишкана-мекемелердеги эмгекчилердин акысы, үй-бүлөдөгү зомбулук жана секелек кыздарды никеге мажбурлоо маселелери анализденди.

**«Балдардын укугу»** толугу менен балдарга, атап айтканда, томолой жетим же ата-энеси туруп, тирүүлөй жетим калган балдардын үй-жайга укугу, билим алууга бекер укук, ошондой эле, милиция кызматкерлери тарабынан бузулган өспүрүмдөрдүн укуктарына арналды.

Баяндамада психикалык оорудан жабыркагандарга да өзгөчө көңүл бөлүндү. «Психиатрдык мекемелердеги бейтаптарды кармоо укуктарынын сакталышы» деп аталган чакан бөлүмдө мындай адамдардын укуктарын коргоо, аларды дарылоочу мекемелердеги абал кеңири талдоого алынды.

«Жарандык жана саясий укуктар» деп аталган **үчүнчү бөлүк** «Укук коргоо органдары тарабынан эркинен ажыратылгандарды кармоочу жайлардагылардын укуктарын коргоо» деп аталган чакан бөлүм менен башталат. Укуктук коргоого – адвокаттарга, адилеттүү чыгарылган сот өкүмдөрүнө, жазык процесстик нормаларынын сакталышына, укук коргоочу орган кызматкерлеринин чектен чыккан мыйзамсыз иштерине баяндаманын бул бөлүмүндө кенен талдоо жасалды. Абактарда, түрмөлөрдө жаткан жарандардын укуктарынын сакталышы, укук коргоочу орган кызматкерлери тарабынан ур-токмок, кыйноолорго кабылышы да баяндамадагы көңүл бура турган маанилүү көйгөйлөрдөн.

Ушул эле үчүнчү бөлүмдүн «Сот процесстерине мониторинг» деп аталган жеринде адилеттүү соттук териштирүүгө укук, соттук териштирүүнүн акылга сыярлык мөөнөтүнүн сакталышы, мыйзамга гана таянып сот өкүмүн чыгаруу принцибинин сакталышы маселелери каралды.

2015-жылы 4-октябрда Жогорку Кеңештин депутаттарын шайлоо болгонуна байланыштуу жарандардын саясий бул укуктары, өнөктүк маалында кетирилген кемчиликтер жана ага байланыштуу БШКга жана Мамлекеттик каттоо кызматына берилген сунуштарды да баяндамадан табасыз.

**4-бөлүк** Акыйкатчы институтунун ишин жакшыртууга, эл аралык байланыштарына жана жарандардын укук жаатындагы билимин арттырууга арналды.

Баяндамага кайрылуулардын санына салыштырма таблица жана адам укуктары менен эркиндиктерин бузган мамлекеттик мекемелердин, өз алдынча башкаруу органдарынын, ишкана, уюмдардын жана жооптуу кызматкерлеринин тизмеси жана мыйзам талап кылгандай 2015-жыл үчүн финансылык отчет тиркелди.

Баяндамада бийликтин ар кайсы бутактарына сунуштар берилген. Баяндама Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан эске алынып, андагы сунуштар боюнча иштер жүрсө, адам укуктары чөйрөсүндөгү абалды жакшыртууга шарт түзүлөт деген ишенимдемин.

**Кыргыз Республикасынын**

**Акыйкатчысы (Омбудсмени) К.Т.Оторбаев**

**Жалпы сунуштар**

**Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине**

1. БУУнун Башкы Ассамблеясынын 1993-жылдын 20-декабрындагы № 48/134 резолюциясы менен бекитилген “Париж принциптерине” толук көлөмдө ылайык келген “Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы (Омбудсмени) жөнүндө” КР мыйзамынын жаңы редакциясын артыкчылыктуу тартипте карап чыгуу жана кабыл алуу.
2. Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 41-бөлүмүнө, ошондой эле Эмгекти уюштуруу боюнча эл аралык уюмдун №81 Конвенциясына ылайык КРнын 2007-ж, 25-май, №72 “Ишкердиктин субъекттерин текшерүү тартиби жөнүндө” Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү, атап айтканда: 1-берененин 5-пунктун төмөндөгү сөздөр менен толуктоо: “КР Өкмөтүнө караштуу Экологиялык жана техникалык коопсуздук боюнча мамлекеттик инспекциясынын эмгек инспекторлору эмгек мыйзамдарынын сакталышы жана эмгекти коргоо боюнча пландуу жана пландан тышкаркы текшерүүлөрдү бардык убакта жана ишканалардын жетекчилерин эскертпестен туруп текшере алат”;
3. Кыргыз Республикасынын 2001-жылдын 1-февралындагы №15 “Ишкерлерди коргоо жөнүндө” Мыйзамынын 24-беренесине “Ишкерлер алардын ишканасында иштеген жумушчулардын эмгек укуктарын сактоого милдеттүү” деген пункт менен толуктоо киргизүү;
4. Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексине жумуш берүүчү эмгек келишимин түзбөгөн учурда кылмыш жоопкерчилигине тартылат деген толуктоону киргизүү;
5. Кыргыз Республикасынын Административдик жоопкерчилик жөнүндө Кодексинин 79-беренесине эмгек мыйзамдарын бузгандыгы үчүн айып пулдун өлчөмүн көбөйтүү тууралуу өзгөртүү киргизүү.
6. «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө» КР Мыйзамынын жаңы редакциясын иштеп чыгуу жана кабыл алуу».
7. Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 33-главасында каралган соттук териштирүүлөрдүн жалпы шарттарынын тизмеси соттук териштирүүнү үзгүлтүксүздүгүнүн зарылчылыгы жана сотторго карата иштерди акылга сыярлык мөөнөттөрдө кароо талабы менен толукталсын.
8. Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 267-беренесинин нормаларында соттолуучунун камакта кармалуусунун мөөнөтүн судьянын

мотивацияланган негиздүү токтомунун (соттун аныктамасынын) негизинде ар бир 2 айда узартуу зарылдыгы жөнүндө жобо каралсын.

**9.** Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысына (Омбудсменине) сот отурумдарына катышууга жана адам укуктарынын бузулушу жөнүндө маалыматты жана адам укуктарын коргоо боюнча сунуштарды Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине, КР Соттор Кеңешине жана КР Жогорку сотуна берүү ыйгарымдарын берүү боюнча менен менен анын процессуалдык макамын Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин нормаларында аныктоо зарыл.

10. КР Акыйкатчы (Омбудсмен) Аппаратынын ишмердигин жана адам укуктары менен эркиндиктеринин сакталышын ар тараптуу чагылдыруу максатында акысыз негизде эфирдик убакыт бөлүүнү (жумасына 30 минутадан кем эмес убакыт) КТРКнын Байкоочу кеңешине тапшыруу жана бул ченемди КР Жогорку Кеңешинин атайын токтомун кабыл алуу менен бекитүү.

11. Кыргыз Республикасынын Жазык-аткаруу кодексине Акыйкатчы (Омбудсмен) аппаратынын кызматкерлеринин пенитенциардык мекемелерге кирүүсүн камсыз кылуу үчүн зарыл болгон өзгөртүүлөрдү киргизүү.

12. Кылмыш-процессуалдык кодексине соттук териштирүүлөрдүн акылга сыярлык мөөнөтүн аныктоо максатында жана камакта кармоонун мөөнөтүн узартуунун негиздүүлүгүн баалоону аныктоо үчүн өзгөртүүлөрдү киргизүү.

13. Зарыл коргонуу чектеринен аша чабуу тууралуу мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү боюнча сунуштарга кеңири коомдук жана эксперттик талкуу жүргүзүү, сунуштарды кайра иштеп чыгууда жашоого болгон укукка тиешелүү конституциялык ченемдерди каттоо талаптарын камсыз кылуу.

14. 2014-жылдын 24-ноябрында коомдук талкууга алынып чыккан “Кыргыз Республикасындагы Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө” мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү маселесинде дин тутуу эркиндигинин кепилдигин каттоону камсыз кылуу.

15. Ишкердиктин экономикалык эркиндигин камсыз кылуу принциптерин сактоо зарылдыгынан улам дискриминациялык мүнөздөгү чектөөлөрү бар бош жумушчу оруңдары жана ваканттык кызматтар тууралуу маалыматтарды жайылткандыгы үчүн мыйзамдык актыларга административдик жоопкерчилик киргизүү тууралуу толуктоолорду кошумчалоодон баш тартуу.

16. Соттолгон адамга карата шарттуу түрдө мөөнөтүнөн мурда эркиндикке чыгуу ШМБны колдонуунун максаттуулугу тууралуу сотко психологдун корутундусун алып келүүгө түзөтүү мекемесинин администрациясын милдеттендирүүнү мыйзам аркылуу бекемдөө. Сотто соттолуучунун психологиялык өзгөчөлүгү тууралуу адистин оюу болушу керек, ал болсо социалдык нормаларды сактоо каалоосун, өзүнүн маанайын социалдык жактан жол берилген формада чагылдырууну көрсөтөт.

**Кыргыз Республикасынын Соттор кеңешине**

**1.** Сот процесстерине мониторинг учурунда Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы аныктаган адам укуктарын бузуу жөнүндөгү билдирүүлөрүнө токтоосуз көңүл буруу.

**Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна**

1. Соттор ишти адам болгон жеринде кароо, ишти адамдын жашаган жерине жөнөтпөө.
2. Адам укуктарын коргоо боюнча сот адилеттигиннин натыйжалуулугун жогорулатуу максатында жана жергиликтүү соттордун ишмердүүлүгүндө адам укуктарын системалуу бузуулардын болушуна байланыштуу баш коргоо чарасы жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын жергиликтүү соттор тарабынан колдонуу практикасы изилденсин жана аларга чечимдерди кабыл алууда жана өкүмдөрдү чыгарууда эл аралык нормаларды жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын бекем сактоону камсыз кылуу зарылдыгы жөнүндө тиешелүү түшүдүрүүлөрдү берсин.
3. Соттор тарабынан баш коргоо чарасы жөнүндө мыйзамдардын колдонулуш практикасын изилдесин жана аларга төмөндөгүдөй тиешелүү жетектөөчү түшүндүрүүлөрдү берсин:
    - камакка алуу түрүндө баш коргоо чарасын тандоодо мыйзамдардын нормаларынын катуу сакталышын камсыз кылуу зарылдыгы жөнүндө;
    - тиешелүү өтүнүчтөрдү чечүүгө формалдуу мамилеге жол берилгистиги жөнүндө, себеби айыпталуучу адамдар камакка алуу – адамдын жана жарандын укуктарын, эркиндиктерин жана жеке кол тийгистигин чектөөчү эң катаал баш коргоо чарасы болуп саналат;

- соттук териштирүүлөрдү кийинкиге калтырууга алып келген себептердин жана шарттардын анализин жүргүзүү зарылдыгы жөнүндө.

4. Жашы жете электердин инсандыгын тактоо жана ошондой эле, анын жашоо шарттарын, ата-энеси менен мамилесин эске алуу менен кылмыштын оордугу жана иштин конкреттүү кырдаалына жараша жашы жете электердин камакка алынышынын негиздүүлүгүн текшерүү.
5. Жашы жете электерге бөгөт коюу чараларын тандоодо ата-эненин, камкорчунун, же ишенимге татыктуу адамдардын кароосу сыяктуу альтернативдик чараларды колдонуу.

**Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасына**

**1.** Мамлекеттик органдар, ЖӨБ органдары «Тынч чогулуштар жөнүндө» КРнын 2012-жылдын 23-майындагы № 64 мыйзамын так жана бир түрдүү аткарышына натыйжалуу прокурордук көзөмөлдү камсыз кылуу.

**2.** Тынч чогулушту өткөрүүгө жана ага катышууга тоскоолдук кылган кызмат адамдарын мыйзамда белгиленген жоопкерчиликке тартылышын камсыз кылуу.

**3.** “Психиатриялык жардам жана аны көрсөтүүдөгү жарандардын укуктарынын кепилдиктери жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамынын (1999-жылдын 17-июнундагы №60) 45-беренесине ылайык психиатриялык жардам көрсөтүүдө мыйзамдуулуктун сакталышына көзөмөлдүк жүргүзүүнү күчөтүү.

**4.** Медициналык мүнөздөгү мажбурлоо чарасын дайындоо, өзгөртүү же токтотуу жөнүндөгү соттордун чечимдеринин аткарылышынын мыйзамдуулугуна көзөмөлдү күчөтүү.

**5.** Кыргыз Республикасында кыйноолорго жана башка катаал, адамга жат же беделди кемсинтүүчү мамилелерге жана жазаларга каршы аракеттенүү боюнча иш чаралардын улуттук планынын жүзөгө ашырылышын баалоону, прогрессти жана учурдагы проблемаларды анализдөөнү жүргүзсүн.

**6.** Кыргыз Республикасында кыйноолорго жана башка катаал, адамга жат же беделди кемсинтүүчү мамилелерге жана жазаларга каршы аракеттенүү боюнча иш чаралардын жаңы улуттук планын иштеп чыксын жана кабыл алсын.

**7.** Жарандардын арыздарын каттоодон өткөрүүдөн, кылмыш ишин козгоодон, заманбап медициналык экспертизаны дайындоодон негизсиз баш тарткан учурда ички иштер органдарынын кызматкерлерине карата кылмыш ишин козгоо.

**8.** Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 13-пунктунун 34-беренесине ылайык күбөлөрдүн соттук териштирүүгө катышуусун камсыз кылуу боюнча керектүү чараларды көрүү.

**Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун алдындагы Сот департаментине**

1. Алименттик милдеттенмелер боюнча карызкорлорду издөө жагынан соттук актылардын аткарылышына контролдук кылуу.

2. «Кыргыз Республикасындагы аткаруу өндүрүшү жөнүндө жана соттук аткаруучулардын статусу тууралуу» КРнын 2002-жылдын 18-мартындагы № 39 мыйзамынын 73-беренесинин 7-пункту бузулган учурда карызкорлорду жазалоо механизмин иштеп чыгуу (алимент өндүрүү боюнча соттун чечими күчүнө киргенден тартып балдардын атасы жашаган жерин өзгөртө турган болсо ал жаңы жашаган дарегин сот аткаруучулар кызматына билдирүүгө милдеттүү).

3. Кыргыз Республикасынын 2002-жылдын 18-мартындагы №39 “Кыргыз Республикасындагы аткаруу өндүрүшү жана соттук аткаруучулардын статусу жөнүндө” мыйзамдын 7-пунктунун 73-беренеси бузулган учурда карызкорлорду жоопкерчиликке тартуу механизмдеринин натыйжалуулугун кайра карап чыгуу. Өндүрүп алуучу же карызкордун милдеттенмесин аныктоо, аткаруу өндүрүшүнө катышуучуларды аткаруу өндүрүшү учурунда induce даректеринин өзгөрүшү тууралуу соттук аткаруучулардын кызматына билдирүүсү. Көрсөтүлгөн мыйзамдын нормаларына керектүү өзгөртүүлөрдү киргизүү.

**Кыргыз Республикасынын шайлоолорду жана референдумдарды өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына**

1. Аймактык шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүн өзүлөрүнүн кызматтык милдеттерин аткарууну, шайлоочулардын тизмеси менен иштөөнү боюнча чараларды көрүү, ошондой эле добуш берүү үчүн жайларды уюштуруунун “Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын 2011-жылдын 2-июлундагы конституциялык мыйзамында жазылган эрежелерин окутууну жакшыртуу.

**Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө**

1. Инфляциянын деңгээлин эске алуу менен пенсияны жана жөлөкпулдарды өз убагында индексациялоо.

2. Жеткиликтүү турак-жайга укуктун абалын кайрадан карап чыгуу жана ЭСМУЭПтин алкагында мамлекет көрүүчү чаралар, атап айтканда Пакт тарабынан таанылган укуктардын сакталышына умтулуу жана эл аралык келишим боюнча баяндамаларды берүүгө (16-17-берене 4-б.) көңүл буруу.

3. Жеткиликтүү турак-жайга укукту ишке ашыруу боюнча эл аралык милдеттенмелерди аткарууну алганда турак-жай куруу жаатында бардык иштелип чыгуучу жана кабыл алынуучу программаларды карап чыгуу.

4. Үй-жайсыз калуунун, ошондой эле Бишкек жана Ош шаарларында мыйзамсыз үй салуулардын себебин аныктоо жана алардын масштабына баа берүү. Жыйынтыгы боюнча жеткиликтүү турак-жайга укукту ишке ашыруу планын түзүү.

5. Социалдык турак-жай куруу үчүн каражат издеп табуу.

6. Өзүм билемдик менен там салып алган жерлерде жарандардын саламаттыгына жана жашоо-турмушуна болгон коркунучтарга баа берүү жана жаңы конуштарды мыйзамдаштырууну чечүүнүн оптималдуу жолдорун аныктоо.

7. Жаңы конуштардын жашоочуларын билим алуу, саламаттык сактоо, коопсуз таза суу, электр кубаты менен камсыздоо ж.б. сыяктуу негизги социалдык кызмат көрсөтүүлөргө жетүү чараларын иштеп чыгуу.

8. Калкты ичүүчү таза суу менен камсыз кылуу маселелерин чечүүгө багытталуучу финансылык каражаттардын жер-жерлерде максаттуу чыгымдалышын контролдоо үчүн жарандык коомчулукту тартуу боюнча чараларды көрүү;

9. Калкты ичүүчү таза суу менен камсыз кылуу маселелерин чечүүгө мамлекеттик бюджеттен бөлүнүүчү финансылык каражаттарды көбөйтүү боюнча чараларды көрүү;

10. Ичүүчү суу менен камсыз кылуу секторунда мамлекеттик бюджеттен бөлүнгөн каражаттардын жана эл аралык донорлор тарабынан берилген каражаттардын колдонулушунун ачык-айкындуулугун жана отчеттуулугун камсыз кылуу.

11. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу мамлекеттик катоо кызматына республиканын аймагындагы да, чет өлкөдөгү да шайлоочулардын тизмесинин сандык жана сапаттык көрсөткүчүн тактоо жана жакшыртуу боюнча иштерди жүргүзүүнү тапшыруу.

12. Автоматтык эсептөөчү урналардын борбордук сервер менен байланышынын тиешелүү сапатын камсыздоо боюнча чараларды көрүү.

13. Бардык шайлоо комиссияларын Интернет түйүнүнө жетүүсүн камсыздоо.

14. Жарандардын репродуктивдүү ден соолугун жана репродуктивдүү укуктарын сактоо жөнүндө Коомдук телерадиоберүү корпорациясы (КТРК) жана мамлекеттик ЖМКлар аркылуу маалыматтык-агартуу ишин күчөтүү.

15. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2007-жылдын 6-ноябрындагы №533 “Ишкердиктин субъектилерин текшерүү тартиби жөнүндө жана ишкердиктин субъектилерин текшерүүгө укугу бар ыйгарым укуктуу органдардын тизмесин аныктоо” жөнүндө токтомуна жана Өкмөттүн токтому менен 2007-жылдын 6-ноябрында бекитилген №533 Ишкердиктин субъекттерин текшерүүнү жүргүзүү Жобосуна инспекторлорго ишканалардын жетекчилерине эскертпестен туруп каалаган убагында текшерүүгө мүмкүндүк берүүчү өзгөртүүлөрдү киргизүү.

16. Жеке ишканаларда иштегендердин укуктары менен эркиндиктеринин сакталышына көзөмөлдү күчөтүү максатында, эл аралык стандарттарга ылайык мамлекеттик эмгек инспекторлорунун санын көбөйтүү.

17. Жашы жете электер менен никеге турууга жол бербөө боюнча Кыргыз Республикасы кабыл алган эл аралык милдеттенмелердин аткарылышын камсыздоо.

18. Жашы жете электер менен никелешүү боюнча кылмыш иштерин натыйжалуу кароо максатында улуттук мыйзамдарды жакшыртууну улантуу. Т.а., жашы жете электер менен никеге туруу жана мажбурлап баш коштуруу сыяктуу кылмыштар боюнча кылмыш иштерин жашы жете электер менен алардын ата-энелеринин арызы жок эле козголо турган “ачык иш” (публичный) категориясына которуу. Балдарын эртелеп турмуш курууга мажбурлаган жашы жете электердин мыйзамдуу өкүлдөрүнүн (ата-энелердин, камкорчулардын, көзөмөлчүлөрдүн) жоопкерчиликтерин көтөрүү жана мындай жосунсуз аракеттерди оорлотуучу жагдай катары кароо. Тергөө органдары менен соттордун укук колдонуу практикасында жашы жете электерди никелешүүгө мажбурлоого катышкандарды жоопкерчиликке тартуу тажрыйбасын киргизүү боюнча чараларды иштеп чыгуу. Мамлекеттик кызматкерлердин этикалык Кодексине жашы жете электердин катышы бар үйлөнүү үлпөттөрүнө, ошондой эле, ала качуу менен коштолгон тойлорго баруу жарандык этиканы бузуу болуп саналат деген шарттарды киргизүү.

19. Катталбаган никенин арбышын эске алуу менен балдар менен аялзатынын мүлктүк укуктарын коргоо максатында диний нике кыюу жөрөлгөсүнүн тартибин

өзгөртүү. 2008-жылы 31-декабрда кабыл алынган “Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар тууралуу” мыйзамынын 21-беренесинин 5-бөлүмүндөгү “граждандык регистрация менен катар” деген сөздү “жарандык актыларды жүргүзүүчү органдар тарабынан никени мамлекеттик каттоо тууралуу күбөлүгү бар болгондо” деген сүйлөм менен алмаштыруу. Сунушталган ченем эч кандай диний нормаларга каршы келбейт, тескерисинче, мындай шартта төрөлгөн балдар менен аялзатынын мүлктүк укуктарын коргоо багытындагы кошумча чара болуп эсептелет.

20. Жашы жете электер арасындагы нике тууралуу статистикалык маалымат топтоо ишин жакшыртуу чараларын иштеп чыгуу, КР Улуттук статистика комитети тарабынан көйгөйдүн реалдуу өлчөмүн аныктоо максатында сурамжылоого катышкандардын аты-жөнүн айтпай туруп, жыйынтыгын жалпыга жарыялоо менен анонимдүү изилдөөлөрдү жүргүзүү.

21. Турмуш куруу, репродуктивдик ден соолук маселелерин маданий өзгөчөлүктөр менен окуучулардын жаш курагын эске алуу аркылуу туура жашоо образы боюнча билим берүү тармагында класстан тышкаркы сабактарды иштеп чыгуу жана киргизүү.

22. Катышуучулардын (мамлекеттик бийлик өкүлдөрүнүн, медицина кызматкерлеринин жана мугалимдердин, өкмөттүк эмес уюмдардын, кризистик борборлордун, эл аралык уюмдардын, диний ишмерлердин ж.б.) кеңири чөйрөсүн тартуу менен ата-энелерге, мектеп окуучуларга эрте турмуш куруунун зыяндуу кесепеттери тууралуу маалымат таркатуу. Мында мыйзам шарттаган айрым бир өзгөчө талаптарды сактоосуз эртелеп турмуш курууга жол берүү жашы улуу жубай үчүн кылмыш болуп саналарына басым жасалышы шарт.

23. Жарандык актылардын абалын каттоо (ЖААК) органдарынын астында жигиттер менен кыздарды үй-бүлөлүк турмушка, болочок жубайы жана анын ата-энеси менен ак-ниет жашоого даярдоо багытындагы кыска мөөнөттүү курстарды уюштуруу.

24. Эрте турмуш куруунун, көп аял алуучулук менен катталбаган никенин зыяндуулугу жана мыйзамсыздыгы тууралуу массалык маалымат каражаттарынын (ММКнын) катышуусу менен системалуу маалыматтык-агартуу өнөктүгүн жүргүзүү.

25. Турак-жайга муктаж жетим балдардын жана ата-эненин кароосу жок балдардын жалпы республикалык тизмесин түзүү.

26. Турак-жайга муктаж жетим балдар жана ата-эненин кароосу жок калган балдар багылып жаткан (менчиктин ар кандай формасындагы) мекемелердин бардык жетекчилерин ҮБКБнын жетекчилери менен бирдикте аларды ЖӨБ органдарында жана жергиликтүү мамлекеттик администрацияларда турак-жайды (жер тилкесин) кезексиз алуу укугу менен тизмеге коюуга, майнап чыкканга чейин план ченемдүү иш жүргүзүүгө милдеттендирүү. Бул кадамдар төмөнкүдөй мүмкүнчүлүктөрдү берет:

- турак-жай менен камсыз кылууга муктаж болгон бардык жетим балдар жана ата-эненин кароосу жок калган балдар боюнча статистикалык маалыматтарга ээ болуу;
- ҮБКБ органдары жетим балдар сыяктуу калктын социалдык жактан корголбогон категориясынын турмуштук жагдайына көз салуу боюнча өздөрүнүн тикелей милдеттерин аткаруусун көзөмөлдөө;
- томолой жетим балдар үчүн суб эсептерди жүргүзүүгө көз салуу;
- чечүү жолдорун издөө максатында мындай көйгөй бар экендиги жөнүндө мамлекеттик органдарга, КР Жогорку Кеңешине жана кеңири коомчулукка тез арада маалымдоо.

27. Бишкек мэриясынын Кароосуз балдарды реабилитациялоо борборунун оң тажрыйбасын пайдалануу керек. Себеби борбор «Ротари клуб Ослонун» (Норвегия) колдоосу менен Борбордун аймагында томолой жетим балдар үчүн 30 орундуу убактылуу жашоочу социалдык жатакана курган. Бул социалдык жатакана 2014-жылдын жазынан тартып жетим балдарга кызмат көрсөтүп жатат. Балдар социалдык жатаканада жашап жаткан мезгилде педагогдун, психологдун жардамын алышат, документтерди калыбына келтирүү учурунда аларга юридикалык кеп-кеңештер берилет. Кечки мектепте билим алып, өзүн өз алдынча багууга жана жеке өзүнүн бюджетин пландаштырууга үйрөнөт. Социалдык жатакананын башкы шарты баланы ишке орноштуруу, аны коомго аралаштыруу болуп саналат. Социалдык жатаканада жашоо мезгили 6 ай менен чектелген, бирок өзгөчө учурларда комиссия бул мөөнөттү дагы узартат. Ошондой «Дом Надежды» кайрымдуулук фонду балдар мекемелеринин бүтүрүүчүлөрүнө социалдык комплекс куруу үчүн жер сурап Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлигине кайрылган. Министрлик ал катты Бишкек шаарынын жана Ош шаарынын мэриясына жолдогон. Бишкек мэриясынын Кароосуз балдарды реабилитациялоо борборунун социалдык

жатаканасынын оң тажрыйбасын Кыргызстандын бардык 7 областында киргизүү керек. Мындай социалдык жатаканаларда жашаш үчүн өспүрүм кайсы бир жерде иштеши керек. Бала ижарага батир алууга кудуреттүү болгон 23-25 жашка чейин ошол социалдык жатаканада жашашы керек. Социалдык жатаканада жашап жаткандар коммуналдык кызмат көрсөтүү чыгымдарынын бир бөлүгүн төлөсө болот, бирок ал төлөмдөр өспүрүмдүн эмгек акысынын 1/5 бөлүгүнөн ашпашы керек. Ошонун өзү менен мамлекет КР Конституциясынын 46-беренесинде каралган талаптарды аткарат.

28. Жарандардын бул категориясынын турак-жайга муктаждыгын аныктоо максатында жыл сайын мониторинг жүргүзүү жана анын негизинде бул көйгөйдү чечүү үчүн республикалык каржылоону пландаштыруу.

29. Жетим балдарды жана ата-эненин кароосу жок калган балдарды турак-жай менен камсыз кылууну жөнгө салган мыйзам актыларынын аткарылышы жөнүндө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн расмий сайтында дайыма маалымат болушу шарт. Ошондой эле бул сайтта ушул чөйрөдөгү мыйзамдарды аткаруу жана мамлекеттин жардамына муктаж болгон жетим балдар жана ата-эненин кароосу жок калган балдар үчүн социалдык жатаканаларды, мамлекеттик жана муниципалдык турак-жайды курууга тышкы жана ички инвесторлор тарабынан инвестицияларды тартуу боюнча региондордун жана шаарлардын башчыларынын жоопкерчилигин күчөтүү максатында региондор боюнча турак-жай менен камсыз кылууга муктаж болгон жетим балдар жана ата-эненин кароосу жок калган балдар жөнүндө статистикалык маалыматтарды жайгаштыруу жана ал маалыматты дайыма көзөмөлдөп туруу зарыл.

30. Инвестицияларды тартуунун оң тажрыйбасы жана бул көйгөйдү чечүүнүн конкреттүү фактылары бар региондордун жана шаарлардын башчыларын, бүтүндөй алганда, бул ишти өлкө боюнча жигердештирүү үчүн мамлекеттик деңгээлде белгилеп, колдоп туруу зарыл. Региондук деңгээлдеги чиновниктердин оң тажрыйбасына ушундай баа берүү менен жетим балдарды жана ата-эненин кароосу жок калган балдарды турак-жай менен камсыз кылуу боюнча кошумча мотивация болуу менен балдарды ар түрдүү тобокелдиктерден сактоого мүмкүндүк берет.

31. Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 32-беренесинин жоболорун аткаруу үчүн КРнын 2003-жылдын 30-апрелиндеги №92 «Билим берүү жөнүндө» мыйзамына мамлекеттик (муниципалдык) билим берүү уюмдарынын акы төлөтүп билим берүүгө тыюу салган өзгөртүүлөрдү киргизүү.

32. «Балдарга жардам берүүнүн шыр байланышы» (115) кызматын республикалык бюджеттин эсебинен каржылоону 2017-жылдан тартып жүзөгө ашыруу.

33. Психиатриялык мекемелерди кайтаруу маселесин чечүү, анын ичинде сот тарабынан соттук-психиатриялык экспертизага жөнөтүлгөндөрдү мажбурлап дарылануудагы бейтаптарды кайтарууну, бул бөлүмдөрдү ЖАМКнын кайтаруусуна өткөрүп берүү маселесин чечүү.

*34.* Кыйноону жана катаал мамиленин башка түрлөрүн натыйжалуу иликтөө жана документтөө боюнча Стамбул протоколунун стандарттарына ылайык Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги тарабынан иштелип чыккан Практикалык колдонмону бекитүү.

35. КР Акыйкатчы (Омбудсмен) Аппаратынын ишмердигин жана адам укуктары менен эркиндиктеринин сакталышын ар тараптуу чагылдыруу максатында өкмөттүк басылмалар: «Кыргыз Туусу», «Слово Кыргызстана» жана «Эркин Тоо» гезиттеринен ай сайын 1 полосаны акысыз негизде бөлүп берүү.

36. Турак-жайларды куруу тармагындагы иштелип жаткан жана кабыл алынган бардык программаларды жетиштүү турак-жайга болгон укукту ишке ашыруу боюнча эл аралык милдеттенмелердин аткарылышын карап чыгуу.

37. Жаңы конуштардын социалдык-тиричилик инфраструктурасын жакшыртуу боюнча комплекстүү пландарды конкреттүү мөөнөттө иштеп чыгуу, анда төмөнкү маселелер камтылышы керек:

а) жаңы конуштардын жашоочуларын ичүүчү таза суу менен камсыздоо;

б) жаңы конуштарда башталгыч жана орто мектептерди куруу; эгерде ал ишке ашпаса балдарды мектепке жеткирүү үчүн атайын транспорт менен камсыз кылуу;

в) фельдшердик-акушердик пункттарды, үй-бүлөлүк медицина борборлорун куруу;

г) жаңы конуштардын аймактарынын планын, негизги социалдык кызматтарга жеткиликтүүлүгүн дыкат иштеп чыгуу;

д) жаңы конуштарды мыйзамдаштыруунун оптималдуу жолдорун аныктоо.

38. Атайын мамлекеттик органдар тарабынан коркунучтуу делген аймактарда жайгашкан мыйзамсыз жаңы конуштардын жашоочуларынын ден

соолугуна зыян тийгизүүсү мүмкүн болгон тобокелчилик тууралуу зарыл болгон корутунду чыгаруу менен изилдөөлөрдү жүргүзүү.

39. Калктын аялуу катмарынын (жетим балдар, ДМЧА, улгайгандар) турак-жайга укуктуулугунун сакталышы тууралуу изилдөөлөрдү жүргүзүү, калктын муктаждыгын ар тараптуу баалоо жана социалдык турак-жай үчүн каражат табуу.

40. Кыйноону жана катаал мамиленин башка түрлөрүн натыйжалуу иликтөө жана документтөө боюнча Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги тарабынан иштелип чыккан Практикалык колдонмону бекитүү жана ишке киргизүү. Колдонмону практикалык ишке киргизүү саламаттык сактоо системасы, ички иштер органдары жана прокуратура органдарынын ведомстволор аралык аракеттүү механизмдин болушун талап кылат.

**Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлигине**

1. Пенсия менен камсыз кылуу жана камсыздандырылган жарандардын жана пенсионерлердин укуктарын коргоо механизмдери боюнча улгайган адамдар үчүн маалыматтык иш-чара жүргүзүү.
2. Психиатриялык оорукананын жетекчилиги менен биргеликте ооруканада бир жылдан ашуун жаткан бейтаптарды психоневрологиялык үй-интернаттарына которуу маселесин чечүү зарыл.
3. Гендердик жана үй-бүлөлүк зомбулуктун курмандыктарына укуктук жана социалдык жардам көрсөтүүнүн стандарттарын иштеп чыгуу
4. Үй-бүлөдөгү зомбулуктан коргоо боюнча комплекстүү кызмат көрсөтүү үчүн кризистик борборлорго жана жана баш паанектерге мамлекеттик социалдык тапшырыктарды берүү механизмин киргизүү
5. Калктын улгаюу маселесине жана кары адамдардын укуктарын социалдык коргоо системасын жакшыртууга багытталган учурдагы жана иштелип жаткан улуттук программаларга тиешелүү маани берүү. Анын ичинде Кыргыз Республикасынын калкын 2015-2017-жылдары социалдык жактан коргоону өнүктүрүү Программасынын аткарылышын толук камсыз кылуу, улгайган адамдардын укуктарын коргоого өзгөчө маани берүү, жашоонун татыктуу деңгээлин камсыз кылуу, улгайган жарандарга жергиликтүү деңгээлде сапаттуу социалдык кызматтарды көрсөтүү.

6. Гендердик көрсөткүчтөрдү эске алып, Улуттук статистикалык комитет менен биргеликте калктын улгаюу маселесин изилдөө.
7. Улгайган адамдар үчүн пенсиялык камсыздоо, пенсиялардын чегерилиш тартиби жана камсыздалган жарандар менен пенсионерлердин укугун коргоо маселелери боюнча материалдарды иштеп чыгуу жана жайылтуу.

**Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине**

1. Медициналык мекемелерди координациялоону жана кызматташууну, атап айтканда, жарандарды госпиталдаштыруу чөйрөсүндө көрүлгөн чараларды жакшыртуу.
2. Ден соолугу өтө начар абалда келгендерге ыкчам жардам көрсөтүү үчүн, кабыл алуу жол-жоболорун жеңилдетүү.
3. - өз функционалдык милдеттерин ак ниетсиз аткаргандыгы үчүн, мекемелердеги медициналык кызматкерлердин жоопкерчилигин күчөтүү ( кызматынан төмөндөтүү, административдик жоопкерчиликке тартуу ж.б.)
4. Медициналык кызматкерлер тарабынан кетирилүүчү катачылыктарды жашыруунун көбөйгөнүнө байланыштуу, “Кыргыз Республикасында жарандардын саламаттыгын сактоо жөнүндө” КРнын 2005-жылдын 9-январындагы N 6 мыйзамын аткаруу үчүн көзөмөлдү күчөтүү
5. Бейтаптын ден соолугуна оор зыян келтирген же өлүмүнө алып келген медициналык кызматкерлерден кеткен жаңылыштыктар менен байланыштуу жагдайларды иликтөө боюнча комиссиянын ишине көз карандысыз эксперттерди тартуу
6. КР Өкмөтүнүн 2015-жылдын 20-ноябрындагы № 790 токтому менен бекитилген Жарандарды медициналык-санитардык жардам менен камсыздоо боюнча мамлекеттик кепилдиктердин программасын турмушка ашыруу жагынан төрөт үйлөрүнүн ишине туруктуу контролду жүргүзүү.
7. Көрсөтүлгөн программа боюнча кош бойлуу аялдардын арасында маалыматтык-агартуу ишин жүргүзүү.
8. Медициналык кызматкерлердин арасында кесиптик жоопкерчилик жана жүрүш-туруш этикасы боюнча ишти жүргүзүү.
9. Бекитилип, Юстиция министрлигинен каттоодон өткөн бардык жоболорду эл аралык ченемдерге жана “Психиатриялык жардам жана аны көрсөтүүдөгү жарандардын укуктарынын кепилдиктери жөнүндө” Кыргыз

Республикасынын мыйзамына (1999-жылдын 17-июнундагы №60) ылайык келтирүү;

10. Психиатриялык мекемелерде өспүрүмдөр бөлүмдөрүн түзүү маселесин кароо;
11. “Психиатриялык жардам жана аны көрсөтүүдөгү жарандардын укуктарынын кепилдиктери жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамынын (1999-жылдын 17-июнундагы №60) 11-беренесинин жоболоруна ылайык мекеменин жетекчилиги менен психиатриялык жардамга кайрылуунун ыктыярдуулугу жана дарыланууга жазуу жүзүндөгү макулдук жана госпиталдаштырууда жана дарылоонун жүрүшүндө бейтаптарга тийиштүү маалыматтарды берип туруу сыяктуу принциптердин аткарылышына тийиштүү көзөмөлдүктү камсыздоо;
12. КР Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлиги менен биргеликте психиатриялык ооруканалардан психоневрологиялык үй-интернаттарына которуунун жөнөкөйлөтүлгөн механизмин иштеп чыгуу.
13. ООПСБны толук каржылоону ишке ашыруу.
14. ООПСБнын 4-бөлүмүнүн имаратын капиталдык оңдоодон өткөрүү маселесин, ошондой эле эмерек (мебель) жана офистик жабдыктарды (керебеттер, ашкана столдору, тумбалар) жана физиотерапевтикалык жабдууларды алуу маселесин тез арада чечүү зарыл.
15. “Психикалык мандемдүүлүктөн жабыркаган, аларга карата соттук-психиатриялык экспертиза дайындалган жана медициналык мүнөздөгү мажбурлап дарылоо аныкталган адамдарга психиатриялык жардам көрсөтүүнү жакшыртуу жөнүндө” КР Саламаттык сактоо министрлигинин буйругунун аткарылышына көзөмөлдүк жүргүзүү.
16. Балдарга карата зомбулуктун алдын алуу жана балдарды коргоонунун эл аралык жана улуттук стандарттарын бузулууларынын жоюу максатында КР Саламаттык сактоо министрлиги “Стационардык психиатриялык жардам көрсөтүүчү уюмдар жөнүндө” жобонун “Балдарды кабыл алуу” деген 40-пунктун карап чыгуу же эскертүүнү алып салуу жана психиатриялык мекемелердин базасында өспүрүмдөр бөлүмүн түзүп, бул жаш курагындагы категорияга тийиштүү шарттарды түзүү.

17. “Коомдук коркунучтуу жосун жасаган адамдарга мажбурлоо жана башка медициналык мүнөздөгү чараларды колдонуунун тартиби жөнүндө” жобону бекитүү сунушталат.
18. Өлкөнүн бардык аймактарында ҮМБларда кош бойлуу аялдар үчүн медициналык кызмат көрсөтүү кепилдиги тууралуу маалыматтын жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу.
19. Төрөт үйлөрүндө коррупцияга каршы натыйжалуу күрөш жүргүзүү үчүн кош бойлуу жана төрөгөн аялдар үчүн “ишеним телефондору” менен камсыз кылуу. Медициналык кызматкерлер арасында адистик жоопкерчилик жана өзүн алып жүрүү этикасы тууралуу иштерди жүргүзүү.
20. Мамлекеттик кепилдик программасын кайра карап чыгуу, дары-дармектердин тизмесине жаңы, көбүрөөк натыйжалуу медикаменттерди кошуу, зарыл болгон дары менен камсыз кылуу.

**Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигине**

1. Ишти адамдын укуктарын жана эркиндиктерин, анын ичинде тынч чогулуштарды өткөрүүгө укукту кепилдеген конституциялык ченемдерге ылайык гана камсыз кылуу.

2. Өз ишинде тынч чогулуштарга негизсиз кийлигишүүнүн, мыйзамсыз чектөөнүн же тыюу салуунун, тынч чогулуштардын уюштуруучуларын жана катышуучуларын мыйзамсыз кармоонун жана жоопкерчиликке тартуунун ар кандай формаларын жокко чыгаруу.

3. Чогулуштарды чектөө же ага тыюу салуу, ошондой эле чогулуштарды өткөрүүнү токтотуу үчүн күч колдонуу жагынан кабыл алынып жаткан чечимдердин мыйзамдуулугу жана негиздүүлүгү жөнүндө маселени чечүү үчүн сот органдарына кайрылуу практикасын камсыз кылуу.

4. Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин Э.Алиев атындагы академиясы адамдын укуктарын жана эркиндиктерин сактоо боюнча окуу программасын иштеп чыксын жана киргизсин.

5. Шаардык жана райондук ички иштер бөлүмдөрүнүн начальниктеринин орун басарлары кызматкерлер арасында адам укуктарын жана эркиндиктерин сактоо маселеси боюнча профилактикалык иш жүргүзсүн.

**КРнын Ички иштер министрлигине, КРнын Саламаттык сактоо министрлигине, КРнын Статистикалык комитетине, КРнын Жогорку сотунун алдындагы Сот департаментине**

1. Үй-бүлөлүк зомбулук болгон учурларда, гендердик бөлүнгөн статистиканын ведомстволор аралык борборлоштурулган анализдин түзүмүн иштеп чыгуу.

**.КР Ички иштер министрлигине жана КР Өкмөтүнө караштуу Жазаны аткаруу мамлекеттик кызматына**

1. Кыргыз Республикасынын 2002-жылдын 31-октябрындагы №150 “Кылмышка шектелип жана кылмыш жасоого айыпталып кармалган адамдарды камакта кармоонун шарттары жана тартиби жөнүндө” мыйзамынын аткарылышын милдеттүү түрдө камсыз кылуу.

2. Убактылуу кармоочу жайга керектүү каражаттар менен камсыз кылуу жана мыйзам ченемдеринин жана жашы жете электердин укуктарынын бузулушун ресурстардын жоктугу менен актоого тыюу салуу.

**Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигине**

1. Жогорку класстардагы окуучулардын арасында репродуктивдүү ден соолук боюнча маалыматтык-агартуу ишин жүргүзүү.

2. Эл аралык стандарттарга жооп берген жана Кыргыз Республикасынын жарандарынын менталитетине, маданий-салттуу өзгөчөлүктөрүн эске алган репродуктивдүү ден соолуктун негиздерин окутуунун методикасын, программасын иштеп чыгуу жана бекитүү.

3. Кош бойлуу ички мигрант аялдарды эсепке коюу, диспансеризациялоо жана бул пациенттерди перинаталдык мезгилде андан ары кароо боюнча маалымдар болууну арттыруу жана бөгөттөрдү азайтуу боюнча ишти кеңейтүү.

4. Мамлекеттик (муниципалдык) жалпы билим берүү мектептеринде окуучулардын ата-энелеринен кирүү төгүмдөрүн алуу практикасын токтотуу боюнча чараларды көрүү.

5. Балдарды кирүү тестирлөөсүнөн өткөрүүнү, конкурстук тандоону жокко чыгарып, жалпы билим берүүчү (муниципалдык) уюмга милдеттүү кабыл алууну белгилеп,

балдарды жалпы билим берүүчү уюмдарга Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык кабыл алуу тартибине контролду күчөтүү.

6. Жалпы билим берүүчү уюмдарга балдарды кабыл алуу учурунда мектептин микроучастогунда алардын ата-энелеринин каттоосунун болушу жөнүндө талапты жокко чыгаруу.

7. Мектепке барбаган балдарды табуу. КР Билим берүү жана илим министрлиги мектептин микроучастогунда жашаган балдардын санын эсепке алуу системасында контролду күчөтүү.

8. Мектеп формасынын маселелерин окуучулардын ата-энелеринин мүмкүнчүлүктөрүнө жана каалоосуна таянуу менен чечүү.

9. КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) Аппаратынын алдындагы «Балдарга жардам берүүнүн шыр байланышы» (115) иши жөнүндө Кыргыз Республикасынын бардык окуу жайларында маалыматтык стенддерди орнотуу мүмкүнчүлүгүн кароо.

10. Тукум улоочу ден соолук жана үй-бүлөнү пландаштыруу, анын ичинде эрте кош бойлуу болуунун тобокелчилиги жана зыяндуулугу тууралуу өлкөнүн бардык аймактарындагы жогорку класстардын арасында курстарды алып баруу.

11. Кош бойлуу ички мигрант аялдарды диспансердештирүү жана аларды тукум улоо курагында кароо, аларды өз убагында каттоого алуудагы тоскоолдуктарды азайтуу жана маалымат менен камсыздоо иштерин кеңейтүү. Кош бойлуу аялдар арасында жогоруда айтылган программа боюнча маалыматтык-агартуу иштерин жүргүзүү.

**Кыргыз Республикасынын маданият, туризм жана маалымат министрлигине**

1. Облустук телерадиокорпорациялардын жетекчилерин КР Акыйкатчысынын (Омбудсмен) Аппараты менен биргеликте Кыргыз Республикасында адамдардын жана жарандардын эркиндиги менен укуктары тууралуу 30 мүнөттүк апталык телепрограммаларды ачууга милдеттендирүү.

**Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине**

1. Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин сайтында жол берилген Жазык-процесстик кодексинин 252-беренесинин текстиндеги катаны жоюу.

**Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жазаларды аткаруу мамлекеттик кызматына**

1. Соттолгон жашы жете элек балдар кармалып турган бардык жабык мекемелерде «Балдарга жардам берүүнүн шыр байланышы» (115) телефонунан ээн-эркин чалууну камсыз кылуу.

2. Чыгашалар сметасын түзүүдө, ошондой эле ЖАМКнын бюджетинин долбоорун коргоодо бардык зарыл чыгымдарды, өзгөчө имараттардын утурумдук жана капиталдык ремонтуна, медициналык жабдууларды жана аспаптарды сатып алууга чыгымдарды алдын ала кароо.

3. ЖАМКнын мекемелеринде соттолгондорго жеткиликтүү эмгек акы менен иш орундарын түзүү үчүн мүмкүнчүлүктөрдү табуу.

4. КРнын Жазык-аткаруу кодексинин 150-беренесинин талаптарына ылайык, камактагыларды бошотулган учурда бир жолку акчалай жөлөкпул менен камсыздоо.

**Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдындагы жазаларды аткаруу мамлекеттик кызматына**

5. Ыңгайлуу санитардык шарттарды камсыз кылуу.

6. Кесиптик-техникалык окуу жайларын материалдык-техникалык жактан жана усулдук жабдууну жакшыртуу.

7. Соттолгондорго өзүн-өзү өстүрүүсү үчүн шарттарды түзүп берүү, пенитенциардык мекемелердин китепкана фондун жаңылоо, анын ичинде ар түрдүү адистиктер боюнча адабияттар менен камсыз кылуу. Китепканаларды жаңылоо максатында атуулдук коомдук уюмдарга кайрымдуулук акцияларын өткөрүү боюнча кайрылуу.

8. ШМБ боюнча иш чаралардын комплекстүү планын иштеп чыгуу жана жазасын өтөп жаткандар тууралуу маалыматты камтыган бирдиктүү базасын түзүү.

**Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Экологиялык жана техникалык коопсуздук боюнча мамлекеттик инспекцияга**

1. Иш берүүчүлөр жана профсоюздук уюмдар менен тыгыз иштеп, эмгек мыйзамынын сакталышына туруктуу мониторинг жүргүзүү.

2. Мамлекеттик уюмдарда жана менчик ишканаларда иш берүүчү менен кызматкердин ортосундагы эмгек мамилелерин жана эмгек шарттарын системалуу түрдө изилдөө жүргүзүү.

3. Калктын эмгекке укуктары жөнүндө маалыматтык-агартуучу программаларды иштеп чыгуу жана турмушка ашыруу.

4. Жарандардын эмгекке укуктарынын бузулушун болтурбоо максатында жеке компаниялар менен уюмдардын жетекчилери үчүн эмгекке укук маселелери боюнча семинарларды өткөрүү.

**Кыргыз Республикасынын Социалдык фондуна**

1. Мамлекеттик социалдык камсыздандыруунун тарифтик саясатын өркүндөтүү.

**Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына**

1. Өз компетенциясынын чегинде, ичүүчү таза суунун системдүү функционалдуулугуна эксплуатирлештирүүчү ишканалардын ишмердүүлүгүнө көзөмөлдүүлүктү күчөтүү
2. Ыктымалдуу түрдө жарандардын каршылык билдирүү акциясынын себеби болуп саналган маселелерди өз учурунда кароо жана чечүү.
3. Өткөрүлүп жаткан митингдер жана чогулуштар, ошондой эле аларды **камсыз кылуу** боюнча көрүлгөн чаралар жөнүндө коомчулукка милдеттүү түрдө маалымдоо.

**Өкмөттүк эмес жана эл аралык уюмдарга**

1. Тынч чогулуштарды өткөрүү эркиндигине эл аралык жана улуттук стандарттар боюнча мамлекеттик органдардын жана ЖӨБ органдарынын өкүлдөрү үчүн билим берүүчү иш-чараларды өткөрүүгө көмөк көрсөтүү.

**Чым-Коргон айылындагы Республикалык психиатриялык ооруккананын жетекчилигине**

1. "Психиатриялык жардам жана аны көрсөтүүдөгү жарандардын укуктарынын кепилдиктери жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамынын (1999-жылдын 17-июнундагы №60) 7-беренесинин 3-пунктуна ылайык мажбурлап дарылоону узартууда мекеменин жетекчилиги бейтапка адвокат чакыруу мүмкүнчүлүгүн камсыздоого милдеттүү.

**I бөлүк. Кыргыз Республикасынын Акыйкатчы (Омбудсмен) Аппаратынын 2015-жылдагы ишмердүүлүгүнүн негизги багыттары**

2015-жылы Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысына келип түшкөн арыздардын саны жана мүнөзү

2015-жылы Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) наамына жарандардан кат жүзүндө 2483 арыздар келип түшкөн, анын ичинен 1482 (59,9 %) кат КР Акыйкатчысынын борбордук аппаратына келип түшкөн. Келген кайрылуулардын 135и (8,3 %) – жамааттык, аларга 2576 адам кол койгон. Оозеки консультациялар 6797 адамга берилген. 2015-жылы КР Акыйкатчысына (Омбудсмен) кайрылган жалпы жарандардын саны 11721 адамды түздү, анын ичинен 47,7 пайызын аялдар түзөт.

1-диаграммада Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) наамына акыркы 5 жылда кайрылган жарандардын саны көрсөтүлдү:




**1-Диаграмма. Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысына (Омбудсменине) 2011-2015-жылдарда кайрылгандардын динамикасы.**

Мурдагы жылдарга салыштырмалуу, жарандардын кат жүзүндө кайрылуусу анчалык өзгөргөн жок. Ошентсе дагы, жарандардан келип жаткан каттардын азайбагандыгы биздин өлкөдө адам укугун коргоодо соттон сырткары механизмдерге, Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) ишмердүүлүгүнө ишенимдин бардыгын, анын керектүүлүгүн күбөлөп турат. Арыздардын өсүшү бир жагынан жарандар күндөн күнгө өз уктарын талап кылып, алардын активдүүлүгү өскөндүгүн да көрсөтүп турат.

Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысына (Омбудсменине) 2015-жылы кайрылгандардын саны (11734), 2014-жылга салыштырмалуу (13652) азайган, бирок бул 2015-жылы жамааттык арыздарга 2576 жарандын, ал эми 2014 –жылы 5794 жарандын кол коюусу менен түшүндүрүлөт. Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысына кайрылган жалпы жарандардын санынын динамикасы 2-диаграммада.




**2-Диаграмма. КР Акыйкатчысына (Омбудсменине) 2014-2015-жылдарда кайрылган арызданууларлын динамикасы.**

Ошол эле учурда 2014-жылга салыштырмалуу КР Акыйкатчысына (Омбудсменине) оозеки кайрылган жарандардын саны: 2014-жылы 5647 болсо 2015 - жылы 6797га чейин өскөн. Ошондой эле жарандардын телефондон оозеки кайрылуулары боюнча берилген кеп-кеңештер, аларды эсептөөгө техникалык мүмкүнчүлүктүн жоктугунан эсепке алынган эмес.

**2011-2015-жылдары жарандардын оозеки кайрылууларынын динамикасы 3-диаграммада көрсөтүлдү:**




**3-Диаграмма. КР Акыйкатчы (Омбудсмен) Аппаратына 2011-2015-жылдарда оозеки кайрылуулардын динамикасы**

Кыргыз Республикасынын  Акыйкатчысына (Омбудсмен) кайрылгандардын 54,0 пайызын – айылда жашагандар,  44,9 пайызын – шаарда жашагандар, 1,1 пайызын – камактагылар, медициналык мекемелердин пациенттери, туруктуу жашаган жери жоктор ж.б. түздү.

Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысына (Омбудсменине) арызданууулар мамлекеттик жана расмий тилдерде келип түшөт: 57,4 жана 42,6 % катышында.

Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсмененинин) дарегине арызданууулар ар түрдүү жолдор менен келет: Интернет, факсимилдик байланыш, ошондой эле, көпчүлүк жарандар арыз, кайрылуусун адаттагы почта аркылуу же жеке өздөрү Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсмениинин) офисине алып келишет.

Ошондой эле жарандардын басма сөзгө жарыяланган даттануулары да эсепке алынат. Анализ көрсөткөндөй, 2015-жылы арыздануулардын 68,2 пайызы жарандардын жеке өздөрү тарабынан берилсе ( 2014-жылы 57,6 пайызы), 14,0 пайызы почта аркылуу, 1,9 пайызы электрондук почта аркылуу, 1,6 пайызы факсимилдик байланыш аркылуу келип түшкөн. Ал эми ММКларга жарыяланган маалыматтардан алынганы - 0,8 пайыз.

Арыздануулардын географиясы төмөнкүдөй: Көпчүлүк даттануулар Кыргызстандын жашоочуларынан (99,5 пайыз), КМШ өлкөлөрүнөн – (0,4 пайыз) келип түшкөн. Башкача айтканда, республиканын бардык аймактарынан кайрылышкан, бирок эң көбү Бишкек шаарынан - 646 (26 пайыз), Чүй облусунан – 390 (18,0 пайыз), Ош облусунан – 373 (13,7 пайыз), Ысык-Көл облусунан – 263 (13,3 пайыз), Жалал-Абад облусунан – 194 (7,4 пайыз).

Аймактардан келип түшкөн арыздануулардын саны өткөн 2014-жылга салыштырмалуу пайыздык катнаштан алганда анча-мынча гана өзгөрүлгөн.

2015-жылдагы аймактардан арыздануулардын маалыматы 4-диаграммада көрсөтүлдү.




Ошол эле учурда белгилеп кете турган нерсе, 2014-жылы эркинен ажыратылган жайлардагы жарандардын кайрылууларынын саны өскөн, бирок бул көрсөткүч 2012-

жылга салыштырмалуу төмөндөгөн. Эгерде, 2012-жылы Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысына (Омбудсменине) түрмөлөрдөн 174 арыз келип түшсө, 2013-жылы алардын саны - 100, 2014-жылы -97 болсо, 2015-жылы-118 болгон.

Өлкөнүн жарандары Кыргыз Республикасынын Акыйкатчы (Омбудсмен) аппаратына түздөн-түз өзүнө кайрылганды туура көрүшөт. Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) Борбордук аппаратына жана анын аймактык өкүлчүлүктөрүнө кайрылган жарандардын салыштырмалуу анализи 1-таблицада.

***1-таблица.***

**Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) Борбордук Аппаратына жана анын аймактык өкүлчүлүктөрүнө келип түшкөн арызданууулардын салыштырмалуу таблицасы.**

| № п/п | Кайрылуу кайдан келип түштү | 2015-жылы келип түшкөн бардык кайрылуулар | Пайызы | Кайрылуу келип түштү | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | Борбордук Аппарат | Аймактык өкүлчүлүк |
| 1 | Бишкек шаары | 668 | 26,9 % | 668 | – |
| 2 | Ош облусу | 338 | 13,7 % | 85 | 253 |
| 3 | Жалал-Абад облусу | 184 | 7,4 % | 68 | 116 |
| 4 | Баткен облусу | 107 | 4,3 % | 31 | 76 |
| 5 | Талас облусу | 103 | 4,2 % | 30 | 73 |
| 6 | Ысык-Көл облусу | 329 | 13,3 % | 152 | 177 |
| 7 | Нарын облусу | 143 | 5,8 % | 40 | 103 |
| 8 | Чүй облусу | 449 | 18,1 % | 246 | 203 |
| 9 | Абак жайлар | 118 | 4,8 % | 118 | – |
| 10 | КМШ, алыскы чет өлкөлөр | 14 | 0,6 % | 14 | – |
| 11 | Дареги көрөстүлгөн эмес | 30 | 1,2 % | 30 | – |
| 12 | Бардыгы | 2483 | 100 % | 1482 (59,7 %) | 1001 (40,3 %) |

Кайрылгандардын жаш курагын анализдөө көрсөткөндөй, Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысына (Омбудсмен) 30 жаштан 60 жашка чейинкилер көбүрөөк кайрылышат.

**5- диаграмма. 2015-жылы КР Акыйкатчысына (Омбудсменине) кайрылгандардын жаш курагынын тутуму.**




Жаш курагы категориялары боюнча Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысына (Омбудсменине) кайрылгандар 5-диаграммада **чагылдырылды.**

*2-таблица*

**2015-жылы КР Акыйкатчысына (Омбудсменине) арыз кат менен кайрылган жарандардын социалдык катмары боюнча саны тууралуу маалыматтар:**

| № к/с | Жарандардын социалдык катмары | Кайрылуулар саны | % м-н |
|---|---|---|---|
| 1 | Жумушсуздар | 739 | 29,9 |
| 2 | Пенсионерлер | 484 | 19,6 |
| 3 | Түрмөдөгүлөр, соттолгондор, | 221 | 8,9 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | айыпталуучулар | | |
| 4 | Бюджеттик уюмдардын кызматкерлери | 217 | 8,8 |
| 5 | Майыптар | 123 | 5,4 |
| 6 | Бизнесмендер, ишкерлер | 105 | 4,2 |
| 7 | Саясий партиялардын жана ӨЭУнын мүчөлөрү | 105 | 4,2 |
| 8 | Фермерлер | 79 | 3,2 |
| 9 | Адвокаттар | 78 | 3,2 |
| 11 | Студенттер | 23 | 0,9 |
| 12 | КР Жогорку Кеңешинин жана жергиликтүү кеңештердин депутаттары | 19 | 0,8 |
| 13 | Үй кожейкелери | 12 | 0,5 |
| 14 | Диний ишмерлер | 3 | 0,1 |
| 15 | Жашы жете электер | 1 | 0,04 |
| 16 | Жана башкалар, а.и. социалдык катмары аныкталбагандар | 274 | 10,7 |
| 17 | Жалпысы | 2483 | 100 |




**6-диаграмма. 2015-жылы КР Акыйкатчысына (Омбудсменине) кайрылган жарандардын социалдык катмары**

2-таблицада жана 6-диаграммада көрүнүп тургандай, КР Акыйкатчысына (Омбудсменине), демейдегидей эле, калктын социалдык жактан эң начар корголгон катмарынын өкүлдөрү: жумушсуздар, пенсионерлер, майыптар арызданышат.

Келген арыздардын мазмунун анализдей келгенде алардын негизги маселеси дээрлик өзгөрүлбөгөндүгү байкалат.

Жарандардын 2015-жылы КР Акыйкатчысына (Омбудсменине) келип түшкөн арыз каттарынын тематикасы 3-таблицада көрсөтүлгөн.

*3-таблица*

**Жарандардын 2015-жылкы КР Акыйкатчысына (Омбудсменине) келип түшкөн арыз каттарынын тематикасы**

| № к/с | Жарандардын арызында көтөрүлгөн маселелер | 2015-ж. кайрылгандардын саны | % м-н |
|---|---|---|---|
| 1 | КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) өкүлүн сот отурумдарына жөнөтүү тууралуу өтүнүчтөр | 779 | 31,4 |
| 2 | Милиция кызматкерлеринин аракеттерине (аракетсиздигине) байланыштуу даттануулар | 316 | 12,7 |
| 3 | Прокуратура кызматкерлеринин аракеттерине (аракетсиздигине) байланыштуу даттануулар | 170 | 6,8 |
| 4 | Сот органдарынын кызматкерлеринин аракеттерине (аракетсиздигине) байланыштуу даттануулар | 131 | 5,3 |
| 5 | Турак-жай, жер тилкелерин бөлүп берүү тууралуу өтүнүчтөр | 89 | 3,6 |
| 6 | Кыйноо колдонулгандыгы тууралуу даттануулар | 74 | 3,0 |
| 7 | Сот чечимине макул эместик тууралуу | 68 | 2,7 |
| 8 | Обл/рай/шаар администрацияларынын, ЖӨББнын кызмат адамдарынын аракеттерине (аракетсиздигине) байланыштуу даттануулар | 58 | 2,3 |
| 9 | Жарандардын эмгек укуктарын бузуу боюнча даттануулар | 56 | 2,3 |
| 10 | Социалдык камсыздоо маселелери | 53 | 2,1 |
| 11 | Саламаттык сактоо тармагынын кызматкерлеринин үстүнөн даттануулар | 41 | 1,7 |
| 12 | ИИМдин компетенциясына караштуу маселелер | 39 | 1,6 |
| 13 | Балдардын укуктарынын бузулуулары боюнча даттануулар | 35 | 1,4 |
| 14 | Саламаттык сактоо органдарынын компетенциясына караштуу маселелер | 35 | 1,4 |
| 15 | Сот чечиминин аткарылбай жаткандыгы тууралуу даттануулар | 35 | 1,4 |
| 16 | Эл агартуу маселелери | 33 | 1,3 |
| 17 | Кызмат адамы тарабынан кызмат абалынан кыянаттык менен пайдалануу тууралуу даттануулар | 20 | 0,8 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 18 | КР УКМК кызматкерлеринин аракеттерине (аракетсиздигине) байланыштуу даттануулар | 27 | 1,1 |
| 19 | ЖӨМК кызматкерлеринин аракеттерине (аракетсиздигине) байланыштуу даттануулар | 27 | 1,1 |
| 20 | Сот органдарынын компетенциясына караштуу маселелер | 23 | 0,9 |
| 21 | Паспорт берүүгө байланыштуу маселелер | 18 | 0,7 |
| 22 | Чет өлкөлөрдө жарандык укукту бузуу боюнча даттануулар | 14 | 0,6 |
| 23 | Прокуратура органдарынын компетенциясына караштуу маселелер | 12 | 0,5 |
| 24 | Мунапыс берүү маселелери | 12 | 0,5 |
| 25 | Экстрадициялоо меселеси | 12 | 0,5 |
| 26 | КР Президентинин Аппаратынын, КР Өкмөтүнүн, КР Жогорку Кеңешинин иштерине тиешелүү маселелер | 11 | 0,4 |
| 27 | Аялдар укугунун бузулушу боюнча маселелер | 11 | 0,4 |
| 28 | Юридикалык жардам (кеңеш) көрсөтүү боюнча өтүнүчтөр | 10 | 0,4 |
| 29 | Мектепке жана мектепке чейинки мекемелерге орноштурууга көмөктөшүү өтүнүчтөрү | 6 | 0,3 |
| 30 | Жарандык алуу маселелери | 6 | |
| 31 | Үй-бүлөлүк зомбулук тууралуу арыздануулар | 5 | 0,2 |
| 32 | Аскер кызматкерлеринин укугунун бузулушу боюнча даттануулар | 5 | 0,2 |
| 33 | КР Өкмөтүнүн алдындагы баңги заттарын көзөмөлдөө боюнча Мамлекеттик кызматынын кызматкерлеринин аракеттерине (аракетсиздигине) байланыштуу даттануулар | 5 | 0,2 |
| 34 | Майыптардын укугунун бузулушу боюнча даттануулар | 4 | 0,2 |
| 35 | Адвокаттардын үстүнөн даттануулар | 4 | 0,2 |
| 36 | Керектөөчүлөрдүн укугунун бузулушу боюнча даттануулар | 3 | 0,1 |
| 37 | Шайлоолор жана КР БШКсынын ишмердиги боюнча маселелер | 1 | 0,04 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 38 | Материалдык жардам берүү тууралуу өтүнүчтөр | 1 | 0,04 |
| 39 | КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) кызматкерлерине ыраазылык билдирүүлөр | 14 | 0,6 |
| 40 | Мурда берилген кайрылууларды карабоо тууралуу утурлама арыздар | 8 | 0,3 |
| 41 | Жана башкалар | 212 | 8,5 |
| 42 | Жалпысы | 2483 | 100 |

“Жана башкалар” категориясына: жарандар мурда өз алдынча кайрылып, бирок жооп ала албаган ар кайсы бийлик органдарына, уюмдарга жана мекемелерге суроо талап жиберүү өтүнүчтөрү; жарандык (үй-бүлөдөгү, коңшулар арасындагы) араздашууларга байланыштуу нормативдик укуктук актыларды берүү тууралуу кайрылуулар кирди.

Бардык келген арыз-даттануулар анда көтөрүлгөн маселелер боюнча КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) Аппараты тарабынан дыкат каралып, иликтенди. Жарандардын кайрылуулары менен иштөөдө 2007-жылдын 4-майында кабыл алынган №67 “Жарандардын кайрылууларын кароо тартиби жөнүндө” КР мыйзамынын 13-беренесинин 2-пункту боюнча мындай мүмкүнчүлүк берилгендигине карабастан КР Акыйкатчысы (Омбудсмени) тарабынан даттанууларды карабоо тууралуу чечимдер чанда бир учурларда гана кабыл алынды.

Көпчүлүк маселелерди чечүү мекемелер аралык байланышты, т.а. КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) кызматкерлери ал маселени талапка ылайык чечиш үчүн башка бийлик органдары жана Жергиликтүү башкаруу уюмдары менен тыгыз иштешүүнү талап кылгандыгын эсепке алуу менен бардык арыз ээлерине мыйзам тарабынан аныкталган мөөнөт ичинде жүйөөлүү жооптор жөнөтүлдү.

3-таблица көрсөткөндөй, КР Акыйкатчысына (Омбудсменине) анын компетенциясына түздөн-түз тиешеси жок бир катар арыз-даттануулар келип түшкөн. Мындай арыздардын катышы 14 %ды түздү. Адатта, бул маселелер КР Президентинин, КР Жогорку Кеңешинин жана КР Өкмөтүнүн Аппаратынын иштерине байланыштуу, же сот органдарынын, ИИМ менен прокуратуранын ж.б. компетенциясына таандык маселелер болуп чыкты. Бирок, ошого карабастан, бардык кайрылуулар каралды, жарандарга эмне кылса жана кайда кайрылса дурус болору тууралуу кеп-кеңештер айтылды, айрым учурларда түздөн-түз практикалык жардамдар да берилип турду. Бул

иште даттангандардын юридикалык сабатынын төмөндүгү, укуктук сабаттуулугунун жетишсиздиги эске алынды.

Жарандардын арыз-даттанууларында мамлекеттик бийлик органдарынын ишмердигине байланыштуу маселелер да көтөрүлгөн. Бийлик органдарынын түрү боюнча даттануулар катышы төмөндөгүдөй болуп чыкты:

Арыздардын 65,7%ы – бул сот жана укук коргоо органдарынын үстүнөн даттануулар;

2,3 %ы − ЖӨББ органдарынын үстүнөн даттануулар;

2,1 %ы – социалдык камсыздоо органдарынын үстүнөн даттануулар;

1,7 %ы − саламаттык сактоо мекемелеринин үстүнөн даттануулар;

1,3 %ы – илим жана билим берүү мекемелеринин үстүнөн даттануулар.

Кээ бир жарандар тарабынан жарандык укук мамилелери боюнча айрым юридикалык жана жеке тараптарга, ар кыл уюмдарга карата даттануулар да келип түшкөн.

КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) Аппаратына келип түшкөн арыз-даттануулардын анализи көрсөткөндөй, алардын басымдуу көпчүлүгү мурдагыдай эле укук коргоо органдарынын кызматкерлеринин жана сот бийлигинин өкүлдөрүнүн аракеттерине байланыштуу. Маселен, 2015-жылы келип түшкөн 2483 арыздын 1632си (65,7%и) күч түзүмү менен сот органдарынын кызматкерлеринин аракеттерине байланыштуу даттануулар болуп чыкты.

Укук коргоо жана сот органдарынын кызматкерлеринин аракеттерине (аракет көрбөгөндүгүнө) байланыштуу даттануулар тынымсыз өсүп жатат. 7-диаграммада акыркы 4 жыл ичиндеги укук коргоо жана сот органдарынын кызматкерлеринин аракеттерине (аракет көрбөгөндүгүнө) байланыштуу даттануулардын салыштырмалуу саны чагылдырылды.

2015-жылы КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) КР жарандардын соттук коргоого, адилет жана көз карандысыз сотко, кылмыш иштерин Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык кароого укуктары бузулгандыгы тууралуу 1013 (40,8%) арыз келип түшкөн. Аларда ошондой эле соттордун токтомдоруна макул эместик көрсөтүлүп, алардын мыйзамдуулугуна жана адилеттүүлүгүнө шек саноо, арыз берүүчүлөрдүн оюу боюнча процессуалдык нормаларды бузуулар, сотторго жеке ишенбөөчүлүк мисалдары келтирилет. Арыздардын бир бөлүгү соттун чечимдеринин аткарылбагандыгы тууралуу. Соттордун алардын дарегине болгон процессуалдык жана башка кайрылууларга реакция жасабаганына байланыштуу арыздар келип түшүүдө.

Соттук документтердин көчүрмөлөрүн алууга жардам берүү өтүнүчтөрү айтылат. Өткөн 2014-жыл сыяктуу эле КР Акыйкатчысынын (Омубдсмен) өкүлүн соттук жыйынга

жиберүү өтүнүчүнө көпчүлүк жарандардын соттук системага ишенбегендиги негиз болгон.

КР Акыйкатчысынын (Омубдсменинин) өкүлүн соттук жыйынга жиберүү өтүнүчү 5,5 пайызга көбөйүп, 2015-жылы канааттандырылган арыздардын жалпы санынын 31,4%ын (779 арыз) түздү.

Сотторго карата арыздардын өсүп жаткан саны сот адилеттигиндеги системалык көйгөйлөрдүн бардыгынан кабар берерин байкабай коюуга болбойт. Шек жок, алар көп аспекттүү мүнөзгө ээ, бирок аларды жоюу укуктук мамлекеттин биринчи кезектеги милдети.

Укук коргоо органдарынын кызматкерлеринин аракеттерине (же аракетсиздиктерине) карата арыздардын өсүшү да курч бойдон калууда. 2015-жылы КР Акыйкатчысынын (Омбудсмен) атына укук коргоо кызматкерлеринин аракетине карата 619 (24,%) арыз келип түшкөн. 2014-жыл менен салыштырганда мындай арыздар 3,4 пайызга азайган. Жарандар өз арыздарында кылмыш иштеринин сапатсыз иликтенишине, адамдардын процессуалдык укуктары фактыларды атайлап бурмалоо, атүгүл жасалмалоо аркылуу бузулуп жаткандыгына арызданышкан. КР Акыйкатчысынын (Омбудсмен) атына жарандардан опер кызматкерлер тарабынан чагымдар болуп жатканы, буга көзөмөл кылуучу органдардын аракетсиздиги, мындай далилдерге сот тарабынан тиешелүү баа берилбей жаткандыгы тууралуу арыздар келип түшүүдө.

Укук коргоо жана соттук органдарга карата арызданган жарандардын 2013, 2014, 2015-жж. келип түшкөн арыздарынын салыштырмалуу маалыматы №4 таблицада берилген.

*4-таблица*

**КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) наамына укук коргоо жана соттук органдарга карата арызданган жарандардын 2013, 2014, 2015-жылдары келип түшкөн арыздары**

| № к/н | Кайрылуулардын тематикасы | Келип түшкөн кайрылуулар |
|---|---|---|

| | | Бардыгы **2013-ж.** | %тик катнашта жалпы арыздардын санына карата | Бардыгы **2014-ж.** | %тик катнашта жалпы арыздардын санына карата | Бардыгы **2015-ж.** | %тик катнашта жалпы арыздардын санына каратат |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Жарандардын сот органдардын ишмердигине карата арыздары | **910** | **36,9 %** | **856** | **35,5 %** | **1013** | **40,8 %** |
| | • Сот органдарынын аракетине (же аракетсиздигине) карата | 212 | | 107 | | 131 | |
| | • Сот чечимине макул эместик | 145<br>18 | | 67<br>27 | | 68<br>35 | |
| | • КР Акыйкатчысынын (Омбудсмен) өкүлүнүн сотко катыштыруу өтүнүчү | 535 | | 655 | | 779 | |
| 2 | **Жарандардын укук коргоо органдарынын ишмердүүлүгүнө карата маселелер боюнча арыздары** | **564**<br>358 | **22,9 %** | **682**<br>387 | **28,3 %** | 619<br>316 | **24,9 %** |
| | • Милиция кызматкеринин аракетине (аракетсиздигине) карата | 57 | | 70 | | 74 | |
| | • Кыйноолорду колдонууга карата | 108 | | 142 | | 170 | |
| | • Прокуратура | 29 | | 41 | | 27 | |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | кызматкерлеринин аракетине (аракетсиздигине) карата<br>• УКМК кызматкерлеринин аракетине (аракетсиздигине)<br><br>• ЖАМК кызматкерлеринин аракетине (аракетсиздигине) карата<br>• КР Өкмөтүнүн алдындагы баңгизаттарды көзөмөлдөө Мамлекеттик кызматынын аракетине (аракетсиздигине) карата | 12<br><br>– | | 35<br>7 | | 27<br>5 | |
| 3 | **Бардыгы** | **1474** | **59,8 %** | **1538** | **63,8 %** | **1632** | **65,7 %** |

Арыздарда көтөрүлгөн маселелерди чечүү үчүн, 2015-жылы ар түрдүү уюмдарга жана мекемелерге 6300дөн ашуун каттар, анын ичинде изилденип жаткан кайрылуулар боюнча – 1776, арыз бергендерге – 2027 кат жолдонгон.

Жарандардын каралып жаткан кайрылуулары боюнча көбүрөөк суроо-талап прокуратура органдарына – 615, КР Соттор кеңешине, КР Жогорку сотуна жана жергиликтүү сотторго – 384, КР Ички иштер министрлигине жана анын түзүмдүк бөлүмдөрүнө – 347, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына – 152, КР Саламаттык сактоо министрлигине жана анын структуралык бөлүмдөрүнө - 90, КРнын Билим берүү жана илим министрлигине жана анын структуралык бөлүмдөрүнө – 79, ЖАМКга – 77, КР Өкмөтүнүн Аппаратына – 67, КРнын Тышкы иштер министрлигине – 38 суроо талап жиберилген.

Ар кандай уюмдарга, мекемелерге 74 Көңүл буруу актылары жиберилген.

**7-диаграмма. КР Акыйкатчысына (Омбудсменине) укук коргоо жана сот органдарынын кызматкерлеринин аракеттерине (аракет көрбөгөндүгүнө) байланыштуу даттануулардын өсүш деңгээли.**


Жарандардын сот жана укук коргоо органдарына болгон кайрылууларынын өсүү динамикасы
0,45
0,4
0,35
0,3
0,25
0,2
0,15
0,1
0,05
0
0,258
0,249
0,369
0,229
0,355
0,283
0,408
0,249
2012-ж.
2013-ж.
2014-ж.
2015-ж.
Сот органдарына болгон даттануулардын саны
Укук коргоо органдарына болгон даттануулардын саны


2011-2015- жылдар аралыгындагы Акыйкатчынын Көңүл буруу актыларынын динамикасы
80
70
60
50
40
30
20
10
0
26
20
25
72
74
2011-ж.
2012-ж.
2013-ж.
2014-ж.
2015-ж.

**8-диаграмма. КР Акыйкатчысы (Омбудсмени) тарабынан 2011-жылдан 2015-жылга чейинки Көңүл буруу актыларынын динамикасы**

КР Акыйкатчысы (Омбудсмени) тарабынан 2015-жылы жиберилген 74 Көңүл буруу актыларынын ичинен 23ү – прокуратура органдарына жиберилген, 17си – КР Соттор кеңешине, 11и – КРнын Ички иштер министрлигине, ИИБ, РИИБ, 5 – КРнын Саламаттык сактоо министрлигине жана анын структуралык бөлүмдөрүнө, 5 – КРнын Жогорку Сотуна, КРнын Жогорку Сотунун алдындагы Сот департаментине, 4 – КР Өкмөтүнө, 2 – КР Билим берүү жана илим министрлигине, 1 – КР Транспорт жана коммуникация министрлигине, 1 – КР Өкмөтүнүн алдындагы Мамлекеттик каттоо кызматына, 1 – КР Өкмөтүнүн Жалал-Абад облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнө, 1 – Жалал-Абад шаарынын мэрине, 1 – Ноокен райондук мамлекеттик администрациясына.

КР Акыйкатчысынын (Омбудсмен) бардык Көңүл актыларына жана сурамдарына мамлекеттик органдардан жооп алынганын белгилейбиз.

КР Акыйкатчысына (Омубдсменине) адам укуктарынын бузулушу тууралуу арыздарга байланыштуу 165 иш кошумча изилдөөгө жөнөтүлдү. Анын кийлигишүүсүн натыйжасында адам укуктарынын бузулушуна жол бергендиги үчүн кызмат адамдары жоопкерчиликке тартылышты (Кеңири маалымат текстте берилген).

Арыздардын анализи көргөзгөндөй 2014-жылга салыштырмалуу оң жагына чечилген маселелердин саны пайыздык чен менен 2,2 пайызга өскөн, 2014-жылы оң жагына чечилген арыздар келип түшкөн арыздардын жалпы санынын 12,9ын түзсө, 2015-жылы бул көрсөткүч – 15,1% түздү.




**9-диаграмма. Жарандардын 2015-жылдагы жазуу жүзүндөгү кайрылууларын кароонун жыйынтыгы**

КР Акыйкатчы (Омбудсмен) Аппаратынын кызматкерлеринин ишмердүүлүгүнүн натыйжасында жарандардын арыздарынын 31,4 пайызы жарым-жартылай чечилди, 14,0 пайызына түшүндүрмөлөр берилди: аларга арызда каралган бул же тигил маселени чечүү үчүн кайсы органдарга кайрылуу керектиги айтылды.

Жерине чыгуу менен 941 кайрылуу каралды, бул жарандардын арыздарынын жалпы санынын 37,7 пайызын түзөт.

Арыз берүүчүнүн өтүнүчү менен КР Акыйкатчысынын (Омбудсмен) Аппаратынын кызматкерлери 982 (39, 5%) соттук жыйындарга катышты. 2015-жылы КР Акыйккатчысынын (Омбудсмен) атына келип түшкөн жарандардын жазуу жүзүндөгү арыздарынын аткарылышы тууралуу маалымат 5 таблицада региондор менен салыштырылып берилди.

*5- Таблица*

**2015-жылы КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) наамына келип түшкөн жазуу жүзүндөгү арыздардын аткарылышы**

| № к/н | Структуралык КР Акыйкатчы (Омбудсмен) Аппаратынын | Бардыгы 2015-жылы жазуу жүзүндө келип түшкөн арыздар. | 2015-ж. 31-декабрына карата аткарылды жана көзөмөлдөн алынды. | % | Арыз берүүчүнүн пайдасына чечилди | Аткарылган кайрылууларга пайыздык өлчөм менен |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | **КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) Борбордук Аппараты** | **1482** | **1380** | **93,1** | **72** | **5,2** |
| **Аймактык өкүлчүлүктөр** | | | | | | |
| 1 | Баткен облусу | 76 | 73 | 96,1 | 22 | 30,1 |
| 2 | Ысык-Көл облусу | 177 | 174 | 98,3 | 97 | 55,7 |
| 3 | Жалал-Абад облусу | 116 | 94 | 81,0 | 27 | 28,7 |
| 4 | Нарын облусу | 103 | 98 | 95,1 | 31 | 31,7 |
| 5 | Ош облусу | 253 | 221 | 87,4 | 57 | 25,8 |
| 6 | Талас облусу | 73 | 71 | 97,3 | 24 | 33,8 |
| 7 | Чүй облусу | 203 | 193 | 95,1 | 17 | 8,8 |
| 8 | **Аймактар боюнча** | **1001** | **924** | **92,3** | **275** | **29.8** |
| 9 | **Бардыгы** | **2483** | **2304** | **92,8** | **347** | **15,1** |

2015-жылы келип түшкөн 2483 жазуу түрүндөгү арыздын ичинен 2304ү же 92,8 пайызы аткарылды. 2015-жылдын 31-декабрына карата Акыйкатчы (Омбудсмен) Аппаратынын бөлүмдөрүндө жана аймактык өкүлчүлүктөрүндө 179 жазуу түрүндөгү

кайрылуу кароодо болду (102си – КР Акыйкатчысынын (Омбудсмен) Борбордук аппаратында, 77си – анын аймактык өкүлчүлүктөрүндө), бул келип түшкөн арыздардын жалпы санынын 7,2 пайызын түзөт.

Булар жалпысынан алганда 2015-жылдын акыркы күндөрүндө келип түшкөн арыздар.

2015-жыл ичинде КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) Коомдук кабылдамасы 1375 адамды кабыл алды. КР Акыйкатчысынын (Омбудсмен) Коомдук кабылдамасына кайрылган бардык жарандар керектүү түшүндүрмөлөрдү, кеп-кеңештерди, сунуштарды алышты. Адамдарды жеке кабыл алууда укуктук мамиленин конкреттүү абалы, түрү жана мүнөзү аныкталып, укугунун бузулуу деңгээли такталып, КР Акыйкатчысынын (Омбудсмен) жарандардын бузулган укуктарын калыбына келтирүүгө көмөк көрсөтүү чаралары аныкталды.

Коомдук кабылдаманын ишмердүүлүгүндө каралган көптөгөн маселелерди республиканын жогорку кызмат орунундагы адамдарга телефон чалуу менен жетишээрлик тез чечүүгө мүмкүн болгонун белгилеп кетебиз.

Иштин бул формасынын натыйжалуулугунун далили болуп, жеке кабыл алууга келгендердин 90 пайызы алар кызыккан суроосуна ошол замат жооп алышканын айтсак болот.

КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) Коомдук кабылдамасына кайрылган 1375 адамдын ичинен 1011и ишти кароонун жүрүшүндө жазуу жүзүндө арыздарын калтырышты.

Жалпысынан, арыздардын статистикасы КР Акыйкатчы (Омбудсмен) институтунун зарылдыгын, жарандар анын жардамы аркылуу бузулган укуктарын калыбына келтирүү же квалификациялуу консультация алууга ишенимин жана үмүтүн күбөлөндүрөт.

Өз кезегинде, КР Акыйкатчысына (Омбудсменине) жарандардын арыздары менен иш алып баруу адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктеринин сакталыш чөйрөсүндөгү системалуу көйгөйлөрдү аныктоого, алардын бузулган укуктары менен мыйзамдуу кызыкчылыктарын калыбына келтирүү жана келечекте мунун алдын алуу боюнча аларды мамлекеттик бийликтин тиешелүү органдарына жана өз алдынча башкаруу органдарына жеткирүүгө мүмкүндүк берет.

## 1.2. Адамдын жана жарандын укуктарын коргоо чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын жакшыртуу

КР Акыйкатчысынын (Омбудсменининин) адамдын жана жарандын укуктарын коргоо чөйрөсүндөгү улуттук мыйзамдарды өркүндөтүүгө көмөктөшүү боюнча ыйгарым укуктарын ишке ашыруунун алкагында анын Аппараты ченемдик укуктук актылардын 28 долбooруна экспертиза жүргүзгөн, алар боюнча тиешелүү субъекттерге сунуштар жана сын-пикирлер жөнөтүлгөн.

### 1.2.1. Мыйзамдык ченемдик актыларга өзгөртүү-толуктоолорду киргизүү боюнча Акыйкатчынын (Омбудсмендин) сунуштары

***Мөөнөттөрдүн чегинде соттолуу укугунун сакталышы***

Бишкек шаарынын № 1 тергөө абагында (мындан ары – ТИЗО) камакта кармоо үчүн негиздерди изилдөөдө (тергөө үчүн камакка алынгандардын өздүк делолорунун материалдары боюнча) судьялар процесстик ченемдерди одоно бузуу менен камакта кармоо мөөнөттөрүн сактабагандыктары жана адамдарды тергөө абагында кармоо үчүн соттун чечими (токтом, аныктама) жападан-жалгыз негиз болушу керек экендигин эске алышып, жазык-процесстик мыйзамдын ченемдери (КР Жазык-процесстик кодексинин 252-берене 2-б. жана 267-берене 5-б.) талап кылган жүйөөлүү чечим менен мөөнөттөрдү такыр эле узартышпаары аныкталган.

Ушундан улам Бишкек шаарынын № 1 ТИЗОсунун жетекчилиги соттор аларга айыпталуучуларга (соттолуучуларга) карата камакта кармоо мөөнөтүн узартуунун зарылдыгы жөнүндө токтомдорду жөнөтүшпөөрүн жана соттор тиешелүү документ чыгараарын жана чыгарбай тургандыгын билишпээрин айтышкан.

Андан тышкары, иш боюнча чыгарылган өкүмдүн жоктугуна байланыштуу айрым жарандар өкүмгө даттанууга мүмкүнчүлүгү болбостон жылдап ТИЗОдо отурушат, андыктан соттук териштирүү мезгилинде камакта кармоонун мөөнөтүн узартпастан кармоону “кыйноо” катары баалоого болот жана баалаш керек, анткени анын айынан адам моралдык жактан жабыр тартууда.

Биз жаңы КР Жазык-процесстик кодексинин долбооруна төмөнкүдөй мүнөздөгү өзгөртүүлөрдү киргизүүнү сунуштадык:

- КР Жазык-процесстик кодексинин долбоорунун 46-главасында каралган соттук териштирүүнүн жалпы шарттарынын тизмесин соттук териштирүүнүн үзгүлтүксүздүгү жөнүндө жоболор жана сотторго карата иштерди акылга сыярлык мөөнөттө кароо талаптары менен толуктоо зарыл;

- КР Жазык-процесстик кодексинин долбоорунун 325-беренесинин ченемдеринде судьянын жүйөөлүү токтомунун (соттун аныктамасынын) негизинде соттолуучуну камакта кармоо мөөнөтүн ар бир 2 (эки) ай сайын узартуу зарылдыгы жөнүндө жобону кароо керек.

***Басмырлоого жол берилбестикке укуктун сакталышы***

Колдонуудагы КР Жазык-аткаруу кодексине ылайык Кыйноолорду жана башка ырайымсыз, адам чыдагыс же кадыр-баркты кемсинтүүчү мамиленин жана жазанын түрлөрүн алдын алуу боюнча Кыргыз Республикасынын улуттук борборунун кызматкерлерине жазаларды аткаруучу мекемелерге атайын уруксаты жок эле кирүүгө укук берилген. Ошол эле маалда КР Акыйкатчысынын (Омбудсмениинин) Аппаратынын ыйгарым укуктуу кызматкерлеринде мыйзамдык деңгээлде мындай укук жок, бирок, Акыйкатчынын да, Улуттук борбордун да кызматкерлеринин милдеттери негизинен окшош. Ушуну эске алып, КР Жазык-аткаруу кодексинин жаңы долбооруна жабык мекемелерге тоскоолдуксуз кирүү укугуна ээ болгон субъекттердин катарына– КР Акыйкатчысынын (Омбудсмениинин) орун басарларын, ошондой эле КР Акыйкатчысынын (Омбудсмениинин) Аппаратынын ыйгарым укуктуу кызматкерлерин киргизүү зарылдыгы боюнча сунуш жөнөтүлгөн.

***Сот аркылуу коргонууга укуктун сакталышы***

КР Административдик-процесстик кодексинин долбоору боюнча анын 265-беренесине жаңыдан ачылган/жаңы жагдайлар боюнча сот актысын кайрадан карап чыгууга арыз же сунуш берүү үчүн үч жылдык мөөнөттүн киргизилип жатканы мыйзамсыз экендигин көрсөткөн сын-пикир жөнөтүлгөн. Анткени бул Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 20-беренесинин 5-бөлүгүнүн 8-пунктуна карама-каршы келет, анда жарандардын соттук коргонууга укугун кандайдыр бир түрдө чектөөгө тыюу салынат.

Аталган укукту сактоонун зарылдыгы Кыргыз Республикасы катышуучу болуп саналган эл аралык укуктун жалпыга таанылган принциптеринде жана ченемдеринде да камтылат.

Жаңыдан ачылган/жаңы жагдайлар боюнча иштерди кайрадан карап чыгуу үчүн негиздер талаштуу делген сот актысы мыйзамдуу күчүнө кирген учурдан тартып 3 жыл өткөндөн кийин келип чыгышы мүмкүн экендигин эске алып (б.а. ушул жагдайлар арыз ээсинин “күнөөсү” жок эле ачылышы ыктымалдыгын көңүлгө алып), бул учурда арыз

ээси өзүнүн укугун калыбына келтирүү жана каралып жаткан иш боюнча адилеттүүлүктү орнотуу үчүн мыйзамдуу мүмкүнчүлүгүнөн ажырайт деп эсептейбиз.

***Жашоо-турмушка укуктун шайкеш чектелишине укуктун сакталышы***

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттары Ф.Куловдун, Т.Левинанын, Э.Кочкарованын, И.Гусаровдун жана К.Осмоналиевдин демилгеси менен сунушталып 2015-жылдын 14-январындагы "Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" КР мыйзамындагы "аргасыздан коргонуу" деген жазыктык норманы колдонуунун тартибинин өзгөртүлүшү боюнча төмөнкүдөй негиздер менен анын мазмунуна макул эместик билдирилген:

1. Бул Мыйзамга ылайык аргасыздан коргонуунун чегинен ашып кетүү деп оор залал келтирүү гана таанылган, бирок кол салуучунун өлүмүнө алып келген залал келтирүү кандайдыр бир себептер боюнча ушул түшүнүккө киргизилбей калган, бул болсо 2009-жылдын 20-июлундагы № 241 "Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө" КР мыйзамынын 3-беренесинде көрсөтүлгөн "негиздүүлүк" деген ченем жаратуу ишинин принцибине карама-каршы келет.

2. Мыйзамда коргонуп жаткан адам кол салган адамдын денесине залал келтиргенде, анын ичинде күтүүсүз кол салууга байланыштуу же байкабастыктан кол салуучунун өлүмүнө алып келгенде коргонуп жаткан адамдан жоопкерчилик алып салынган.

Бирок колдонуудагы КР Кылмыш-жаза кодексинде ("Күнөө" 5-гл.) "күнөөнүн" "күтүүсүздөн жасалган кылмыш" деген түзүүчү түрү каралган эмес, аны менен "күтүүсүздөн" факторун колдонуу (ушул Мыйзамдын өңүтүндө) жарандардын жашоо-турмушуна жана саламаттыгына кол салуучу кылмыштардын субъективдүү тарабын аныктоодо ылайык келбестиктерге алып келиши мүмкүн.

Андан тышкары, КР Кылмыш-жаза кодексине комментарийлерге ылайык "күтүүсүздүк" фактору кылмыштардын айрым (көрсөтүлгөн) түрлөрүнө карата гана колдонулат, бул биздин көз карашыбыз боюнча негиздүү болуп саналат, анткени бул факторду жарандардын жашоо-турмушуна жана саламаттыгына кол салуучу башка кылмыштарга карата колдонуу "күнөө" сыяктуу жазык түшүнүгүнүн бузулуусуна жана кол салган адамга залал келтирген, анын ичинде анын өлүмүнө алып келген адамдан жазык жоопкерчилигин негизсиз түрдө алып салууга алып келиши мүмкүн.

Андыктан жарандарга алардын турак-жайына кирүүнүн "мыйзамдуулугун" же "мыйзамдуу эместигин" аныктоого укук берүү (ушул Мыйзамдын өңүтүндө) түзөтүлүшү

мүмкүн болбогон кесепеттерге алып келиши ыктымал, анткени КР Конституциясына ылайык (30-берене) мыйзамда каралган учурларда бийлик өкүлдөрүнүн турак-жайларга жана башка объекттерге кирүүсүнө соттун актысы жок жол берилет.

3. Мыйзамда ошондой эле “мыйзамдуу негизде убактылуу пайдаланылган, адам жүргөн жерлерин” да кол салуудан коргоо укугун камсыз кылуу сунушталган, ага ар кандай жерлер, анын ичинде жашоо үчүн эмес, бирок ар бир жаран (анын ичинде соттун актысы жок эле бийлик өкүлдөрү дагы) колдонууга укуктуу болгон мекемелер жана офистер кирет, бул аталган укуктук аныктамада башаламандыкты жаратат.

Андан тышкары аталган жерлердин катарына мейманканалардагы, пансионаттардагы бөлмөлөр да кирет, ушундан улам өзүнүн мүлкүнө зыян келтирүүнү алдын алуу зарылдыгы же авариялык квартирага негиздүү кирүү жана ошондой эле коомдук-кооптуу жосундарды токтотуу үчүн кирүүгө мажбур болуу, ошол квартира, бөлмөлөрдө жашап жаткан жарандарга кол салган адамдарга (ага ушул жерлердин менчик ээлери жана администрация да кириши мүмкүн) зыян келтирүүгө укук берүү да жарандардын аталган жерлерге кирүүдөн коргонууга укугунун мыйзамдуулугун аныктоодо башаламандыкты туудурат.

Ушуга байланыштуу турак-жай түшүнүгүнө “убактылуу жашап туруу үчүн арналган жана турак-жай фондуна кирбеген жайларды же имараттарды” киргизүү, мында анда турган адамга кол салуудан коргонууга, анын ичинде өлүмгө алып келген кол салуудан коргонууга укук берүү – адамдын жашоо-турмушка укугуна карата шайкеш болуп саналбайт.

КР Конституциясынын 21-беренесине ылайык “Ар бир адам ажыратылгыс жашоо укугуна ээ. Эч кимдин өмүрү өзүм билемдик менен кыйылышы мүмкүн эмес”. Бирок ушул Мыйзамда колдонулган баяндоолор (куралы жок кол салууну дагы өлүмгө чейин алып келе турган зыян келтирүүнүн катарына теңеп мыйзамдаштыруу сунушталгандыгын эске алуу менен) биздин көз карашыбыз боюнча, жарандардын жашоо-турмушка укугунун өлкөнүн Баш мыйзамынын 20-беренесинде көрсөтүлгөн ченемдерине ылайык келишин жана мыйзамдуулугун белгилөөгө мүмкүндүк бербейт.

Ушундай мүнөздөгү мыйзамдарды илим жаатындагы эксперттер менен ишке киргизилип жаткан ченемдерге комментарийлерди бир эле учурда түзүү менен (б.а. кылмыштын курамын белгилөө менен) кеңири коомдук талкуулоолордун жыйынтыгы боюнча гана кабыл алуунун максатка ылайыктуулугу да белгиленген.

***Мамлекеттик кызматка кирүүдөгү теңчилик укугунун сакталышы***

Акыйкатчы Аппаратынын демилгеси менен КР Юстиция министрлигинин дарегине КР Кылмыш-жазык кодексинин долбооруна саясий (атайын) мамлекеттик кызмат ордуна талапкер болгон адамдардын өзүнүн жарандыгы тууралуу жалган маалымат бергендиги үчүн жазык жоопкерчилигин киргизүү жөнүндө сунуш жөнөтүлгөн.

Саясий (атайын) мамлекеттик кызмат орундарына башка мамлекеттин жаранын дайындоо Кыргыз Республикасынын жарандарынын карьералык илгерилөөсүнө башынан тартып эле тоскоолдук жаратат, демек ал (саясий мамлекеттик кызмат орундарына жана судьялардын кызмат ордуна талапкер болгон адамдар үчүн КР Конституциясында белгиленген чектөөлөрдү эске алуу менен) мыйзамды сыйлаган талапкерлердин укугун бузуучу жагдай жаратат.

Ошону менен катар бул улуттук коопсуздукту жана мамлекеттик сырды коргоонун кызыкчылыгы болмок, жазык мыйзамынын максаты кылмыштарды алдын алуу да болуп саналат.

Алсак, кызматтык будамайлоо, ошондой эле документтерди, мамлекеттик сыйлыктарды, штамптарды, мөөрлөрдү, бланктарды жасоо, даярдоо, сатуу же алардын жасалмаларын колдонуу үчүн кызмат адамдары жана башка адамдар жазык жоопкерчилигине тартылат.

Мында КР Конституциясынын 20-беренесинин 4-бөлүгүнүн 5-пунктунда көрсөтүлгөн ченем бул учурда колдонулбай тургандыгын белгилей кетүү керек, анткени саясий (атайын) мамлекеттик кызмат орундарын ээлөөгө талапкер болгон адамдар башка мамлекеттин жараны эместиги алардын жарандык-укуктук милдеттенмесинин ар түрдүүлүгү эмес, мыйзамда көрсөтүлгөн белгилүү бир кызмат ордуна келүү шарты (б.а. кызмат ордуна ат салышып жаткандарга коюлуучу гана талап) болуп саналат.

***Адилеттүү эмгек шарттарына укуктун сакталышы***

2015-жылдын 18-июнунда коомдук талкууга чыгарылган "Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексине толуктоолорду жана өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" КР мыйзамынын долбоорунун айрым жоболору төмөнкүдөй негиздер боюнча Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына карама-каршы келгендиктен, КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) Аппараты өзүнүн демилгеси боюнча КР Экономика министрлигинин дарегине ушул мыйзам долбоорун чакыртып алуунун зарылдыгы жөнүндө кайрылуу жөнөткөн.

1. Жумуш берүүчүгө жумушчунун маанилүү эмгек шарттарын белгилөөгө укук берүү, анын ичинде – иштөө мөөнөтү, режими (жумушчуну анын алдын ала макулдугусуз

дем алыш жана майрам күндөрү ишке тартуу), эмгек мыйзамында каралган түрдүү компенсация жана төлөө түрүндөгү эмгек акы төлөө шарттары жумушчулардын укуктарын чектөө болуп саналат, анткени азыркы учурда аларга мыйзамда кепилдик берилген, ал эми мыйзам долбоору кабыл алынган учурда жумуш берүүчүнүн эркине жараша болуп калат.

2. Жумуш берүүчүгө жумушчу менен эч кандай мөөнөт менен чектелбеген эмгек келишимин түзүүгө укук берүү жумушчулардын абалын начарлатышы мүмкүн, анткени жумуш берүүчү бул маселеде белгилүү бир алкактар менен байланышта болбойт жана 10, 20 жыл ж.б. сыяктуу мөөнөттөрдү коюшу мүмкүн, аны жумушчу аткара албайт, демек жумуш берүүчү тараптан тиешелүү санкцияларга тартылат.

Мында мыйзам долбоорунун аталган ченемдери өзүнүн ишин башка жумуш берүүчүлөрдө ишке ашырып жаткан жумушчуларга каршы ишкердик субъекттеринде иштеп жаткан жумушчуларга карата басмырлоочу болуп саналат.

3. Эмгек келишимин бузуу шарттарын “тараптардын компетенциясына” киргизүү (алар эмгек келишимин түзгөн учурда) көз боёмолоо болуп саналат, анткени иш жүзүндө рынок шартында эмгек келишиминин шарттарын (“сунуштар” “суроо-талаптан” кыйла ашып кеткен учурда) жумуш берүүчү аныктайт, алардан баш тартуу көп учурда иш издеп жаткан адамга иш бербөөнү түшүндүрөт.

Ушуга байланыштуу эмгек мамилелерин токтотуу үчүн негиздер мыйзам менен гана жөнгө салынышы керек (келишимдерге шилтеме келтирилген ченемдер болбоого тийиш), андай болбосо бул формалдуу “түшүнүктөр” боюнча жумушчуларды иштен жапырт негизсиз түрдө бошотууга алып келиши мүмкүн.

4. Эмгек акыны өндүрүп алуу жөнүндө талап менен байланышкан жумуш берүүчүнүн иш-аракеттерине жумушчунун даттануусу үчүн кандайдыр бир мөөнөттүн белгилениши жумушчунун соттук коргонууга укугун чектейт (ушул маселени даттануунун учурдагы тартибине салыштырганда).

Ошентип мыйзам долбоорунун аталган жоболору КР Конституциясынын 16-беренесинин 2-бөлүгүндө, ошондой эле 20-беренесинин 1, 2, 3-бөлүктөрүндө, 5-бөлүгүнүн 8-пунктунда көрсөтүлгөн ченемдерге карама-каршы келет.

Андан тышкары, мыйзам долбоорунун жогоруда аталган жоболорунун кээ бирлери гана жарандык-укуктук мамилелерге жайылтылышы мүмкүн, алар өз кезегинде КР Жарандык кодексинде толук жазылган. Алардын КР Эмгек кодексинде берилиши ашыкча болуп саналат жана мыйзамга каршы келет.

***Турак-жайга жана жерге ээлик кылуу укугунун чектөө маселелери***

“Кыргыз Республикасынын Турак-жай кодексине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” КР мыйзамынын долбоору боюнча аны төмөнкүдөй негиздер боюнча четке кагуунун зарылдыгы жөнүндө жооп жөнөтүлгөн.

1. Бул мыйзам долбоору менен чет өлкөлүк жарандарга жана чет өлкөлүк юридикалык жактарга Кыргыз Республикасынын жарандары жана юридикалык жактары үчүн каралган жалпы негиздерде турак-жай сатып алууга укук берилет.

Бирок биздин пикирибиз боюнча бул ченемдер КР Конституциясынын 12-беренесинин 5-бөлүгүнө карама-каршы келет, анда жер Кыргыз Республикасынын гана менчиги болуп эсептелет жана Кыргызстан элинин жашоосу менен иш-аракетинин негизи катары пайдаланылат жана мамлекеттин өзгөчө коргоосунда турат деп айтылган (өз кезегинде жер менчиктин жеке формасында да болушу мүмкүн экендиги жөнүндө ченем Кыргыз Республикасынын жарандарынын укуктарын жөнгө салуучу жалпы ченем болуп саналат жана чет өлкөлүк адамдардын жерге болгон менчик укугун санкциялабайт).

Жогоруда айтылгандар турак-жайга укук менен катар сатып алуучуларга (чет өлкөлүк адамдарга) ал адамдар турган жерге менчик укугу да бекемделип калыш ыктымалдыгы менен негизделет.

2. Аталган укуктун чет өлкөлүк адамдарга берилиши ансыз деле өлкөбүздүн көпчүлүк жараны үчүн жеткиликсиз болгон турак-жайлардын жапырт түрдө сатып алынышына (жана аларга болгон баанын негизсиз түрдө көтөрүлүшүнө), ошондой эле, биздин жарандардын турак-жай сатып алууга каражаттары болбой, аны ижарага алышына алып келиши мүмкүн.

***Диний ынанымдарын жайылтуу укугун чектөөнүн маселелери***

2014-жылдын 24-ноябрында коомдук талкууга чыгарылган “Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө” КР мыйзамынын долбоору боюнча демилгечиге жалпысынан анын мазмуну КР Конституциясынын ченемдерине ылайык келет жана жарандардын коопсуздугун камсыз кылууга багытталгандыгы тууралуу кат жөнөтүлгөн.

Аны менен катар мыйзам долбоорунда биздин пикирибиз боюнча төмөнкүлөрдүн болушу зарыл экендиги белгиленген:

1) мыйзамдуу прозелитизмди мыйзамсыздан өзүнчө бөлүү, ал “мажбурлап психологиялык же дене-бой аркылуу таасир этүүнү” колдонуу менен болгон иш-аракетти гана түшүндүрүүгө тийиш;

2) “көчөлөрдө динди жайылтууга” тыюу салууну алып салуу (б.а. тыюу салынбаган диний агымдарды), анткени бул адамдын тынч чогулуш өткөрүү эркиндигине жана дин тутуу эркиндигине болгон укуктары боюнча КР Конституциясынын ченемдерине карама-каршы келет.

***Экономикалык эркиндикке укуктун сакталышы***

КР Жогорку Кеңешинин депутаттары Турсунбай Бакир уулу, Э. Кочкарова, Н. Мадалиев тарабынан демилге кылынган, басмырлоочу мүнөздөгү чектөөлөрдү камтыган бош жумуш ордулары же ваканттык кызмат ордулары жөнүндө маалыматты жайылтуу үчүн административдик жоопкерчиликти киргизүү боюнча “Кыргыз Республикасынын кээ бир мыйзам актыларына өзгөртүү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө” КР мыйзамынын долбоорун төмөнкүдөй негиздер боюнча кабыл алуунун максатка ылайыксыздыгы тууралуу кат жөнөтүлгөн:

1. Тигил же бул жумуш берүүчүнүн иштөө процессинде белгилүү бир субъекттерге гана, атап айтканда: актерго же актрисага, бийчиге, медайымга, бала багуучуга ж.б. муктаждык келип чыгышы мүмкүн болгон фактыны эске алуу керек.

Андыктан мыйзам долбоорунда сунушталып жаткан чектөөлөр кийин айрым жумуш берүүчүлөрдүн ишине негизсиз түрдө терс таасир этиши мүмкүн.

2. Бош жумуш ордулары же ваканттык кызмат орундары жөнүндө тигил же бул кулактандыруунун чыгышына жумуш берүүчүлөрдүн тиешеси бардыгын (кулактандырууларды каттоонун учурдагы ыкмаларын, анын ичинде сайттарды же көчөлөрдөгү көрнөктөрдү эске алганда) айрым учурларда далилдөө оор болушу мүмкүн. Алсак, мисалы, чыныгы жумуш берүүчүнүн атынан “басмырлоочу мүнөздөгү” кулактандыруу башка адамдар тарабынан анын кадыр-баркын кетирүү максатында берилиши мүмкүн.

Ошентип, мыйзам долбоорун иш жүзүндө колдонуу адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктеринин 2009-жылдын 20-июлундагы № 241 “Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө” КР мыйзамынын 3-беренесинде көрсөтүлгөн айрым ченемдердин негизсиз түрдө бузулушуна алып келиши мүмкүн.

***Ченем жаратуу ишмердигинде негиздүүлүк жана мыйзамдуулук принциптеринин бузулушу***

Коомдук талкууга чыгарылган “Кыргыз Республикасынын кээ бир мыйзам актыларына толуктоолорду киргизүү жөнүндө” КР мыйзамынын долбоорунда салттуу

эмес сексуалдык мамилеге оң мамилени жаратуу маселелеринде чектөөлөрдү киргизүү сунушталган (анын ичинде жазык жана административдик жоопкерчиликке тартуу). Кайрылган арыз ээсине жөнөтүлгөн жоопто мыйзам долбоору, биздин көз карашыбыз боюнча, 2009-жылдын 20-июлундагы № 241 "Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө" КР мыйзамынын 11-беренесинде көрсөтүлгөн ченем жаратуу техникасына коюлуучу айрым талаптарга карама-каршы келээри белгиленген.

Алсак, мыйзам долбоорундагы "ЖМКларды, маалыматтык-телекоммуникациялык тармакты же Интернетти колдонуу менен салттуу эмес сексуалдык мамилелерге оң мамилени жаратууга багытталган иш-аракеттерди жасоо" деген баяндоо ("пропаганда" деген түшүнүк менен катар) – бир маанини бербейт жана аны далилдеш оор (б.а. ар кандай түшүнүк берилиши мүмкүн), андыктан ага жол берилбеши керек.

Андан тышкары, ушул баяндоолор, биздин көз карашыбыз боюнча, жазык мыйзамынын бүткүл эрежелери боюнча квалификациялана турган (б.а. кылмыштын курамын бөлүп көрсөтүп) конкреттүү иш-аракеттерди камтыйт.

Бул баяндоолор менен жарандардын жана юридикалык жактардын укуктарынын, эркиндиктеринин жана мыйзамдуу кызыкчылыктарынын сакталышы; мыйзамдуулук жана негиздүүлүк сыяктуу ченем жаратуу ишинин принциптери (2009-жылдын 20-июлундагы №241 "Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө" КР мыйзамынын 3-беренесинде көрсөтүлгөн) бузулмак.

### 1.2.2. Улуттук укук коргоо мекемелеринин иши

Улуттук укук коргоо мекемелеринин ишин жана көз карандысыздыгын камсыз кылуу боюнча милдеттенмелерди Кыргыз Республикасынын аткаруу маселелери да КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) кароосунда турат. Бул маселе Кыргыз Республикасынын мезгилдүү баяндамаларын кароо процессинде БУУнун бүткүл келишим органдары тарабынан козголгон. 2012-жылы БУУнун системасында иштеген жана улуттук укук коргоо мекемелеринин ишин жөнгө салуучу Эл аралык координациялык комитет КР Акыйкатчысын (Омбудсменин) "В" статусунда аккредитациялаган, бул анын жогоруда аталган "Париж принциптерине" толук ылайык келбестигин билдирет (ага ылайык улуттук укук коргоо институттары түзүлөт). Эл аралык координациялык комитеттин сунуштары КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) көз карандысыздыгы, ошондой эле, жарандык коом менен кызматташуу жана адам укуктары жаатындагы эл аралык стандарттарды ратификациялоону илгерилетүү үчүн мандаттын болушу сыяктуу маселелерге тийиштүү болгон.

2013-жылдын декабрында КР Жогорку Кеңешине кароого расмий түрдө жөнөтүлгөн “Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы (Омбудсмени) жөнүндө” КР мыйзамынын долбоору адам укуктарын коргоо боюнча улуттук мекемелердин статусуна тиешелүү болгон эл аралык укуктун ченемдерине, атап айтканда, “Париж принциптерине” [1] ылайык келээрин белгилеп кетүү зарыл.

КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) Институту тарабынан даярдалган бул мыйзам долбоору адам укуктарын жана эркиндиктерин коргоо жаатындагы бир катар эл аралык уюмдардын жана өкмөттүк эмес түзүмдөрдүн оң баасын берүүсүн жана пикирин алды. Бирок азыркы күнгө чейин ушул мыйзам долбоорун КР Жогорку Кеңеши карай элек.

**Сунуштар**

**Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине**

1. БУУнун Башкы Ассамблеясынын 1993-жылдын 20-декабрындагы № 48/134 резолюциясы менен бекитилген “Париж принциптерине” толук көлөмдө ылайык келген “Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы (Омбудсмени) жөнүндө” КР мыйзамынын жаңы редакциясын артыкчылыктуу тартипте карап чыгуу жана кабыл алуу.
2. Кыргыз Республикасынын Жазык-аткаруу кодексине Акыйкатчы (Омбудсмен) аппаратынын кызматкерлеринин пенитенциардык мекемелерге кирүүсүн камсыз кылуу үчүн зарыл болгон өзгөртүүлөрдү киргизүү.
3. Кылмыш-процессуалдык кодексине соттук териштирүүлөрдүн акылга сыярлык мөөнөтүн аныктоо максатында жана камакта кармоонун мөөнөтүн узартуунун негиздүүлүгүн баалоону аныктоо үчүн өзгөртүүлөрдү киргизүү.
4. Зарыл коргонуу чектеринен аша чабуу тууралуу мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү боюнча сунуштарга кеңири коомдук жана эксперттик талкуу жүргүзүү, сунуштарды кайра иштеп чыгууда жашоого болгон укукка тиешелүү конституциялык ченемдерди каттоо талаптарын камсыз кылуу.

5. 2014-жылдын 24-ноябрында коомдук талкууга алынып чыккан “Кыргыз Республикасындагы Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги жана

[1] БУУнун Башкы Ассамблеясынын 1993-жылдын 20-декабрындагы № 48/134 резолюциясы менен бекитилген.

диний уюмдары жөнүндө” мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү маселесинде дин тутуу эркиндигинин кепилдигин каттоону камсыз кылуу.

6. Ишкердиктин экономикалык эркиндигин камсыз кылуу принциптерин сактоо зарылдыгынан улам дискриминациялык мүнөздөгү чектөөлөрү бар бош жумушчу орундары жана ваканттык кызматтар тууралуу маалыматтарды жайылткандыгы үчүн мыйзамдык актыларга административдик жоопкерчилик киргизүү тууралуу толуктоолорду кошумчалоодон баш тартуу.
7. Ченем жаратуу техникасындагы негиздүүлүк жана мыйзамдуулук принциптеринин бузулгандыгына байланыштуу салттуу эмес сексуалдык мамилелерге карата макул тапкан мамилелерди түзүү маселесине чектөө киргизүү максатында кээ бир мыйзам чыгаруу актыларына кошумчаларды киргизүүдөн баш тартуу.

## II бөлүк. Социалдык жана экономикалык укуктар

### 2.1. Адамдын социалдык-экономикалык укуктарын камсыздоо

#### 2.1.1. Эмгекке укук

Экономикалык, социалдык жана маданий укуктар жөнүндө эл аралык пакттын[2] 6, 7-беренелерине ылайык ар бир адам эмгекке, жумушту эркин тандоого, адилеттүү жана жагымдуу шартта эмгектенүүгө жана жумушсуздуктан корголууга; бирдей эмгекке бирдей акы алууга укуктуу. Иштеп жаткан ар бир адам өзү жана үй-бүлөсү үчүн татыктуу жашоону камсыз кылуучу адилеттүү жана канааттандырарлык сый акы алууга, коопсуздук жана гигиена талаптарына жооп берген эмгек шарттарына; эмгек стажынын жана квалификациясынын негизинде гана ишинде тиешелүү түрдө кыйла жогору турган тепкичке көтөрүлүүдө бардыгы үчүн бирдей мүмкүнчүлүккө укуктуу. Ошондой эле эс алууга, бош убактысын өткөрүүгө жана жумуш убактысынын акылга сыярлык чектелишине жана акы төлөнүүчү мезгилдүү өргүүгө чыгууга, ага тете эле майрам күндөрүнө сый акы алууга укуктуу. Өз кызыкчылыгын коргоо үчүн ар бир адам кесиптик бирликтерди түзүүгө жана кесиптик бирликтерге кирүүгө укуктуу (8-берене).

[2] Башкы Ассамблеянын 1966-жылдын 16-декабрындагы 2200 A (XXI) резолюциясы менен кабыл алынган. Кыргыз Республикасы КР Жогорку Кеңешинин 1994-жылдын 12-январындагы № 1406-XII токтому менен кошулган.

КР Конституциясында (42-берене 3-б.) ар ким эркин эмгектенүүгө, эмгекке жөндөмдүүлүгүн пайдаланууга, кесибин жана иштин түрүн тандоого, коопсуздуктун жана гигиенанын талаптарына жооп берген эмгектик коргоого жана эмгек шарттарына укуктуу, ошондой эле мыйзам менен белгиленген жашоо минимумунан төмөн болбогон эмгек акы алуу укугуна ээ деп айтылган.

КР Акыйкатчы (Омбудсмен) Институту эмгекке укукту сактоо маселесине олуттуу көңүл бурат.

Кызматкерлерди жумуштан мыйзамсыз бошотуу, эмгек акыны өз убагында төлөбөө, коопсуздук эрежелеринин сакталбашы, иш берүүчү менен мамиленин мыйзамда белгиленген тартипте таризделбеши – эмгек чөйрөсүндөгү мыйзамдардын ченемдерин бузуу мамлекеттик ишканаларда да, ошондой эле ишкердиктин менчик секторунда да кездешет.

*КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) дарегине Кыргызстан Тоо-металлургия профсоюзунун Борбордук комитетинин төрагасы Э.Т. "Чайна Петроль Компании "Джунда" ЖЧКсында Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамынын ченемдеринин бузулушу боюнча жазуу жүзүндө кайрылган*[3].

*Кайрылууда жана ага тиркелген документтерде көрсөтүлгөндөй, КР Тоо-металлургия профсоюзунун Борбордук комитети тарабынан "Чайна Петроль Компании "Джунда" ЖЧКсынын кызматкерлеринин мыйзамдуу эмгек укуктары жана кызыкчылыктары бузулганы боюнча маселе каралып чыккан. КР Өкмөтүнө караштуу Экологиялык жана техникалык коопсуздук боюнча мамлекеттик инспекциясынын (мындан ары – Мамэкотехинспекция) өкүлүнүн катышуусу менен жүргүзүлгөн текшерүүдө Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамын одоно бузуу аныкталган, ал жөнүндө 2014-жылдын 17-июлунда тиешелүү акт түзүлгөн.*

*"Чайна Петроль Компании "Джунда" ЖЧКсынын кызматкерлери менен жазуу жүзүндө эмгек келишимдери түзүлбөгөндүгү, эмгек мамилелерин жөнгө салуучу локалдуу актылар (ички эмгек тартибинин эрежеси, штаттык расписание, кызматтык нускамалар, иш графиги, өргүү графиги, жамааттык келишим ж.б.) түзүлбөгөндүгү жана макулдашылбагандыгы, кызматкерлерге эмгек акысы тууралуу эсеп баракчалары берилбей тургандыгы белгиленген. Ошондой эле эмгекти коргоо жана коопсуздук техникасы жаатында кемчиликтерге жол берилген. Алсак, "ПМК" турак-жай котелдук*

[3] 2014-жылдын 8-октябрындагы кириш № 776.

*шаарчасында бууну керектөө жерлери жана техникалык кызматтар менен байланышуу үчүн жумушчу телефон жок.*

*Текшерүүнүн жүрүшүндө "Чайна Петроль Компании "Джунда" ЖЧКсынын өкүлдөрү иш убактысынын лимитин кайра иштеп чыгуу, майрам жана дем алыш күндөрүнө эмгек акы төлөө, эмгек китепчелерин жүргүзүү жана убактылуу эмгекке жөндөмсүздүк мезгилинде төлөө ж.б. маселелер боюнча маалыматтарды жана тиешелүү документтерди бербегени аныкталды.*

*Администрация ошондой эле кыргызстандык жумушчулардын укуктарын коргоо үчүн заводдо түзүлгөн профсоюздук уюмду таанибайт. Андан дагы, профкомдун төрагасы Н.А. жумуштан мыйзамсыз бошотулган. "Өз каалоосу боюнча" деген негиз менен бошотулган, бирок А.Н-нын өзүнүн арызы жана каалоосу болгон эмес.*

*Компаниянын кызматкерлерин администрация профсоюзга кирип жана кандайдыр бир талаптарды койгон учурда жумуштан бошотуу менен коркуткан.*

*Жогоруда баяндалгандардын негизинде КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) Аппараты Чүй облусунун Кара-Балта шаарында жайгашкан "Чайна Петроль Компании "Джунда" ЖЧКсынын жетекчилиги тарабынан Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамынын ченемдеринин бузулушун жоюу үчүн КР Башкы прокурору А. Салянованын[4], КР Өкмөтүнө караштуу Экологиялык жана техникалык коопсуздук боюнча мамлекеттик инспекциянын директору Т. Нурбашевдин[5] жана КР Социалдык фондунун төрагасы М. Абулгазиевдин[6] дарегине кат жөнөткөн.*

*КР Премьер-министринин тапшырмасы жана КР вице-премьер-министринин 2014-жылдын 17-февралындагы № 11-3 протоколдук тапшырмасы боюнча КР Өкмөтүнө караштуу Мамэкотехинспекциянын пландан тышкаркы текшерүүсүндө эмгек мыйзамы бузулганы аныкталган жана 2014-жылдын 19-мартындагы № БА-УК 30[7] жазма буйругу берилген.*

*Мамэкотехинспекция кайрадан текшерүү жүргүзгөндө кемчиликтерди четтетүү боюнча мурда берилген жазма буйруктун көптөгөн пункттары аткарылбагандыгы аныкталган, ал тууралуу 2014-жылдын 4-сентябрында акт түзүлгөн жана КР Административдик жоопкерчилик жөнүндө кодекстин 79-беренесине ылайык 5 миң сом суммасында административдик жаза салынган.*

[4] 2014-жылдын 15-октябрындагы чыгыш № 12-2312.
[5] 2014-жылдын 30-октябрындагы чыгыш № 12-2411.
[6] 2015-жылдын 19-январындагы чыгыш № 12-71.
[7] 2014-жылдын 26-ноябрындагы чыгыш № 12/2858.

*Андан ары Мамэкотехинспекция А.Н-ны жумуштан мыйзамсыз бошотуу жөнүндө маселени текшерүүнүн жүрүшүндө КР Эмгек кодексинин 82, 85-беренелеринин талаптары бузулгандыгы аныкталган, ал жөнүндө мыйзамдардын жана эмгек жөнүндө башка ченемдик укуктук актылардын бузулушун жоюуга жазма буйрук берилген. Анын негизинде А.Н. "Чайна Петроль Компании "Джунда" ЖЧКсынын 2014-жылдын 12-июнундагы № 188 буйругунун негизинде мурдагы кызмат ордуна отурган жана ага 51 667 сом өлчөмүндө ишке аргасыздан чыкпаган убактысы үчүн акча төлөп берилген.*

*КР Социалдык фондунун төрагасынын биринчи орун басары Т. Абжапаровдун жообунда*[8] *"Чайна Петроль Компании "Джунда" ЖЧКсы менен жамааттын ортосунда жамааттык келишим түзүлбөгөндүгү көрсөтүлгөн.*

*Тамактануу түрүндө алынган киреше боюнча камсыздандыруу акыларын чегербөө фактысы аныкталган, бул кызматкерлердин социалдык камсыз болууга укугунун бузулушуна алып келет. Аталган фактылар боюнча 344 473,4 сом суммасында кошумча камсыздандыруу акылары эсептелген, ал 2014-жылдын 28-ноябрындагы текшерүү актысында чагылдырылган жана 2014-жылдын 10-декабрындагы № 1246 төлөм тапшырмасы менен КР Социалдык фондунун бюджетине төлөнгөн.*

*КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) талабы боюнча Мамэкотехинспекциянын 19 пункттан турган мурда берилген жазма буйруктардын "Чайна Петроль Компании "Джунда" ЖЧКсынын аткарышын* [9]*. КР Акыйкатчы (Омбудсмен) институту жерине барып текшерүүдө аталган жазма буйруктардын 9 пункту аткарылып, калган пункттары тиешелүү мамлекеттик бийлик органдарында жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында макулдашуу стадиясында тургандыгы аныкталган.*

КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) дарегине келип түшкөн арыздар мамлекеттик бийлик органдары, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, ошондой эле уюмдар (ишканалар) кызматкерлердин эмгек акы алууга укуктарын бузуп жатышкандыктарын көрсөтүп турат.

Эмгек акы адамдын турмуш шартынын деңгээлин жана анын өз алдынча өсүп-өнүгүү деңгээлин аныктайт. Бул татыктуу сый акы, аны иш берүүчүлөр эмгек келишиминде (контрактта) жана мыйзамдарда белгиленген ченемдер боюнча жумушчулардын жана кызматкерлердин жасаган эмгегинин санына жана сапатына жараша шайкеш кылып төлөөгө милдеттүү.

[8] 2015-жылдын 26-январындагы чыгыш № 14-4/284.
[9] 2015-жылдын 17-апрелиндеги чыгыш № 12-835.

КР Эмгек кодексинин 157-беренесине ылайык эмгек келишими токтотулганда кызматкерге тиешелүү бардык сумма иштин акыркы күнүнөн кечиктирилбестен берилет. Эгерде кызматкер жумуштан бошотулган күнү иштебесе, анда ага тиешелүү сумма бошонуп жаткан кызматкер эсептешүү жөнүндө жазуу жүзүндөгү талабын бергенден кийинки күндөн кечиктирилбестен төлөнүүгө тийиш.

КР Акыйкатчы (Омбудсмен) Аппаратынын кызматкерлери эмгек акыны төлөө убактысы кармалган учурлар көрсөтүлгөн бардык арыздарга тез арада жооп беришет. Ар бир текшерүүнүн жүрүшүндө иш берүүчүлөрдүн эмгек мыйзамын сакташына мониторинг жүргүзүлгөн, мыйзам бузууларды болтурбоо боюнча бардык зарыл чаралар көрүлүүдө.

*КР Акыйкатчы(Омбудсмен) Аппаратына А. Б.*[10] *аттуу жаран Иш берүүчү “Жилстрой” ЖЧКсынын директору А. Султанова анын эмгек акысын төлөп бербей жатканы боюнча арыз менен кайрылган.*

*Арызда А.Б. 2015-жылдын мартынан тартып “Жилстрой” ЖЧКсында иштеп, бирок иштеген эки айы үчүн эмгек акысын ала албай жаткандыгы айтылган.*

*Бул арыздын негизинде КР Акыйкатчы (Омбудсмен) Аппаратынын кызматкерлери “Жилстрой” ЖЧКсына Мамэкотехинспекциянын кызматкери Ч. Мадияров менен бирге барып текшерген. Текшерүүнүн жыйынтыгы менен Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамын бузууну жоюу үчүн КР Өкмөтүнө караштуу Экологиялык жана техникалык коопсуздук боюнча мамлекеттик инспекциянын директору Т. Нурбашевге кат жөнөтүлгөн*[11]*.*

*Иштин бардык жагдайын карап чыккандан кийин арыз ээси А.Б. 7 000 сом өлчөмүндө эмгек акысын алган.*

Тажрыйба көрсөтүп тургандай мамлекеттик эмес сектордо жалдап иштетүүнүн көбү эмгек келишимин же макулдашуусун түзбөстөн жүргүзүлөт.

КР Өкмөтү 2013-2017-жылдар мезгилине Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясын ишке ашыруу алкагында өз учурунда болуучу иштиктүү чараларды көрүшү зарыл, ал Стратегияда ишкердик субъекттерин легалдаштыруу өлкөнү өнүктүрүүнүн артыкчылыктуу багыттарынын бири катары аныкталган. Жалданма кызматкер менен иш берүүчүнүн мамилесинин эң негизги укуктук негизин түзүүгө мүмкүндүк берген кыйла иштиктүү экономикалык да, административдик да каражаттарды колдонуу керек.

[10] 2015-жылдын 29-майындагы кириш № Б-422.
[11] 2015-жылдын 8-июнундагы чыгыш № 12-1211.

Иш берүүчүнүн мыйзамдагы эмгек укуктарын бузгандыгы, атап айтканда, эмгек келишимин түзбөстөн жумушка алганы үчүн (КР Администрациялык жоопкерчилик жөнүндө кодексинин 72-берене) администрациялык жоопкерчиликке тартылышы, иш жүзүндө маселени чечүүчү фактор болбой калгандыгын моюнга алуу керек.

**Сунуштар**

**Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Экологиялык жана техникалык коопсуздук боюнча мамлекеттик инспекцияга**

5. Иш берүүчүлөр жана профсоюздук уюмдар менен тыгыз иштеп, эмгек мыйзамынын сакталышына туруктуу мониторинг жүргүзүү.

6. Мамлекеттик уюмдарда жана менчик ишканаларда иш берүүчү менен кызматкердин ортосундагы эмгек мамилелерин жана эмгек шарттарын системалуу түрдө изилдөө жүргүзүү.

7. Калктын эмгекке укуктары жөнүндө маалыматтык-агартуучу программаларды иштеп чыгуу жана турмушка ашыруу.

8. Жарандардын эмгекке укуктарынын бузулушун болтурбоо максатында жеке компаниялар менен уюмдардын жетекчилери үчүн эмгекке укук маселелери боюнча семинарларды өткөрүү.

### 2.1.2. Ден соолуктун эң жогорку деңгээлине жетүү укугу

Экономикалык, социалдык жана маданий укуктар жөнүндө эл аралык пактты ратификациялаган мамлекет катары Кыргыз Республикасы ар бир адамдын саламаттыгынын эң жогорку деңгээлде сакталыш укугун камсыз кылууга милдеттүү.

КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин), ошондой эле, ЖМКлардын дарегине медициналык кызматкерлерге карата даттануулар көп түшүүдө. Даттанууларга талдоо жүргүзгөндө саламаттык сактоо системасындагы медициналык кызматкерлер өздөрүнүн милдеттерин ак ниеттик менен аткарбай, анын кесепетинен бейтаптар каза табышы мүмкүн деп тыянак жасоого болот. Акыйкатчынын наамына келип түшкөн арыздарды талдаганда саламаттык сактоо системасында медициналык кызматкерлер өз милдеттерине шалаакы мамиле жасап, анын натыйжасында жарандар медициналык жардам алалбай калган учурлар катталат.

***Медициналык жардамга жетүүдөн баш тартуу***

Саламаттыктын эң жогорку деңгээлде сакталыш укугуна негиз салуучу принциптердин бири болуп саламаттык сактоо мекемелеринин, товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн жеткиликтүүлүгү саналат. Жеткиликтүүлүк деген түшүнүк өзүнө кандайдыр бир белги боюнча басмырлоонун жоктугу; саламаттык сактоо мекемелеринин жана медициналык кызмат көрсөтүүлөрдүн жеткиликтүүлүгү; экономикалык жеткиликтүүлүк жана саламаттык сактоо маселелерине тиешелүү болгон маалыматтын жеткиликтүүлүгү сыяктуу аспекттерди камтыйт. Ошондой болсо да КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) Аппаратына медициналык жардам көрсөтүүнүн ушул негиз салуучу принцибинин бузулгандыгы тууралуу билдирүүлөр түшүүдө.

*КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) наамына М.А аттуу жарандан медициналык кызматкерлердин өздөрүнүн функционалдык милдеттерин тиешелүү түрдө аткарбай, анын кесепетинен жубайы К.А. каза болгондугу тууралуу арыз*[12] *келип түшкөн.*

*Арызда анын жубайы К.А. "ашташкан травма, С4 омурткасынын посттравмалык листези, сөөгү ордунан козголбостон оң муундук урчуктун жабык жаралануусу, С4 омурткасынын эки ача сөөгүнүн жана остист урчугунун бир аз ордунан козголушу" деген клиникалык диагноз менен Бишкек травматология жана ортопедия илим-изилдөө борборунун (мындан ары – БТОИИБ) омуртканын патологиясы бөлүмүндө стационардык түрдө дарыланып, ал жерде ага тез эле операция жасалгандыгы айтылган. Бирок бейтаптын оор абалда болгондугуна карабастан аны ооруканадан чыгарып салышкан. Андан соң, бир нече күндөн кийин К.А-нын ден соолугу кескин начарлап кеткендигине байланыштуу ал БТОИИБге жеткирилген, ал жерде реанимация бөлүмүнөн 2014-жылдын 3-ноябрында өпкө-жүрөк иштешинин жетишсиздигинен каза болгон, ал соттук-медициналык экспертиза менен ырасталган.*

*М.А-нын айтуусу боюнча, бул өпкө-жүрөктү дарылоочу врач мурда бейтапты тийиштүү түрдө изилдеген эмес, ал жол кырсыгынын кесепетинен алынган жаракатка байланышкан оору экендиги бейтап баянындагы корутундусунда көрсөтүлгөн эмес.*

*КР Саламаттык сактоо министрлигинин 2015-жылдын 9-январындагы № 7 буйругунун негизинде иштин жагдайын изилдөө боюнча комиссия түзүлгөн. Бирок М.А. комиссиянын корутундусу менен макул болгон эмес. Бул учурда, М.А-га ал КР Жазык-процесстик кодексинин ченемдерине ылайык укук коргоо органдарына комиссиялык*

[12] 2014-жылдын 19-декабрындагы кир. № А-932.

*экспертизаны өткөрүү жөнүндө өтүнүчү менен кайрылууга укугу бар экендиги түшүндүрүлгөн.*

*Андан тышкары, КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) Аппараты тарабынан М.А-нын КР Саламаттык сактоо министри Т. Батыралиев менен жолугушуусу уюштурулуп, ага БТОИИБдин медициналык кызматкерлери катышты. Арызданууучу трагедияны ийне-жибине чейин айтып берди, жолугушуу видео тасмага тартылган.*

*Азыркы учурда М.А. тынышуу келишими түзүлгөндүгүнө байланыштуу КР Саламаттык сактоо министрине доом жок деп арыз жазып берген.*

КР Кылмыш-жаза кодексинин ченемдери медициналык кызматкер оор абалда жаткан оорулууну дарылоону мыйзамсыз токтотуп, ушунун натыйжасында оорулуу оор абалга дуушар болгондугу үчүн жоопкерчиликти белгилейт (120-берене).

*КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) Аппараты 2015-жылдын 13-октябрында "АКИпресс" маалымат агенттигинин сайтына чыккан Бакай-Ата районунун Наматбек айылынын тургуну Н.А. ыкчам медициналык жардам көрсөтүлбөй каза болгондугу тууралуу материалды*[13] *карап чыккан.*

*Бул инцидент боюнча КР Акыйкатчысы (Омбудсмени) КР Саламаттык сактоо министрлигине кызматтык териштирүү жүргүзүү жана анын жыйынтыгы боюнча тиешелүү чараларды көрүү өтүнүчү менен кайрылуу жөнөткөн.*

*Саламаттык сактоо министрлигинин Талас облусу боюнча координаторунун 2015-жылдын 12-октябрындагы № 47 буйругуна ылайык окуяны жеринде териштирүү үчүн комиссия түзүлгөн*[14]*. Комиссия мүчөлөрү каза болгондун туугандарына райондун администрациясынын башчысынын орун басары А. Шамбетова менен чогуу барып жолугуп келишкен.*

*Текшерүүнүн жыйынтыгында хирургия бөлүмүнүн врачы М. Ибраимов, инфекциялык бөлүмдүн врачы А. Аккозова КР Эмгек кодексинин 82-беренесинин негизинде өз каалоосу менен ээлеген кызмат ордуларынан бошонгон, ал эми врачтардын өз функционалдык милдеттерин аткарышын тиешелүү түрдө көзөмөлдөбөгөнү үчүн директордун орун басары З. Омуралиевага сөгүш берилген*[15]*.*

*Андан тышкары, каза болгон Н. А-нын жашы жете элек балдарына Бакай-Ата райондук мамлекеттик администрациясынын социалдык кызматы тарабынан жөлөкпул*

[13] "АКИпресс" МА, 2015-жылдын 13-октябры

[14] 2015-жылдын 27-октябрындагы чыгыш № 04-1/3-12313.

[15] Бакай-Ата районунун Медициналык практика борборунун 2015-жылдын 12-октябрындагы № 36, 37, 38 буйруктары.

*чектеп берүү боюнча иштер жүргүзүлүүдө жана биринчи топтогу майып болгон 11 жашар кызына тиешелүү акы төлөп берүү мүмкүндүгү каралууда*[16].

*КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) наамына медициналык кызматкерлердин өз кесиптик милдеттерин тиешелүү түрдө аткарбагандыгы боюнча М.Е. кайрылган*[17].

*Кайрылууда 2015-жылдын 28-февралында анын бир тууганы, 1927-жылы туулган Улуу Ата мекендик согуштун ооругунун эмгекчиси) Н.Е. жүрөгү ооруп, кан басымы көтөрүлүп тез жардам көрсөтүү машинасы менен № 1 шаардык клиникалык ооруканасына жеткирилген. Ал жерден нөөмөтчү врач К. Абакирова алгачкы текшерүү процессин жүргүзбөстөн, дарылоого көрсөтүүлөрдүн жоктугуна шылтап, ооруканага жаткыруудан баш тарткандыгы айтылган.*

*КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) Аппараты күнөөлүү адамдарды жоопкерчиликке тартуу менен ушул кайрылуу боюнча текшерүү жүргүзүү үчүн КР Саламаттык сактоо министрлигине суроо-талап жөнөткөн*[18]*. Жүргүзүлгөн кызматтык текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча № 1 ШКОнун кардиология бөлүмүнүн врачы К. Абакировага сөгүш берилди.*

Жогоруда айтылган учурлар 2009-жылдын 26-майындагы № 170 “Мамлекет кепилдеген минималдуу социалдык стандарттар жөнүндө” КР мыйзамынын бузулгандыгын көрсөтүп турат, ал бейтапты кечиктирилгис абалдан чыгарганга чейин менчигинин түрүнө карабастан саламаттык сактоо уюмдарынын бүткүл элге акысыз негизде шашылыш (кечиктирилгис) медициналык жардам көрсөтүү милдетин белгилейт.

КР Кылмыш-жаза кодексинин ченемдеринде медициналык кызматкер өзүнүн кесиптик милдетин аткарбаганда же талапка ылайык аткарбаган учурда, ал ден соолуктун узак убакытка бузулушуна алып келсе, эмгекке жарамдуулугунун үчтөн бирин туруктуу түрдө жоготсо (119-берене 1-б.) же жабырлануучу каза тапса (119-берене 2-б.) үчүн жоопкерчилик белгиленген. Бул берене жогоруда көрсөтүлгөн учурларда кайдыгерлик жасаган медициналык кызматкерлерди кылмыш жоопкерчилигине тартуу үчүн колдонулушу мүмкүн.

Ошону менен катар ооруканага жаткыруудан баш тартуу, ага тете эле медициналык кызмат көрсөтүүлөрдөн баш тартуу бирин-экин эместигин белгилей кетүү зарыл. Бул медициналык кызматкерлердин 2005-жылдын 9-январындагы № 6 “Кыргыз Республикасында жарандардын саламаттыгын сактоо жөнүндө” жана 2009-жылдын 26-

[16] КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) Талас облусу боюнча ыйгарым укуктуу өкүлүнүн 2015-жылдын 30-октябрындагы чыг. № 19-70/374 маалыматы.
[17] 2015-жылдын 13-мартындагы кириш № М-192.
[18] 2015-жылдын 23-мартындагы чыгыш №12-589.

майындагы № 170 “Мамлекет кепилдеген минималдуу социалдык стандарттар жөнүндө” КР мыйзамдарында чагылдырылган жарандардын адекваттуу жана өз учурунда медициналык жардам алуу укуктарын системалуу түрдө бузуп жаткандыгын айтып турат. Мыйзам бейтапты кечиктирилгис абалдан чыгарганга чейин менчигинин түрүнө карабастан саламаттык сактоо уюмдарынын бүткүл элге акысыз негизде шашылыш (кечиктирилгис) медициналык жардам көрсөтүү милдетин белгилейт.

Жогоруда көрсөтүлгөн мисалдарда жарандардын медициналык жардам алууда саламаттыктын эң жогорку деңгээлинде сакталыш укугун эле эмес, ошондой эле, бейтаптын өмүргө укугунун да бузулгандыгын белгилеп кетүү керек.

***Сапатсыз медициналык жардам жана шалаакылык***

БУУнун Экономикалык, социалдык жана маданий укуктар боюнча комитетинин жалпы тартиптеги № 14 сын-пикирлеринде белгиленген саламаттыктын эң жогорку деңгээлине жетүүгө укукту коргоонун эл аралык стандарттарына ылайык саламаттык сактоо мекемелери, ошондой эле, алардын товарлары жана кызмат көрсөтүүлөрү маданий адекваттуулук менен катар илимий жана медициналык көз караштан алганда алгылыктуу болуп, жогорку сапатта мүнөздөлүүгө тийиш.

Саламаттыкты сактоо адамдын негизги укуктарынын бири болуп саналат. Ар бир адам саламаттыктын эң жогорку деңгээлине жетүүгө укуктуу. Бул укук Адам укуктарынын жалпы декларациясынын 25-беренесинде бекитилген.

Мындан сырткары, Кыргыз Республикасы кол койгон Экономикалык, социалдык жана маданий укуктар жөнүндө эл аралык пакттын 12-беренеси да ар бир адамга саламаттыктын эң жогорку деңгээлине жетүүгө, анын ичинде ооруган учурда бардык адамдарга медициналык жардам көрсөтүүнү жана медициналык кароону камсыз кыла турган шарттарды мамлекеттин түзүүсүнө кепилдик берет.

Төмөндө келтирилген учур стационар шартында медициналык жардам көрсөтүүдө жана сапатсыз жардам берүүдө бейтаптын саламаттыгына жана жашоо-турмушуна кайдыгерлик менен мамиле кылуунун кесепеттерин көрсөтөт.

*Маалымат сайты[19] Бишкек шаарынын ИИББнын басма сөз кызматы берген маалыматка шилтеме келтирип, 2015-жылдын 11-февралында Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин алдындагы Энеликти жана балалыкты коргоонун*

[19] *http://ru.sputnik.kg/society/20150211/1014321532.html* сайтынан окуса болот.

*улуттук борборунда офтальмологдор шалаакылык менен тогуз жашар баланын ооруган көзүнүн ордуна соо турган көзүнө операция жасап салышкандыгын билдирет. Ушуга байланыштуу Талас облусунун Бакай-Ата районунун тургуну - баланын энеси Бишкек шаарынын Ленин райондук ИИБсына кайрылган.*

*Бирок КР Саламаттык сактоо министрлиги консилиумда кабыл алынган чечимге шилтеме келтирип, жаңылыштык менен жасалган операция тууралуу маалыматты төгүнгө чыгарган. Текшерүү мезгилинде оң көзүнүн көрүүсүнүн курчтугу – 0,9, сол көзүнүкү – 0,2 экендиги аныкталган. Мында ошондой эле сол көзүндө да кошумча патология бар экендиги аныкталган.*

*Азыркы мезгилде Бишкек шаарынын Ленин райондук ИИБсынын Тергөө бөлүмүнүн тергөөчүсү Б. Кобонова тарабынан ушул факт боюнча териштирүү иши аяктаган жана кылмыш иши сотко өткөрүлүп берилген.*

*КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) наамына 2015-жылдын 10-майында Э.Н-нын үй-бүлөсүнөн арыз келип түшкөн*[20]*, анда медициналык кызматкерлер кесиптик милдеттерин тиешелүү түрдө аткарбагандыгынан улам алардын тууганы Э.Н. каза болгондугу айтылган. Арызда 2015-жылдын 20-февралында Э.Н. Кыргыз-Россия (Славян) университетинин алдындагы медициналык клиникада моюнундагы май шишигин алдыруу боюнча операция жасатып, андан соң, анын туугандарынын айтуусу боюнча, ал наркоздун көп берилип калгандыгынан каза болгондугу жазылган.*

*Бейтаптын өлүмүнө алып келген ушул кайрылууну карап чыгуунун жүрүшүндө КР Саламаттык сактоо министрлиги тарабынан ушул фактты териштирүү үчүн комиссия түзүлгөн. Бишкек шаарынын Свердлов райондук ИИБ ТБсы тарабынан даярдалган соттук-медициналык экспертиза 34 жашар Э.Н. май шишигин алдырып жатканда өзүнүн канына тумчугуп калгандыгын көрсөткөн жана экспертизанын корутундусуна ылайык бейтап кекиртегинен аба кирүү үчүн түтүктү орнотууда тамырлары үзүлүп кеткендигинен улам аспирациялык тумчугуудан каза тапкан. Кылмыштын курамынын болушуна карабастан текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча Бишкек шаарынын Свердлов райондук ИИБинин Тергөө бөлүмүнүн тергөөчүсү А. Садыков КР Жазык-процесстик кодексинин 28-беренесинин 1-бөлүгүнүн 2-пунктунун негизинде кылмыш ишин козгоодон баш тартуу жөнүндө токтом чыгарган.*

[20] 2015-жылдын 10-мартындагы кириш № Н-181.

*Ишке КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) Аппаратынын кызматкерлери киришкенден кийин Свердлов районунун прокуратурасы тергөөчү А. Садыковдун ушул чечимин жокко чыгарган жана текшерүүнүн материалдары кошумча текшерүү жүргүзүүнү уюштуруу үчүн Свердлов райондук ИИБинин Тергөө бөлүмүнө жөнөтүлгөн. Бул факты боюнча Свердлов райондук ИИБ ТБсы тарабынан КР Кылмыш-жаза кодексинин 119-беренесинин 2-бөлүгүндө каралган кылмыштын белгилери боюнча кылмыш иши козголгон (медициналык кызматкер өзүнүн кесиптик милдетин талапка ылайык аткарбай, ал жабырлануучунун өлүмүнө алып келген).*

*Азыркы учурда кылмыш иши териштирилүүдө жана бардык зарыл болгон тергөө амалдары жүрүүдө.*

Медициналык кызматкерлер милдеттерин талапка ылайык аткарбаганына байланыштуу жарандардан көптөгөн даттануулар келип жатканын эске алып, саламаттык сактоо системасын жалпысынан жакшыртуу зарыл деп жыйынтык чыгарса болот. Анткени бул процесс 10 жылдан ашык, тактап айтканда 2001-жылдан тартып жүргүзүлө элек жана саламаттык сактоо жөнүндө улуттук мыйзамдын ченемдерине жана эл аралык стандарттарга жооп берген чечимдерди тез арада кабыл алуу талап кылынат.

***Тыянак:*** Саламаттык сактоонун эң жогорку деңгээлине жетүүгө укуктун бузулушу тууралуу келип түшкөн кайрылуулардан тыянак чыгаруу менен КР Саламаттык сактоо министрлиги көп учурда өз кызматкерлеринин иш аракеттерин актоого аракет жасаарын белгилей кетүү керек. Шалаакылыктан адам өмүрүнүн кыйылышына себепкер болгон врачтарга жетекчилик тарабынан колдонулган жазанын өлчөмү бейтаптардын жоготкон ден соолугуна же болбосо апаат кеткен адамдардын өмүрүнө чак келбейт.

**Сунуштар**

**Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине**

1. Медициналык мекемелерди координациялоону жана алардын кызматташуусун, атап айтканда, жарандарды ооруканага жаткыруу чөйрөсүн жакшыртуу;
2. Оор абалдагы бейтаптарды кабыл алуу жана аларга ыкчам жардам берүүнүн жол-жобосун уюштуруудагы мүчүлүштүктөрдү жоюу;
3. Медициналык кызматкерлердин функционалдык милдеттерин ак ниеттик менен аткарбаган учурда алардын жоопкерчилигин күчөтүү (кызматынан төмөндөтүү, административдик жоопкерчиликке тартуу ж.б.).

4. Медициналык кызматкерлердин кетирген каталарын жаап-жашырган учурлар көбөйүп кеткендигине байланыштуу 2005-жылдын 9-январындагы № 6 “Кыргыз Республикасында жарандардын саламаттыгын сактоо жөнүндө” КР мыйзамынын аткарылышын көзөмөлдөөнү күчөтүү.
5. Бейтаптын саламаттыгына зыян келтирген медициналык кызматкерлердин катачылыктарына байланышкан учурларды териштирүү боюнча комиссиянын курамына көз карандысыз эксперттерди киргизүү.

### 2.1.3. Социалдык камсыздоого укук

Кыргыз Республикасынын улгайган адамдары – коомдун толук укуктуу мүчөлөрү жана алар КР Конституциясында, Кыргыз Республикасы ратификациялаган жана тааныган эл аралык укуктук документтерде кепилденген жана бекитилген бардык укуктарга жана эркиндиктерге ээ.

Улгайган эркектер жана аялдар калган бардык адамдар сыяктуу эле ушундай укуктарга ээ: бардык адамдар бирдей жана тең укуктуу болуп жаралган, ал адамдын улгайышы менен өзгөрбөйт. Адам укуктарынын жалпы декларациясынын, ЭСМУЭПтин жана Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө пакттын[21] текстинде улгайган адамдар өзүнчө категория катары каралбаса да улгайган адамдарга карата милдеттенмелер басмырлабоонун жалпы принцибинен келип чыгат, ошондой эле Экономикалык, социалдык жана маданий укуктар боюнча комитеттин № 19 жалпы тартиптеги сын-пикиринде белгиленет. Улгайган адамдардын укуктарын ишке ашыруу боюнча милдеттенмелер “Улгаюу проблемалары боюнча Мадрид иш-аракеттери” планында да бекитилген[22]. Бардык эмгектенип жаткан мигранттардын жана алардын үй-бүлө мүчөлөрүнүн укуктары боюнча эл аралык конвенциясында[23] курактык басмырлоого тыюу салынган ченемдер бекитилген.

***Улгайган адамдарды социалдык камсыз кылуу***

---

[21] Башкы Ассамблеянын 1966-жылдын 16-декабрындагы 2200 A (XXI) резолюциясы менен кабыл алынган. Кыргыз Республикасы КР Жогорку Кеңешинин 1994-жылдын 12-январындагы № 1406-XII токтому менен кошулган.

[22] Улгаюу проблемалары боюнча экинчи бүткүл дүйнөлүк ассамблеясы менен кабыл алынган, Мадрид, 2002-жылдын 8-12-апрели.

[23] БУУнун Башкы Ассамблеясынын 1990-жылдын 18-декабрындагы 45/158 резолюциясы менен кабыл алынган.

КР Конституциясынын 53-беренесинде жарандарга улгайганда, ооруп, же эмгектенүүгө жараксыз болуп калганда, багып-көрөөрүнөн ажыраганда мыйзамда каралган тартипте жана жагдайларда социалдык жактан камсыз кылуу кепилдиги берилет. Пенсия, социалдык жардам мыйзамда каралган жашоо минимумунан кем эмес өлчөмдө жашоо деңгээлин камсыздашы керек экендиги каралган.

Кыргызстандын пенсионерлери үчүн пенсия негизги, ал эми айрым учурларда жападан-жалгыз булагы болуп саналат.

2016-жылдын 1-январына карата Кыргызстан боюнча пенсия алуучулардын саны 63900 адамды түздү. 2014-жылга салыштырганда пенсионерлердин саны 13,5 миң адамга көбөйдү.

Социалдык камсыз болууга укуктун аспекттеринин бири болуп пенсиялардын жана жөлөкпулдардын өлчөм боюнча адекваттуулугу саналат. Бүгүнкү күндө орто эсептеги пенсиянын өлчөмү улгайган адамдардын татыктуу эле эмес, ошондой эле алардын курагынын айынан зарыл болгон жашоо-турмуш деңгээлин камсыз кыла албайт. Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун (мындан ары – КР СФ) маалыматы боюнча 2015-жылдын 1-сентябрынан тартып пенсияларды жогорулатуунун жыйынтыгы боюнча пенсиянын орточо өлчөмү 4 804 сомду түздү. Мында пенсия курагындагы калк үчүн жашоо минимуму 4637 сомду түзөт[24].

Ошону менен катар КР СФнын маалыматына ылайык жашоо минимумунан төмөн пенсия алгандардын саны 2015-жылдын аягына карата 311223 адамды түздү (жалпы санынын 52%ы).

Бул негизинен айыл жергесинде жашаган адамдар жана жеке ишкердик менен алектенген жарандар экендигин белгилеп кетүү зарыл.

Жашоо-турмуш деңгээлинин төмөн болушу Кыргызстанда улгайган адамдардын укуктарынын бузулушуна таасирин тийгизет, ал эми пенсияны ар жыл сайын жогорулатуу дары-дармектерге, тамак-аш азыктарына, коммуналдык кызматтарга баалардын өсүшүнүн эсебинен инфляцияны жарым-жартылай гана жабат жана пенсионерлердин жашоо-турмуш деңгээлин жакшыртууга мүмкүндүк бербейт.

Пенсиянын аздыгына карабастан пенсияларды эсептөөгө жооптуу болгон бийлик органдарынын кызмат адамдары пенсияларды эсептөөдө, ошондой эле кайра эсептөөдө катачылык кетирүүдө, бул тиешелүү түрдө улгайган адамдардын социалдык камсыз болууга укуктарынын бузулушуна алып келет.

---

[24] www.kyrtag.kg, 2016-жылдын 19-январы.

Алсак, КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) дарегине улгайган адамдардан алардын бузулган укуктарын калыбына келтирип берүү жөнүндө өтүнүч менен арыздар түшүүдө

*КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) дарегине пенсионер А.Л..[25] пенсиясы туура эмес эсептелип жатат деп жазуу жүзүндө арыз менен кайрылган.*

*Кайрылууда жана ага тиркелген документтерде белгиленгендей КР Социалдык фондунун Ноокаттагы бөлүмү анын пенсиясын 2001-жылдын 1-июлунан тартып туура эмес эсептөөдө, анткени анын стажы 37 жыл эмес, 25 жыл деп эсептелгени айтылган.*

*Бийик тоолуу шарттарда жайгашкан Кыргыз Республикасынын калктуу конуштарынын тизмесине ылайык андай жерлерде иштөө жеңилдетилген түрдө пенсия менен камсыз болууга укук берет. Арыз ээси А.Л. 1973-жылдын 3-апрелинен тартып 1995-жылдын 25-июлуна чейин бийик тоолуу шарттарда жайгашкан Хайдаркен калктуу конушундагы Хайдаркен сымап комбинатында иштеген, бул ага жеңилдетилген түрдө пенсия менен камсыз болууга укук берет.*

*Бул боюнча 2014-жылдын 3-ноябрында Акыйкатчы Аппараты тарабынан КР СФнын төрагасы М. Абулгазиевге А.Л-нын пенсиясын кайра эсептөө боюнча кат[26] жөнөтүлгөн.*

*Ага КР СФнын төрагасынын орун басарлары У. Асановдон[27] жана Н.Ибраевден[28] жооптор алынды, анда пенсияны эсептөөдө эмгек акынын орточо бир айлык өлчөмү 13-эмгек акынын суммасы жана иштеген жылдары үчүн үстөк акыны эске албастан эсептелгени айтылган. Ушуга байланыштуу пенсиянын өлчөмү пенсия жөнүндө колдонуудагы мыйзамдын ченемдерине ылайык келтирилген жана 2011-жылдын 1-майынан 2015-жылдын 31-январына чейинки мезгил үчүн кошумча акынын өлчөмү 3 935 сомду түзгөндүгү көрсөтүлгөн.*

*А.Л-нын каза болгондугуна байланыштуу бул акы Эски-Ноокат айылындагы почта бөлүмүндө февраль айында анын жубайы Л.Ш-га берилген (№ 044859 тапшырма).*

*Орточо бир айлык акыны эсептөөдө ката кетирген күнөөлүү адамдар боюнча айтсак, адис А. Куранбаева 2011-жылдын 29-ноябрында өз каалоосу боюнча иштен бошоп кеткендигине байланыштуу ага карата чара көрүү мүмкүн эмес болду.*

*Жогоруда көрсөтүлгөн сумманын төлөнүшүнүн кечиктирилиши Ноокат райондук социалдык фондунун башкармалыгынын адиси Алымкул кызы Асылкандын күнөөсү*

[25] 2014-жылдын 27-октябрындагы кириш № Л-831.
[26] 2014-жылдын 3-ноябрындагы чыгыш №12-2428.
[27] 2014-жылдын 1-январындагы чыгыш №6-4/4280.
[28] 2015-жылдын 20-мартындагы чыгыш №6-4/1039.

*боюнча болгондуктан ага эскертүү түрүндө тартип жазасы берилген (2015-жылдын 220-февралындагы № 7 буйрук).*

*Ошондой эле пенсияны эсептөөдө кетирилген катачылыктарды болтурбоо максатында пенсия бөлүмүнүн адистери менен социалдык камсыздандыруу жана пенсия менен камсыз кылуу маселелери боюнча техникалык окуу жүргүзүлгөндүгү белгиленген.*

Экономикалык, социалдык жана маданий укуктар жөнүндө эл аралык пактынын (ЭСМУЭП) 9-беренеси жалпы түрдө катышуучу-мамлекеттер “Ар бир адамдын социалдык камсыз болууга укугун тааный тургандыгын” карайт, мында, кепилдениши керек болгон коргоонун мүнөзү же деңгээли так көрсөтүлгөн эмес. Ошону менен катар “Социалдык камсыз болуу” деген терминди БУУнун Комитети адамга көз каранды болбогон себептер боюнча жашоого болгон каражаттардын жоголушуна байланышкан ар кандай тобокелдиктерди кыйыр түрдө түшүнөт (Жалпы тартиптеги № 6 сын-пикир).

Пенсия менен камсыз кылууну төлөө азыркы учурда улгайган адамдар үчүн жашоонун жападан-жалгыз булагы болуп саналат. Пенсияны эсептөөдөгү ар кандай укук бузууларды олуттуу түрдө карап, катачылыктардын эсебин жүргүзүп жана ушундай укук бузууларга алып келген себептерди жоюу керек.

Улгайган адамдардын проблемалары Кыргызстанда азыркы учурга чейин мамлекет тарабынан эске алынбай тургандыгын белгилеп кетебиз.

Өлкөдө пенсия менен камсыз кылуу учурдун талаптарына жооп бербейт жана татыктуу жашоо-турмуш деңгээлин түшүндүргөн негизги керектөөлөрдү канааттандырууга адекваттуу эмес. Пенсияны жогорулатуу боюнча көрүлгөн чараларга карабастан жашоо минимумунан төмөн пенсия алган улгайган адамдардын саны бир топ.

Эмгекке жарамдуу калктын көптөгөн саны мамлекеттен тышкары жерлерде акча таап эмгектенүүдө, ушундан улам пенсия алуучу адамдарга карата камсыздандыруу чегерүүлөрүн жүргүзгөн жумушчулардын саны азаюуда.

**Сунуштар**

**Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө**

1. Инфляциянын деңгээлин эске алуу менен пенсияны жана жөлөкпулдарды өз убагында индексациялоо.

**Кыргыз Республикасынын Социалдык фондуна**

2. Мамлекеттик социалдык камсыздандыруунун тарифтик саясатын өркүндөтүү.

**Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлигине**

1. Пенсия менен камсыз кылуу жана камсыздандырылган жарандардын жана пенсионерлердин укуктарын коргоо механизмдери боюнча улгайган адамдар үчүн маалыматтык иш-чара жүргүзүү.

### 2.1.4. Калктын социалдык жактан аялуу катмарынын жеткиликтүү турак-жайга укугу

Кыргызстан ЭСМУЭПтин катышуучусу катары ар бир адамдын ал жана анын үй-бүлөсү үчүн жетиштүү турмуштук деңгээлге, анын ичинде жетиштүү тамак-ашка, кийим-кечеге жана турак-жайга жана турмуш шарттарын үзгүлтүксүз жакшыртууга укугун тааныйт, ошондой эле, ушул укукту ишке ашырууну камсыз кылууга тиешелүү чараларды көрүүгө милдеттүү (11-берене, 1-пункт). КР Конституциясында турак-жайга укук бекитилген (46-берене). Мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары турак-жай курууну колдоп, турак-жайга укукту ишке ашыруу үчүн шарттарды түзүшү керек. Мыйзамга ылайык аз камсыз болгон жана башка муктаж болгон адамдарга турак-жай акысыз же мамлекеттик, муниципалдык жана башка турак-жай фонддорунан жеткиликтүү акы төлөп же болбосо мыйзамда каралган негиздерде жана тартипте социалдык мекемелерде берилүүгө тийиш.

Эл аралык стандарттарга ылайык жеткиликтүү турак-жайга укук менчик укугуна караганда кеңири, анткени ал кыймылсыз мүлкү бар адамдарды эле камтыбастан, ар бир адам бакубат жана жер карабагандай шартта жашоо үчүн коопсуз жер менен камсыздоону да камтыйт. Жашап турууга кепилдик ар кандай ыкмалар менен камсыз кылынышы мүмкүн, ижарага берилген турак-жай, кооперативдик турак-жай, менчикке сатып алынган турак-жай, өзгөчө кырдаалдарда бөлүп берилген турак-жай, формалдуу эмес жайлардагы турак-жай.

Мында эл аралык стандарттарга ылайык жеткиликтүү турак-жайга укук бүтүндөй калк үчүн турак-жай куруу боюнча мамлекетке талаптарды камтыбай тургандыгын белгилеп кетүү маанилүү. Анын ордуна мамлекет үй-жайсыздардын санын азайтуу үчүн зарыл болгон мыйзамдык, административдик, стратегиялык жана бюджеттик чараларды көрүп, мажбурлоо менен көчүрүүгө тыюу салып, басмырлоого каршы туруп, кыйла аялуу жана маргиналдашкан топторго өзгөчө көңүл буруп, бардыгына жашап-турууга

кепилдикти камсыз кылышы жана ар бир адам турак-жай менен камсыздалышына шарттарды түзүшү керек. Бул укук мамлекет турак-жай берген субъекттин ролунда болуунун ордуна, турак-жай куруу жана көрктөндүрүү процессинин бардык катышуучуларынын күч-аракетине көмөк көрсөткөн дем берүүчү ыкманы колдонуу аркылуу ишке ашырылышы мүмкүн.

Адамдын жана жарандын конституциялык укуктары менен эркиндиктеринин сакталышын парламенттик контролдоо боюнча жүктөлгөн ыйгарым укуктардын негизинде Кыргыз Республикасынын Акыйкатчы (Омбудсмен) Аппаратынын социалдык-экономикалык коргоо боюнча бөлүмү (мындан ары – Бөлүм) тарабынан Бишкек жана Ош шаарларынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын калктын социалдык жактан аялуу катмарынын жеткиликтүү турак-жайга укугун сакташын текшерүү үчүн инспекция жүргүзүлгөн.

Кыргыз Республикасынын Акыйкатчы (Омбудсмен) Институту тарабынан жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жарандардын (калктын аялуу катмарынын) чамага чарк турган турак-жайга укуктарын ишке ашыруу боюнча көрүлүп жаткан чаралар, Бишкек жана Ош шаарларынын мэриялары тарабынан “2010-2015-жылдарга жеткиликтүү турак-жай программасынын” ишке ашырылышы, эксплуатацияга берилген үйлөрдүн саны жана аларды бөлүштүрүп берүүнүн тартиби жана 2010-2015-жылдардын бюджетиндеги турак-жай курууга каражаттар боюнча маалымат суралган.

Инспекциялоонун жүрүшүндө Бишкек жана Ош мэрлери, акимдер менен маектешүүлөр өткөрүлгөн.

Жумушсуздуктун жогорку деңгээлде болушу Кыргызстандын жарандарын чет жакка кетүүгө аргасыз кылууда жана ички мигранттардын көпчүлүк бөлүгү өзүнүн үй-бүлөсү үчүн жумуш жана жакшы жашоо-турмуш издеп Бишкек жана Ош шаарларына кетүүдө.

Ички мигранттардын абалы жетишээрлик аялуу бойдон калууда, анткени бул турак-жай алуу жана негизги социалдык кызматтардан пайдалануудагы кыйынчылыктарга байланышкан.

Алсак, Бишкек шаарында жүргүзүлгөн инспекциянын жүрүшүндө социалдык турак-жай алуу боюнча төмөнкүдөй маалыматтар белгиленген:

- Бишкек шаарынын Ленин районунда – 644 адам, анын ичинен 183 адам калктын аялуу катмарына кирет;
- Бишкек шаарынын Свердлов районунда – 470 адам, анын ичинен 343 адам калктын аялуу катмарына кирет;

- Бишкек шаарынын Биринчи май районунда – 861 адам, анын ичинен 484 адам калктын аялуу катмарына кирет;
- Бишкек шаарынын Октябрь районунда – 684 адам, анын ичинен 418 адам калктын аялуу катмарына кирет.

Бардыгы болуп Бишкек шаары боюнча 2 659 адам социалдык турак-жай алууга кезекте турат, анын ичинен 1 428 адам калктын аялуу катмарына кирет.

Азыркы мезгилде Бишкек шаарынын мэриясы тарабынан Жарандардын үлүштүк катышуусунун шартында көп кабаттуу турак-жай куруу программасы ишке ашырылууда. Ушул программаны ишке ашыруунун алкагында Бишкек шаардык кеңешинин токтому менен 2008-жылдын 27-ноябрындагы № 20 Бишкек шаарында көп кабаттуу турак-жай үйлөрүн үлүштүк куруунун тартиби жана шарттары жөнүндө жобо бекитилген.

Бишкек шаарынын мэриясы бул Жобо турак-жай куруу үчүн каралган бюджеттик акча каражаттарын кайтарып берүү шартында шаардын бюджетине күч келтирбестен үлүштүк башталышта турак-жай курууга мүмкүндүк берет,-деп эсептейт.

Үлүштүк курууга катышуу 3 этаптан турат:

- **биринчи этапта**, "Үлүштүк куруу жөнүндө келишимди" түзүүдө турак-жайдын наркынын 30%ы Бишкек мэриясынын Капиталдык куруу башкармалыгынын эсебине төлөнөт;
- **экинчи этапта**, куруу мезгилинде, турак-жайды эксплуатацияга бергенге чейин турак-жайдын наркынын дагы 30%ы төлөнөт;
- **үчүнчү этапта**, турак-жайдын наркынын калган 40% суммасы 5 жылга, пайызы жок узартып төлөөгө берилет.

Бишкек шаардык кеңешинин 2011-жылдын 17-майындагы № 227 "Бишкек шаарында көп батирлүү үйлөрдү үлүштүк курууга катышууга укугу бар жарандардын тизмесин түзүү тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу" токтому менен Бишкек шаарында көп батирлүү үйлөрдү үлүштүк курууга катышууга укугу бар адамдардын тизмесине жарандарды киргизүү тартиби жөнгө салынган.

Бишкек шаарынын аймагында иштеген, көп батирлүү турак-жай үйүн үлүштүк курууга катышууну каалаган, Бишкек шаарынын аймагында менчигинде турак-жайы (үйү, батири) же жеке турак-жай курууга бөлүп берилген жер участогу болбогон жарандар үлүштүк курууга катыша алышат.

Бишкек мэриясынын Капиталдык куруу башкармалыгынын маалыматына ылайык үлүштүк курууга катышуу үчүн арыз ээси документтердин пакетин берет (арыз,

кыймылсыз мүлкүнүн жоктугу тууралуу маалымкат, жашаган жана иштеген жеринен маалымкат). Көрсөтүлгөн турак үйлөрүндөгү квартиралар Бишкек мэриясынын 2010-жылдын 1-сентябрындагы № 552-р буйругунун негизинде түзүлгөн Бишкек шаарында көп батирлүү үйлөрдү үлүш жолу менен курууга укугу бар жарандардын арасында квартираларды бөлүштүрүү боюнча комиссия тарабынан бөлүнүп берилет.

Ушул Жобону ишке ашыруу максатында 2010-жылдан тартып 2 көп кабаттуу турак үй эксплуатацияга берилген. Аталган үйлөрдү курууга 2010-жылдан 2014-жылга чейин шаардык бюджеттен 92 082,9 сом бөлүнгөн. Турак-жай курууга 2015-жылга пландын долбоорунда 56 716,0 сом суммасындагы акча каражаты каралган.

Узак куруунун себеби мамлекеттик каржылоонун жетишсиздиги жана экономикадагы кризистик көрүнүштөргө байланышкан инвестициялык активдүүлүктүн төмөндөшү болуп саналат.

Андан тышкары, 2011-жылы сметалык наркы 68 987,9 сом болгон “Чыгыш-5” кичи районунда Улуу Ата мекендик согуштун ардагерлери жана бюджеттик уюмдардын кызматкерлери үчүн 90 батирлүү турак үй эксплуатацияга берилген.

*КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) Аппаратына аскерде курман болгон майор Н.К-нын жесири КР Куралдуу Күчтөрүнүн пенсионери кичи сержант Н.А-дан КР Коргоо министрлигинин кызмат адамдары тарабынан “Жал” кичи районундагы квартиралардын адилетсиз бөлүштүрүлгөндүгү боюнча арыз келип түшкөн*[29].

*97632-аскер бөлүгүнүн командиринин 2000-жылдын 28-мартындагы № 56 буйругу менен “командалык пункттун оперативдүү нөөмөтчүсү майор Н.К-нын өлүмү аскер кызматынын милдетин аткаруу менен байланышкан” деп таанылган.*

*2000-жылы Н.А. КР Куралдуу Күчтөрүнүн офицеринин жесири катары турак-жай алуу тизмесине биринчи кезекте киргизилген.*

*2014-жылдын жай айында “Жал” кичи районунда КР Куралдуу Күчтөрүнүн аскер кызматкерлери үчүн эки көп батирлүү үй курулган. Бирок КР Коргоо министрлигинин документтерди карап чыгуу боюнча комиссиясы Н.К-нын өздүк делосунда анын өлүмү аскер кызматынын милдетин аткаруу менен байланышпагандыгы көрсөтүлгөн 97632-аскер бөлүгүнүн командиринин 2000-жылдын 28-мартындагы № 56 буйругунун көчүрмөсүнө шилтеме келтирүү менен квартира берүүдөн баш тартып, Н.А-нын документтерин квартиралык-эксплуатациялык башкармалыкка (мындан ары – КЭБ) кайтарып берген.*

[29] 2014-жылдын 11-ноябрындагы кириш № А-859.

*Н.А-нын кайрылуусунан кийин КР Коргоо министрлигинин 2014-жылдын 18-июлундагы № 089 буйругу менен майор Б.Н-нын каза болгондугуна байланыштуу КР Куралдуу Күчтөрүнүн офицердик курамынын тизмесинен алып салуу боюнча КР Коргоо министрлигинин 2000-жылдын 28-апрелиндеги № 0103 буйругунун 2-параграфынын 6-пунктуна өзгөртүү киргизилген, анда "аскердик милдетин аткаруу менен байланышпаган өлүм" деген баяндоону "аскер милдетин аткаруу менен байланышкан өлүм" деп берилген.*

*КР Коргоо министрлигинин буйругунун ушул көчүрмөсү Н.А.нын колунда турганына карабастан, жаңы үйлөрдөгү бардык квартиралар таратылып берилип калгандыгына шылтоо менен КЭБде ага квартира берүүдөн баш тарткан.*

*Бул учурда КР Коргоо министрлигинин айрым кызматкерлеринин шалаакылыгынан,ката кетиргендигинен улам Н.А. "Жал" кичи районунан квартира алуу үчүн тизмеге киргизилбей калган.*

*Арыз ээси "Жал" кичи районунан КР Куралдуу Күчтөрүнүн аскер кызматкерлери үчүн жаңы үйлөрдө квартираларды бөлүштүрүүдө КР Коргоо министрлигинин кызмат адамдары тарабынан КР Өкмөтүнүн 2014-жылдын 5-августундагы № 441 "Аскер кызматкерлерин турак-жай менен камсыз кылуу тартиби жөнүндө убактылуу жобону бекитүү тууралуу" токтомунун 20-беренесинин 2-пунктунун ченемдери бузулгандыгын билдирет, атап айтканда, квартираларды ушул токтомдун талаптарына дал келбеген жаш офицерлер жана полковниктер алган.*

*Жогоруда баяндалгандардын негизинде КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) Аппараты тарабынан КР Башкы прокурорунун орун басары – Аскер прокурору М.Эшперевго кат жөнөтүлүп*[30]*, андан жооп келген*[31]*, анда Н.А-нын арызын текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча КР Коргоо министрине мыйзам бузууларды жоюу жана күнөөлүү адамдарды жоопкерчиликке тартуу жөнүндө сунуш киргизилген.*

*Бул маселени кароонун жыйынтыгы боюнча КР Коргоо министри тарабынан 2014-жылдын 19-ноябрында № 509 "Кыргыз Республикасынын Коргоо министрлигинде турак-жай менен камсыз кылуу маселелерин текшерүүнүн жыйынтыктары жөнүндө" буйругу чыгарылган, анын 5-пунктунда КР Коргоо министрлигинин квартиралык-эксплуатациялык камсыз кылуу башкармалыгынын начальнигине Н.А-ны турак-жай менен тез арада камсыз кылуу боюнча сунуш даярдоо тапшырылган.*

[30] 2014-жылдын 19-ноябрындагы чыгыш № 12-2557.
[31] 2014-жылдын 22-ноябрындагы чыгыш №2229.

*Акырында Бишкек гарнизонунун турак-жай комиссиясынын чечими*[32] *менен запастагы кенже сержант Н.А-га эки бөлмөлүү кызматтык квартира берилген.*

Республикабыздын түштүк борбору Ош шаарында бүгүнкү күндө турак-жай алууга муктаж болгондордун тизмесинде 3 896 адам, анын ичинде калктын социалдык жактан аялуу катмарына кирген 3 301 жаран турат. Ош шаарынын мэриясы тарабынан, Бишкек шаарыныкындай эле жарандардын турак-жайга укуктары дээрлик ишке ашырылбайт, буга 2010-жылдагы окуялардын айынан жарандарга турак-жай берилген учурлар кирбейт.

Турак-жайга менчик укугунун формасынын өзгөрүшү, жарандарыбыз үчүн турак-жай курууга бюджеттик каражаттардын бөлүнүшүнүн токтотулушу, мамлекеттик органдар тарабынан экономикалык жана социалдык проблемалардын чечилбегендиги турак-жай жагдайын күчөттү, бул өлкөнүн калкынын масштабдуу ички миграциясына алып келди жана жарандардын кыйла бөлүгүн Бишкек жана Ош шаарларынын тегерек-четин, андан дагы жер участокторду башаламан басып алуусуна аргасыз кылды.

Бирок, белгилүү болгондой ушул жаңы конуштарда ичүүчү сууга, электр энергиясына, канализацияга ж.б. жетүү сыяктуу зарыл инфраструктура жок. Ушул жарандардын билим алууга, саламаттыгын сактоого, маданий жашоо-турмушка катышууга жана маданияттын баалуулуктарына укуктары да одоно түрдө бузулууда.

Укуктук да, саясий да мааниде мамлекеттик органдардын ушул процессти токтото албастыгы юридикалык идентификацияга ээ болбогон башаламан турак үйлөрдүн андан ары салынышына алып келет, тиешелүү түрдө алар турак үйлөрдүн менчик ээси боло алышпайт, бул социалдык чыңалууга шыкак берет.

Турак-жай секторуна инвестицияларды тартуу үчүн шарттарды түзүү боюнча мамлекеттин саясий эрки жок, жеткиликтүү турак-жайды куруу үчүн каржылоо булактары табылган жок, республикалык бюджеттин эсебинен каражаттарды бөлүү маселелери чечилбей жатат. Тажрыйба көрсөтүп тургандай, мамлекеттин тигил же бул ченемдик укуктук актыларды жана программаларды кабыл алуусу эл аралык келишимдерде белгиленген милдеттенмелерге адекваттуу жооп болуп саналбайт.

Мамлекеттин жеткиликтүү турак-жайга укукту ишке ашыруусу каражаттын жоктугуна гана келип такалбашы керек, өкмөт тиешелүү инвестицияларды тартуу жана эл аралык жардам берүүлөр аркылуу да учурдагы проблемаларды чечүүнүн жолдорун табууга тийиш. КР Өкмөтү тарабынан көрүлүүчү ушундай чаралардын бири болуп

[32] 2015-жылдын 16-январындагы чыгыш № *09/99.*

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн “2015-2020-жылдарга жеткиликтүү турак-жай” программасынын алкагында мамлекеттик ипотекалык компанияны түзүү саналат, анын максаты зарыл көлөмдө, өлкөнүн бардык регионунда жеткиликтүү турак-жайды куруу, турак-жай сатып алуу боюнча жеткиликтүү ипотекалык механизмдерди камсыз кылуу боюнча чараларды ишке ашыруу аркылуу Кыргыз Республикасында турак-жайдын жеткиликтүүлүгүн жогорулатуу үчүн шарттарды түзүү болуп эсептелет.

Жеткиликтүү турак-жайга укук Кыргыз Республикасы эл аралык коомчулуктун алдында кабыл алган милдеттенмелерге ылайык узак мөөнөттүү милдет катары гана кабылданбашы керек, анткени аны ишке ашыруу колдо бар ресурстардын бүтүндөй чегинде жана бардык процесстердин толук ачык-айкындуулугунда ишке ашырылышы керек болгон түздөн-түз кечиктирилгис милдеттенмелерди жүктөйт. Алсак, түздөн-түз жана кечиктирилгис милдеттенмелерге басмырлоого жол бербөө, мажбурлоо менен көчүрүүнү болтурбоо же бардык адамдарды, айрыкча калктын аялуу катмарын – ички мигранттарды, жетим балдарды, ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарды (мындан ары – ДМЧА) жашоонун белгилүү бир кепилдиги менен камсыз кылуу кирет. Ушуга байланыштуу калктын аялуу катмарынын иш жүзүндөгү жагдайына өзгөчө көңүл буруу менен турак-жайга укукту ишке ашыруунун бардык маселелери боюнча изилдөө жүргүзүп жана шашылыш түрдө ушул багытта жок дегенде эң негизги кепилдиктерди ишке ашырууга жетүүгө мүмкүндүк берген чаралардын комплексин иштеп чыгуу керек.

**Сунуштар**

**Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө**

1. Жеткиликтүү турак-жайга укуктун абалын кайрадан карап чыгуу жана ЭСМУЭПтин алкагында мамлекет көрүүчү чаралар, атап айтканда Пакт тарабынан таанылган укуктардын сакталышына умтулуу жана эл аралык келишим боюнча баяндамаларды берүүгө (16-17-берене 4-б.) көңүл буруу.

2. Жеткиликтүү турак-жайга укукту ишке ашыруу боюнча эл аралык милдеттенмелерди аткарууну алганда турак-жай куруу жаатында бардык иштелип чыгуучу жана кабыл алынуучу программаларды карап чыгуу.

3. Үй-жайсыз калуунун, ошондой эле Бишкек жана Ош шаарларында мыйзамсыз үй салуулардын себебин аныктоо жана алардын масштабына баа берүү. Жыйынтыгы боюнча жеткиликтүү турак-жайга укукту ишке ашыруу планын түзүү.

4. Социалдык турак-жай куруу үчүн каражат издеп табуу.

5. Өзүм билемдик менен там салып алган жерлерде жарандардын саламаттыгына жана жашоо-турмушуна болгон коркунучтарга баа берүү жана жаңы конуштарды мыйзамдаштырууну чечүүнүн оптималдуу жолдорун аныктоо.

6. Жаңы конуштардын жашоочуларын билим алуу, саламаттык сактоо, коопсуз таза суу, электр кубаты менен камсыздоо ж.б. сыяктуу негизги социалдык кызмат көрсөтүүлөргө жетүү чараларын иштеп чыгуу.

### 2.1.4. Жарандардын ичүүчү таза сууга укугу

Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) Аппаратынын социалдык-экономикалык укуктарды коргоо боюнча бөлүмү тарабынан Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу жана мамлекеттик бийлик органдарынын жарандардын ичүүчү таза сууга жетүүгө укуктарынын сакталышына инспекция жүргүзүлдү.

Инспекцияны жүргүзүүнүн бекитилген планына ылайык КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) облустардагы өкүлчүлүктөрү ишке тартылды. Тиешелүү ыйгарым укуктуу органдарга жарандардын таза сууга жетүүгө укуктары боюнча иштин жөн-жайын билиш үчүн кайрылуулар жөнөтүлдү.

Экономикалык, социалдык жана маданий укуктар жөнүндө эл аралык пакт сууга укук жөнүндө түздөн-түз ченемдерди камтыбайт. Кыргыз Республикасы ушул пакттын катышуучусу катары жетиштүү тамактанууну, кийим-кечени жана турак-жайды камтыган ар бир адам жана анын үй-бүлөсү үчүн татыктуу жашоо-турмуш деңгээлине жана жашоо-турмуш шарттарын үзгүлтүксүз жакшыртууга анын укугун тааныйт, ошондой эле ушул укукту ишке ашырууну камсыз кылууга тиешелүү чараларды көрүүгө милдеттүү (11-берене 1-п.).

Бул жерде “камтыган” деген сөз укуктардын ушул тизмеси толук эмес экендигин көрсөтүп турат. Сууга укук жашап кетүүнүн эң негизги шарттарынын бири болуп саналгандыгына байланыштуу жетиштүү жашоо-турмуш деңгээлин камсыз кылуу үчүн зарыл болгон кепилдиктердин категориясына кирет. Ичүүчү суунун коопсуз ресурстары жана санитардык кызмат көрсөтүүлөр жашоо-турмушту камсыз кылуу жана ден соолукта болуу үчүн зарыл; алар ар бир адамдын сапаттуу жашоо-турмуш деңгээли үчүн негиз салуучу мааниге ээ.

Суу жана санитардык кызмат көрсөтүү менен болгон учурдагы каатчылыктын себептери жакырчылыкта, укуктардын теңдешсиздигинде жана мүмкүнчүлүктөрдүн бирдей эмес болушунда жатат, ал төмөнкүдөй социалдык жана экономикалык проблемалар менен күчөп жатат: урбанизациянын тездеши, климаттын өзгөрүшү, курчап турган чөйрөнүн булгана башташы жана суу ресурстарынын азайышы. Ушул каатчылыктан чыгуунун жолдорун издөө үчүн эл аралык коомчулук коопсуз ичүүчү сууга жана санитардык кызмат көрсөтүүлөргө жетүү адам укуктарынын өңүтүндө каралышы керектигин барган сайын түшүнүүдө. Мындай жетүү жөнүндө "Баланын укуктары жөнүндө" конвенцияда, "Аялдарга каршы басмырлоонун бардык түрлөрүн жоюу жөнүндө" конвенцияда жана "Майыптардын укуктары жөнүндө" конвенцияда айтылат[33].



*Ош облусунун Араван районундагы Керме-Тоо айылынын жашоочулары суу алыш үчүн кооптуу тепкичтерден түшүп келе жатышат*

Жетиштүү гидроресурстар болгон учурда Кыргызстандын калкынын маанилүү бир бөлүгү санитардык-гигиеналык талаптарга жооп берген ичүүчү суу булактарына жете алышпайт. Мында биздин өлкө суу ресурстарынын запастары боюнча Борбордук Азиядагы эң бай өлкөлөрдүн бири болуп саналаарын белгилей кетүү зарыл.

Коопсуз ичүүчү суу менен болгон проблемаларды чечүү үчүн КР Өкмөтүнүн 2014-жылдын 24-сентябрындагы № 548 токтому менен Кыргыз Республикасынын калктуу конуштарын ичүүчү суу менен камсыздоону жана саркынды сууларды чыгарууну өнүктүрүүнүн 2014-2024-жылдарга карата мамлекеттик программасы жактырылган.

[33] № 35 фактыларды баяндоо. Сууга укук. БУУнун Адам укуктары боюнча жогорку комиссарынын башкармалыгы. 2010-жылдын октябры Женева

Ушул программаны ишке ашыруу максатында КР Өкмөтү донорлорду тапты. Бул Азия өнүктүрүү банкы (мындан ары – АӨБ), Дүйнөлүк банк (мындан ары – ДБ), Европа өнүктүрүү жана реконструкциялоо банкы (ЕӨРБ), Европа союзунун өкүлчүлүгү, БУУӨП, ЮНИСЕФ, Эл аралык иштиктүү кеңеш, “Кумтөр Оперейтинг Компани” ЖАКы, Швейцариянын Кыргыз Республикасындагы Элчилиги.

Узак мезгил бою айылдарды суу менен камсыз кылуу секторунун техникалык абалын АӨБдүн, ДБнын каражаттарынын эсебинен жакшыртууга аракет болду. Алсак, 2001-жылдан 2012-жылга чейин калкы 1,2 млн. адамдан ашкан 545 айылда суу түтүк тармагы курулду, бирок калкты суу менен камсыз кылуунун жалпы абалына бул андай деле таасирин тийгизген жок.

2014-жылы республиканын 12 айылында оңдоо-куруу иштери аяктады. Андан тышкары, республикалык бюджеттин каражаттарына 2013-2014-жылдары Баткен облусунун Баткен районундагы чек арага чукул Таян, Чарбак, Сай жана Таш-Тумшук айылдарында суу менен камсыз кылуу системасы курулду.

2014-жыл ичинде айылдарды ичүүчү суу менен камсыз кылуу системасынын төмөндө келтирилген объекттеринде реабилитациялык жана курулуш иштери жүргүзүлдү:

- Ош облусу боюнча – 6 айылда скважиналардагы водоводду, насосту жана түтүктөрдү алмаштыруу;
- Нарын облусу боюнча – Кочкор районунун Чолпон айылындагы ичүүчү суу менен камсыз кылуу системаларын реабилитациялоо (“Бишкек-Торугарт” жолдорунда реабилитациялык иштерди жүргүзүүдө жолдун ушул участогу эксплуатацияга берилгенден кийин экинчи ирет куруу-оңдоо иштерин жүргүзбөө үчүн Нарын шаарынын чегинде трассаны кесип өткөн суу түтүктөрүн алмаштыруу зарыл);
- Ысык-Көл облусу боюнча – Талды-Суу айылы үчүн скважинаны бургулоо, Ынтымак айылындагы водоводду оңдоо, Теплоключенко айылындагы ичүүчү суу менен камсыз кылуу системасын реабилитациялоо;
- Чүй облусунун суу менен камсыз кылуу объекттери боюнча – Кемин районундагы Алмалуу, Борду, Подгорное жана Кызыл-Суу айылдарынын водоводун реабилитациялоо, ошондой эле Чоң-Арык, Мураке жана Ак-Торпок айылдары үчүн водоводду алмаштыруу;
- Баткен облусу боюнча – Баткен районунун Ак-Сай айылында водовод куруу;
- Жалал-Абад облусу боюнча – 1,8 млн. сом суммасына Кызыл-Ай айылында ысык суу менен камсыз кылууну (мындан ары – ЫСК) жана водоводду калыбына

келтирүү; Аксы районунун Сөгөт айылындагы узундугу 2 км болгон водоводду төшөө, Чолок-Тума айылынын суу түтүк тармагындагы реабилитациялык иштер, Кызыл-Ата айылында водоводду төшөө;

- Талас облусу боюнча – Талды-Булак айылы үчүн полиэтилен түтүктөрүн төшөө, Кара-Буура районунун Бакиан айылында суу түтүк тармагын реабилитациялоо, Манас районунун Ак-Таш жана Таш-Башат айылдары үчүн скважиналарды бургулоо.

Өлкөнүн көпчүлүк жергиликтүү инфраструктуралык объекттеринин курулушу инвестициялык программалардын негизги бөлүгү болуп саналган эл аралык донорлордун каражаттарына тышкы булактардан каржыланат. Айыл тургундарынын суу менен камсыз кылуу боюнча кызмат көрсөтүүгө жетүүсүн жакшыртуу үчүн суу менен камсыз кылуу жана суу буруу абалынын деңгээлин жогорулатуу үчүн талап кылынуучу инвестициялардын болжолдонгон көлөмү тышкы жана улуттук эксперттердин баа берүүлөрү боюнча 20,0 млрд. сомдон ашык сумманы түзөт[34].

2014-2024-жылдары Кыргыз Республикасынын калктуу конуштарын ичүүчү суу менен камсыздоону жана саркынды сууларды чыгарууну өнүктүрүүнүн 2014-2024-жылдарга карата мамлекеттик программасына ылайык 6 млрд. 885 млн. сом суммасына республиканын 425 айылында суу түтүктөрүн, ошондой эле 1 млрд.600млн. сом суммасына 27 райондук борбордо суу буруу системаларын куруу жана реабилитациялоо боюнча иштерди жасоо каралууда (1-таблицаны караңыз).

*1-таблица*

**Суу түтүктөрүн куруу жана реабилитациялоо боюнча талап кылынуучу иштердин таблицасы**

| Облустар | Айылдардын саны | | Бир айылга кетүүчү чыгым (млн. сом) | Жалпы сумма (млн. сом) |
|---|---|---|---|---|
| | Бардыгы | 2014-2024-жылдары куруу жана реабилитациялоо талап кылынат | | |
| Баткен | 183 | 61 | 16,2 | 988,2 |
| Жалал-Абад | 404 | 104 | 16,2 | 1684,8 |
| Ысык-Көл | 184 | 55 | 16,2 | 891,0 |
| Нарын | 136 | 36 | 16,2 | 583,2 |

[34] КР Өкмөтүнө караштуу Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттигинин 2015-жылдын 17-июнундагы № 01-31/793 каты.

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| Ош | 474 | 93 | 16,2 | 1506,6 |
| Талас | 91 | 25 | 16,2 | 405,0 |
| Чүй | 333 | 51 | 16,2 | 826,2 |
| Бардыгы | 1805 | 425 | 16,2 | 6885,0 |

Бирок 2015-жылга каралган 358,0 млн. сомдон суу менен камсыз кылуу системаларынын объекттерине болгону 50,0 млн. сом бөлүнгөн.

Мурдагыдай эле калкты коопсуз ичүүчү суу менен камсыз кылуу чөйрөсүндө көптөгөн чечиле элек проблемалар калууда, анткени бүтүндөй көз карандысыздык жылдары бул маселеге мамлекеттик деңгээлде тиешелүү көңүл бурулган эмес. Өлкөнүн суу түтүк системасы жалпысынан техникалык жана моралдык жактан эскирип бүттү, көптөгөн суу түтүктөрү 1970-жылдарга чейин салынган жана алар реабилитациялык иштерди жүргүзүүнү талап кылат. Айрым калктуу конуштарда суу менен камсыз кылуу системасы эксплуатациялоонун эки-үч мөөнөтүн өткөргөн. Ошондуктан ичүүчү суунун сапаты стандарттарга ылайык келбейт. Кыргызстан калкынын 21%ы гана борбордук каналдаштыруу системасы менен камсыз кылынган. Кээ бир шаарларда учурдагы суу буруу системалары капиталдык оңдоону же жаңылоону талап кылат. Айылдарда имараттардын 3%ында гана суу буруу системасы бар. Бул мектептер жана медициналык борборлор[35].

КР Улуттук статистика комитетинин маалыматы боюнча өлкөнүн аймагында 1 891 калктуу конуш, анын ичинде расмий түрдө айыл деген статуска ээ болгон 1 805 айыл бар. Алардын ичинен 725 айыл (38 %) борборлоштурулган суу түтүк менен чыгуучу сууну жетиштүү түрдө ала алышпайт, ал эми 400дөн ашык (22%) айылда суу түтүк тармактары такыр эле жок, анын айынан айыл тургундары ачык булактардан суу алышат, 267 (14%) айылда өткөн кылымдын 60-жылдарына чейин салынган суу түтүктөрү бар, 396 (21%) айылда суу түтүгү такыр эле жок.

КР Акыйкатчы (Омбудсмен) Аппаратынын кызматкерлери тарабынан жүргүзүлгөн инспекциянын маалыматы боюнча Ысык-Көл облусунун 16 айылында суу түтүк тармагынын линиясы такыр эле жок, Баткен облусунда 74 миң эли бар 87 айылда ушундай кырдаал орун алган, Нарын облусунда болжол менен 30% калктуу конуш коопсуз ичүүчү суу менен камсыздалган эмес.

---

[35] “Ичүүчү суу – курч маселе”. *www/ Facebook.com* сайтынан окуса болот*, 2014-жылдын 16-октябры.*



*В. Ушаковдун сүрөтү,* “Российская газета” – Неделя: Киргизия № 6697, 2015-жылдын 11-июну

Бишкек шаарынын айланасында жайгашкан турак-жай массивдерин суу менен камсыз кылууда проблемалар бар, ал ирригациялык тармактардын жоктугу менен күчөп жатат. Бишкек шаарынын турак-жай массивдеринин жана жаңы конуштарынын жашоочулары менен ар түрдүү жолугушууларды өткөргөндөн кийин КР Акыйкатчы (Омбудсмен) Аппаратынын кызматкерлери коопсуз ичүүчү суу менен камсыз кылуу маселеси тиешелүү мамлекеттик бийлик органдары жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан тийиштүү деңгээлде чечилбей жатат деген тыянакка келишти.

Мектеп окуучуларын коопсуз ичүүчү суу менен камсыз кылуу проблемасы да толугу менен чечиле элек[36]. КР Саламаттык сактоо министрлигинин маалыматы боюнча республиканын 63 мектебинде санитардык эрежелер жана окуу процесси бузулган, сабактар үч сменада берилет. Мектеп окуучуларынын өздүк гигиенасынын эрежелерин сактоо үчүн шарттарды түзүү маселеси чечилбеген бойдон калууда, Бишкек шаарынын 12 мектебинде балдар эшиктеги дааратканаларга барышат. Ош жана Баткен облустарынын айрым мектептеринде коопсуз ичүүчү суу менен камсыз кылуу проблемалары бар. Анын кесепетинен кээ бир калктуу конуштарда ичүүчү суу менен берилүүчү энтеробиоз, аскаридоз, лямблиоз жана гименолепидоз сыяктуу балдардын оорулары 61%дан 79%га чейин белгиленген.

[36] “24.kg” МАсы, 2015-жылдын 19-майы.

Реконструкциялоо жана куруу үчүн материалдарды сатып алууда ачык-айкындуулук деңгээлин жогорулатуу башкы артыкчылык болуп саналат. Ушул багытта тиешелүү күч-аракеттер калкка тармакты өнүктүрүү, суу менен камсыз кылуу жана суу буруу объекттерин куруу жана реконструкциялоо жөнүндө маалымдоого мүмкүндүк берет. Суу менен камсыз кылуу жана суу буруу боюнча кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатын арттыруу максатында бюджеттик каражаттардын жана донорлор берген каражаттардын максаттуу колдонулушун катуу контролдоону белгилөө, каражаттардын чыгымдалышы жөнүндө жооптуу адамдардын так отчёт беришин жана анык эсепке алышын камсыз кылуу зарыл. Суунун сапатынын стандарттарын жарандардын саламаттыгын жана курчап турган чөйрөнү тиешелүү түрдө коргоону камсыз кылуунун абдан маанилүү аспекти катары кароо керек.

Бийликтин бардык деңгээлинде калкты коопсуз ичүүчү суу менен камсыз кылуу боюнча проблемаларды чечүү аракеттери көрүлүп жаткандыгына карабастан чындыгында азыркы мезгилге чейин ушул проблемага бирдиктүү мамлекеттик ыкма жок.

Калкты коопсуз ичүүчү суу менен камсыз кылуу маселелерин чечүү үчүн КР Өкмөтү тарабынан финансылык каражаттар жетишсиз бөлүнүүдө.

Ичүүгө жана тиричиликке керектөө үчүн ар бир адамды суу менен камсыздоо жана анын үзгүлтүксүздүгү толук чечиле элек.

Ичүүчү суу аркылуу берилүүчү ооруларды болтурбоо боюнча чаралар тийиштүү деңгээлде көрүлгөн жок.

**Сунуштар**

**Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө**

1. Калкты коопсуз ичүүчү суу менен камсыз кылуу маселелерин чечүүгө багытталуучу финансылык каражаттардын жер-жерлерде максаттуу чыгымдалышын контролдоо үчүн жарандык коомчулукту тартуу боюнча чараларды көрүү;

2. Ичүүчү суу менен камсыздоо секторунда капиталдык жана учурдагы чыгымдардын наркын азайтуу максатында жаңы технологияларды жана куруунун инновациялык методдорун кабыл алуу;

3. Мамлекеттик бюджеттен бөлүнүүчү финансылык каражаттарды көбөйтүү боюнча чараларды көрүү;

4. Ичүүчү суу менен камсыз кылуу секторунда мамлекеттик бюджеттен бөлүнгөн каражаттардын жана эл аралык донорлор тарабынан берилген каражаттардын колдонулушунун ачык-айкындуулугун жана отчеттуулугун камсыз кылуу.

**Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына**

1. Өз компетенциясынын чегинде ичүүчү суу менен камсыз кылуу системаларынын иштешин, ушул системаларды эксплуатациялоочу ишканалардын ишин, ичүүчү суунун сапатын контролдоону күчөтүү.

## 2.2. Үй-бүлөдөгү зомбулуктан жана гендердик кодулоодон коргоо

### 2.2.1. Жарандардын репродуктивдүү укуктарынын сакталышы

Экономикалык, социалдык жана маданий укуктар боюнча эл аралык пактынын (ЭСМУЭП) 12-беренесине ылайык Кыргызстан башка катышуучулар сыяктуу эле бардыгына медициналык жардамды жана ооруп калган учурда медициналык багууну **камсыз кыла турган шарттарды түзүү боюнча милдеттенмелерди** өзүнө **алат. Аракеттердин Пекин платформасы**[37] **өкмөттөрдү «эненин өлүмгө учурашын кыскартуу саламаттык сактоо секторунда артыкчылык болуп саналат жана аялдар саламаттык сактоонун акушердик жардамына, мыкты жабдылган жана адекваттуу комплекттелген кызмат көрсөтүүлөрүнө, төрөт учурунда кесипкөй жардамга, шашылыш акушердик жардамга, натыйжалуу жөнөтүү жана ташуу зарыл болгон учурда жардам көрсөтүүнүн алда канча жогорку деңгээлине, коопсуз эне болууну чыңдоо үчүн төрөттөн кийинки багууга жана үй-бүлөнү пландаштырууга жеткиликтүү болууга тийиш»** (72-параграфтын «b» пункту) деп милдеттендирет. КР Конституциясында мамлекет ар бир адамды медициналык жактан тейлөө үчүн шарт түзөт жана саламаттыкты сактоонун мамлекеттик, муниципалдык жана жеке секторлорун өнүктүрүү боюнча чараларды көрөт деп айтылат (47-берене). Кыргыз Республикасынын жарандарын 2013-2014-жылдары медициналык-санитардык жардам менен камсыздоо боюнча мамлекеттик кепилдиктер программасында[38] кош бойлуу аялдар амбулаториялык жана **стационардык шарттарда** медициналык-санитардык жардамды акысыз алууга укуктуу деп көрсөтүлгөн.

КР вице-премьер-министри Д. Ниязалиева 2015-жылдын 18-майында «Миң жылдыктын максаттарына жетишүү боюнча иштин жыйынтыктары. Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүүгө ылайык эненин ден соолугун жакшыртуу»

---

[37]Аялдардын абалы боюнча Төртүнчү Дүйнөлүк конференцияда кабыл алынган. *htpp://www.un.org/womenwatch/daw/Beijing/platform/* сайтынан алууга болот.

[38] КР Өкмөтүнүн 2013-жылдын 28-июнундагы № 388 токтому менен бекитилген.

форумунда 2013-жылга салыштырганда 2014-жылдын жыйынтыктары боюнча эненин өлүмгө учурашынын деңгээли 28,7%га өстү жана 100 миң тирүү туулгандарга 50,7 өлүмдү түздү деп билдирди. 2013-жылы бул **көрсөткүч 40%ды түздү. Эненин өлүмгө кириптер болушунун учурларын талдоо буларды көрсөтүп турат: эненин өлүмгө учуроо фактыларынын жалпы түзүмүндө** 21,2% – булар эмгектик мигрант аялдар. Вице-премьер белгилегендей, Кыргызстанда эненин өлүмүнө таасир эткен жагымсыз факторлор болуп ички жана тышкы миграция, пациенттердин өздөрүнүн, алардын үй-бүлө мүчөлөрүнүн маалымдар болушунун начардыгы, кадрдык диспропорция, өзгөчө айыл жериндеги диспропорция саналат. Вице-премьер-министр берген маалымат боюнча, орун которуп жүргөн алда канча көп сандагы аялдар Бишкек, Ош шаарларына жана Чүй областына туура келет. Мигрант аялдар медициналык кызматкерлердин байкоо жүргүзүүсү жок калат жана бул, албетте, алардын саламаттыгына таасир этет. Кыргызстандын ченемдик укуктук базасы эсепке коюуга, катталган жана туруктуу жашаган жерине карабастан медициналык кызмат көрсөтүүлөрдү алууга мүмкүндүк бергенине карабастан, мыйзамдын бул ченеми дайыма эле иштей бербейт.

Саламаттык сактоо министринин орун басары А. Мурзалиев буларды белгиледи: «эненин ден соолугуна өтө көптөгөн факторлор таасир этет, андыктан кедейликтен каза табуунун салыштырмалуу тобокелдиги 11,7%га өсөт; эгерде сен мигрант болсоң салыштырмалуу тобокелдик 2,9%га өсөт, ал эми төрөттү кооптуу шарттарда кабыл алган учурда салыштырмалуу тобокелдик 5 эсе көбөйөт»[39].

Чындыгында эле, КР Саламаттык сактоо министрлигинин 2013-жылдын 26-июнундагы №358 ведомстволор аралык буйругуна жана ФОМСтун 2013-жылдын 26-июнундагы № 126 буйругуна ылайык «кош бойлуу аялдар жана 5 жашка чейинки балдар аймакта жашаган мөөнөтүнө карабастан катталат».

Бирок практика врачтан кош бойлуу аялдардан муниципалдык аймактык башкармалыктан маалымкатты талап кылаарын көрсөтүп турат. Бул төмөнкүлөр менен байланышкан: кош бойлуу аялдардын көпчүлүгү ички мигранттар болуп саналат, алар негизинен турак-жайды ижарага алат, ар кандай себептерден улам жашаган жерин тез-тез которот же кайра туулган айылына кетип калат. Мында аялдар өзүнүн жашаган жери өзгөргөндүгү жөнүндө врачтарга маалымдабайт, өз учурунда көрүнүп турбайт, ал эми ден соолугу начарлаган учурда жоопкерчиликти врачтар тартат.

[39] «Миң жылдыктын максаттарына жетүү боюнча иштин жыйынтыктары. Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүүгө ылайык эненин ден соолугун жакшыртуу» форуму. 2015-жылдын 18-майы. http://zdorovie.akipress.org/news:20271, http://zdorovie.akipress.org/news:20270. сайтынан алууга болот.

Кош бойлуу аялдар үчүн кепилденген акысыз медициналык-санитардык жардам түйүлдүктүн өнүгүшүнүн олуттуу аномалияларын жана патологиясынын кыйыр белгилерин, ошондой эле оорутуучу бактериялар жана микроорганизмдер кандай медициналык препараттарга алда канча жакшы айыгаарын табууга жардам бере турган заараны бактериологиялык изилдөө, перинаталдык скрининг сыяктуу анализдерди акысыз негизде өтүүнү камтыбайт, булар өз кезегинде алда канча натыйжалуу жана коопсуз дарыны жазып берүүгө мүмкүндүк бермек.

2014-2015-жылдары КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) Аппараты жүргүзгөн аялдардын репродуктивдүү укуктарын сактоо маселеси боюнча республикадагы төрөт үйлөрүн жана үй-бүлөлүк медицина борборлорун текшерүүнүн натыйжалары төмөнкүлөрдү көрсөттү.

Медициналык жардам көрсөтүүнүн экинчи жолку деңгээли шаардык жана райондук аймактык ооруканалардын деңгээлинде жүргүзүлөт. Төрөт үйлөрүнүн пациенттерин (300дөн ашык аял катышты) сурамжылоонун натыйжалары буларды көрсөттү: төрөт үйүнө келип түшкөндө кош бойлуу аялдардан төрөт үйүнүн фондуна 200-250 сом өлчөмүндө акчалай акы алынат, ошондой эле 50 сом кош бойлуу аялдын медициналык карточкаларын толтуруу үчүн төлөнөт. Айрым кош бойлуу аялдар төрөт үйүнүн фондуна акча каражаттарын эки жолу: төрөт үйүнө келип түшкөн учурда биринчи төгүмдү (200-250 сом), андан кийин башка бөлүмгө которгон учурда (200 сом) төлөөгө аргасыз экенин белгиледи. Айрым кош бойлуу аялдар бул акчаларды ыктыярдуу тапшыраарын, ал эми башкалар акча каражаттарын ушундай чогултууга наараазы экенин белгилеп кетели.

Медициналык кызматкерлер өз аракеттерин кош бойлуу аялдардан келип түшкөн акча каражаттары пациенттердин өздөрүнө жумшалат: төрөт үйү кагаз салфеткаларды жана суюк самынды сатып алат деп түшүндүрүштү.

Төрөт үйүнүн фондуна кош бойлуу аялдардан акча каражаттарын чогултуу Кыргыз Республикасынын жарандарын 2013-2014-жылдары медициналык-санитардык жардам менен камсыздоо боюнча мамлекеттик кепилдиктер программасынын ченемдерине карама-каршы келет, ал жерде кош бойлуу аялдар амбулаториялык жана **стационардык шарттарда** медициналык-санитардык жардамды акысыз алууга укуктуу деп көрсөтүлгөн.

Жогоруда эске алынган сурамжылоонун натыйжаларына ылайык өздөрүнүн түздөн-түз милдеттерин аткаруу учурунда медициналык кызматкерлердин кош бойлуу жана төрөгөн аялдарга мамилеси акча каражаттарынын болушуна тикелей байланыштуу. Медициналык кызматкерлердин мындай аракеттери «Медицина кызматкеринин статусу

жөнүндө» КРнын 2013-жылдын 28-майындагы № 81 мыйзамынын 53-беренесин бузат, ага ылайык алар кандай гана шарттарда болбосун кесиптик ишин жүзөгө ашырууда жан-дилинен жардам көрсөтүүгө даяр экенин, сыпаалыгын жана ишине берилгенин, адамды урматтай турганын көрсөтүүгө тийиш.

Мындан тышкары, Ош шаарынын төрөт үйлөрүн текшерүү учурунда КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) Ош областы жана Ош шаары боюнча өкүлчүлүгүнүн кызматкерлери Ош шаардын клиникалык ооруканасынын төрөт **стационарынын башчысынын укукка жат аракеттерине кабылган.**

*Ош шаардык клиникалык ооруканасынын төрөт стационарынын башчысы М. Стамбеков төрөт алдында акушерлердин шашылыш жардамына муктаж болгон кош бойлуу аялды кабыл алуудан баш тартты[40]. Өзүнүн баш тартуусун М. Стамбеков эске алынган төрөт үйү мамлекеттик мекемелерден келген пациенттерди гана кабыл алат, ал эми бул пациент "жеке ооруканадан келген аягы суюк аял",- деп түшүндүрдү.*

*КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) Ош областы жана Ош шаары боюнча өкүлчүлүгүнүн кызматкерлери ушул окуянын күбөлөрү болуп калды, алар КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) буйругуна ылайык ал учурда медициналык тейлөөнүн сапатына мониторинг жүргүзүп жатышкан. Бирок алардын медициналык персоналга өтүнүчүнөн жана жаңыдан төрөгөн аялга жардам берүү милдети жөнүндө юридикалык далилдеринен да майнап чыккан жок.*

*Натыйжада КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) Ош областы жана Ош шаары боюнча өкүлчүлүгүнүн кызматкерлерине аялды Ош облус аралык клиникалык ооруканасынын төрөт стационарына жайгаштырууга туура келди, ал жерде экинчи түйүлдүктүн антенаталдык өлүмү деп диагноз коюлду жана кош бойлуулукту токтотуу сунуш кылынды. Натыйжада 2015-жылдын 26-февралында Ош облус аралык клиникалык ооруканасы анын төрөтүн* ***камсыз кылды.***

*КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) Аппараты болуп өткөн кырдаалды териштирүү өтүнүчү менен КР Саламаттык сактоо министрлигине кат[41] жөнөттү.*

*Алынган жоопто[42] бул учур боюнча комиссия түзүлгөн жана кызматтык териштирүү жүргүзүлдү деп көрсөтүлгөн.*

---

[40]Кириш № 66-11, 2015-жылдын 10- марты.

[41] 2015-жылдын 26- мартындагы чыгыш № 11-639.

[42] 2015-жылдын 23- апрелиндеги чыгыш № 04-1/3-4846.

*Комиссия мүчөлөрү Ош шаардык клиникалык ооруканасынын төрөт стационарынын башчысы М. Стамбеков чындыгында эле Ж. А-ны ооруканага жаткыруудан баш тарткандыгы жана медициналык көрсөтмөлөр боюнча пландуу тартипте кош бойлуулукту токтотуу үчүн медициналык корутундуну берүү менен кош бойлуулук боюнча каттоого турууну сунуштаганын аныктаган.*

*Кызматтык териштирүүнүн жыйынтыктары боюнча М. Стамбековго эскертүү жарыяланган.*

Көрсөтүлгөн учур жана бүтүндөй алганда КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) Аппаратынын кызматкерлеринин текшерүүлөрүнүн натыйжалары медициналык жардамды берүүнүн, медициналык кызмат көрсөтүүлөргө бирдей жеке жана экономикалык жеткиликтүүлүктүн негиздүү принциптерин дайыма бузууну көрсөтүп **тургандыгы** айкын. Экономикалык, социалдык жана маданий укуктар боюнча эл аралык пактыга (ЭСМУЭП) кошулуп жаткан учурда Кыргыз Республикасы кабыл алган милдеттенмелер саламаттык сактоонун кызмат көрсөтүүлөрүнө жеке адамдын жеткиликтүүлүгүн, **атап айтканда,** адам ала алаарын жана ага жетүүдө кодулоонун жоктугун **камсыз кылуу**ну билдирет. Бул милдеттенмелер төмөнкүлөрдү түшүндүргөн экономикалык жеткиликтүүлүктү да камтыйт: медициналык жардамга, ошондой эле ден соолуктун негизги **өбөлгөлөр**үн **камсыз кылуу** менен байланышкан кызмат көрсөтүүлөргө акы төлөөнүн деңгээли адилеттүүлүк принцибине негизделүүгө тийиш, ал бардыгына, анын ичинде социалдык жактан жалгыз калган топторго бул кызмат көрсөтүүлөрдү жеке, ошондой эле мамлекеттик медициналык мекемелерде алуу мүмкүнчүлүгүн кепилдейт. Көрсөтүлгөн милдеттенмелер адам укуктары жагынын ушул конкреттүү учурда бузулганы жана мигрант аялдарга карата дайыма бузулуп жатканы айкын.

КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) Аппаратынын кызматкерлери төрөт үйлөрүндө жүргүзгөн текшерүүнүн натыйжалары медициналык жардамды көрсөтүүнүн сапаты формалдуу эмес **төлөмдөргө байланыштуу экенин көрсөтүп турат. Бул калктын формалдуу эмес төгүмдөр төлөө мүмкүнчүлүгү болбогондор керексиз пациент катары кабылданып, алар жардамдан баш тартууга же медициналык кызматкерлер өзүнүн милдеттерин тоотпостук менен аткарышына дуушарланган кырдаалды түзөт. Жарандардын репродуктивдүү укуктарын турмушка ашыруу маселелериндеги ушундай олуттуу укук бузуулар туура эмес жагдайды түзөт: аялдар медициналык жардамга өз учурунда кайрылбайт, анткени алар кандай**

**болгон күндө да акы төлөөгө тийиш экенин иш жүзүндө билет, ал эми медициналык адистер** репродуктивдүү ден соолуктун көптөгөн көйгөйлөрү саламаттык сактоо мекемелерине кеч кайрылуу менен байланышкан дейт.

Жогоруда көрсөтүлгөн укук бузуулардан тышкары, медициналык кызмат көрсөтүүлөрдүн жеткиликтүү эместигине жана сапатына медициналык жабдуунун жетишсиздиги, баштан-аяк оңдоону талап кылган төрөт үйлөрүнүн начар абалы, ошондой эле кадрдык, өзгөчө республиканын алыскы **региондорундагы кадрдык көйгөйлөр терс таасир этет. Областтардагы саламаттык сактоонун начар** инфраструктурасы, коопсуз ичүүчү сууга жетүүнүн татаалдыгы, суу түтүктөрүнүн жана канализациянын жоктугу, жолдордун начардыгы кош бойлуу аялдар үчүн саламаттык сактоонун сапаттуу кызмат көрсөтүүлөрүнө жеткиликтүүлүктүн деңгээлинин төмөндөгүн шарттайт.

Төрөт үйлөрүн текшерүүнүн жүрүшүндө бул мекемелердин персоналы менен маектешүү өткөрүлдү. Төрөт үйлөрүнүн кызматкерлеринин айтымы боюнча, соңку жылдары **региондордон Бишкек шаарына калктын агып келиши байкалгандыгына байланыштуу борбордо төрөгөн аялдардын саны жыл сайын өсүп жатат.**

Төрөт үйлөрүнүн абалы азыркы талаптарга шайкеш келбейт, эреже катары, булар эски имаратта, алардын ар бири баштан-аяк оңдоону талап кылат, мисалы, Бишкек шаарынын № 1 төрөт үйү 1939-жылдан бери иштеп жатат. Төрөй турган 2000 аялды тейлөөгө эсептелген төрөт үйлөрү 8000ден ашык пациентти кабыл алууга аргасыз. Ушуга байланыштуу борбордо төрөт үйлөрүн кеңейтүү жана жаңы имараттарын куруу жөнүндө маселе курч турат. Жабдуу эскирген жана ал да жетишсиз, ара төрөлгөн балдарды багууну **камсыз кыла турган аппараттар жетишпейт.**

Аппараттардын тартыштыгынан улам айрым врачтар бири-бирин күнү-түнү алмаштырып, балага дем алууга кол менен жардам берет. Мында моралдык маанидеги маселелер келип чыгат: жаңы туулган баланын өмүрүн кол менен сакташат. КР Саламаттык сактоо министрлигинин маалыматтары боюнча, бүтүндөй алганда республика боюнча медициналык кадрлар менен **камсыз кылуу**да дисбаланс сакталып калууда. Алсак, 2016-жылдын 1-январына карата врачтар менен **камсыз болуунун орточо республикалык көрсөткүчү** 10 000 адамга 22,4 болгон учурда, бул **көрсөткүч** Талас областындагы 13,6дан Ош шаарындагы 29,5ке чейин өзгөрүп турат. Ал эми Сузак, Чаткал, Жети-Өгүз, Алай, Талас жана Нарын райондорунда бул **көрсөткүч** 10 000 адамга 9,0дан азды түзөт.

Орто медициналык персонал менен **камсыз болуунун орточо республикалык көрсөткүчү** 10 000 адамга 56,8 болгон учурда, бул **көрсөткүч** Баткен областындагы 75,7ден, Чүй областындагы 36,3кө жана Бишкек шаарындагы 37,6га чейин өзгөрүп турат.

Мындан тышкары, текшерүүнүн учурунда медициналык кызматкерлер азыркы учурда көпчүлүк аялдардын ден соолугу начар деп баса белгиледи. Оор патологиялары бар кош бойлуу аялдар келип түшкөн учурлар көбөйдү. Эненин жана наристенин өлүмгө учурашы үчүн дайыма эле врачтар күнөөлүү эмес, көп учурда мунун себеби кош бойлуу аялдардын ден соолугу болуп саналат. Көпчүлүк кош бойлуу аялдар өзүнүн ден соолугуна карабайт, натыйжада, ден соолугу начар аялдан балдар ара төрөлөт же алсыз балдар төрөлөт.

Үй-бүлөлүк медициналык борборду, студенттик поликлиниканы текшерүүнүн жүрүшүндө бизге бир нече фотосүрөт берилди, аларда студенттердин жана мектеп окуучуларынын арасындагы репродуктивдүү ден соолук темасында семинарларды өткөрүү тартылган. Бирок статистикалык маалыматтар никеге чейинки курактагы кыздардын төрөшүнүн **көрсөткүчү өсүп жатканын көрсөтүп турат. Жаш муундун жашоо стилинин жана ыңгайынын өзгөрүшү** никеге чейинки курактагы кыздардын (15-17 жаш) төрөшүнүн саны азайганын болжолдойт, бул республикада 2006-жылга чейин да сакталган. Бирок 2006-жылдан тартып 15-17 жаш курактагы кыз-келиндер көп төрөй баштаган. 2006-жылы төрөгөн ушул курактагы 1000 кыз-келинге 4,4 бала туура келсе 2014-жылы бул көрсөткүч 7,4 балага чейин жеткен. 18-19 курактагы аялдардын төрөшү да көбөйгөн: 2010-жылы ушул курактагы 1000 кыз-келинге 75,7 бала туура келсе, 2014-жылы 92,7 балага чейин жогорулаган.

Никеге чейинки курактагы кыздардын төрөшүнүн алда канча жогорку **көрсөткүчү Чүй областында байкалат, бул жерде 2013-жылы ал республикалык көрсөткүчтөн 2 эсе ашкан жана** ушул курактагы 1000 кызга 15,6 төрөлгөн баланы түзгөн[43]. Кыргыз Республикасынын жарандарынын репродуктивдүү укуктарын сактоо жагындагы кырдаалды калыбына келтирүү үчүн КР Жогорку Кеңеши «Жарандардын репродуктивдик укуктары жана аларды ишке ашыруудагы кепилдиктери жөнүндө» КРнын 2015-жылдын 4-июлундагы № 148 мыйзамын кабыл алган.

Расмий маалыматтар боюнча, 2014-жылы 24 456 аборт, алардын ичинен 8,9 миң мини-аборт катталган. Өзүнөн-өзү боюнан түшүп калуу 9,95 миңди түзгөн, бул бала төрөй

[43] Кыргыз Республикасындагы аялдар жана эркектер. КР Улуттук статистика комитети. – Бишкек, 2015. – 134-б.

турган курактагы аялдардын репродуктивдүү ден соолугунун төмөн деңгээли жөнүндө айтып турат.

Аборттордун түзүмүндө медициналык жана социалдык **көрсөткүчтөр** боюнча кош бойлуулукту токтотуу сыяктуу себептердин болушу да үй-бүлөлүк медициналык борборлордо маалыматтын жоктугу экономикалык үй-бүлөнү пландаштыруу боюнча кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатынын төмөндүгүн тастыктап турат[44].

Аялдарга карата кодулоону жоюу үчүн аялдардын ден соолукка укуктарын көтөрмөлөөнүн улуттук стратегиясын иштеп чыгуу жана жүзөгө ашыруу зарыл. Мындай стратегия аялдардын ооруларын алдын алуу жана дарылоо боюнча иш-чараларды, ошондой эле жогорку сапаттуу медициналык кызмат көрсөтүүлөрдү жеткиликтүү **камсыз кылуу** саясатын, анын ичинде жыныстык жана репродуктивдүү ден соолук чөйрөсүн камтууга тийиш. Аялдардын ден соолукка укуктарын жүзөгө ашыруу үчүн алардын медициналык тейлөөгө, агартууга жана маалыматка, анын ичинде жыныстык жана репродуктивдүү ден соолук чөйрөсүндөгү маалыматты жакшыртуу зарыл.

**Сунуштар**

**Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө**

1. Жарандардын репродуктивдүү ден соолугун жана репродуктивдүү укуктарын сактоо жөнүндө Коомдук телерадиоберүү корпорациясы (КТРК) жана мамлекеттик ЖМКлар аркылуу маалыматтык-агартуу ишин күчөтүү.

**Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине**

1. КР Өкмөтүнүн 2015-жылдын 20-ноябрындагы № 790 токтому менен бекитилген Жарандарды медициналык-санитардык жардам менен камсыздоо боюнча мамлекеттик кепилдиктердин программасын турмушка ашыруу жагынан төрөт үйлөрүнүн ишине туруктуу контролду жүргүзүү.

2. Көрсөтүлгөн программа боюнча кош бойлуу аялдардын арасында маалыматтык-агартуу ишин жүргүзүү.

3. Медициналык кызматкерлердин арасында кесиптик жоопкерчилик жана жүрүш-туруш этикасы боюнча ишти жүргүзүү.

---

[44] Кыргыз Республикасындагы аялдар жана эркектер. КР Улуттук статистика комитети. – Бишкек, 2015. – 37-б.

**Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигине**

1. Жогорку класстардагы окуучулардын арасында репродуктивдүү ден соолук боюнча маалыматтык-агартуу ишин жүргүзүү.

2. Эл аралык стандарттарга жооп берген жана Кыргыз Республикасынын жарандарынын менталитетине, маданий-салттуу өзгөчөлүктөрүн эске алган репродуктивдүү ден соолуктун негиздерин окутуунун методикасын, программасын иштеп чыгуу жана бекитүү.

3. Кош бойлуу ички мигрант аялдарды эсепке коюу, диспансеризациялоо жана бул пациенттерди перинаталдык мезгилде андан ары карoo боюнча маалымдар болууну арттыруу жана бөгөттөрдү азайтуу боюнча ишти кеңейтүү.

### 2.2.2. Алименттерди өз учурунда алууга укук

Кыргызстанда 2014-жылы 54 942 нике жана 9235 ажырашуу катталган.

Ата-эненин бири жок үй-бүлөдө 2014-жылы 8665 бала калган, 2510 учурда үй-бүлөдө ата-эненин бири жок үй-бүлөлөр эки же андан ашык баласы менен калган. 2015-жылдын январь-ноябрынын ичинде никелердин саны 46 988ди, ал эми январь-ноябрда ажырашуулардын саны 7 823тү түзгөн.

Баланын укуктары жөнүндө конвенциянын 18-беренесине ылайык[45] мамлекет баланы тарбиялоо жана өстүрүү үчүн ата-эненин жалпы жана бирдей жоопкерчилигинин принцибин таанууну **камсыз кылуу** үчүн мүмкүн болгон бардык кадамдарды көрүүгө тийиш. Ата-энелер же тиешелүү учурларда мыйзамдуу камкорчулар баланы тарбиялоо жана өстүрүү үчүн негизги жоопкерчиликти тартат жана баланын эң жакшы кызыкчылыктары алардын негизги камкордугунун предмети болуп саналууга тийиш. Жашы жете элек балдарды багууну **камсыз кылуу** боюнча ата-эненин милдети балдар алименттерди алууга муктаж экенине же жоктугуна карабастан келип чыгат. Ушундай **камсыз кылуу** үчүн өздөрүндө жетиштүү каражаттар бар же жоктугуна карабастан ата-энелер өз балдарын багууга тийиш. КР Үй-бүлө кодексинин 85-беренесине ылайык, ата-энелер өздөрүнүн жашы жетпеген балдарын багууга милдеттүү. Жашы жетпеген балдарды багууну **камсыз кылуу тартибин жана формасын ата-эне өз алдынча аныктайт.** КР Үй-бүлө кодексинин 17-главасына ылайык ата-энелер өздөрүнүн жашы

[45] БУУнун Башкы Ассамблеясынын 1989-жылдын 20-ноябрындагы 44/25резолюциясы менен кабыл алынган.

жете элек балдарын багуу жөнүндө **макулдашуу (алимент төлөө жөнүндө макулдашуу) түзүүгө укуктуу.**

Эгерде ата-энелер өздөрүнүн жашы жете элек балдарын багууну **камсыз кылбаса, аларды багууга каражаттар (алименттер) жашы жете элек балдарга алимент өндүрүп алуу жөнүндө алардын ата-энесине (алардын бирине) доо коюу укугу берилген балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын аймактык бөлүмүнүн сотко доосунун негизинде сот тартибинде ата-энелерден өндүрүп алынат.**

Колдонуудагы мыйзамдарга ылайык аткаруу аракеттери карызкор жашаган жери боюнча же иштеген жери боюнча же болбосо анын мүлкү турган жер боюнча соттук аткаруучу тарабынан жүргүзүлөт. Өлкөнүн чегинен тышкары жердеги карызкордун жашаган жери же иштеген жери өзгөргөн учурда соттук аткаруучу “Жарандык, үй-бүлөлүк жана жазык иштери боюнча укуктук жардам жана укуктук мамилелер жөнүндө” конвенциянын[46] жана “Жарандык, үй-бүлөлүк жана жазык иштери боюнча укуктук жардам жана укуктук мамилелер жөнүндө конвенциянын[47] негизинде аракеттенет.

Белгилеп кетели, биздин мигранттардын чет өлкөгө мыйзамсыз барышынан жана расмий эмес эмгектенгенинен улам алардын жашаган жерин же иштеген жерин аныктоо мүмкүн эмес, тиешелүү түрдө алардан алимент өндүрүп алуу мүмкүн эмес. Мындай жагдай тышкы мигранттар гана эмес, ошондой эле ички мигранттарга да тиешелүү.

*КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) наамына М. К-дан*[48] *анын мурдагы күйөөсү М. Вахидов тарабынан алимент төлөнбөй жаткандыгы боюнча арыз келип түштү.*

*Бул ишти иликтөө учурунда булар айкындалды: Сокулук районунун сот аткаруучусу «Кыргыз Республикасындагы аткаруу өндүрүшү жөнүндө жана соттук аткаруучулардын статусу тууралуу» КРнын 2002-жылдын 18-мартындагы № 39 мыйзамынын 31-беренесине ылайык М. Вахидовду издөө боюнча Сокулук райондук сотуна кайрылган.*

*Аталган сот М. Вахидовду издөө жөнүндө аныктама чыгарган. Сокулук райондук ички иштер бөлүмү (мындан ары – РИИБ) жоопкер М. Вахидовдун турган жерин тактоо жөнүндө анын туугандарынан сурамжылоо жүргүзгөн жана ал акча табуу үчүн Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары жакта жүргөндүгү, ушуга байланыштуу жоопкердин аракеттерине юридикалык баа берүү мүмкүн эместиги белгиленген.*

[46] Минскиде 1993-жылдын 22-январында кабыл алынган.
[47] Кишиневдо 2002-жылдан 7-октябрында кабыл алынган.
[48] 2015-жылдын 26-февралындагы кириш № К-153.

*Натыйжада КР Жазык-процесстик кодексинин 156-1-беренесине, 28-статьясынын 1-бөлүгүнүн 2-пунктуна ылайык жазык ишин козгоо үчүн жүйөлөр жана негиздер жоктугунан улам аны козгоодон баш тартуу жөнүндө токтом чыгарылган.*

*Мындан тышкары, М. К-нын арызы боюнча материалдарды Чүй областынын ШИИБи тарабынан иликтөө учурунда төмөнкүлөр белгиленгендиги жөнүндө жооп*[49] *алынган:*

*1) М. Вахидовдун Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары жакта жүргөндүгүнүн жагдайы аныкталган эмес;*

*2) М. Вахидов алименттерди төлөө боюнча суракка алынган эмес, буга байланыштуу Чүй областынын ШИИБинин тергөө башкармалыгы жазык ишин козгоодон баш тартуу жөнүндө Сокулук РИИБдин тергөө бөлүмүнүн тергөөчүсүнүн токтомун жокко чыгаруу жөнүндө Сокулук районунун прокуратурасына кайрылууну жөнөткөн.*

*Натыйжада, М. К., өзүнүн маселеси чечилишин күтүүдөн тажап, алименттен баш тартуу жөнүндө арыз жазган.*

Бул мисал тергөөчүнүн иштебегенин көрсөтүп турат, ал эми бюрократтык **жол-жоболордон тажаган** арыз ээси өзүнүн оор материалдык абалына карабастан, өз балдарын багууну өз мойнуна алып, алименттен баш тартуу жөнүндө арыз жазган.

КР Жогорку сотунун алдындагы Сот департаментинин маалыматтарына[50] ылайык 2015-жылы сот аткаруучулары алименттерди өндүрүп алуу жөнүндө соттун чечимдерин аткарбагандыгы үчүн прокуратурага жана ички иштер бөлүмдөрүнө (ИИБге) КР Кылмыш-жаза кодексинин 162-статьясы боюнча карызкорлорду жазага тартуу жөнүндө 392 сунуш, ошондой эле аларды КР Кылмыш-жаза кодексинин 338-статьясы боюнча жоопкерчиликке тартуу жөнүндө 114 сунуш жөнөткөн.

*КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) наамына Бишкек шаарынын Ленин РИИБдин тергөөчүсү А. Борбашевдин укукка жат аракеттери боюнча А. Ж-дан*[51] *арыз келип түшкөн.*

*Арыздан булар келип чыгат: А. Ж. 2003-жылы А. Модуевге турмушка чыккан, жалпы никеден эки уул – 2004-жылы туулган Н. И. жана 2005-жылы туулган Б. И. бар. 2007-жылы жубайлар ажырашып кеткен.*

[49] 2015-жылдын 10-апрелиндеги чыгыш № 25-54-/К-67.
[50] 2015-жылдын 12-декабрындагы чыгыш № 04-1-1/537.
[51] 2015-жылдын 25-мартындагы кириш № А-233.

*Бишкек шаарынын Ленин райондук соту 2012-жылдын 13-декабрында А. Модуевден А. Ж-нын пайдасына жашы жете элек балдарын багууга 2012-жылдын 16-ноябрынан тартып алар жашы жеткенге чейин эмгек акынын бардык түрлөрүнөн 1/3 бөлүгүн алимент катары өндүрүп алууга чечим чыгарган.*

*А. Модуев жашырынып жана алименттерди төлөөдөн качкан. Натыйжада, Жумгал райондук соту А. Модуевди издөө жөнүндө 2013-жылдын 23-декабрында токтом чыгарган. Андан соң, Жумгал райондук соту анын Кыргыз Республикасынын чектеринен тышкары жакка чыгышына тыюу салуу жөнүндө 2014-жылдын 23-майындагы токтомду кабыл алган.*

*Бишкек шаарынын Ленин РИИБдин кызматкерлери тарабынан А.Модуев кармалган, бирок ал 2013-жыл үчүн балдардын алдындагы алименттик карызды толугу менен төлөгөндүгү жөнүндө анын көрсөтмөлөрүнөн кийин тергөөчү А. Борбашев А. Модуевге карата кылмыш ишин кыскартуу жөнүндө токтом кабыл алган.*

*Бирок арыз ээси А. Модуев тарабынан алименттер төлөнгөн эмес деп ырастаган.*

*Бул иш боюнча КР Акыйкатчы (Омбудсмен) Аппараты Бишкек шаарынын прокуратурасына кат*[52] *жөнөткөн.*

*Алынган жоопто*[53] *текшерүүнүн жүрүшүндө А. Модуевге карата кылмыш ишин кыскартуу жөнүндө Бишкек шаарынын Ленин РИИБдин тергөөчүсү А. Борбашевдин токтому жокко чыгарылган жана кайра тергөөгө Бишкек шаарынын Ленин РИИБине жөнөтүлгөн деп көрсөтүлгөн.*

*Текшерүүнү жүргүзүү учурунда ошондой эле Бишкек шаарынын Ленин РИИБдин тергөөчүсү А. Борбашев тарабынан КР Жазык-процесстик кодексинин ченемдери одоно бузулган, буга байланыштуу Ленин райондук прокуратурасы Бишкек шаарынын ШИИБдин зардалынын атына сунуш жөнөткөн деп белгиленген.*

Жогорудагы учур көрсөтүп тургандай, карызкорлор формалдуу иш-чараларды жүргүзгөндөн кийин тиешелүү түрдө изделбейт, же кармалгандан кийин коё берип жиберилет. Тергөөчүлөр көп учурда карызкорду жакшы издебейт жана аялдардын аялуу абалын эске албастан, кылмыш ишин козгоодон баш тартат. Натыйжада, карызкорлор таптакыр жаза албастан, алименттерди жылдар бою төлөбөй жүрө берет.

Карызкор өзүнүн жашаган жерин өзгөрткөндө бул жөнүндө ыйгарым укуктуу органга билдирбеген учурда алименттерди өндүрүп алуунун натыйжалуу **механизми**

[52] 2015-жылдын 2-апрелиндеги чыгыш № 11-690.
[53] 2015-жылдын 27-апрелиндеги чыгыш № 8/186-15.

**жок. Алименти өз учурунда төлөбөө, же жарым-жартылай, же таптакыр төлөбөй коюу атасыз өсүп жаткан балдардын жана алардын энелеринин жашоо турмушун аксатат.**

**Алимент боюнча кабыл алынган соттун чечимдери көп учурда аткарылбайт. Ал эми аны аткарууну көзөмөлдөөчү мамлекеттик органдардын иши чабал. Бул адам укуктарынын бузулушуна алып келүүдө.**

**Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун алдындагы Сот департаментине Сунуштар**

1. Алименттик милдеттенмелер боюнча карызкорлорду издөө жагынан соттук актылардын аткарылышына контролдук кылуу.

2. «Кыргыз Республикасындагы аткаруу өндүрүшү жөнүндө жана соттук аткаруучулардын статусу тууралуу» КРнын 2002-жылдын 18-мартындагы № 39 Мыйзамынын 73-статьясынын 7-пункту бузулган учурда карызкорлорду жазалоо **механизмин иштеп чыгуу (алимент өндүрүү боюнча соттун чечими күчүнө киргенден тартып балдардын атасы жашаган жерин өзгөртө турган болсо ал жаңы жашаган дарегин сот аткаруучулар кызматына билдирүүгө милдеттүү).**

### 2.2.3. Жеке ишканаларда иштеген жарандардын укуктарынын сакталышы

Эмгекке болгон укук бир катар эл аралык келишимдер аркылуу таанылган. Мисалы, ЭСМУЭП эмгекке укукту 6-беренеде жарыялап жана 7-беренеде ар бир адамдын адилеттүү жана ыңгайлуу шарттарга, анын ичинде коопсуздук талаптарына жооп берген эмгек шарттарына болгон укугун кеңири ачып берет.

Мамлекеттин ролу болсо, жумуш берүүчүлөрдү эмгек мыйзамдарын сактоого жана эмгекчилердин бардык укуктарын колдоно алууга мүмкүндүк алышы үчүн алар жалдаган бардык адамдарды каттоодон өткөрүүгө милдеттендирет.

Эмгекти уюштуруу боюнча эл аралык уюмдун “Өнөр жайындагы жана соодадагы эмгекти инспекциялоо боюнча”[54] Конвенциясынын 12-беренесине ылайык ыйгарым

---

[54] КР Өкмөтүнүн 1999-жылдын 25-октябрындагы №582 токтому менен ратификацияланган.

укуктарын күбөлөндүргөн документтер менен камсыз болушкан эмгек инспекторлору төмөнкү укуктарга ээ болууга тийиш:

- Инспекция көзөмөлгө алган бардык ишканаларга күндүн каалаган убагында алдын ала эскертүүсүз, тоскоолдуксуз кирүүгө;
- Алар инспекциянын көзөмөлүнө алынууга тийиш деп эсептөөгө жетишээрлик негиз бар бардык имараттарга күндүзгү убакытта кирүүгө;
- Инспекциялык текшерүүдө ал тууралуу билдирүү көзөмөлдүн натыйжалуулугуна зыян тийгизет деп эсептебесе, ишкерге же анын өкүлүнө кабар берет.

Эл аралык стандартка ылайык КРнын Эмгек кодексинин 404-беренесинде да "инспекциялык текшерүүдө мамлекеттик эмгек инспектору эгерде ал бул билдирүү көзөмөлдүн натыйжасына зыянын тийгизбесе, жумуш берүүчүнү же анын өкүлүн өзүнүн келери тууралуу эскертүүгө милдеттүү," - деп көрсөтүлгөн.

Жеке ишканаларда, анын ичинде өндүрүштөгү жумушчулардын укуктарын жана эмгекти коргоо абалын көзөмөлдөөчү эмгек инспекторлору азыркы учурда өздөрүнүн ишмердүүлүгүн КР Өкмөтүнө караштуу Экологиялык жана техникалык коопсуздук боюнча мамлекеттик инспекциясынын курамында жүргүзүп келишет. Бирок, анын ишмердүүлүгү КРнын 2007-жылдын 25-майындагы №72 "Ишкердиктин субъекттерине текшерүүлөрдү жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө" Мыйзамы менен чектелген, анда эмгек инспекторлоруна ишкердиктин субъекттерин:

- КРнын экономика министрлиги алдын ала уруксат бермейинче;
- Ишкерди текшерүүдөн 10 күн мурун текшерүү жүрөрү тууралуу кабардар кылмайынча пландуу жана пландан тышкары текшерүүгө тыюу салынат.

Ушундайча болуп, бул жерде мыйзамдардын карама-каршылыгы гана орун албастан, ошондой эле көрсөтүлгөн мыйзам КРнын "Эмгек кодексине" да жана эл аралык нормаларга карата да төмөнкү күчү бар, андыктан анын жогорудагы жана эл аралык стандарттарга шайкеш келишпестигин айтууга болот.

КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) наамына бир канча ирет жеке ишканалардын жумушчуларынан (жазуу жана оозеки түрдө) алардын эмгек укуктарынын бузулушу боюнча арыздар келип түшкөн. Алсак, 2012-жылы 74 арыз, 2013-жылы – 30 арыз жана 2014-жылы – 68, 2015-жылы – 56 арыз келип түшкөн.

КРнын Акыйкатчысына (Омбудсменине) Х.К., А.К., Ж.А.лар арыз менен кайрылышкан[55].

Алар өз арыздарында “Триод” ЖЧКсында эмгек келишимин түзбөй туруп иштегендерин көрсөтүшкөн. Мунун натыйжасында, аларды жумуштан бошоткон маалда 10 күндүк эмгек акысын төлөп беришкен эмес.

Ошондой эле “Триод” ЖЧКсынын кожоюну Б.Муктарова психологиялык кысым көрсөтүп жана Улуттук коопсуздук боюнча мамлекеттик комитетинин (мындан ары – КР УКМК) кызматкерлери тарабынан сабаласыңар деп коркуткан, себеби анын жолдошу аталган органдын курамында иштейт. Б.Муктарова арызданууччуларды уят сөздөр менен тилдеген.

КР Акыйкатчысы (Омбудсмен) тарабынан КР Өкмөтүнө караштуу Экологиялык жана техникалык коопсуздук боюнча мамлекеттик инспекциясына кат[56] жиберилген.

Арызда трайбалисттик мүнөздөгү сөздөр жазылгандыгына жана ишкананын ээсинин жолдошу КР УКМКде иштегендигине байланыштуу улуттук коопсуздук органына кат[57] жиберилген.

УКМКдан алынган жоопто[58], арыз берүүчүлөр менен Б.Муктарованын ортосунда профилактикалык аңгемелешүү жүргүзүлгөндүгү айтылат.

КР Өкмөтүнө караштуу Экологиялык жана техникалык коопсуздук боюнча мамлекеттик инспекциясынан алынган жооптон[59] арыз берүүчүлөр аларга тиешелүү акчасын алышкандыгы, андан кийин алардын арызын кароосуз калтырууну өтүнгөн тосмо арыз жазышкандыктары айтылат.

КР Акыйкатчысынын (Омбудсмен) наамына А.К., К.Д., Ч.У[60] аттуу жарандар арыз менен кайрылышкан.

Алар арыздарында 2013-жылдын августунан тартып “Кыргызспецпромдо” эмгек келишимин түзбөй иштегенин көрсөтүшкөн.

Арыз берүүчүлөр алар иштеп жаткан учурда эмгектин техникалык коопсуздугу жана башка эмгекке болгон укуктар сакталбаганын айтышкан. Жогоруда айтылган ишкананын

[55] 2015-жылдын 17-мартындагы кириш № КлА-211.

[56] 2015-жылдын 19-мартындагы чыгыш № 11-560; 2015-жылдын 26-мартындагы чыгыш. № 11-636 .
[57] 2015-жылдын 19-мартындагы чыгыш № 11-560
[58] 2015-жындын 13-апрелиндеги чыгыш №12/99
[59] 2015-жылдын 18-майындагы чыгыш №12/159..
[60] 2015-жылдын 8-апрелиндеги кириш №Кл. К-290,.

кожоюну Асангалый кызы Гүлмира эмгек акысын убагында берген эмес, кол алдындагылардын адамдык беделин кемсинткен, ага жакпаган жумушчуларды тиешелүү эмгек акысын бербестен жумуштан айдаган.

Бул арыз боюнча КРнын Акыйкатчы (Омбудсмен) аппараты КР Өкмөтүнө караштуу Экологиялык жана техникалык коопсуздук боюнча мамлекеттик инспекциясына кат жиберген[61]. Жоопто[62] азыркы убакта бул ишкана иштебестиги айтылган. Ошого карабастан, арызда көрсөтүлгөн мыйзам бузуулар каралышы үчүн сотко жиберилген[63].

Башка адам укуктары сыяктуу эле, эмгекке болгон укук мамлекетке сыйлоо, коргоо жана жүзөгө ашыруу деген үч милдетти жүктөйт. Эмгекке болгон укукту **сыйлоо** милдети мамлекет-катышуучулар бул укукту аткарууга карата түз жана кыйыр тоскоолдуктардан карманууну талап кылат. **Коргоо** милдеттенмеси мамлекет-катышуучулар эмгекке болгон укукка үчүнчү тараптардын кийлигишүүсүн алдын алат. **Жүзөгө ашыруу** милдети эмгекке болгон укукту камсыз кылуу, жүзөгө ашырууга көмөк көрсөтүү жана дем берип кызыктырууну билдирет.

Мамлекет-катышуучулар тиешелүү мыйзам чыгаруу, административдик, бюджеттик, соттук жана башка эмгекке болгон укукту толук камсыз кылуучу чараларды кабыл алуусу керек[64].

Жарандардын эмгектик укуктарын коргоодогу мамлекеттин милдеттенмелерин аткаруусу үчүн эмгек маселелери боюнча инспекцияларды түзүү жана алардын натыйжалуу иштешине көзөмөл кылуу өзгөчө мааниге ээ.

Эл аралык стандарттарга жана КРнын 1998-жылдын 16-октябрындагы №130 “Кесиптик бирликтер жөнүндө” мыйзамына ылайык эмгек укуктарын коргоо маселелеринде өз мүчөлөрүнүн кызыкчылыктарын көздөгөн профсоюздар чоң мааниге ээ.

**1-Таблица**

**Жарандардын эмгекке укуктарынын кесиптик кошуундар тарабынан корголушу[65]**

[61] 2015-жылдын 15-апрелиндеги чыгыш№11-794,

[62] 2015-жылдын 13-майындагы чыгыш №19-2/365,

[63] 2015-жылдын 18-майындагы чыгыш №12/159,

[64] Жалпы тартиптеги пикирлер №18, Эмгекке укук. 6-бет, Отуз бешинчи сессия, E/C GC/8, 2006-ж., 6-февраль. https: //www1.umn.edu>Rescgencom18 сайтынан таба аласыз.

| № | **Жалпы көрсөткүчтөр** | **2010-ж.** | **2011-ж.** | **2012-ж.** | **2013-ж.** | **2014-ж.** | **2015-ж.** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Эмгек мыйзамдары бузулганы аныкталган | 1210 | 1204 | 1140 | 1276 | 1352 | 971 |
| 2 | Эмгек мыйзамдарынын бузулушун жоюу тууралуу буйрук чыгарылган | 286 | 435 | 389 | 335 | 388 | 371 |
| 3 | Тартип бузууларды жоюу буйруктары аткарылган | 220 | 347 | | 323 | 375 | 323 |
| 4 | Эмгек укуктары калыбына келтирилген (бардыгы) | 713 | 580 | 310 | 365 | 369 | 194 |
| | Анын ичинде мыйзамсыз иштен алынгандар кайра жумушка орноштурулган | 60 | 75 | | 88 | 52 | 42 |
| 5 | Кесиптик кошуун өкүлдөрүнүн сотко катышуусу | 46 | 97 | 309 | 89 | 21 | 319 |
| 6 | Каралган иштердин саны | 75 | 285 | | | 74 | 28 |
| 7 | Даярдалган доо арыздардын ж.б. соттук документтердин саны | 71 | 90 | 149 | 129 | 148 | 118 |
| 8 | Эмгек укуктарынын бузулушу тууралуу келип | 1142 | 1264 | 1196 | 1064 | 972 | 1497 |

[65] Маалыматтар Кыргызстан профсоюздар Федерациясы тарабынан КР Акыйкатчы Аппаратынан жөнөтүлгөн суроо талапка 2015-жылдын 25-июнундагы чыгыш №11-1390 жооп иретинде, 2016-жылдын 29-февралындагы чыгыш №05-7/105.

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | түшкөн арыздардын жана билдирүүлөрдүн саны | | | | | | |
| 9 | Кеп-кеңештер жана түшүндүрүүлөр берилди (бардыгы) | 4439 | 3790 | 7319 | 6967 | 6243 | 6057 |
| | Анын ичинде жазуу түрүндө | 421 | 202 | 2415 | 668 | 853 | 2777 |
| 10 | Эмгек талаштары боюнча түзүлгөн комиссиялардын саны | 276 | 754 | 1004 | 2084 | 3253 | 3346 |
| 11 | Эмгек талаштары боюнча түзүлгөн комиссиялар караган арыздардын саны | | 192 | | 623 | 1381 | 2160 |

2-таблицада берилген маалыматтардын негизинде, биздин өлкөдө жумушчулардын эмгек укуктарынын бузулушу жетишээрлик деп жыйынтык чыгарууга болот. Анын үстүнө алар системалуу мүнөзгө ээ жана барган сайын өсүп жатат. Жеке ишканаларда иштегендердин эмгек укуктарынын бузулушун алдын алуу жана эмгекчилердин коргоо максатында өзгөчө ролду кесиптик кошуундар ойноого тийиш, ошондой эле кесиптик кошуун кыймылы ар дайым өнүгүп турушу керек. Мамлекет тарабынан болсо, эмгек инспекторлорунун ишин активдештирүүгө өзгөчө роль таандык.

Белгилеп кетүүчү нерсе, КРнын Акыйкатчы (Омбудсмен) Аппаратынын жана КР Өкмөтүнө караштуу Экологиялык жана техникалык коопсуздук боюнча мамлекеттик инспекциясынын кызматкерлеринин жеке ишканаларда иштешкен жарандардын эмгек укуктары бузулгандыгы боюнча арыздарын биргелешип кароо жумушунда эмгек инспекторлорунун мыйзам тарабынан берилген ыйгарым укуктарын аткарууда туш болгон тоскоолдуктардын бири КР Өкмөтүнүн 2007-жылдын 6-ноябрындагы №533 “Ишкердиктин субъектилерин текшерүү тартиби жөнүндө жана ишкердиктин субъектилерин текшерүүгө укугу бар ыйгарым укуктуу органдардын тизмеси жөнүндө” токтому болду. Бул токтомго ылайык ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан жумуш берүүчүлөрдү пландуу текшерүү үчүн аларга 10 күн мурда маалымдоого тийиш, бул эмгек мыйзамын бузуп жаткандар боюнча арызды ыкчам текшерүү мүмкүндүгүнөн

ажыратат, ошондой эле жумуш берүүчүгө текшерүү учурунда мыйзам бузуу фактыларын жашырып коюуга мүмкүндүк берет.

Капыстан болгон текшерүү учурунда гана уюмдар жана кичи, орто бизнес ишканалары тарабынан эмгек мыйзамдары бузулуп жатканын таап чыгууга болорун белгилей кетүү керек.

Келип түшкөн арыздардын жана эмгек чөйрөсүндөгү укук бузуулар тууралуу кайрылууларды анализдөөнүн жүрүшүндө эмгекчилердин укуктарынын абалы адамдын жана жарандын укуктарынын системалуу бузулушунун бири экендиги аныкталды, анын үстүнө мыйзамда бул укук бузууларга өбөлгө түзгөн бир катар каталыктар бар.

Эгерде жумушчулардын укуктарынын сот тарабынан корголушу тууралуу айтчу болсок, керектүү далилдерди топтоодо бир катар маселелер келип чыгат. Эмгек жана анын шарттары тууралуу документалдык факты болуп эмгек келишими эсептелет. Түзүлгөн эмгек келишимисиз адам тиги же бул ишканада иштегенин же анын эмгек шарттарынын кандай болгондугун далилдөөгө мүмкүн эмес.

Өндүрүштөгү жаракаттын кесепетинен жумушчулар майыптыкка учурап, мамлекеттин багуусунда калган учурлар аз эмес.

Жарандардын эмгеги мамлекеттин жашоо жөндөмдүүлүгүнүн негизги жана милдеттүү шарты. Эмгектин жагымдуу шарттары, мамлекет кепилдик берген бардык эмгек мыйзамдарынын сакталышы, жумуш берүүчү менен жумушчунун ортосундагы өнөктөштүк социалдык-эмгектик мамилелер коомдун экономика менен маданиятынын өсүшүнүн пайдубалы болуп саналат.

**Сунуштар**

**Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине:**

1. Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 41-бөлүмүнө, ошондой эле Эмгекти уюштуруу боюнча эл аралык уюмдун №81 Конвенциясына ылайык КРнын 2007-ж, 25-май, №72 “Ишкердиктин субъекттерин текшерүү тартиби жөнүндө” Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү, атап айтканда: 1-березенин 5-пунктун төмөндөгү сөздөр менен толуктоо: “КР Өкмөтүнө караштуу Экологиялык жана техникалык коопсуздук боюнча мамлекеттик инспекциясынын эмгек инспекторлору эмгек мыйзамдарынын сакталышы жана эмгекти коргоо боюнча пландуу жана пландан тышкаркы текшерүүлөрдү бардык убакта жана ишканалардын жетекчилерин эскертпестен туруп текшере алат”;

2. Кыргыз Республикасынын 2001-жылдын 1-февраль, №15 “Ишкерлерди коргоо жөнүндө” Мыйзамынын 24-беренесине “Ишкерлер алардын ишканасында иштеген жумушчулардын эмгек укуктарын сактоого милдеттүү” деген пункт менен толуктоо киргизүү;
3. Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексине жумуш берүүчү эмгек келишимин түзбөгөн учурда кылмыш жоопкерчилигине тартылат деген толуктоону киргизүү;
4. Кыргыз Республикасынын Администрациялык жоопкерчилик жөнүндө Кодексинин 79-беренесине эмгек мыйзамдарын бузгандыгы үчүн айып пулдун өлчөмүн көбөйтүү тууралуу өзгөртүү киргизүү.

**Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө:**

1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2007-жылдын 6-ноябрындагы №533 “Ишкердиктин субъектилерин текшерүү тартиби жөнүндө жана ишкердиктин субъектилерин текшерүүгө укугу бар ыйгарым укуктуу органдардын тизмесин аныктоо” жөнүндө токтомуна жана Өкмөттүн токтому менен 2007-жылдын 6-ноябрында бекитилген №533 Ишкердиктин субъекттерин текшерүүнү жүргүзүү Жобосуна инспекторлорго ишканалардын жетекчилерине эскертпестен туруп каалаган убагында текшерүүгө мүмкүндүк берүүчү өзгөртүүлөрдү киргизүү.
2. Жеке ишканаларда иштегендердин укуктары менен эркиндиктеринин сакталышына көзөмөлдү күчөтүү максатында, эл аралык стандарттарга ылайык мамлекеттик эмгек инспекторлорунун санын көбөйтүү.

### 2.2.4. Үй-бүлөдөгү зомбулук

Кыргыз Республикасы Аялдарга карата дискриминациянын бардык формаларын жоюу жөнүндө конвенцияны ратификациялаган[66], ага ылайык мамлекет нике жана үй-бүлө мамилелеринде, атап айтканда, үй-бүлөдө зомбулуктан коргоону камсыз кылууга тиешелүү бардык маселелерде аялдарга карата дискриминацияны жоюу үчүн бардык зарыл чараларды көрүүгө тийиш (16-бер.).

Жалпысынан, эл аралык стандарттарга ылайык мамлекеттин адамдын зомбулуктан коргоого укуктарын карманууу боюнча милдеттери төмөнкүдөй структурадан турганы оң:

[66] КРнын Жогорку Кеңешинин Мыйзам чыгаруу жыйынынын 1996-жылдын 25-январындагы З N 320-1 Токтому жана КРнын Жогорку Кеңешинин Эл өкүлдөр жыйынынын 1996-жылдын 6-мартындагы П N 257-1 токтомдору.

1) зомбулук болгондо жабырлануучунун же башка адамдын даттануусу аркылуу зомбулукту аныктоо;

2) билдирүүнү укук коргоо органдарынын кароосуна берүү;

3) зомбулуктун курмандыгынын коопсуздугун камсыз кылуу;

4) курмандыктын укуктарын жана керектөөлөрүн урматтоону эске алуу менен оперативдүү документтөө жана иликтөө;

5) кылмыш жасаган адам жазасыз калбаш үчүн күнөөлүүнү жоопко тартуу;

6) сот адилеттиги процессин коштоого тийиш болгон реабилитация, курмандыктын укуктарын калыбына келтирүү, анын ичинде компенсация төлөп берүү;

7) коомдогу зомбулук актыларын болтурбоо үчүн эл арасында маалыматтык, билим берүү иш чаралары[67].

Мамлекеттин бул элементтердин кайсы бирин жүзөгө ашырууну камсыз кылуудан баш тартуусу зомбулуктан коргоого укуктун бузулуусуна алып келет.

Аялдардын зомбулуктан корголууга укугу бүт дүйнөдө таанылгандыгы айкын, бирок практикада аны жүзөгө ашыруу ар кайсы өлкөлөрдөгү жеке жашоого мамлекеттик кийлигишүүнү негиздөөнү түшүндүрүүгө, ошондой эле ар кайсы өлкөлөрдөгү маданий өзгөчөлүктөргө байланышкан көптөгөн проблемалар менен бет келүүдө.

Мисалы, "Үй-бүлөдөгү зомбулуктан социалдык укуктук коргоо жөнүндө" КРнын 2003-жылдын 25-мартындагы №62 мыйзамында үй-бүлөдөгү зомбулук болуп (үй-бүлөлүк зомбулук) эгерде ал аракет үй-бүлө мүчөсүнүн мыйзамдуу укуктары менен эркиндиктерин кемсинтсе, ага дене жана психикалык жабырлануу келтирсе жана моралдык зыян алып келсе, же үй-бүлө мүчөсүнүн дене жана инсандык өнүгүүсүнө коркунучту камтыса, үй-бүлөнүн бир мүчөсүнүн экинчисине карата билип туруп жасаган ар кандай аракети саналат.

[67] Материалдар БУУнун АУЖКБ сайтында көрсөтүлгөн: *http://www.ohchr.org/RU/Issues/Women/WRGS/Pages/VAW.aspx*

2009-жылы өткөрүлгөн “Үй-бүлөдөгү зомбулуктан социалдык укуктук коргоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын 2003-жылдын 25-мартындагы № 62 мыйзамынын укуктук колдонуу практикасынын мониторинги[68] аны жүзөгө ашыруудагы системалык жана процесстик мүнөздөгү бир катар кыйынчылыктарды аныктады. Мисалы, бул мыйзамда жабыркоочуга үй-бүлөдө зомбулук көрсөткөн адамдан дарылануу акысын төлөтүп алууга жетиштүү кепилдиктер каралган эмес, жашы жете электерге жана аракетке жөндөмсүз деп табылган адамдарга карата үй-бүлөдө зомбулук болгон учурда жоопкерчилик жөнүндө атайын норма жок; үй-бүлөлүк зомбулуктан коргоо чөйрөсүндөгү көптөгөн мамлекеттик органдардын компетенциясын так регламентти жок. Кыргыз Республикасынын бул мыйзамында үй-бүлөлүк зомбулук проблемалары боюнча улуттук да, региондук да деңгээлде координациялоочу орган каралбаган. Андан тышкары, бул укуктук актыны аткаруу үчүн каржынын жетишсиздиги аныкталган.

Мына ошентип, “Үй-бүлөдөгү зомбулуктан социалдык укуктук коргоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын 2003-жылдын 25-мартындагы № 62 мыйзамынын жоболорунун жана анын укуктук колдонуу практикасынын анализи үй-бүлөлүк зомбулуктан жапа чеккен адамдарды коргоонун натыйжалуу механизмин иштеп чыгуу максатында анын нормаларын кайра карап чыгуу зарылдыгын көрсөтөт.

Аялдарга карата зомбулук проблемасы коомубуздун эң курч проблемаларынын бири бойдон калууда. Үй-бүлөлүк же тиричиликтеги зомбулук – бир шериктештин же туугандын экинчисине, биринчи кезекте, үй-бүлөнүн ичиндеги кайталануучу зомбулугу. Ошондой эле ал дене, психологиялык, сексуалдык жана экономикалык зомбулук формасында болушуу мүмкүн.

Бүткүл дүйнөлүк саламаттыкты сактоо уюмунун (мындан ары – БССУ) 80ден ашуун өлкөдөн алган маалыматтарынын негизиндеги билдирүүсү боюнча, дүйнөдөгү

[68] *Илибезова Л., Исакунова Т., Селезнева Е., Тюлекова Т.* Бишкек 2009 ж. КР «Үй-бүлөдөгү зомбулуктан социалдык-укуктук коргоо жөнүндө» мыйзамын сакталышы боюнча мониторингдин жыйынтыгы төмөндөгү сайтта жеткиликтүү *http://soros.kg/publikatsii/e-lektronnaya-biblioteka/publikatsii- pravovoj -programmy*

бардык аялдардын үчтөн бири өз өнөктөшү тарабынан кандайдыр-бир формадагы зомбулукка тушугат, а айрым региондордо бул сан алда канча жогору. Дүйнөдөгү каза тапкан аялдардын 38%ы интим өнөктөштөрү тарабынан жаны кыйылган [69].

2014-жылы Кыргыз Республикасында 3,1 миң жолу үй-бүлөдөгү зомбулук катталган жана мунун алкагында 2619 жолу убактылуу кайтаруу ордери берилген. Бул окуяларга байланыштуу үй-бүлөлүк зомбулуктун кесепетинен 243 кылмыш иши козголуп, сотко жөнөтүлгөн, 1624 адам административдик жоопкерчиликке тартылган. Жабыркагандардын ичинен дене зомбулугуна 77,0%, писихикалык зомбулукка – 22,8%, сексуалдык зомбулукка – 0,2% тушуккан[70].

2015-жылы Кыргызстанда үй-бүлө зомбулугунун 3358 учуру катталган жана буга байланыштуу убактылуу кайтаруу ордерлери берилген. Үй-бүлөлүк зомбулук боюнча 238 кылмыш иши козголуп жана сотко жөнөтүлгөн, 2381 адам административдик жоопкерчиликке тартылган[71].

“Үй-бүлөдөгү зомбулуктан социалдык укуктук коргоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын 2003-жылдын 25-мартындагы № 62 мыйзамынын 14-беренесине ылайык, үй-бүлөдөгү зомбулук учурларында адам укуктарын коргоо жабыркагандарга социалдык мейманканада акысыз жашоону (баш баанек берүү) кошо алганда, укук коргоо органдары, медициналык, психологиялык жана социалдык кызматтар тарабынан ыкчам жардамды жана узак мөөнөттүү колдоону камсыз кылуучу кызматтардын комплексине жеткиликтүүлүктү билдирет. Бирок, адатта, зомбулуктун курмандыктары кыйынчылыкта жалгыз калышууда.

Дүйнөлүк практикада үй-бүлө зомбулугун болтурбоо проблемасында эки негизги иш-чара бар: **ресторативдик** – жөнгө салуучу жолдоштук сотторду жана медициналык

---

[69] Зомбулукту глобалдык жана регионалдык баалоо. Төмөнкү сайтта жеткиликтүү *http://www.who.int/reproductivehealth/publications/violence/9789241564625/en*

[70] Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык абалы: январь-декабрь. – Бишкек, 2015//Төмөнкү сайтта жеткиликтүү *http://stat.kg/images/stories/Obzor%2012%202014.pdf*

[71] 2016-жылдын 22-январындагы чыгыш № 1/492

жана психологиялык жардамдарды кошо алганда, конфликтти жөнгө салууга жана үй-бүлөнү сактап калууга багытталган, жана ошондой эле, **жазалоочу** – чатакташып жаткан тараптардын ортосундагы мамилени үзүү жолу менен зомбулуктун циклин бузууга багытталган. Жазалоочу метод өнүккөн мыйзамдык базасы бар көпчүлүк өлкөлөрдө колдонулат, адатта бул жерлерде үйдөгү зомбулукту жасагандыгы үчүн жоопкерчиликтин ар түрдүү чаралары каралган[72].

Зомбулуктан коргоо үчүн механизмдерди иштеп чыгуунун биринчи мамилеси аялдардын жеке жашоосунун автономиясын жана кол тийгистигин урматтоого негизделген жана ага коргоо чараларын тандоонун варианттарынын чоң диапазонун берет. Бул мамилеге ылайык зомбулуктун курмандыгы болгон аялдарга өз приоритеттерин аныктоо, анын ичинде анын окуясы боюнча мамлекет кандай чараларды көрүүгө тийиштигин тандоо мүмкүнчүлүгү берилүүгө тийиш[73]. Өзүнүн жеке өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен ар бир аял эмнени каалагандыгын жана кандай колдоону жана таарынтканга карата кандай чараларды туура деп эсептей тургандыгын аныктоо мүмкүнчүлүгүнө ээ болууга тийиш. Мындай чараларга төмөнкүлөр кире алат: медиация – өнөктөштөргө үчүнчү тараптын жардамы менен элдешип алуу мүмкүнчүлүгүн берүү; макулдашуу процедуралары; зомбулук көрсөткөн өнөктөш үчүн мажбурланылган психологиялык консультациялар жана эң акыркы чара – камакка алуу. Көп учурда аялдын кандай чараларды көрүү зарылдыгы жөнүндө чечим кабыл алуусуна таасир этүүчү факторлор, конфиденциалдуулукту сактоо мүмкүнчүлүгү, коомдогу потенциалдуу стигматизация тобокелчилигин баалоо, зомбулуктун оордугу жана таарынткан адамды унутуу сыяктуу аспектилерди камтыйт. Эл аралык жана өкмөттүк эмес уюмдар көп учурда үй-бүлөдөгү зомбулук узак жылдар бою жабык бойдон каларын, себеби аялдар мамлекеттик бийлик

---

[72] Төмөнкү сайтта жеткиликтүү *https://ru.wikipedia.org/wiki/*

[73] Goodmark, Leigh. (2009). Autonomy feminism: An anti-essentialist critique of mandatory interventions in domestic violence cases. Florida State University Law Review, 37(1), 1-48. Доступно на сайте *http://www.law.fsu.edu/docs/default-source/journals/law-review/fall-2009.pdf?sfvrsn=4*

органдарына  кайрылгысы келбестигин белгилешет. Ар кайсы өлкөлөрдө (Малайзия, Кыргызстан, Мексика) жүргүзүлгөн изилдөөлөргө ылайык тиричилик зомбулугунун курмандыгынын унчукпоосу жана укук коргоо органдарына кайрылуудан баш тартуусу үчүн негизги жүйөө болуп үй-бүлө мамилелерин биротоло бузуп алуу, экономикалык көз карандылыктан улам жашоого каражаттан ажырап  калуу кечээки өнөктөшү жана анын туугандары андан өч алат деп корккондугу, зомбулукту норма катарында кабылдоо, бийлик органдарына буга чейинки кайрылуулардан улам мамлекеттик бийликке ишенбөө саналат[74].

Курмандыктар жашап жаткан маданий өзгөчөлүктөрү үй-бүлөлүк зомбулук учуру болгондо аны актоо же укук коргоо органдарына кайрылуудан баш тартуу үчүн ар кандай варианттарды аныктайт. Мисалы, Малайзияда же Кыргызстанда аялдар үчүн үй-бүлө жөнүндө туугандар жана айланадагылар тараптан жакшы пикирдин сакталышынын зарылдыгы, үй-бүлөнү колдоого жеткиликтүүлүктүн жоктугу, коомдогу стигматизация олуттуу проблема болуп саналат[75]. Бир жагынан, аялдардын эркиндиги зомбулукту аныктоо үчүн өтө маанилүү, ал эми жеке жашоонун кол тийгистигине укук зомбулуктун курмандыктарын реабилитациялоодо мамлекеттин  милдеттерин аткарууда чоң мааниге ээ. Бул ишке  ылайык үй-бүлөдөгү зомбулуктан кароо жана аны алдын алуу программасын жана саясатын алдыга жылдыруу менен мамлекет жапа менен үстөмдүк кылуучунун ортосунда ортомчу болууга тийиш[76]. Экинчи жагынан, ресторативдик мамилеге негизделген процедуралар көп учурда эки карама-каршы максатка ээ:

[74] Othman, S., Goddard, C., & Piterman, L. (2013). Victims' Barriers to Discussing Domestic Violence in Clinical Consultations. Journal of Interpersonal Violence, 29(8), 1497-1513. Доступно на сайте *http://umexpert.um.edu.my/file/publication/00004817_94741.pdf*; Human Rights Watch (2006), Reconciled to Violence. State Failure to Stop Domestic Abuse and Abduction of Women in Kyrgyzstan. 18 (9). New York *https://www.hrw.org/sites/default/files/reports/kyrgyzstan0906webwcover.pdf*; Frías, S. (2013). Strategies and Help-Seeking Behavior Among Mexican Women Experiencing Partner Violence. Violence Against Women, 19(1), 24-49. *http://vaw.sagepub.com/content/19/1/24*

[75] Othman, S., Goddard, C., & Piterman, L. (2013). Victims' Barriers to Discussing Domestic Violence in Clinical Consultations. Journal of Interpersonal Violence, 29(8), 1497-1513; Human Rights Watch (2006), Reconciled to Violence. State Failure to Stop Domestic Abuse and Abduction of Women in Kyrgyzstan. 18 (9). New York

[76] Goodmark, Leigh. (2009). Autonomy feminism: An anti-essentialist critique of mandatory interventions in domestic violence cases. Florida State University Law Review, 37(1), 1-48.

биринчиден, жапа чегүүчү кылмыш козготуу жолуна түшөбү же элдешеби, экинчиден, көбүнчө жапа чегүүчү аялуулугуна жана анын салмактуу чечим кабыл алууга жөндөмсүздүгүнөн улам анын коопсуздугун камсыз кылууга байланыштуу.

Жарашуу мүмкүнчүлүгүн караган мыйзамдык деңгээлдеги мамилени практика жүзүндө колдонуу көп учурда, өзгөчө патриархалдык мамилелерден улам эркектин үстөмдүк кылуусу нормасы катары калыптанган коомдо, анын натыйжасыздыгын чагылдырат. Мисалы, Мексикада жүргүзүлгөн изилдөө аялдар иштеп жаткан укуктук механизмдерди өнөктөшүнө сабак катары гана пайдаланышкан, натыйжада бул өлкөдө аялдарга зомбулук өсүүдө, бирок, үй-бүлөдөгү зомбулукту токтотууда кандайдыр-бир олуттуу өзгөрүүлөр байкалбайт[77]. Мыйзам системасындагы жараштыруу процедуралары жабырлануучунун коопсуздугу үчүн шартын түзүүгө өбөлгө болбойт, бирок, укук бузуучу үчүн аялдарга үй-бүлөдөгү зомбулукту колдоно берүүнү улантса болот деген сигнал берүүдө.

Натыйжада, бул агрессивдүү жүрүм-турум моделине шыкак берет. Кырдаалды аялдарга карата үй-бүлөдөгү зомбулукка таптакыр чыдоого болбой турганын көрсөтүү менен гана өзгөртүүгө мүмкүн[78].

Зомбулуктун курмандыктарын коргоодо үстөмдүк кылуучуну жазалоо катары кийинки приоритет - жабырлануучунун коопсуздугу жана үй-бүлөдө зомбулук болгондо анын түрүнө, жеңилдик же оордугуна карабай жазага тартуу болуп эсептелет

Мындай мамиле зомбулук билгенден кийин дароо күчүнө кире турган милдеттүү процедураларды өзүнө камтыйт. Аларга үстөмдүк жасоочуну дароо камакка алуу, ошондой эле, жапа чегүүчүнүн соттук териштирүүдө көрсөтмө берүү милдети кирет. Мындай процедуралар үй-бүлөдөгү зомбулуктун курмандыгынын коопсуздугу үчүн

---

[77] Frías, S. (2013). Strategies and Help-Seeking Behavior Among Mexican Women Experiencing Partner Violence. Violence Against Women, 19(1), 24-49.

[78] Goodmark, Leigh. (2009). Autonomy feminism: An anti-essentialist critique of mandatory interventions in domestic violence cases. Florida State University Law Review, 37(1), 1-48.

пайдалуу, себеби алар полицияга кылмышкерди камакка алуу керектигин, иликтөө жүргүзүү керектигин же кереги жоктугун өз алдынча аныктоо укугун пайдаланууга мүмкүндүк бербейт[79]. Бул мамиле үй-бүлөдөгү зомбулуктан жапа чеккен ар бир аял өзүнүн субординацияланган статусунан, аялуу абалынан жана эркектердин үстөмдүгүнөн улам туура тандоо жасоого жөндөмсүз жана ага укуктук система тарабынан күчтүү колдоо керектигин эске алат. Бирок, ал система курмандыктын автономиясын тааныбагандыгын жана аялдардын ар кандай проблемаларын көңүлгө алуудан баш тарткандыгын да билдирет. Милдеттүү процедуралар аялдарда айыптоонун максаттары менен дал келбеген ар кандай приоритеттерге жана максаттарга ээ боло ала тургандыгын танууга мүмкүндүк берет. Мисалы, мындай процедуралар аялдардын өнөктөшүнөн экономикалык жактан көз карандылыгы жана стигматизациянын натыйжасында анын социалдык статусунун начарлашынын тобокелчилигин эске албайт[80]. Мындай система аялдарга карата зомбулук менен байланышы мүмкүн болуучу травмалар жөнүндө медициналык адистердин милдеттүү отчетторун камтуусу да мүмкүн. Бул отчеттор, бир жагынан, укук коргоо системасы тарабынан аялдарга карата зомбулукту аныктоонун натыйжалуулугуна таасир эте алат, бирок, ошол эле учурда, алар зомбулуктун курмандыгынын медициналык адистерге жардам сурап кайрылуудан баш тартуусуна алып келиши мүмкүн. Мисалы, Малайзияда аялдар медициналык адистер менен үй-бүлөдөгү зомбулукту талкуулабоону артык көрүшөт, себеби, алар медициналык кызматкерлер бул жөнүндө полицияга билдирип коет деп коркушат[81]. Андан айырмаланып, Кыргызстанда, КРнын Саламаттыкты сактоо министрлигинин маалыматы боюнча, үй-бүлөлүк зомбулуктун

[79] Goodmark, Leigh. (2009). Autonomy feminism: An anti-essentialist critique of mandatory interventions in domestic violence cases. Florida State University Law Review, 37(1), 1-48.
[80] Othman, S., Goddard, C., & Piterman, L. (2013). Victims' Barriers to Discussing Domestic Violence in Clinical Consultations. Journal of Interpersonal Violence, 29(8), 1497-1513.
[81] Othman, S., Goddard, C., & Piterman, L. (2013). Victims' Barriers to Discussing Domestic Violence in Clinical Consultations. Journal of Interpersonal Violence, 29(8), 1497-1513.

курмандыгы болгон аялдардын көпчүлүгү медициналык жардам алуу жана реабилитация үчүн медициналык мекемелерге кайрылууну артык көрүшөт[82].

Албетте, бул эки мамиленин тең өздөрүнүн күчтүү жана начар жактары бар. Бул мамилелерди практикада колдонуу иш жүзүндө алар зомбулуктан коргоого укуктун жогоруда эске салынган ар кандай аспектилерине багытталгандыгын тастыктайт. Биринчи мамиле (ресторативдик) курмандыктын жеке турмушун урматтоо үчүн шарттарды түзөт, ал ага өз укуктарын калыбына келтирүү үчүн эң жакшы ыкманы тандоого, конфиденциалдуулукту жана үй-бүлөлүк мамилелерди сактоого, ошондой эле реабилитациялык кызматтарды алууга мүмкүндүк берет, экинчи мамиле (жазалоочу) жабырлануучунун түздөн-түз коопсуздугун камсыз кылууга, мамлекеттин таарынткан адамды тарбиялоо милдеттенмесин жүзөгө ашырууга жана зомбулукка чыдабагандыкты көрсөтүүгө багытталган. Кошумча изилдөөлөрсүз практикада зомбулукту аныктоо үчүн кайсы мамиле жакшы экенин аныктоо оор экенин белгилеп коюу керек. Биринчи мамиле курмандык үчүн ылайыктуураак чараларды тандоодо ийкемдүү болуп саналат, демек, мүмкүн, кылмыш сот адилеттиги процесстерине тартылгысы келбеген жабырлануучу үчүн жагымдуу боло алат. Экинчи мамиле жабырлануучунун коопсуздугун камсыз кылат, мына ошондуктан ал кийинки зомбулукту алдын алууга мүмкүндүк берет, бул да зомбулукту аныктоону жакшыртууга таасир этүүчү фактор боло алат.

Бул суроолорго жооп издөө коргоонун зомбулуктун курмандыгынын укуктарын калыбына келтирүүгө мүмкүндүк берүүчү, реабилитациялануусуна жардам берүүчү жана зомбулуктун кайталануусуна жол бербөөчү эң натыйжалуу механизмдеринди аныктоого мүмкүндүк берет.

---

[82] Зомбулукту, кыйноолорду жана башка ырайымсыз мамилелерди натыйжалуу документтештирүү Кыргыз Республикасынын медициналык адистери жана башка ведомстволордун кызматкерлери үчүн практикалык колдонмо – Бишкек, 2011. Төмөнкү сайтта жеткиликтүү http://soros.kg/wp-content/uploads/2011/02/Tortures_documenting_guide.pdf

Ошентсе да, үй-бүлөдөгү зомбулукту ар кайсы коомдордо кабылдоодогу өзгөрүүлөр мамлекет адам укуктарынын мындай бузулууларына чыдагыстыкты көрсөткөн учурда гана мүмкүн экендигин белгилөө маанилүү. Ошондой эле аялдарды зомбулуктан коргоо маселелерин адамдын дене кол тийгистигине укугу проблемасы катары гана эмес, коомдук кызыгуунун предмети катары да кароо керек, себеби, ал жалпысынан коомдогу агрессивдүү жүрүм-турумдун, ооруп калуунун, майыптуулуктун профилактикасы, саламаттыкты сактоо жана адам укуктарын камсыздоо чөйрөсүндөгү башка маселелерди чечүү менен байланышкан.

*КРнын Акыйкатчысынын наамына Н.Т* [83] *даттануу келип түшкөн, ал 2015-жылдын 11-апрелинде күйөөсү З.Боромбаев аны сабап, үйдөн кууп чыкканын жазат. Ал гана эмес ага бензин чачып, өрттөөгө аракеттенген. Бул факт боюнча Н.Т. Сокулук РИИБсына кайрылган, бирок эч кандай аракеттер көрүлгөн эмес.*

*КРнын Акыйкатчысы бул кайрылууга байланыштуу Кыргыз Республикасынын ички иштер министрине кат жөнөткөн*[84]*. Алынган жоопто азыркы учурда арыз боюнча иликтөө жүргүзүлүп жаткандыгы билдирилген*[85]*. 2015-ж. 25-майында Сокулук РИИБсынын кылмыш ишин козгоодон баш тартуу жөнүндө чечими Сокулук районунун прокуратурасы тарабынан тарабынан четке кагылган. 2015-жылдын 27-майында кошумча иликтөөнүн натыйжасы боюнча З.Боромбаевге карата КРнын Кылмыш-жаза кодексинин 105-беренесинин 1-бөлүмү боюнча кылмыш иши козголду*[86]*.*

[83] 2015-жылдын 15-апрелиндеги кириш № Т-302
[84]2015-жылдын 16-апрелиндеги чыгыш № 11-809
[85] 2015-жылдын 2-майындагы чыгыш № 1/0-42
[86] 2015-жылдын 3-июнундагы чыгыш № 1/0-57.

*КРнын Акыйкатчысынын наамына М.Т. арыз келген[87], анда 2015-жылдын 18-сентябрында жубайы Н.Турдалиев аны катуу сабап салганы көрсөтүлөт. Бул факт боюнча М.Т. Бишкек ш. Свердлов РИИБсына кайрылган. Бирок, РИИБнын тергөөчүсү К Ролдоев арызды кабыл алуу менен аны караган эмес жана ал боюнча иликтөө жүргүзбөгөн, ошондой эле М.Т.ге орой мамиле жасаган. ,*

*КРнын Акыйкатчысынын Аппараты тарабынан КРнын ички иштер министринин наамына эки жолу кат жөнөтүлгөн[88]. Алынган жоопто[89] М.Т. арызы боюнча 2015-жылдын 30-октябрында № 3-15-1941 кылмыш иши козголуп, сотко жөнөтүлгөндүгү айтылат.*

*КРнын Акыйкатчысынын наамына Г.С.дан арыз келген[90], анда ал 2004-жылдан бери Абдыкалык уулу Талгат менен катталган никеде турганы, ал аны дайыма сабап, кемсинткени көрсөтүлгөн. 2015-жылы 11-январда Абдыкалык уулу Талгат катуу мас абалында аны кайрадан катуу сабап салган.*

*Бул факт боюнча арыз ээси Бишкек ш. Ленин районунун ИИББсына кайрылган. Бирок, түшүнүксүз себептер менен иш иликтенген эмес.*

*КРнын Акыйкатчысынын аппаратынын кызматкерлери Ленин районунун прокуратурасына эки жолу кат жөнөтүшкөн[91]. Алынган жооптон[92] 2015-жылдын 26-июнунда кошумча соттук медициналык экспертиза дайындалганы, анын натыйжасы менен укуктук баа берилери көрсөтүлгөн.*

---

[87] 2015-жылдын 13- октябрындагы кириш № Т-703.
[88] 2015-жыл 20- октябрындагы чыгыш № 11-2211.
[89] 2015-жыл 3-ноябрындагы чыгыш № 1/0-111.
[90] 2015-жыл 19- июнундагы кириш № С-492.
[91] 2015-жылдын 24- июнундагы чыгыш № 11-1376 ; 2015-жыл 28-июль, чыгыш №11-1600
[92] 2015-жылдын 1-июлундагы чыгыш. № 769-19

*Бирок, 2015-жылдын 24-сентябрында Г.С. ал мурда жазган арызды карабоону өтүнүп тосмо арыз жазган*[93].

*КРнын Акыйкатчысынын наамына арыз менен А.Н. кайрылган*[94]*. Ал жубайы И.Надиров аны дайыма сабаганы, курал менен коркутканга чейин жетип, психикалык кысым жасаганын жазган.*

*Үй-бүлөлүк зомбулук фактысы боюнча арыз ээси Бишкек ш. Октябрь РИИБсына кайрылган, ага кайтаруу ордери берилген. Бирок, жубайы тараптан коркутуулар уланып жатат.*

*Бул арыз боюнча КРнын Акыйкатчысынын аппаратынын кызматкерлери тарабынан КРнын Ички иштер министрлигине эки жолу кат жөнөтүлгөн*[95]*. Алынган жоопто*[96] *И.Надировдун аракеттеринен кылмыш курамы табылбагандыгы, анын натыйжасында кылмыш ишин козгоодон баш тартылгандыгы көрсөтүлөт.*

КРнын Конституциясынын 36-беренесинде жазылгандай, үй-бүлө – коомдун негизи. Иш жүзүндө мамлекеттик бийлик органдары биринчи кезекте үй-бүлөнү сактап калууга аракеттенишет. Тараптар жарашканда укук коргоо органдары козголгон кылмыш иштерин “кылмыш курамы жоктугунан улам” кыскартышат. Бирок, бирге жашоосун андан ары улантууну чечишкен адамдар менен ресторативдик мамиледе каралган квалификациялуу психологиялык иш жүргүзүлбөйт. Натыйжада, үй-бүлөдөгү зомбулук көп кайталанат жана системалуу мүнөзгө ээ боло баштайт. Ошол эле учурда мыйзамдарда үй-бүлөлүк зомбулук үчүн жазалоочу санкциялар каралган. Бардык кылмыштар сыяктуу эле үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адам ал үчүн мыйзамда каралгандай жаза тартууга тийиш. Ошентип,

---

[93] 2015-жылдын 2-октябрындагы чыгыш № 769-19
[94] 2015-жылдын 7- августундагы кириш№ Н-594
[95] 2015-жылдын 11- августундагы чыгыш №11-1716; 2015-жылдын 1- сентябрындагы чыгыш № 11-1852
[96] 2015-жылдын 9-сентябрындагы чыгыш № 1/0- 98

үй-бүлөлүк зомбулук жөнүндө арыз түшкөндө укук коргоо органдары зордукчулдун аракеттерин квалификациялашат, ал кийин келтирилген зыяндын оордугун эске алынуу менен кылмыш же административдик жаза тартат. Ошондой эле Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлиги менен Кыргыз Республикасынын Саламаттыкты сактоо министрлигинин 2000-ж. 24-апрелиндеги «Дарылоо профилактикалык мекемелерде криминалдык мүнөздөгү травмаларды эсепке алууну жүргүзүү жана ал маалыматты ички иштер органдарына берүү тартиби жөнүндө» №277/307 биргелешкен буйрук да бар, анда саламаттыкты сактоо кызматкерлери ички иштер органдарына (ИИО) үй-бүлөлүк зомбулук учурлары жөнүндө токтоосуз маалымдоого милдеттүүлүгү жазылган.

Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын аппаратына түшкөн арыздардын анализи иш жүзүндө мамлекеттик органдардын аракеттеринин жетишсиз так иштелип чыкпаган механизмдери үй-бүлөлүк зомбулуктун курмандыктары мамлекеттин коргоосун сезишпегендигине алып келип жатканын көрсөтөт.

## Сунуштар

### Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши

1. “Үй-бүлөлүк зомбулуктан арачалоо жана коргоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын жаңы мыйзамын иштеп чыгуу жана кабыл алуу зарыл.

### Кыргыз Республикасынын Өкмөтү

1. Үй-бүлөлүк зомбулуктан арачалоо жана коргоо чөйрөсүндө ыйгарым укуктуу мамлекеттик органды аныктасын.

## Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлиги

1. Гендердик жана үй-бүлөлүк зомбулуктун курмандыктарына укуктук, социалдык жардам жана кызмат көрсөтүүнүн стандарттарын иштеп чыксын.

2. Кризистик борборлордун жана баш калкалоочу жайларды колдоо, үй-бүлөдөгү зомбулуктан коргоо боюнча кызматтардын комплекстүү мүнөзүн камсыз кылуу үчүн мамлекеттик социалдык заказдын механизмдерин киргизсин.

## КРнын ички иштер министрлиги, КРнын Саламаттыкты сактоо министрлиги, КРнын Улуттук статистика комитети, КРнын Жогорку сотуна караштуу Сот департаменти

1. Үй-бүлөлүк зомбулук учурлары боюнча гендердик анализ боюнча статистиканын ведомстволор аралык борборлоштурулган структурасын иштеп чыгышсын.

### 2.2.5. Жашы жете электер менен нике

Жашы жете элек балдар толук макулдук бергенге, никенин кесепетин толук аңдаганга жана үй-бүлөлүк милдеттерди аткарууга жөндөмсүз деп эсептелинет. Жашы жете электер менен баш кошуу, балдардын укугун бузган, билим алуусуна, кыздардын өсүп жетилишине тескери таасирин тийгизген, ар кандай зордук-зомбулуктун алдында алсыз кылган, алардын өмүрүнө жана ден соолугуна коркунуч келтирген дискриминациялык практика болуп саналат. Жалпы алганда жашы жете электер менен баш кошуу аялдарга жасалган гендердик дискриминациянын тамыр жайышын кеңейтет.

Кыргыз Республикасынын балдар жөнүндөгү Кодексинде жана башка нормативдик актыларында жашы жете элек деп 18 жашка чыга электер таанылат.

Кыргыз Республикасы Балдардын укугу жөнүндө Конвенцияны[97] жана аялдарга карата дискриминациянын бардык формаларын жоюу тууралуу Конвенцияны[98] ратификациялап, ошондой эле нике курагына жеткенде жана никени каттоодо никеге турууга макулдук берүү Конвенциясына[99] кошулган.

Кыргыз Республикасы светтик мамлекет болуп саналат, ал эми дин жана башка культтар мамлекеттен тышкары.

КРнын Конституциясы нике курагына жеткендерге никеге турууга жана үй-бүлө күтүүгө укук берет. Бир дагы нике никеге туруп жаткандардын эки жактын ыктыярдуулугу жана макулдугусуз катталбайт. Нике мамлекет тарабынан (36-б. 4-п.) катталат. КРнын Үй-бүлө кодекси боюнча нике курагы 18 жашка толгондо деп белгиленген (14-б.). Бирок, негиздүү себептер болгон учурда жашаган жериндеги ЖӨБ органдары никеге турууну каалагандарды, алардын өтүнүчү боюнча аялдын же эркектин нике жашын мамлекеттик балдарды коргоо органынын аймактык өкүлүнүн комиссиялык корутундусу боюнча бир жылга төмөндөтө алат. Мыйзам кандай негиздүү себептер керек экендигин аныктабайт, ошондуктан көбүн эсе практикада аялдын боюна бүтүп калгандыгы себеп болот.

КРнын Кылмыш-жаза кодексинде нике мыйзамы бузулган учурда жоопкерчилик каралган. Эгерде, факт жүзүндө 17 жашка жетпегендерди никеге турууга мажбурласа, 5 жылга чейин эркинен ажыратылат, ал эми никеге туруу үчүн ала качса – 10 жылга чейин эркинен ажыратуу каралган (154-берене).

Мындай прогрессивдүү, жетишерлик сандагы мыйзамдар болгону менен Кыргыз Республикасы жашы жете электердин никеге туруусунун көбөйүп баратканына байланыштуу бир катар сунуштарды алды. БУУнун балдардын укугу боюнча комитети Кыргыз Республикасынын балдардын укугу жөнүндөгү Конвенциясын аткаруусу жөнүндөгү Экинчи докладындагы мезгилдик Жыйынтык сунуштарында кыздардын аргасыз никеге турууга мажбур болушунан улам, алардын мектептерден чыгып кетип жаткандыгы тууралуу тынчсыздангандыгын билдирди[100].

---

[1] КР Жогорку Кеңешинин 1994-жылдын 12-январындагы №1402 токтому.
[98]КР Жогорку Кеңешинин Мыйзам чыгаруу жыйынын 1996- жылдын 25- январындагы З № 320-1 жана КР Жогорку Кеңешинин Эл өкүлдөр жыйынынын 1996 –жылдын 6-мартындагы № 257-1 токтомдору.
[3] Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Мыйзам чыгаруу жыйынынын 1996-жылдын 25-январындагы З № 322-1 жана КР Жогорку Кеңешинин Эл өкүлдөр жыйынын 1996-жылдын 6-мартындагы П № 260 токтому.

[100] Балдардын укугу боюнча комитет. 37- сессия. Корутунду сын-пикирлер: Кыргызстан, 2004- жыл. төмөнкү сайт: http://www.ohchr.org/RU/countries/ENACARegion/Pages/KGIndex.aspx

Кыргыз Республикасы боюнча Төртүнчү мезгилдик докладындагы Жыйынтык пикиринде, аялдарга карата дискриминацияны жоюу Комитети (мындан ары –Комитет) нике жашына жете электердин никеге туруусу, никеге туруунун төмөнкү жашы 18 деп көрсөтүлгөнүнө карабастан абдан кеңири жайылып баратканына тынчсызданганын билдирген[101]. Комитет ошондой эле көптөгөн аялдар, айрыкча турмушка диний мыйзамдардын негизинде чыккандар, алардын расмий таанылбаган никеси бузулган учурларда, алар мыйзамдарда каралган укуктардан пайдалана албагандыгын бегилейт. Буга байланыштуу Комитет Кыргызстанга нике факт жүзүндө расмий катталгандан кийин гана диний никеге турууга боло тургандыгы тууралуу мыйзамдарга өзгөртүү киргизүүнү ыкчамдатууну сунуш кылат. Бул КР Конституциясы талап кылгандай бардык никелерди каттоого алууну камсыз кылат.

Жашы жете электердин никеси каттоого алынбагандыктан, алардын саны тууралуу расмий так маалыматтар жок. Мунун натыйжасында маселенин реалдуу масштабын аныктоого мүмкүн болбой жатат. Бирок нике жашына жетпей төрөгөн аялдардын саны артканы белгиленүүдө, КР Акыйкатчысынын (Омбудсмен) аппаратына кайрылгандардын саны, кризистик борборлордун маалыматтары, иликтөө иштеринин жалпы жыйынтыгы жашы жетелектердин факт жүзүндө никелик мамиледе жашап жатышканын көрсөтөт.

Азыркы убакытка чейин республикада улуттук деңгээлде жашы жете электер менен никеге туруу маселеси боюнча атайын иликтөөлөр жүргүзүлгөн эмес, ошондуктан алар тууралуу маалыматтар башка өңүттө жүргүзүлгөн иликтөөлөрдүн жыйынтыгында алынган кошумча маалыматтар гана болуп саналат.

2014-жылы өткөрүлгөн көп индикатордук кластердик иликтөөлөрдүн жыйынтыгы боюнча Кыргызстандагы 15-49 жаштардагы аялдардын 12,7 пайызын жашы жетпей туруп турмушка чыккандар түзгөн. Жашы жетпей туруп никеге туруу айыл жерлеринде шаарга караганда (15,6% жана 9,2% катышында) көбүрөөк, ал эми жакыр жашаган үй чарбаларында бакубат жашагандарга салыштырмалуу (9,2%) эки эсеге көбүрөөк (15,9%) кездешет[102].

2012-жылы жүргүзүлгөн медикодемографикалык иликтөөлөрдүн маалыматы боюнча, 25-49 жаштагы аялдардын 1 пайыздан азыраагы биринчи жолу 15 жашка чейин турмушка

[101] Кыргызстандын Төртүнчү мезгилдик доклады боюнча жыйынтык пикирлер, 2015- жыл, 11- март CEDAW/C/KGZ/CO/4.Төмөнкү сайттан табасыз: *http://tbinternet.ohchr.org/_layouts/TreatyBodyExternal/Countries.aspx?CountryCode=KGZ&Lang=RU*

[102] Кыргыз Республикасы, Көп индикатордук кластердик иликтөө, 2014- жыл. Жыйынтык отчет. – Бишкек, Кыргыз Республикасы: Кыргыз Республикасынын статистикалык комитети, БУУнун Балдар Фондусу (ЮНИСЕФ). – 2015. – 172-175-б. Төмөнкү сайттан табасыз: *http://www.mics2014.kg/images/russian.pdf*

чыгышса, алардын 14 пайызы 18 жашка чыга элегинде никеге турушкан. Ошол эле учурда 18 жашка чейин үйлөнгөн эркектер катталган эмес.[103]

Жыл сайын ИИМде жашы жете электерди никеге турууга мажбурлаган кылмыштар катталууда, мисалы, 2014-жылы жашы жете электердин төрөп коюусу боюнча 5 факт катталган. Бирок, эске сала кетсек ИИМдин статистикасынын мындай кылмыштар өтө жабык мүнөздө болгондуктан баарын камтый албаган кемчиликтери бар.

Белгилүү бир деңгээлде жашы жете электердин никесинин өсүшүнө, нике жашына жете электе төрөгөн аялдардын санынын өсүшү күбө боло алат. Мисалга, 2006-жылдан берки расмий маалымат боюнча 15-17 жаштагы кыздардын бала төрөөсү туруктуу өскөн: 2006-жылы ушул жаштагы 1000 кызга 4,4 бала туура келсе. 2014-жылы 7,4 бала туура келген. Ошондой эле бой жеткен 18-19 жаштардагы бой жеткен аялдарды алсак: 2010-жылы  бул курактагы 1000 аялга 75,5 бала туура келсе, 2014-жылы 92,7 бала туура келген.[104]

БУУнун эл арасындагы ишмердүүлүк  Фондунун баасы боюнча (мындан ары - ЮНФПА) жашы жете электердин эртелеп турмуш куруусунун эң башкы себеби этномаданий салттар болуп саналат, ага ылайык аялдын социалдык ролу бир гана үй жумуштары жана бала тарбиялоо болуп эсептелинет. Балдардын катышуусундагы мындай никелердин дагы бир себептери кедейчилик, социалдык айырмачылык, социалдык конфликттер, исламдын таасирлеринин өсүшүнө карата укукту колдонуу практикасынын төмөндүгү да таасирин тийгизүүдө[105].

Башка иликтөөлөрдүн маалыматы боюнча жашы жете электердин никеси көп учурда ар кандай зордук-зомбулук менен коштолот[106]. Адегенде никеге кыздарды эне-атасы аргасыз кылат, кийинчерээк ал күйөөсү жана анын туугандары тарабынан зомбулукка кабылат.

Жашы жете электердин никеси бир гана жабырлануучунун арызы менен кылмыш иши козголо турган жекелик айыптоо чөйрөсүнө кирет. Бирок ала качкан же эне-аталары тарабынан берилген кыздар көп учурда укук коргоо органдарына билиминин

[103] Кыргыз Республикасынын медициналык-демографиялык иликтөөсү 2012- жыл, Б. 85. – Бишкек, Кыргыз Республикасы,Calverton, Maryland, АКШ: КР Улуттук статистикалык  комитети,  министирлик

[104] Эрте никелерге ыкчам баа берүү ЮНФПА, 2012. Төмөнкү сайттан табасыз: *http://eeca.unfpa.org/sites/default/files/pub-pdf/unfpa%20kyrgyzstan%20overview.pdf*

[105]Кыргызстандагы эрте никелерди жана эрте эне болуу  маселелеринин анализи.  "Бир Дүйнө Кыргызстан"» КБ укук коргоо кыймылы – Бишкек, 2013. – С. 32.

[106] Төмөнкү сайтта: *http://www.ohchr.org/Documents/Issues/Women/WRGS/ForcedMarriage/NGO/HumanRightMovement1.pdf*

төмөндүгүнөн, ошондой эле эне-атасы же никеге аргасыз кылган башка адамдар менен соттук конфликттерге барууну каалабагандыктан арыз жазгандан баш тартышат.

Коомдо кээ бир адамдар жашы жете электердин никесин акташып, алардын укуктарынын жана кыздын кызыкчылыктарын эске алышпайт. Ар бир коомдо жашы жете электердин турмушка чыгышы жакшы белгилүү, нике тоюндагы салтанаттарга көп учурда алардын мугалимдери жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу бийлигинин өкүлдөрү катышып олтурушат. Бирок, мындай факт коомчулукка белгилүү болсо дагы, бул кызды коргогон соттук иликтөөлөргө чейин жетпейт[107].

2014-жылдын жаңы төрөлгөндөрдүн чейрек бөлүгү (25,9%) – бул никеге турбаган энелердин балдары болгон. Ошол эле учурда 23 миңден ашык бала эне-аталарынын биргелешкен арыздарынын негизинде катталган[108]. Бул толук түрдө алардын дээрлик бардыгы диний никеде турушу мүмкүн деп айтууга негиз берет, коомдук жана эл аралык уюмдардын[109] маалыматы боюнча мындай көрүнүш улам адатка айланып баратат.

Айтылып жүргөндөй эч ким тарабынан көзөмөлгө алынбаган “мусулман никеси” ар бир мусулманга айрым шарттарда 4 аялга чейин уруксат берет. Ал диний никени мечитте “нике кыюу” ырым-жырымы менен молдо жүргүзөт. Аял менен ажырашуу үчүн мусулман никесинде үч жолу “Талак” деп айтуу жетиштүү болот.

Укуктук билиминин төмөндүгүнөн көпчүлүк аялдар, айрыкча, айыл жерлеринде расмий нике менен диний никенин айырмасын биле беришпейт. Алар “нике” кыюу ырым-жырымы күйөөсү каза болгон же ажырашкан учурда, атургай балдары бар болуп туруп мураскор болууга жана мамлекеттен материалдык жардам алууга (алимент, бир жолку төлөнгөн жөлөк пул, пенсия ж.б.у.с.) аялга эч кандай укук бербей турганын билишпейт. Мамлекеттик каттоодон диний никенин пайдасына баш тартуу аялдардын жана балдардын укугун бузулуу тобокелчилигин жогорулатат.

Негизи, көрсөтүлгөн статистикалык маалыматтар, толук эмес экендигине карабастан, Кыргызстанда жашы жете электер арасында эртелеп баш кошуулардын саны ата-энелердин кудалашуусунун жана кыз ала качуунун, ошондой эле өспүрүмдөрдүн жыныстык турмушту эрте баштапшынын негизинде өсүп жаткандыгын ишенимдүү далилдей алат. Бул көрсөткүчтөрдүн өсүшүнө жашы жете элек кыздарды зордуктоо да кошумча болууда. КР Акыйкатчы (Омбудсмен) Аппаратына жашы жете электер

[107] Кыргыз Республикасындагы жашы жетелектердин нике көйгөйүнө калктын мамилеси. ОО «Демократия үчүн жана жарандык коом Коалициясы». – Бишкек, 2015. – Б. 6-7.
[108] Кыргыз Республикасынын аялдары жана эркектери. Статистикалык жыйнак. КР Улуттук Статистикалык комитети – Бишкек, 2015. – Б.24.
[109] Төмөнкү сайттан табасыз: *http://www.ia-centr.ru/expert/7200/*

арасындагы никелешүү фактысы тууралуу кайрылуулар боюнча КР Акыйкатчы (Омбудсмен) Аппараты граждандык нике менен жашап жаткан аялдарга кеп-кеңештерди берип келет. КР Үй-бүлө кодексинин 14-беренесине ылайык никеге туруу үчүн балдардын укугун коргоо боюнча тиешелүү аймактык мамлекеттик органдардын бөлүмдөрүнүн комиссиялык корутундусу алынышы керек деген талаптарга карабастан кээ бир учурларда жашы жете элек кыздарга нике кыюу ырымдары жүргүзүлгөн. Мындай никелер жашы жете электерди бузуу катары бааланып, андыктан, күйөө бала менен аларга нике кыйган адамдар кылмыш жоопкерчилигине тартылууга тийиш. КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) Аппаратына кайрылуулардын анализи жашы жете электер менен никеге туруу, көбүнесе күйөөгө тийгенден кийин деле улана келген жыныстык зомбулукка байланыштуу экендигин көрсөтөт. КР Акыйкатчысына (Омбудсменине) М.Б. аттуу жашы жете элек кызынын тагдыры боюнча У.Б. аттуу жаран[110] арыз менен кайрылган. Ал өз арызында М.Б. аттуу жашы жете элек кызын Э.Ормонов көптөн бери жашыруун зордуктап келгендигин билдирген. Натыйжада кыздын боюна бүтүп калып, ата-энеси аны Э.Ормоновдун үй-бүлөсүнө берүүгө мажбур болушкан. Э.Ормоновдун үй-бүлөсү жашы жете элек М.Бны тынымсыз басмырлап келишкен жана кийин аны үйдөн кууп чыгышкан. М.Б. төрөгөн баланы Э.Ормоновдун үй-бүлөсү чанып, өз баласы катары таанybай коюшкан. М.Бнын ата-энеси Баткен облусунун Лейлек райондук ИИМине алардын кызын системалуу түрдө зордуктоо фактысы боюнча кайрылышкан. Бирок, кылмыш иши далилдердин жетишсиздигине байланыштуу токтотулган. КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) Аппараты тарабынан КР Башкы прокуратурасына кат жолдонгон[111]. Ага алынган жоопто[112] У.Бнун кайрылуусу боюнча Баткен облустук прокуратурасынын 2015-жылдын 12-мартындагы №442-баш тартуу материалы боюнча чечими жокко чыгарылгандыгы жана иш кошумча тергөөгө жөнөтүлгөндүгү айтылган. Бирок, кошумча тергөөдөн кийин деле “кылмыш курамынын жоктугуна байланыштуу” деген жүйөө менен кылмыш ишин козгоодон баш тартылган.

КР Акыйкатчы (Омбудсмен) Аппаратынын жашы жете электердин катышы бар нике боюнча, анын ичинде, мамлекеттик каттоого ыйгарым укуктуу органдын уруксатын алууга тийиш болгон 17деги жашы жете электердин катышы бар нике боюнча бардык кайрылуулары келип түшкөн эмес. Кайрылуулардын көпчүлүгү бала жана мүлк

[110] *2015-жылдын 26-февралындагы кириш № Кл.Б –149.*
[111] *2015-жылдын 4-мартындагы чыгыш № 11-435*
[112] *2015-жылдын 7-апрелиндеги кириш №09-107*

бөлүштүрүү иштерине байланыштуу. Жашы жете электе турмушка чыгып, бир нече жыл каттоосуз жашап, ажырашкан аялзатына өз укугун коргош кыйын.

Далилдерди чогултуу тартиби татаал, ал эми соттук териштирүүлөр узак мезгил менен материалдык чыгымдарды талап кылат. Ушунун баары аялдардын мүлктүк укуктарын чектөөгө алат. Аялзатына, андан тышкары, аталыкты аныктоо жана балдар үчүн алимент кестирүү да кыйынга турат. Аялдардын сотко кайрылуусуна туугандарынын, коңшуларынын, айылдаштарынын терс мамилеси да тоскоолдук жаратат. Кыргыз Республикасында жашы жете электердин баш кошуусу бардык аймактарда жана бардык этникалык топтор ичинде болуп жатат. Жашы жете элек курактагы никеден коргоонун азыркы укуктук механизмдери иштебей жатат, себеби, мындай никелердин көпчүлүгү алардын мыйзамдуу өкүлдөрүнүн – ата-энелердин, камкорчулардын (опекундар), көзөмөлчүлөрдүн (попечителдер) эрки менен ишке ашырылып келатат. Жергиликтүү деңгээлде жашы электер менен никеге туруу “нике кыюу” сыяктуу диний жөрөлгөлөрдүн негизинде ишке ашырылат. Ал мына ушундай мыйзамсыз тажрыйбанын кеңири жайылышына түрткү болууда. Кыргызстанда жашы жете электердин турмуш курушу мажбурлап күйөөгө берүү, кыз ала качуу жана көп аял алуу сыяктуу терс көрүнүштөр менен да байланыштуу. Жашы электердин турмуш курушу көп учурда психологиялык зомбулук жана каржылык кызыкчылык менен гана коштолбостон, уруп-сабоо жана сексуалдык зордуктар менен коштолот.

**Сунуштар**

**Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө:**

1. Жашы жете электер менен никеге турууга жол бербөө боюнча Кыргыз Республикасы кабыл алган эл аралык милдеттенмелердин аткарылышын камсыздоо;

2. Жашы жете электер менен никелешүү боюнча кылмыш иштерин натыйжалуу кароо максатында улуттук мыйзамдарды өркүндөтүүнү улантуу. Т.а., жашы жете электер менен никеге туруу жана мажбурлап баш коштуруу сыяктуу кылмыштар боюнча кылмыш иштерин жашы жете электер менен алардын ата-энелеринин арызы жок эле козголо турган “ачык иш” (публичный) категориясына которуу. Балдарын эртелеп турмуш курууга мажбурлаган жашы жете электердин мыйзамдуу өкүлдөрүнүн (ата-энелердин, камкорчулардын, көзөмөлчүлөрдүн) жоопкерчиликтерин көтөрүү жана мындай жосунсуз аракеттерди оорлотуучу жагдай катары кароо. Тергөө органдары менен соттордун укук колдонуу практикасында жашы жете электерди никелешүүгө мажбурлоого

катышкандарды жоопкерчиликке тартуу тажрыйбасын киргизүү боюнча чараларды иштеп чыгуу. Мамлекеттик кызматкерлердин этикалык Кодексине жашы жете электердин катышы бар үйлөнүү үлпөттөрүнө, ошондой эле, ала качуу менен коштолгон тойлорго баруу жарандык этиканы бузуу болуп саналат деген шарттарды киргизүү.

3. Катталбаган никенин арбышын эске алуу менен балдар менен аялзатынын мүлктүк укуктарын коргоо максатында диний нике кыюу жөрөлгөсүнүн тартибин өзгөртүү. 2008-жылы 31-декабрда кабыл алынган "Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар тууралуу" мыйзамынын 21-беренесинин 5-бөлүмүндөгү "граждандык регистрация менен катар" деген сөздү "жарандык актыларды жүргүзүүчү органдар тарабынан никени мамлекеттик каттоо тууралуу күбөлүгү бар болгондо" деген сүйлөм менен алмаштыруу. Сунушталган ченем эч кандай диний нормаларга каршы келбейт, тескерисинче, мындай шартта төрөлгөн балдар менен аялзатынын мүлктүк укуктарын коргоо багытындагы кошумча чара болуп эсептелет.

4. Жашы жете электер арасындагы нике тууралуу статистикалык маалымат топтоо ишин жакшыртуу чараларын иштеп чыгуу, КР Улуттук статистика комитети тарабынан көйгөйдүн реалдуу өлчөмүн аныктоо максатында сурамжылоого катышкандардын аты-жөнүн айтпай туруп, жыйынтыгын жалпыга жарыялоо менен анонимдүү изилдөөлөрдү жүргүзүү.

5. Турмуш куруу, репродуктивдик ден соолук маселелерин маданий өзгөчөлүктөр менен окуучулардын жаш курагын эске алуу аркылуу туура жашоо образы боюнча билим берүү тармагында класстан тышкаркы сабактарды иштеп чыгуу жана киргизүү.

6. Катышуучулардын (мамлекеттик бийлик өкүлдөрүнүн, медицина кызматкерлеринин жана мугалимдердин, өкмөттүк эмес уюмдардын, кризистик борборлордун, эл аралык уюмдардын, диний ишмерлердин ж.б.) кеңири чөйрөсүн тартуу менен ата-энелерге, мектеп окуучуларга эрте турмуш куруунун зыяндуу кесепеттери тууралуу маалымат таркатуу. Мында мыйзам шарттаган айрым бир өзгөчө талаптарды сактоосуз эртелеп турмуш куруудга жол берүү жашы улуу жубай үчүн кылмыш болуп саналарына басым жасалышы шарт.

7. Жарандык актылардын абалын каттоо (ЖААК) органдарынын астында жигиттер менен кыздарды үй-бүлөлүк турмушка, болочок жубайы жана анын ата-энеси менен ак-ниет жашоого даярдоо багытындагы кыска мөөнөттүү курстарды уюштуруу.

8. Эрте турмуш куруунун, көп аял алуучулук менен катталбаган никенин зыяндуулугу жана мыйзамсыздыгы тууралуу массалык маалымат каражаттарынын (ММКнын) катышуусу менен системалуу маалыматтык-агартуу өнөктүгүн жүргүзүү.

### 2.3. Баланын укуктары

#### 2.3.1. Жетим балдардын турак-жайга укугу

Соңку жылдары Кыргызстанда социалдык-экономикалык жана саясий турмуштун уланып жаткан туруксуздугунун шарттарында жетим балдардын жана ата-эненин багуусу жок калган балдардын санынын туруктуу өсүш тенденциясы байкалууда. Анын үстүнө балдардын ушул категориясынын бир бөлүгү алардын ата-энеси каза болгондон улам багуусуз калган. Калгандары «социалдык жетимдер» деп аталган категорияга кирет, башкача айтканда, ата-энелери тирүү туруп жетим болуп саналат жана алардын саны өтө тез өсүп жатат. Ата-энеси тирүү туруп жетим болгон балдардын көбөйүшүнүн негизги себептери болуп үй-бүлөнүн кадыр-баркынын төмөндөшү, анын материалдык жана турак-жай жактан оорчулуктары, никесиз төрөлгөн балдардын санынын өсүшү, асоциалдык жашоо ыңгайын өткөрүп жаткан ата-энелердин көбөйүп жатканы саналат.

Жетим балдар – булар калктын эң жакыр категорияларынын бири. Ата-эненин мээримин жана камкордугун эч нерсе менен компенсациялоо мүмкүн эмес. Эл аралык укуктун талаптарына ылайык өзүнүн үй-бүлөлүк чөйрөсүнөн убактылуу же туруктуу ажыраган же ушундай чөйрөдө мындан ары кала албай турган бала мамлекет берүүчү өзгөчө коргоого жана жардамга укуктуу (“Баланын укуктары жөнүндө” конвенциянын 20-беренеси). Кыргызстан жетим балдардын жатак үйлөрүнүн бүтүрүүчүлөрүн турак-жай менен, же болбосо жер тилкеси менен **камсыз кыла албай** келет. Анын бир нече себептери бар. Алардын ичинен эң көп орун алгандары болуп төмөнкүлөр саналат: мамлекеттин карамагындагы социалдык турак-жайдын санынын жетишсиздиги; балдар үйлөрүндө аларга бекитип берилген турак-жайдан ажырап калуу; мамлекеттик жана муниципалдык турак-жайды курууга каражаттын жоктугу ж.б. КР Балдар жөнүндө кодексинин 6-беренесине ылайык «балдардын укуктары менен таламдарын коргоо жагындагы мамлекеттик саясат Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык балдардын укуктарын жана таламдарын толук **камсыз кылуу**га, оор турмуштук кырдаалга кабылган балдарды коргоону ойдогудай **камсыз кылуу**га багытталган. Оор турмуштук кырдаалга кабылган балдардын укуктарын, таламдарын **камсыз кылуу** жана

коргоо мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын иштеринин артыкчылыктуу тармагы болуп саналат». Баланын укуктары жөнүндө конвенцияга (3, 20, 27-беренелер), КР Конституциясына (46-берене), КР Турак-жай кодексине (10-13 43, 44, 69-беренелер); КР Граждандык кодексине (11-16-статьялар) ылайык бекитип берилген турак-жайы бар жетим балдар жана ата-энеси карабай калган балдар, ошондой эле, камкордукта (көзөмөлдө) турган балдар билим берүү мекемесинде же калкты социалдык жактан тейлөө мекемесинде, ошондой эле, менчигинин түрүнө карабастан бардык түрдөгү кесиптик билим берүү мекемелеринде жүргөн бүткүл мезгилде, КР Куралдуу Күчтөрүнүн катарында кызмат өтөгөн учурда, эркиндигинен ажыратуу түрүндөгү жазаны аткарып жаткан мекемелерде жүргөндө ага укукту сактайт.

Бирок чынына келгенде, көп учурда алардын менчигиндеги турак-жайды жакын же алыс туугандары ээлеп алат, ал эми айрым учурда таптакыр эле бөтөн адамдарга өтүп кетет. Жетим балдарды турак-жай менен **камсыз кылуу** милдети жүктөлгөн жергиликтүү бийликтер, **иш жүзүндө, өзүнүн ушул функциясын аткарбайт жана жетимдерге турак-жай бербейт. КР Өкмөтү ушул орчундуу маселелерди системалуу чечүү зарылчылыгына көңүл буруугa тийиш. Жашы жете элек бала укуктуу болгон турак-жай ал 18 жашка толгондон жана балдар үйүндө, камкорчулук токтотулгандан, ошондой эле кесиптик билим берүү мекемесиндеги окуу аяктагандан кийин же аскерде кызмат өтөгөндөн кийин бала кайтып келе турган жер катары сакталууга тийиш.**

**Каражаттар өлкөнүн бардык региондорундагы турак-жайга муктаж болгон жетимдер үчүн аны сатып алууга бөлүнүшү үчүн жетимдерге карата социалдык кепилдиктер мамлекеттик деңгээлде аткарылууга тийиш. Бул үчүн ушул жетим балдарга муниципалдык, региондук жана республикалык маалымат банкы өтө зарыл. Балким, жетим балдардын турак-жайы жагынан бүтүмдөргө мораторийди белгилеген ченемдик укуктук актыларга толуктоо киргизүү пайдалуу болот, жетимдер мамлекеттик органдардын же башка жактардын аракеттеринин, же өздөрүнүн туура эмес аракеттеринин натыйжасында турак-жайынан ажырап калбашы үчүн ал милдеттүү тартипте жетимдерге бекитип берилүүгө тийиш. Биздин өлкөдө жетим балдардын жана багар-көрөрү жок балдардын көптүгүн (2013-жылдын аягына карата** 1957)[113] эске алсак, турак-жайга муктаж балдардын саны

[113] *http://stat.kg/* сайтынан кароого болот.

да жыл өткөн сайын өсүп жатат, анткени мындай балдар **иш жүзүндө** турак-жай менен **камсыз кылынбайт.**

КР Балдар жөнүндө кодексинин 5-беренесине ылайык «Жашоо үчүн турак аянты жок жетим балдар 16 жашка толгондо мыйзамдарда белгиленген тартипте пайдалануу укугунда турак аянтты кезексиз алуу укугуна ээ». Чындыгында болсо, ушундай балдар кезексиз тартипте **камсыз кылынуучу категорияга кирген күндө да, аларды бардык жерде турак-жайларга муктаж катарында жалпы кезекке коюу практикасы түзүлгөн.**

Белгилеп кетели, жетимдер үйүн аяктагандан кийин балдарга сапаттуу жардам берүү боюнча көзөмөл **иш жүзүндө** жок. Кала берсе, жетим балдар турак-жайды мураска алган учурда же алар кантсе да жолдуу болуп мамлекеттен турак-жай алган учурда да, алардын укуктук деңгээлинин төмөндүгүнөн улам кыянаттык жасап, менчик үйүн тартып алуунун тобокелдиги жогору.

Бүтүндөй алганда, жарандардын ушул категориясына турак-жай берүү маселесин чечүү үчүн турак-жай менен **камсыз кылуу**нун жаңы моделин иштеп чыгуу зарыл, ал көрсөтүлгөн көйгөйлөрдү чечүүгө жана жетим балдарды турак-жай менен **камсыз кылуу**нун укуктук кепилдиктерин жогорулатууга тийиш.

Бул максатта төмөнкүлөр зарыл:

- жетим балдарды турак-жай менен **камсыз кылуу максатында** кезекте турган башка адамдардан жана жеңилдиктери бар жарандардын категориясынан **айырмаланган тартипти иштеп чыгуу;**
- турак-жай менен **камсыз кылуу**га муктаж болгон жетим балдарды күн мурунтан табууга жана мамлекеттик турак-жай фондуна адистешкен турак-жайларды сатып алуу үчүн пландаштырууга негизделген ушундай балдардын тизмесин түзүү жөнүндө бирдиктүү эрежени мыйзамдын деңгээлинде бекемдөө;
- жетим балдарга, анын ичинде майып болуп саналган жетим балдарга жана баласы бар кыздарга турак-жайды берүү кезекти күтпөстөн кечиктирилгис мүнөздө болууга тийиш экенин эске алуу.

Ушуга байланыштуу негизги кемчиликти – дифференциялуу ыкманы эске алуу менен жеңилдиктери бар адамдардын тизмесин түзүүнү токтотуу зарыл. Эгерде жетим балдар турак-жайга муктаж экендиги жөнүндө өз алдынча арыз бербесе, анда алар үчүн муну тиешелүү органдар жана үй-бүлө менен балдарды колдоо боюнча бөлүм (мындан ары – ҮБКБ) жасоого милдеттүү.

КР Балдар жөнүндө кодексинин 13-беренесине ылайык үйү жок жетим балдар 16 жашка толгондон кийин турак-жайды кезексиз алуу укугуна ээ. Бирок мыйзамда **балдар турак-жай менен камсыз кылынууга тийиш болгон мөөнөт белгиленген эмес. Бул турак-жай кепилдиктерин турмушка ашырууга айрым чаржайыттыкты алып келет жана бийлик органдарына өзүнүн камсыз кылуучу функцияларын кыянаттык менен пайдалануусуна же аларды республикалык бюджеттен каражаттардын бөлүнүшүнө, региондук бюджеттин каражаттарынын, турак-жайды куруу же сатып алуу мөөнөттөрүнүн чектелүү экенине көз каранды кылууга жана башкаларга мүмкүндүк берет. Ушундай практика жана жогоруда көрсөтүлгөн мыйзамдардын чаржайыттыгы жетим балдардын (жана аларга теңештирилген адамдардын) алдында турак-жай карызынын өсүшүн күчөтөт жана аларды турак-жай менен камсыз кылуунун укуктук кепилдиктеринин бузулушу жана начарлашы менен коштолот.**

«Кыргыз Республикасындагы билим жана илим» статистикалык жыйнагынын[114] маалыматтарына ылайык, 2013-жылдын аягына карата республика боюнча ата-эненин кароосусуз 1957 бала жана өспүрүмдөр болгон, алардын ичинен 672 бала – томолой жетимдер. Сайтта соңку 5 жылдагы, 2014-жылга чейинки маалыматтар келтирилген.

*1-таблица*

**Ата-эненин кароосусуз калган балдардын жана томолой жетимдердин саны (2009-2013-жылдар)**

| **Жыл** | **Отчеттук мезгилдин ичинде табылган жана эсепке алынган балдардын жана өспүрүмдөрдү** | **Анын ичинде** | | **Балдардын жалпы санынын ичинен – томолой жетимдер** | | | |
| --- | --- | --- | --- | --- | --- | --- | --- |
| | | **7 жашка чейинки** | **7 жаштан 18 жашка чейинки** | **Бардыгы** | **7 жашка чейинки т** | **7 жаштан 14 жашка чейинки** | **15 жаштан 18 жашка чейинки** |

[114] *http://stat.kg/* сайтынан кароого болот

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | **н саны** | | | | | | |
| 2009 | 2538 | 875 | 1663 | 955 | 360 | 483 | 112 |
| 2010 | 2726 | 1212 | 1514 | 872 | 359 | 453 | 60 |
| 2011 | 2787 | 1088 | 1699 | 911 | 356 | 484 | 71 |
| 2012 | 2116 | 1020 | 1096 | 660 | 304 | 315 | 41 |
| 2013 | 1957 | 793 | 1164 | 672 | 208 | 295 | 169 |

Жетим кароосуз калган балдардын көйгөйлөрү бир нече жолу ЮНИСЕФ жүргүзгөн изилдөөлөрдүн жыйынтыктары боюнча жолугушууларда талкууланган. Аларды балдар үйлөрүн жана интернат мектептерди аяктагандан кийин жашаган жери боюнча каттоо маселелери КР Жогорку Кеңешинин Адам укуктары, конституциялык мыйзамдар жана мамлекеттик түзүлүш боюнча комитетинин жыйналышында да талкууланган. Алсак, 2014-жылдын 31-декабрында бул Комитеттин жыйналышында «Биздин үнүбүз» фондунун башчысы А. Ормонова жыл сайын балдар үйлөрүн 400дөн ашык бала бүтүп чыгат, бирок алардын ичинен эч кимиси азыр да, мурда да турак- жай менен **камсыз кылынган эмес деп билдирди. Натыйжада мындай балдар жашаган жери боюнча каттала албайт, бул болсо башка көйгөйлөрдү жаратат, аларды комитеттин төрайымы** Н. Никитенко жашаган жери боюнча каттоого туруудагы маселелер башка көйгөйлөрдү жаратаарын белгиледи, алар: ишке орношуу, медициналык **жана башка кызмат көрсөтүүлөрдү алуу** жагындагы кыйынчылыктар. Анын айтымы боюнча, жетим балдарга социалдык турак-жайды берүү боюнча мамлекеттик программа жөнүндө маселени карап чыгуу, ошондой эле аларды социалдык адаптациялоо боюнча **механизмдерди иштеп чыгуу зарыл.** Жетим балдарды жана ата-эненин кароосу жок балдарды өз алдынча жашоого даярдоо курч көйгөй болуп саналат, анткени балдар үйүн бүтүп чыккандан кийин мындай балдар аларга эч ким көзөмөл кылбай турган өз алдынча жашоого даяр болушпайт.

КР Балдар жөнүндө кодексинин 23-беренесине ылайык КР Акыйкатчысы (Омбудсмени) улуттук мыйзамдарда белгиленген тартипте мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу (ЖӨБ) органдары, менчигинин түрүнө карабастан башка уюмдар жана алардын кызмат адамдары балдардын укуктарын, эркиндиктерин жана мыйзамдуу таламдарын сакташына мониторингди, талдоону жана контролду жүзөгө ашырат.

Мыйзамдын ушул ченемин, ошондой эле Баланын укуктары жөнүндө конвенциянын 3, 20, 27-беренелерин, КР Конституциясынын 46-беренесин, КР Турак-жай кодексинин 10-13, 43-44, 69-беренелерин, КР Граждандык кодексинин 11-16-статьяларын КР Өкмөтүнө караштуу Архитектура жана курулуш боюнча мамлекеттик агенттиктин Мамлекеттик турак-жай куруу департаментинин Атайын эсебинин томолой жетим балдар үчүн суб эсеби жөнүндө жобосун[115] аткаруу үчүн КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) Аппараты жетим балдарды турак-жай менен **камсыз кылуу** боюнча кырдаалды талдоону жүргүзүү үчүн мамлекеттик органдарга каттарды жөнөткөн.

Алсак, КР Социалдык өнүгүү министрлигине балдар үйлөрүн бүтүрүү учурунда турак-жайды кезексиз жана кепилденген түрдө алууда балдар үйлөрүнүн бүтүрүүчүлөрүнө көмөк жана жардам көрсөтүү боюнча жер-жерлердеги ҮБКБлардын иши жөнүндө түшүндүрмө берүү өтүнүчү менен кат[116] жөнөтүлгөн.

Өзүнүн жообунда КР Социалдык өнүгүү министрлиги[117] турак-жай шарттарын жакшыртууга муктаж жарандарды эсепке алуу алардын жашаган же иштеген жери боюнча мамлекеттик органдарда же ЖӨБ органдарында жүргүзүлүүгө тийиш, бирок бул ченем турак-жайлардын мамлекеттик жана муниципалдык менчиги жоктугунан улам аткарылбайт деп белгилеген. Ошондой эле алынган жоопто төмөнкүдөй маалыматтар берилген:

2015-жылы асырап алууга 623 бала, чет өлкөлүк жарандарга 27 бала берилген. Азыркы учурда КР Өкмөтүнүн «Жеткиликтүү турак-жай 2015-2020»[118] программасы кабыл алынган, ага ылайык КР Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлигинин 2015-жылдын 12-октябрындагы № 66 буйругу менен «Жарандардын социалдык жактан корголбогон категорияларына турак-жай» моделин иштеп чыгуу боюнча жумушчу топ түзүлгөн.

*1-таблица*

**Жетим балдардын жана ата-энеси карабай калган балдардын саны**

| Балдардын категориясы | Саны |
|---|---|

[115] КР Өкмөтүнүн 2004-жылдын 24-майындагы № 378 токтому менен бекитилген.
[116] 2014-жылдын 24-ноябрындагы чыгыш № 10-2590.
[117] 2014-жылдын 5-декабрындагы чыгыш № 3/6861.
[118] КР Өкмөтүнүн 2015-жылдын 5-августундагы № 560 токтому менен бекитилген.

| | 2013-ж. | 2014-ж. |
|---|---|---|
| Ата-эненин багуусу жок калган балдар | 2503 | 2100 |
| Алардын ичинен: | | |
| • асырап алууга берилген | 757 | 643 |
| • камкордукка, көзөмөлдүккө берилген | 1258 | 1013 |
| • жатак мекемелерге берилген | 488 | 438 |
| • кабыл алган үй-бүлөлөргө берилген | 0 | 6 |
| • райондук социалдык өнүгүү башкармалыгы аркылуу ар айдагы жөлөкпулду алган жетим балдар | 688 | 764 |
| • психоневрологиялык стационардык мекемелерде жашаган жетим балдар | 10 | 7 |
| • КР Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлигинин алдындагы Социалдык жардам борборунда жашаган жетим балдар | 0 | 19 |

**2013-жылга**[119] КР Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлиги берген маалыматтар жана **КР Улуттук статистика комитетинин маалыматтары боюнча цифраларда кыйла айырма табылган. Алсак, КР Улуттук статистика комитетинин маалыматтарына ылайык, өлкөдө ата-эненин кароосу жок калган** 1957 **бала жана өспүрүм бар, алардын ичинен** 672си жетим балдар. Ал эми КР Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлиги берген маалыматтарга ылайык **Кыргызстанда ата-эненин багуусу жок калган** 2503 **бала бар, алардын ичинен** 688и жетим балдар[120]. Маалыматтардын ушундай айырмасы эмне менен шартталган – муну аныктоо зарыл, анткени ушундай балдарды **камсыз кылуу**га мамлекеттик каражаттар каралат жана жумшалат. Цифралардагы ушундай айырманын натыйжасында бүтүндөй алганда, республика боюнча статистикалык маалыматтарды бурмалоо бар жана бюджеттин чыгаша бөлүгүнө өзгөртүүлөрдү киргизүү үчүн КР Өкмөтү кайсы цифраларга таянууга тийиш экендиги белгисиз.

[119] *http://stat.kg/* сайтынан кароого болот.

[120] 2014-жылдын 5-декабрындагы чыгыш № 3/6861,.

Жер-жерлерде жетим балдардын укуктарын жана таламдарын коргоону **камсыз кылуу**га багытталган, жогоруда көрсөтүлгөн ченемдерди аткаруу жагындагы кырдаалды айкындоо үчүн КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) Аппараты Чүй областынын Сокулук районунун (бул райондун аймагында Военно-Антоновка балдар үйү жайгашкан) администрациясына жетим балдар үйүнүн бүтүрүүчүлөрүнөн канча арыз түшкөнүн сураган.

КР Конституциясы, КР Балдар жөнүндө кодекси, КР Турак-жай кодекси жетим балдарга турак-жай берүүнү жөнгө салат, бирок Военно-Антоновка балдар үйүнүн директорунун маалыматтары боюнча, тарбиялануучулар бүтүп чыгып жатканда балдар үйүнүн администрациясына турак-жай берүү маселеси менен кайрылган эмес[121].

КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) суроо-талабында ошондой эле 2000-жылдан тартып ушул мезгилге чейин балдар үйүнүн администрациясы тарабынан Военно-Антоновка айыл өкмөтүнө кайрылуулардын саны жана көрсөтүлгөн мезгилде канааттандырылган кайрылуулардын саны жөнүндө, ошондой эле бул багытта ҮБКБ көрүп жаткан чаралар жөнүндө суроо камтылган. Военно-Антоновка балдар үйүнөн алынган жоопко ылайык, соңку 5 жылдын ичинде балдар үйүнүн администрациясы балдар үйүнүн мурдагы тарбиялануучуларына жер **участокторун бөлүү жөнүндө өтүнүчү менен Военно-Антоновка айыл өкмөтүнө бир нече жолу кайрылган, бирок алардын бири дагы айыл өкмөтү тарабынан оң чечилген эмес. Азыркы учурда балдар үйүнүн 111 тарбиялануучусунун ичинен ата-энеси кайтыш болгондон кийин турак үйдү мурастоо укугу жөнүндө күбөлүк 1 гана балада бар[122].**

КР Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлиги турак-жай шарттарын жакшыртууга муктаж жарандарды эсепке алуу алардын жашаган же иштеген жери боюнча мамлекеттик органдарда же ЖӨБ органдарында жүргүзүлүүгө тийиш, бирок бул ченем турак-жайлардын мамлекеттик жана муниципалдык менчиги жоктугунан улам аткарылбайт деп белгилеген[123].

Сокулук райондук мамлекеттик администрациясынан алынган жоопко ылайык[124], Сокулук районунда 19 айыл өкмөтү жана Шопоков шаары жайгашкан. ҮБКБ жетим балдарга турак-жай берүүнү жөнгө салган мыйзам актыларын аткаруу боюнча түшүндүрүү иштерин жүргүзүп жатат. Көрсөтүлгөн мезгилдин ичинде жеке үй куруу үчүн төмөнкүдөй жер тилкелери бөлүнгөн:

[121] 2014-жылдын 23-декабрындагы чыгыш № 48-13.
[122] 2014-жылдын 23-декабрындагы чыгыш № 48-13.
[123] 2014-жылдын 5-декабрындагы чыгыш 3/6861.
[124] 2014-жылдын 2-декабрындагы чыгыш № 1894-АТ.

- Камышановка айыл өкмөтү – 3 жетим балага;
- Кызыл-Туу айыл өкмөтү – 2 жетим балага;
- Жаңы-Жер айыл өкмөтү – 1 жетим балага.

Военно-Антоновка, Күн-Туу, Кайназар айыл өкмөттөрүндө 7 томолой жетим жер алууга кезекте турат. Маалымат базасы түзүлгөн, анда баланын мүлктүк укуктары бар же жоктугу көрсөтүлөт. Алсак Военно-Антоновка **балдар үйүнүн 111 тарбиялануучусунун ичинен мурастоо укугу жөнүндө күбөлүк 1 гана балада бар. Балдар үйүндө жашаган жетим балдар өздөрүнө турак-жай берүү жөнүндө арыз менен өз алдынча кайрылган эмес. Мындан тышкары, 2000-жылдан тартып балдар үйүндө жүргөн жетим балдар үчүн турак-жай бөлүү жөнүндө арыздар айыл өкмөтүнө балдар үйүнүн администрациясы тарабынан да берилген эмес.**

**Тарбиялануучу 9-класстан кийин 16-17 жаш курагында, жашы жете элек кезинде балдар үйүн бүтүрүп чыгарат. Андан кийин алар орто окуу жайынын камкордугуна алынат, ал жерде алар окушат, жатаканада жашашат.**

**Берилген маалыматтарга ылайык, мыйзам боюнча жетим балдардын мыйзамдуу өкүлү болуп саналган** Военно-Антоновка **балдар үйүнүн** директору **иш жүзүндө** өз тарбиялануучуларынын андан аркы тагдырына кызыкпайт жана турак-жай алууга алардын мыйзамдуу укуктарын коргоодо кандайдыр-бир аракеттерди жасабайт. Бул тарбиялануучулар үчүн бир катар олуттуу көйгөйлөргө алып келет: каттоонун жоктугунан негизги документтерди (паспорт, аскердик билет **жана башкалар**) алуу мүмкүн эмес. Мындай жагдай, өз кезегинде, медициналык жардамды **жана башка кызмат көрсөтүүлөрдү алууга мүмкүндүк бербейт.**

**Бул балдар үйүндө жетекчилик тарбиялануучуларга турак аянтты алууга алардын укуктарын түшүндүрүү зарылчылыгы жөнүндө окутуучу жана тарбиялоочу курам менен иш жүргүзбөй тургандыгы жөнүндө тыянак чыгарууга болот.**

**Ушундай мыйзамдарды аткарбагандык үй-бүлөлүк чөйрөдөн тышкары тарбияланып жаткан балдарды социалдаштыруу жоктугунун учурунда өзгөчө курч болуп жатат, анткени негизинен аларда келип чыккан турмуштук көйгөйлөрдү чечүү жөндөмдөрү жок.**

Военно-Антоновка **балдар үйүнүн** директорунан алынган жооп көргөзгөндөй бөлүмдөр мекемелерге жардам көргөзбөйт. Бул мамлекеттик органдар өз милдеттерин так аткарып жатканына шек туудурат.

**КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) Аппаратынын кызматкерлери ошондой эле «жетим балдар» категориясына тиешелүү жарандардан жеке үй куруугa жер тилкесин берүү жөнүндө канча арыз түшкөнүн, алардын канчасы оң чечилгендигин сурап Сокулук райондук мамлекеттик администрациясына кайрылган.**

Берилген маалыматка ылайык[125] жеке үй куруу үчүн жер тилкесин берүү боюнча арыздар айылдын тургундарынан, анын ичинде жетим балдардан да келген. Райондун акими 2009-жылдан тартып жер жоктугунан улам тилке бөлүнбөгөнүн белгилеген.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу боюнча мамлекеттик агенттик ошондой эле ЖӨБ органдары балдар үйлөрүнүн бүтүрүүчүлөрүн турак-жай менен **камсыз кылуу**да КР Турак-жай кодексинин 12, 13-беренелерин **жетекчили**кке алаарын билдирген. Бүгүнкү күндө ЖӨБда муниципалдык менчикте турак-жайлар жок, курулуш үчүн айыл өкмөтүнө арналган турак-жайларынын 75%ы дотацияда, ошондой эле турак үйлөрдү куруу үчүн жер тилкелерин берүүгө мораторий жарыяланган, ушул себептен ЖӨБ органдары жетим балдарды тиешелүү турак-жай менен **камсыз кыла албайт.**

КР Өкмөтүнө караштуу Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жана этностор аралык мамилелер иштери боюнча мамлекеттик агенттиктин жообунда[126] жетим балдарды турак-жай жана жер тилкелери менен **камсыз кылуу** мүмкүнчүлүгү бар ЖӨБ органдары жетим балдарга жана ата-эненин кароосу жок калган балдарга өз жардамын көрсөтүп жатат деп белгиленген. Мисалы, Аламүдүн районунда 68 жетим бала бар, алардын ичинен 5 жетимге турак-жайлар бөлүнгөн (бирок алынган жоопто беш жетим бала үчүн бул жекече же жалпы «жай» болгондугу жөнүндө так маалымат жок) жана 16 жетим бала жер тилкесин алышкан**. Алсак, 2014-жылы ЖӨБ органдарына турак-жай берүү жөнүндө арыз менен томолой жетим** Ж. кызы Ф. кайрылган. ЖӨБОнун жана тиешелүү мекемелердин биргелешкен ишинин натыйжасында ага бир бөлмөлүү квартира бөлүнгөн[127].

Ошону менен бирге Жергиликтүү өз алдынча башкаруу боюнча мамлекеттик агенттик балдарга моралдык жана материалдык жактан жардам көрсөтүү мэриялар жана райондук администрациялар «Балдар – планетабыздын келечеги» сыяктуу иш-чараларды уюштуруп турат, алардын жүрүшүндө жергиликтүү бюджеттен, мамлекеттик мекемелерден, жеке ишкерлерден жана жергиликтүү кеңештердин **депутаттар**ы акча

[125] 2014-жылдын 24-ноябрындагы чыгыш № 10-2583.
[126] 2014-жылдын 1-декабрындагы чыгыш № 10-2708.
[127] 2014-жылдын 23-декабрындагы чыгыш № 01-31/1302.

бөлөт, ошондой эле, маданий-ден соолукту чыңдоо иш-чаралары өткөрүлүп турат деп көрсөткөн.

Жетим балдарды турак-жай менен **камсыз кылуу** маселелерине тиешелүү ченемдик актылардын аткарылышына көзөмөл кылуу жагынан прокуратура органдарынын ишине баа берүү үчүн КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) дарегине Бишкек шаарынын[128], Ош шаарынын[129], Чүй[130], Ысык-Көл[131], Ош[132], Жалал-Абад[133], Баткен[134], Нарын[135], Талас[136] областтарынын прокуратураларынан жооптор келип түшкөн, алардан көрүнүп тургандай, республика боюнча кырдаал жетим балдар үчүн көйгөйлүү бойдон калууда.

Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 1141-беренесине ылайык мураскорлор, Кодекстин 1142-1146-статьяларында каралган кезектүүлүк тартиби менен мурастоого чакырылат. Алсак, Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин 1142-беренесине ылайык мыйзам боюнча мурастоого укукту биринчи кезекте мурас берүүчүнүн балдары (анын ичинде асырап алган балдары), жубайы жана мурас берүүчүнүн ата-энеси (анын ичинде асырап алгандар) бирдей үлүштө алат. Биринчи кезектеги мураскорлордун катарына ошондой эле мурас берүүчүнүн ал кайтыш болгондон кийин туулган балдары да кирет.

*А. О-нун жашы жете элек А. кызы Г. биринчи кезектеги мураскору болуп саналат.*

*Бирок кайтыш болгон А. О-нун экинчи жубайы Н. Курбанкулова жана жашы жете элек кыздын* 2012-жылдын *19-мартында туулган улуу агалары Н. Ормошов, Т. Абдивалиев биринчи кезектеги мураскор кыз бар экендиги жөнүндө маалыматтарды Сузак районунун мамлекеттик нотариусунан жашырып, мурастын чоң үлүшүн алууга аракет жасашкан. Алар Сузак райондук мамлекеттик нотариалдык кеңсесине мураска укук жөнүндө күбөлүк берүү жөнүндө арыз менен кайрылып, жогоруда көрсөтүлгөн мүлктү мураска алган.*

[128] 2015-жылдын 12-январындагы чыгыш № 11/6-6-14.
[129] 2015-жылдын 22-январындагы чыгыш № 11-10Д-43-15.
[130] 2014-жылдын 12-декабрындагы чыгыш № 11/5-01-14.
[131] 2015-жылдын 20-январындагы чыгыш № 11/1-07/15.
[132] 2015-жылдын 3-мартындагы чыгыш № 11-5-84Н-15.
[133] 2015-жылдын 13- январындагы чыгыш № 11-3-1Н-26-15.
[134] 2014-жылдын 31-декабрындагы чыгыш № 11/3307-14.
[135] 2014-жылдын 31-декабрындагы чыгыш № 11-468-14.
[136] 2014-жылдын 16-декабрындагы чыгыш №10-2768.

*2013-жылдын 15-мартында Сузак районунун мамлекеттик нотариусу А. Жороев Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарын бузуп А. Ормошовдун жубайы Н. Курбанкуловага, уулу Т. Абдивалиевге, уулу Н. Ормошевге мурастоо укугун ырастаган күбөлүк берген, ал 2013-жылдын 15-мартындагы № 592 реестрде катталган. Анын натыйжасында жогоруда көрсөтүлгөн адамдар мурастоо укугуна ээ болгон жана мыйзам боюнча менчик укугу жөнүндө күбөлүктүн негизинде талаш мүлккө менчик ээси болуп калышкан.*

*Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин 1160-статьясынын 1-бөлүгүнө ылайык эгерде муаскорлордун арасында турган жери белгисиз болгон адамдар бар болсо, калган мураскорлор, мурас катты аткаруучу (мурасты башкаруучу) жана нотариус алардын турган жерин аныктоо жана аларды мурастоого чакыруу үчүн бардык зарыл чараларды көрүүгө милдеттүү. Мыйзам боюнча мурастоо учурунда мурас берүүчүнүн мүлкү мурастоого чакырылган бардык мураскорлордун ортосунда бирдей үлүш менен бөлүнөт.*

*14 жашка чейинки курактагы жашы жете элек балдар үчүн мурасты кабыл алуу жөнүндө арызды алардын ата-энелери, асырап алуучулар, же камкорчулары берет. Бирок мурас ачылган жана мурасты алган учурда жашы жете элек А. кызы Г-нын ата-энеси каза болуп, анын камкорчусу да жок болгон. Бул фактылар ата-энесинин өлгөндүгү жөнүндө күбөлүктөр жана комкорчулук жөнүндө соттун чечими менен ырасталат. Муну менен анын мүлккө болгон укуктары корголбой калган.*

*Андан соң, Н. Ормошов жана Т.Абдивалиев 2013-жылдын 19-мартындагы № 2707 реестринде катталган белекке тартуулоо **келишиминин негизинде ар биринин үлүшүнүн** 1/3 бөлүгүн мураска калган мүлктүн менчик ээси болуп саналган Н. Курбанкуловага берүүнү демилгелешкен. Ал менчикке ээси болуп калган.*

*КР Үй-бүлө кодексинин 65-статьясынын 3-бөлүгүнө ылайык бала турак аянтка, ал алган кирешелерге, ал тартууга же мурастоо тартибинде алган мүлккө, ошондой эле баланын каражаттарына сатып алынган ар кандай башка мүлккө укукка ээ. Кайтыш болгон А. О. өзү көзү өтүп кетээрин билбегендиктен мурас кат калтырбаганына карабай А. кызы Г. мыйзамдуу мураскор болуп саналат. Ошондуктан ал мурас мүлкүнө бирдей үлүшкө ээ. А. кызы Г-нын мүлктүк укуктарын бузуунун укуктук кесепеттерин болтурбоо үчүн Жалал-Абад шаарынын прокуратурасы 2014-жылдын 16-апрелинде КР Жарандык процесстик кодексинин 45-беренесинин 2-бөлүгүндөгү тартипте Жалал-Абад шаардык сотуна Н. Ормошов менен Н. Курбанкулованын ортосунда түзүлгөн белекке тартуулоо **келишимин жараксыз деп табуу боюнча кайрылган. Сөз** Жалал-Абад шаарындагы*

*590,4 кв. м **участок**то жайгашкан, пайдалуу жалпы аянты 331, 2 кв. м болгон турак эмес жай (кафе-бар) тууралуу болуп жатат.*

*Жалал-Абад шаардык сотунун 2014-жылдын 18-июлундагы чечими менен Жалал-Абад шаарынын прокуратурасынын доо арызы толук көлөмдө канааттандырылып, Н. Курбанкулованын, Т. Абдивалиевдин, Н. Ормошовдун атына берилген мураска укук жөнүндө күбөлүк жараксыз деп табылды.*

*Маалымат Жалал-Абад областынын прокуратурасынан алынган[137]. Ошентип А кызы Г-нын мүлккө болгон бирдей үлүшкө укугу калыбына келтирилди.*

Турак-жай менен **камсыз кылуу** жагынан жетим балдардын укуктары Кыргызстанда текши бузулуп жатат. Жер-жерлердеги ҮБКБ органдары балдардын укуктарын коргоо боюнча милдеттерин начар аткарат. Прокуратура органдары Кыргыз Республикасында балдардын укуктарын коргоого тиешелүү мыйзам актыларынын аткарылышына көзөмөлдүк кылуу боюнча ишти күчөтүүгө милдеттүү. Мамлекет жарандардын айрым категорияларын, анын ичинде жетим балдарды, ата-эненин багуусу жок калган балдарды, ошондой эле алардын катарындагы адамдарды турак-жай менен **камсыз кылуу** милдетин өзүнө алгандыктан (КР Конституциясынын 46-беренесинин 3, 4-бөлүктөрү), бул адамдарды турак-жай менен **камсыз кылуу** мамлекеттин биринчи кезектеги милдеттеринин бири болуп саналат. Ошондой эле ушул категориядагы жарандардын укуктарын сактоонун кепилдиги болууга тийиш.

Кыргызстанда жетим балдардын жана ата-эненин кароосу жок калган балдардын толук өлчөмдө дене бой, интеллектуалдык, руханий, адептик жана социалдык жактан өнүгүшү, аларды азыркы коомдо өз алдынча турмушка даярдоо үчүн шарттарды түзүү мамлекеттин маанилүү милдети болуп калууга тийиш. Бул үчүн ата-эненин кароосу жок калган балдарга карата мамлекеттик саясатты түзүүгө жана ишке ашырууга багытталган иш-чараларды комплекстүү жүзөгө ашырууну кароо, алардын социалдык жактан корголушун, кесиптик даярдыгын, ишке орношуусун жана коомго толук жуурулушун **камсыз кылуу** зарыл. Ал эми алардын турак-жай маселелерин чечмейинче бул жөн гана көйгөй болбостон, таптакыр аткарылбас маселе бойдон калмакчы.

Үй-бүлөнү жана балдарды коргоо бөлүмдөрү (ҮБКБ) органдары, жергиликтүү мамлекеттик органдардын жана прокуратура органдарынын өкүлдөрү балдардын

[137] 2015-жылдын 13- январындагы чыгыш № 11/3-1н -26-15.

мекемелерине мезгил-мезгили менен барып, төмөнкүдөй маселелер боюнча документтердин жана статистикалык маалыматтардын болушун текшерип турууга тийиш:

- тарбиялануучулардын сандык жана сапаттык курамы;
- анын ичинде жетим балдардын;
- мурастоо укугуна документтердин болушу;
- үй-бүлөнү жана балдарды коргоо бөлүмдөрү (ҮБКБ) мекемелеринин администрациясы, жергиликтүү мамлекеттик органдар жетим балдар үчүн алардын мамлекеттен турак-жай алууга укугун түшүндүрүү боюнча ишти жүргүзүп жаткандыгын ырастаган документтердин болушу;
- убактылуу турак-жай менен **камсыз кылуу** аркылуу жетим балдарды жана ата-эненин кароосу жок калган балдарды кесиптик лицейлерде же жогорку билим берүү мекемелеринде окуусун улантуусу, мектепти аяктагандан кийин бүтүрүүчүлөрдү ишке орноштуруу жөнүндө маалыматты;
- КР Өкмөтүнүн 2012-жылдын 9-октябрындагы № 691 токтому менен бекитилген «Оор турмуштук кырдаалга кабылган балдарга социалдык кызмат көрсөтүүчү мекемелерде балдарды багуу, тарбиялоо жана социалдаштыруу боюнча минималдык стандарттарды» колдонуунун деңгээли.

Ошондой эле ҮБКБ органдары жетим балдарды толук социалдаштырууга жана алардын чоң киши катары турмушка толук аралашуусуна чейин туруктуу колдоону эске алуу менен, бүтүндөй алганда мамлекеттик колдоого жана, **атап айтканда,** турак-жай менен **камсыз кылуу**га жарандардын ушул категориясынын так эсебин жүргүзүүгө тийиш.

**КР Улуттук статистика комитети турак-жайга муктаж жетим балдардын эсебин өзүнүн негизги маалыматтарына кошсун.**

Мындай талдоо жана эсепке алуу жетим балдардын жана ата-эненин кароосу жок калган балдардын абалын аныктоого мүмкүндүк берет. Аларды социалдык коргоону **камсыз кылуу**, турак-жайды курууну жүзөгө ашыруу жагынан жергиликтүү бийлик органдарынын финансылык ишин пландаштыруу үчүн республиканын тигил же бул аймактык бирдигинде жеке үй куруу үчүн жерлерге мораторийди жарым-жартылай алып салуу зарыл. Мындан тышкары, бул прокуратура органдарына жетим балдарга жана ата-эненин кароосу жок калган балдарга алар 16 жаш куракка толгондо турак-жайды кезексиз алуусуна укугун бекемдеген мыйзам актыларынын аткарылышына сапаттуу көзөмөлдү жүзөгө ашырууга мүмкүндүк берет, ошондой эле ҮБКБ органдарына Кыргыз

Республикасында балдардын укуктарын коргоого ыйгарым укуктуу орган катары өз функцияларын натыйжалуу аткарууга мүмкүнчүлүк түзөт.

**Сунуштар**

**Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө**

1. Турак-жайга муктаж жетим балдардын жана ата-эненин кароосу жок балдардын жалпы республикалык тизмесин түзүү.

2. Турак-жайга муктаж жетим балдар жана ата-эненин кароосу жок калган балдар багылып жаткан (менчиктин ар кандай формасындагы) мекемелердин бардык **жетекчилерин ҮБКБнын жетекчилери менен бирдикте аларды ЖӨБ органдарында жана жергиликтүү мамлекеттик администрацияларда турак-жайды (жер тилкесин) кезексиз алуу укугу менен тизмеге коюуга, майнап чыкканга чейин план ченемдүү иш жүргүзүүгө милдеттендирүү. Бул кадамдар төмөнкүдөй мүмкүнчүлүктөрдү берет:**

- турак-жай менен **камсыз кылуу**га муктаж болгон бардык жетим балдар жана ата-эненин кароосу жок калган балдар боюнча статистикалык маалыматтарга ээ болуу;
- ҮБКБ органдары жетим балдар сыяктуу калктын социалдык жактан корголбогон категориясынын турмуштук жагдайына көз салуу боюнча өздөрүнүн тикелей милдеттерин аткаруусун көзөмөлдөө;
- томолой жетим балдар үчүн суб эсептерди жүргүзүүгө көз салуу;
- чечүү жолдорун издөө максатында мындай көйгөй бар экендиги жөнүндө мамлекеттик органдарга, КР Жогорку Кеңешине жана кеңири коомчулукка тез арада маалымдоо.

3. Бишкек мэриясынын Кароосуз балдарды **реабилитациялоо борборунун оң тажрыйбасын пайдалануу керек. Себеби борбор** «Ротари клуб Ослонун» (Норвегия) колдоосу менен Борбордун аймагында томолой жетим балдар үчүн 30 орундуу убактылуу жашоочу социалдык жатакана курган. Бул социалдык жатакана 2014-жылдын жазынан тартып жетим балдарга кызмат көрсөтүп жатат. Балдар социалдык жатаканада жашап жаткан мезгилде педагогдун, психологдун жардамын алышат, документтерди калыбына келтирүү учурунда аларга юридикалык кеп-кеңештер берилет. Кечки мектепте билим алып, өзүн өз алдынча багууга жана жеке өзүнүн бюджетин пландаштырууга үйрөнөт. Социалдык жатакананын башкы шарты баланы ишке орноштуруу, аны коомго аралаштыруу болуп саналат. Социалдык жатаканада жашоо мезгили 6 ай менен

чектелген, бирок өзгөчө учурларда комиссия бул мөөнөттү дагы узартат. Ошондой «Дом Надежды» кайрымдуулук фонду балдар мекемелеринин бүтүрүүчүлөрүнө социалдык комплекс куруу үчүн жер сурап Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлигине кайрылган. Министрлик ал катты **Бишкек шаарынын жана Ош шаарынын мэриясына жолдогон.** Бишкек мэриясынын Кароосуз балдарды **реабилитациялоо борборунун социалдык жатаканасынын оң тажрыйбасын Кыргызстандын бардык 7 областында киргизүү керек. Мындай социалдык жатаканаларда жашаш үчүн өспүрүм кайсы бир жерде иштеши керек. Бала ижарага батир алууга кудуреттүү болгон 23-25 жашка чейин ошол социалдык жатаканада жашашы керек. Социалдык жатаканада жашап жаткандар коммуналдык кызмат көрсөтүү чыгымдарынын бир бөлүгүн төлөсө болот, бирок ал төлөмдөр өспүрүмдүн эмгек акысынын** 1/5 бөлүгүнөн ашпашы керек. Ошонун өзү менен мамлекет КР Конституциясынын 46-беренесинде каралган талаптарды аткарат.

4. Жарандардын бул категориясынын турак-жайга муктаждыгын аныктоо максатында жыл сайын мониторинг жүргүзүү жана анын негизинде бул көйгөйдү чечүү үчүн республикалык каржылоону пландаштыруу.

5. Жетим балдарды жана ата-эненин кароосу жок калган балдарды турак-жай менен **камсыз кылуу**ну жөнгө салган мыйзам актыларынын аткарылышы жөнүндө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн расмий сайтында дайыма маалымат болушу шарт. Ошондой эле бул сайтта ушул чөйрөдөгү мыйзамдарды аткаруу жана мамлекеттин жардамына муктаж болгон жетим балдар жана ата-эненин кароосу жок калган балдар үчүн социалдык жатаканаларды, мамлекеттик жана муниципалдык турак-жайды курууга тышкы жана ички инвесторлор тарабынан инвестицияларды тартуу боюнча **региондордун жана шаарлардын башчыларынын жоопкерчилигин күчөтүү максатында региондор боюнча турак-жай менен камсыз кылууга муктаж болгон жетим балдар жана ата-эненин кароосу жок калган балдар жөнүндө статистикалык маалыматтарды жайгаштыруу жана ал маалыматты дайыма көзөмөлдөп туруу зарыл.**

6. Инвестицияларды тартуунун оң тажрыйбасы жана бул көйгөйдү чечүүнүн конкреттүү фактылары бар **региондордун жана шаарлардын башчыларын, бүтүндөй алганда, бул ишти өлкө боюнча жигердештирүү үчүн мамлекеттик деңгээлде белгилеп, колдоп туруу зарыл. Региондук деңгээлдеги чиновниктердин оң тажрыйбасына ушундай баа берүү менен жетим балдарды жана ата-эненин кароосу**

**жок калган балдарды турак-жай менен камсыз кылуу боюнча кошумча мотивация болуу менен балдарды ар түрдүү тобокелдиктерден сактоого мүмкүндүк берет.**

### 2.3.2. Билим алууга, акысыз билим алууга укук

***Окуучулардын ата-энелеринен акча каражаттарын мыйзамсыз чогултуу***

Кыргыз Республикасынын Конституциясын кошпогондо, Кыргыз Республикасындагы балдардын укуктарын жана таламдарын камсыз кылуу чөйрөсүндөгү, анын ичинде билим берүү жаатындагы мыйзамдары Баланын укуктары жөнүндө конвенциядан, Кыргыз Республикасынын Балдар жөнүндө кодексинен, Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларынан, эл аралык укуктун жалпы таанылган принциптеринен жана ченемдеринен, ошондой эле, белгиленген тартипте күчүнө кирген, Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган эл аралык келишимдерден турат. КР Конституциясынын 16-беренесинин 5-пунктуна ылайык Кыргыз Республикасында баланын эң жакшы жашоо кызыкчылыктарын камсыз кылуу принциби колдонулат, ал эми КР Конституциясынын 45-беренесинин 1, 2-пункттарына ылайык ар бир жаран билим алууга укуктуу. Негизги жалпы билимди алуу милдет жана ар ким негизги жалпы жана орто жалпы билимди мамлекеттик билим берүү уюмдарынан алууга укуктуу. Кыргыз Республикасы кол койгон Баланын укуктары жөнүндө конвенция билим алууга укукту бекемдейт. Бул түшүнүк өзүнө балдардын (башталгыч класстан тартып жогоркуга чейин) билим алууга укуктуу, ошондой эле билим берүүнүн сапатына жана максаттарына байланышкан маселелерди камтыйт. Бул ченемдер улуттук мыйзамдарда бекемделген.

Жарандардын КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) Аппаратына келип түшкөн арыздары акысыз милдеттүү башталгыч жана негизги билимди алуу учурунда жашы жете электердин укуктарын бузуу бардык жерде жолугаарын көрсөтүп турат.

*КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) наамына мектептин кире беришинде турникетти орнотуу үчүн Бишкек шаарынын № 13 гимназия мектебинин окуучуларынан акчаны мыйзамсыз чогултуп жатканы жөнүндө Т. М-дан арыз келип түшкөн.*[138]

*КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) Аппараты № 13 гимназия мектебинде турникетти орнотуу жөнүндө Бишкек шаарынын вице-мэри А. Рыскулова тарабынан бекитилген Бишкек шаарынын мэриясынын 2014-жылдын 5-августундагы протоколдук*

[138] 2014-жылдын 30-октябрындагы кириш № М-836.

*тапшырмасынын мыйзамдуулугун аныктоо үчүн Бишкек шаарынын Ленин районунун прокуратурасына расмий кат жөнөткөн*[139].

*Бир нече жолу эсине салгандан кийин, 2015-жылдын 5-мартында «кылмыштын курамы жоктугунан улам» № 13 гимназия мектебинин директорунун милдетин аткаруучу Ж. Кызалаковго карата Бишкек шаарынын Ленин районунун прокурорунун орун басары Н. Абдыкадыров кылмыш ишин козгоодон баш тарткандыгы жөнүндө Бишкек шаарынын Ленин районунун прокуратурасынан расмий жооп*[140] *алынды.*

*Бишкек шаарынын Ленин районунун прокуратурасынын сунушунун негизинде № 13 гимназия мектебинин директорунун милдетин аткаруучу Ж. Кызалаковго сөгүш жарыяланды.*

*Мындан тышкары, Бишкек шаарынын Ленин районунун прокуратурасы № 13 гимназия мектебинин кире беришине турникетти орнотуу үчүн окуучулардын ата-энелеринен акча каражаттарын мыйзамсыз чогултуу фактысы боюнча ата-энелердин арызы боюнча текшерүү жүргүзүлдү.*

*Текшерүүнүн жүрүшүндө булар белгиленди: камкорчулук кеңеш мурда турникетти орнотуудан баш тарткан, бирок 2014-жылдын 7-октябрында Ж. Кызалаков камкорчулук кеңешти кайрадан, бирок жаңы курамда чогултат жана турникетти орнотуу түрүндө аймакты көрктөндүрүүгө 293 415 сом суммасында акча каражаттарын чогултуу жөнүндө маселени чечет. Ошентип, Ж. Кызалаков акча каражаттарын ата-энелерден мыйзамсыз чогулткан, ошол эле учурда ал мектептин аймагын көрктөндүрүүгө акча каражаттарын бөлүү жөнүндө Бишкек шаарынын мэриясына кайрыла алмак, анткени мектеп муниципалдык болуп саналат, бирок ал ушул багытта кандайдыр-бир аракеттерди жасаган эмес.*

*Ал гана эмес, Ж. Кызалаков № 13 гимназия мектебинин имараттарынын жер титирөөгө чыдамдуулугун техникалык текшерүүгө 85 000 сом суммасына «Гарант» ЖЧК менен келишим түзөт, бул жолу дагы Ж. Кызалаков муниципалдык бюджеттен акча каражаттарын бөлүү боюнча Бишкек шаарынын мэриясына кайрылган эмес.*

*Акча каражаттары «Коррупцияга каршы аракеттенүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын 2012-жылдын 8-августундагы №153 Мыйзамынын 11-беренесин бузуу менен класс жетекчилер тарабынан чогултулган, бул «Ой-Булак» коомдук фонду (мындан ары – КФ) берген квитанция менен ырасталат, бул КФ акча каражаттарын*

[139] 2014-жылдын 11-ноябрындагы чыгыш № 10-2486.
[140] 2015-жылдын 5-мартындагы кириш № 0957.

*чогултуу үчүн ушул мектептин окуучуларынын ата-энелери тарабынан түзүлгөнүн белгилеп кетели.*

*Ошентип, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын бузуунун жыйынтыгында №13 мектептин директорунун орун басары Ж. Кызалаков кызматтык абалын кыянаттык менен пайдаланды. Ишке мындай мамиле кылууга жол берүүгө болбойт жана ар бир кызматкердин жоопкерчилигин жогорулатуу максатында принципиалдуу мамиле зарыл. Ушуга байланыштуу Бишкек шаарынын Ленин районунун прокурору Бишкек шаарынын мэрине Ж. Кызалаковду № 13 гимназия мектебинин директорунун милдетин аткаруучу кызматынан бошотууну, ошондой эле, бул мектептин акча чогулткан окутуучуларын жоопкерчиликке тартуу маселесинн койду.*

Республикада мектепти ыктыярдуу колдоо деген шылтоо менен окуучулардын ата-энелеринен акчаны мыйзамсыз чогултууга байланышкан укук бузуулар жыл өткөн сайын уланып келатат, бул билим берүүнүн акы төлөнбөйт деген принцибине карама-каршы келет.

КР Акыйкатчысына (Омбудсменине)  мектепте билим берүү акысыз деген мыйзамды мектеп жетекчилери бузгандыгына байланыштуу көптөгөн арыздар келип түшөт. Арыз ээлери (мектеп окуучуларынын ата-энелери) менен маектешкенде алардын көпчүлүгү өз балдарынын жетишүүсүнө зыян келтирип албайлы деп мектептеги мыйзамсыз акча чогултуу боюнча даттануу менен кайрылуудан корко тургандыгын белгилешти.

Кайрылгандардын талабы «ыктыярдуу эрк билдирүү» деген шылтоо менен окуучулардын ата-энелеринен мектеп жетекчилиги мыйзамсыз акча чогултууга мүмкүндүк берген ар кандай жылчыктарды жоюу зарылчылыгына барып такалат. Тилекке каршы, бул учурда ушундай түрдөгү «ыктыярдуу эрк билдирүү» өбөлгөсү болуп «Билим берүү жөнүндө» КРнын 2003-жылдын 30-апрелиндеги №92 мыйзамынын 39-беренеси саналат. Тагыраак айтканда, бул беренеге ылайык билим берүү уюмдарында Камкорчулук кеңеши түзүлүшү мүмкүн, алар «өз ишин мамлекеттик билим берүү уюму тарабынан уставдык максаттарына жетүүсү үчүн жүзөгө ашырат». Бул кошумча (бюджеттен тышкаркы) акча каражаттарын тартууга, ошондой эле бул акча каражаттарынын, анын ичинде Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына карама-каршы келбеген булактардан алынган бюджеттен тышкаркы акча каражаттарынын чыгымдалышына контролдук кылууга мүмкүндүк берет.

КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) атына келип түшкөн арыздарда ошондой эле мындай деп көрсөтүлөт: айрым мугалимдер менен директорлор педагогикалык этиканы одоно бузуп, өздөрүнүн кызматтык ыйгарым укуктарынын чегинен чыгып, мектепти коммерцияга айлантып, балдарды мектепке кабыл алууда тоскоолдуктарды жаратат. Мындай даттануулардын жана телефон чалуулардын көпчүлүгү № 49, 69, 26, 6, 82 жана башка мектептердин директорлорунун жана мугалимдеринин үстүнөн келип түшөт.

*КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) атына Г. К-дан[141] акча каражаттарын мыйзамсыз чогултуу фактысы боюнча жана Бишкек шаарынын № 29 гимназия мектебинин 6 «Д» классынын класс жетекчиси С.Колпаковага байланыштуу арыз келип түштү.*

*Бул арыздын негизинде КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) Аппараты Бишкек шаарынын мэриясынын Билим берүү башкармалыгы менен бирдикте териштирүүнү жүргүзүү үчүн комиссия түзгөн. Жыйынтыгында Бишкек шаарынын мэриясынын Билим берүү башкармалыгы текшерүүнүн натыйжалары боюнча № 29 гимназия мектебинин класс жетекчиси С. Колпаковага эскертүү берип, ал класс жетекчинин кызматынан алынды.*

*КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) атына Н. Т-дан[142] Бишкек шаарынын № 29 гимназия мектебинин мыйзамсыз аракеттерине чара көрүү өтүнүчү менен арыз келип түштү. Арыздан көрүнүп тургандай, класс жетекчи Ж. Чаргынова жана математика мугалими Т. Мусаева Н.Т.нын баласын басынтып, шылдыңдаган. Мугалимдер баланы гимназиядан чыгарып салабыз “атаңдын наамы менен медалдары жасалма”,- деп айтышкан.*

*Арыздын негизинде КР Акыйкатчы (Омбудсмен) Аппараты Бишкек шаарынын мэриясынын Билим берүү башкармалыгы менен бирдикте териштирүү үчүн комиссия түздү. Болуп өткөн окуяны текшерүүнүн натыйжалары боюнча Бишкек мэриясынын Билим берүү башкармалыгы Ж.Чаргыновага сөгүш жарыялады, ал эми бул гимназиянын математика мугалими Т. Мусаевага эскертүү берилди.*

[141] 2015-жылдын 5-октябрындагы кириш №К-684.
[142] 2015-жылдын 4-сентябрындагы кириш № Т-№ 641.

*Бишкек шаарынын № 49 орто мектебинин окуучуларынын ата-энелеринин көп сандаган даттануулары негизинде КР Акыйкатчысы (Омбудсмени) Бишкек шаарынын мэриясынын Билим берүү башкармалыгы менен бирдикте арыздарда көрсөтүлгөн маалыматтарды текшерүү үчүн комиссия түздү. Ата-энелердин жалпы чогулушун өткөрүү учурунда окуучулардын ата-энелери мектепке кабыл алуу учурунда мугалимдер жана мектептин директору Р. Молдакунова акча чогултулуп жатканына даттанышты. Бул фактылар төлөнгөн квитанциялар менен ырасталды.*

*Бирок мектептин директору Р. Молдакунованын айтымына караганда, акча чогултуу ата-энелер түзгөн «Благо» КБ аркылуу гана жүргүзүлөт.*

*Териштирүүнүн жыйынтыктары боюнча мектептин директору Р.Молдакуновага оозеки эскертүү берилди.*

Ошентип, биргелешкен комиссиянын териштирүүсүнүн жүрүшүндө Бишкек шаарынын №29 гимназия мектебинде мыйзамсыз акча чогултуу фактыларынан тышкары, класс жетекчи тарабынан билим алуу укугун бузган. Ал эми № 69 гимназия мектебинде мугалим арыз ээсинин уулунун баасын төмөндөтүп койгон жана натыйжада ал мектептен мыйзамсыз түрдө чыгарып салынган, ошондой эле баланын билимге укугун бузуу да көз көрүнөө көрүнүп турат.

КРнын 2003-жылдын 30-апрелиндеги № 92 «Билим берүү жөнүндө» мыйзамынын 16-беренесинде мамлекеттик жана муниципалдык органдар мамлекеттик стандарттын чектеринде окутуунун күндүзгү формасы боюнча билим алууга кепилдик берет, окуучуларды кабыл алууга жана класстан класска көчүрүүгө, кандайдыр-бир конкурс болбостон акысыз түрдө мектептен мектепке кабыл алууга жана которууга тийиш деп көрсөтүлгөн.

Бирок азыркы учурда жалпы билим берүүчү мектептерде коммерциялык класстар жигердүүлүк менен түзүлүүдө, аларда окутууга ата-энелер гана акы төлөйт. Коммерциялык класстардын окуучуларына артыкчылыктар (класстагы балдардын санынын аздыгы) көп учурда калган окуучулар үчүн билимге укуктарды кысымга алуунун эсебинен камсыз кылынат. Бул бир окуу жайынын алкагында окуучуларды үй-бүлөнүн материалдык абалына жараша бөлүп-жарууну шарттайт. Иш жүзүндө болсо, жалпы билим берүүчү уюм суратып жаткан билим берүү кызмат көрсөтүүлөрү үчүн акы ушул окуу жай жайгашкан микроучастокто жашаган балдар анын айынан ага бара албай

жаткандыгынын себептеринин бири. Натыйжада ата-энелер арзан акы төлөй турган мектепти издөөгө аргасыз.

Мектеп жетекчилеринин мындай укукка жат аракеттерине мамлекет тиешелүү деңгээлде тыюу салбайт, ушуга байланыштуу мындай өзүм билемдик мындан ары да улантыла берет. Билим берүү чөйрөсүндөгү көйгөйдү мамлекеттик деңгээлде чечүү керек, анткени Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 45-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык «ар ким мамлекеттик билим берүү уюмдарында негизги жалпы жана орто жалпы билимди акысыз алууга укуктуу». Бирок мамлекет жаңы муунга – өлкөнүн келечегине окуу үчүн ушундай шарттарды түзбөй жатат.

Билим берүү чөйрөсүндөгү негизги көйгөйлөр мамлекеттик (муниципалдык) билим берүү уюмдары мектептердин алдында түзүлүүчү жеке коммерциялык уюмдар аркылуу таризделүүчү жана жүргүзүлүүчү коммерциялык функцияларды аткаргандыгы менен байланышкан. Алар мамлекет тарабынан акысыз берилүүгө тийиш болгон кызмат көрсөтүүлөрдү, атап айтканда, төмөнкүлөрдү коммерциялык негизде берип жатат: билим берүү процессин материалдык-техникалык жактан камсыз кылуу; кошумча педагогикалык жүктү жана акы төлөтүп билим берүү кызмат көрсөтүүлөрү менен байланышкан мугалимдерге төлөмдөр; мектептерде укук тартибин камсыз кылуу жана бир катар башка кызмат көрсөтүүлөр. Жалпы билим берүүчү уюмдардын алдында коммерциялык эмес уюмдардын иштеши мектептердин функцияларын алмаштырууга багытталган, бул мектептердин администрациялары тарабынан кыянатчылык менен пайдалануу жана акысыз билим берүү принцибин турмушка ашырууга тоскоолдуктар үчүн негиздерди түзөт.

***Мектеп окуучуларынын ата-энелеринин каттоосу менен байланышкан көйгөйлөр***

Мектептердин микроучастокторунда мектеп окуучуларынын ата-энелеринин каттоосу жоктугунун натыйжасында келип чыккан чектөөлөр билим берүүнүн жеткиликтүүлүгүнүн дагы бир көйгөйү болуп саналат. Мектептин микроучастогунда мектеп окуучуларынын ата-энелеринин каттоосунун болушу жөнүндө талап мектептердин уставдарында тикелей чагылдырылган.

Мектеп курагындагы балдарды жана өспүрүмдөрдү орто билим менен камтуу үчүн педагогикалык жамааттардын күчү менен эсепке алуу жүргүзүлөт, ал мектептердин микроучастокторунда жашаган мектеп курагындагы (5 жаштан 16 жашка чейин) балдардын тизмесин тактоого жана оңдоп-түзөөгө мүмкүндүк берет. 2015-жылдын

сентябрына карата мектептердин микроучастокторунда жашаган мектеп курагындагы балдардын саны жөнүндө маалымат тиешелүү микроучасток боюнча мектепке биринчи класска кабыл алынган балдардын саны жөнүндө маалыматтардан айырмаланганын белгилеп кетели.

Мектептин эсепке алуу тизмелерине ата-энелеринин тиешелүү микроучастокто каттоосу болбогон үй-бүлөдөгү балдар, мигранттардын жана квартиранттардын балдары кирбейт. Ата-энелерди сурамжылоо аркылуу алынган маалыматтарга ылайык, баланы мектепке кабыл алуу учурунда ата-эненин каттоосу жөнүндө маалыматтарды милдеттүү түрдө талап кылышат.

Мындай практика КРнын 2003-жылдын 30-апрелиндеги №92 «Билим берүү жөнүндө» мыйзамынын 3-беренесине карама-каршы келет, ал Кыргыз Республикасынын жарандарынын «жынысына, улутуна, тилине, социалдык жана мүлк абалына, ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрүнүн чектелгенине, ишинин түрүнө жана мүнөзүнө, дин тутуусуна, саясий жана диний ынанымдарына, жашаган жерине жана дагы башка жагдайларга карабастан билим алууга» укугун белгилейт.

***Тестирлөө***

Билимдин жалпыга жеткиликтүүлүк принцибин турмушка ашыруу үчүн тоскоолдуктардын дагы бири болуп көпчүлүк мектептер, өзгөчө Бишкек жана Ош шаарларындагы мектептерде колдонулуп жаткан мыйзамсыз «кирүү» экзамендери жана мектепке кирүү учурунда балдарды тестирлөөдөн өткөрүү саналат. Мындай практика баланы бир мектептен башка мектепке которуу учурунда да колдонулат, бирок буга КРнын 2003-жылдын 30-апрелиндеги №92 «Билим берүү жөнүндө» мыйзамынын 16-беренесинде тыюу салынган. Ошого карабастан, жалпы билим берүүчү уюмдардын көпчүлүгүнүн уставдарында биринчи класска, ошондой эле бешинчи-он биринчи класстарга кабыл алуу учурунда балдарды конкурстук тандоону өткөрүү тартиби так жазылган (мисалы, Бишкек шаарынын № 13 орто мектебинин жана башка бир катар мектептердин уставдары).

Тилекке каршы, КР Билим берүү жана илим министрлигинин өзү жалпы билим берүүчү уюмдардын жетекчилерине балдарды биринчи класска алуу учурунда тестирлөөнү өткөрүүгө, ошондой эле, мамлекеттик жана муниципалдык уюмдарда акча каражаттарын мыйзамсыз чогултууга тыюу салган 2009-жылдын 17-августундагы № 845/1 буйрукту чыгарганына карабастан, түзүлгөн терс кырдаалдан арыла албай жатат.

Ушул көйгөйлөр боюнча кайрылуулар көбөйгөнүнө байланыштуу, Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) Аппараты ата-энелерден чогултулуучу акча каражаттарынын жана балдарды мектепке кабыл алуу учурунда кирүү төгүмдөрүнүн (анткени алардын өлчөмү бүгүнкү күндө 5 миң сомдон өйдө) мыйзамдуулугу же мыйзамсыздыгы жөнүндө түшүндүрмө берүү, ошондой эле, мектептердин жетекчиликтери тарабынан бул аракеттерге юридикалык баа берүү жана өздөрүнүн кызматтык ыйгарым укуктарын кыянаттык менен пайдаланып жаткан мектеп директорлоруна чара көрүү өтүнүчү менен КР Билим берүү жана илим министрлигине[143] жана Бишкек мэриясына[144] кат жөнөткөн.

Мектеп жетекчилеринин аракеттеринин мыйзамдуулугунун маселелери боюнча 2015-жылы жүргүзүлгөн мониторингдин натыйжасында Бишкек шаарынын прокуратурасы улуттук мыйзамдарды жана укуктун эл аралык ченемдерин, Кыргыз Республикасынын антикоррупциялык саясатынын Мамлекеттик стратегиясын аткарбагандыгы үчүн 89 мектеп директоруна эскертүү жарыялады[145].

**Сунуштар**

**Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө**

1. Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 32-беренесинин жоболорун аткаруу үчүн КРнын 2003-жылдын 30-апрелиндеги №92 «Билим берүү жөнүндө» мыйзамына мамлекеттик (муниципалдык) билим берүү уюмдарынын акы төлөтүп билим берүүгө тыюу салган өзгөртүүлөрдү киргизүү.

**Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигине**

1. Мамлекеттик (муниципалдык) жалпы билим берүү мектептеринде окуучулардын ата-энелеринен кирүү төгүмдөрүн алуу практикасын токтотуу боюнча чараларды көрүү.

2. Балдарды кирүү тестирлөөсүнөн өткөрүүнү, конкурстук тандоону жокко чыгарып, жалпы билим берүүчү (муниципалдык) уюмга милдеттүү кабыл алууну белгилеп, балдарды жалпы билим берүүчү уюмдарга Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык кабыл алуу тартибине контролду күчөтүү.

---

[143] 2015-жылдын 25-сентябрындагы чыгыш № 10-2007.
[144] 2015-жылдын 7-декабрындагы чыгыш № 10-2515.
[145] КР Президентинин 2012-жылдын 2-февралындагы № 26 Жарлыгы менен бекитилген.

3. Жалпы билим берүүчү уюмдарга балдарды кабыл алуу учурунда мектептин микроучастогунда алардын ата-энелеринин каттоосунун болушу жөнүндө талапты жокко чыгаруу.

4. Мектепке барбаган балдарды табуу. КР Билим берүү жана илим министрлиги мектептин микроучастогунда жашаган балдардын санын эсепке алуу системасында контролду күчөтүү.

5. Мектеп формасынын маселелерин окуучулардын ата-энелеринин мүмкүнчүлүктөрүнө жана каалоосуна таянуу менен чечүү.

### 2.3.3. Ички иштер органдарынын кызматкерлери тарабынан балдардын укуктарынын бузулушу

**Бишкек шаарынын ички иштер башкы башкармалыгынын убактылуу кармоо изоляторунун мониторинги**

Баланын укуктары жөнүндө конвенциянын 37-беренесине ылайык бир да бала мыйзамсыз же зомбулуктуу түрдө эркиндигинен ажыратылууга тийиш эмес. Баланы камакка алуу, кармоо же абакка камоо мыйзамга ылайык жүргүзүлүүгө тийиш, аны акыркы чара катары гана жана мыйзамдарга ылайык алда канча кыска убакытка колдонууга болот.

Бала жөнүндө КР кодексинин ченемдери (87-берененин 3-пункту) баланын укуктарын коргоонун эл аралык стандарттарына шайкеш келет, анда мындай деп айтылган: «Бөгөт коюу чарасы түрүндө камакка алууну, ошондой эле эркиндигинен ажыратуу түрүндөгү жазаны тандап алуу балдарга карата акыркы чара катары гана колдонулат». Ошондой эле КР Жазык-процесстик кодексинин 393-статьясынын 3-пунктуна ылайык бөгөт коюу чарасы катары камап коюу, ошондой эле кармоо 16 жашка чыга элек жашы жетпегенге карата, оор кылмыш катары квалификациялануучу жазык жактан жазалануучу жосунду бир нече жасаган же өзгөчө оор жасады деп айыптоо келип чыккан өзгөчө учурларда гана колдонулушу мүмкүн. Кармалган жашы жетелектер ички иштер органдарынын атайын камераларында жыйырма төрт сааттан ашык эмес убакытка кармалуусу тийиш. КР Жогорку сотунун Пленумунун 2003-жылдын 2-апрелиндеги № 6 токтомунда мындай деп белгиленген: жашы жете электердин кылмыштары жөнүндө келип түшкөн ар бир иш боюнча соттор аларды камакка алуунун (камакта кармоонун) негиздүүлүгүн кылдат текшерүүгө, мында ушундай чара бул кылмыштын оордугуна жараша жана аны бир нече жолу жасоодон келип чыккан шарттарда колдонулушу мүмкүн

экенин эске алууга тийиш. Иштин конкреттүү кырдаалдарына жана кылмыштын оордугуна таянып, жашы жете электин ким экендиги жөнүндө маалыматтарды, ошондой эле анын жашоо-тиричилигинин шарттарын, ата-энеси менен мамилелерин эске алуу менен КР Жазык-процесстик кодексинин 108-статьясынын негизинде бөгөт коюу чарасы катары аны ата-эненин, камкорчунун, көзөмөлдөөчүнүн же ишеничке арзыган башка адамдын кароосуна берүү колдонулушу мүмкүн.

Өзгөчө чара катары төмөнкүдөй кырдаалдардын бири болгондо айыпталуучуну камакта кармоого жол берилет:

- айыпталуучунун Кыргыз Республикасынын аймагында туруктуу жашаган жери жок;
- айыпталуучунун ким экендигин белгиленген эмес;
- айыпталуучу тергөө органдарынан жана соттон жашырынган.

Мындан тышкары, 2002-жылдын 31-октябрындагы № 150 «Кылмыштарды жасоо жагынан шек туудурган жана айыпталып кармалган адамдарды камакта кармоонун тартиби жана шарттары жөнүндө» КР Мыйзамынын 9-беренесине ылайык кылмыш жасоо жагынан айыпталгандар мунун өзү тергөө аракеттерин аткаруу, иштерди тергөө изоляторлору (ТИ) турган калк жашаган конуштардан башка жерлердеги сотто кароо үчүн зарыл болгондо, аларды ал жерден күн сайын алып келүү мүмкүн болбогондо, аталган аракеттерди жана сот процессин аткаруу мезгилине, бирок бир айдын ичинде он суткадан ашпаган мөөнөткө убактылуу кармоочу изоляторлорго (УКИ) которулушу мүмкүн.

Мындай которуу үчүн негиз болуп соттун токтому (аныктамасы), прокурордун токтому, көзөмөлдү жүзөгө ашыруучу прокурордун жазуу жүзүндөгү макулдугу менен тергөөчүнүн токтому саналат. 2002-жылдын 31-октябрындагы № 150 «Кылмыштарды жасоо жагынан шек туудурган жана айыпталып кармалган адамдарды камакта кармоонун тартиби жана шарттары жөнүндө» КР Мыйзамынын 29, 31-статьяларына ылайык камакта кармалып турган ар түрдүү жыныстагы жашы жете элек шектүүлөр менен айыпкерлер бири-биринен жана улуулардан бөлөк кармалат жана көзөмөлдү ишке ашыруучу прокурордун жазуу жүзүндөгү макулдугу менен өзгөчө учурларда жашы жете электер жаткан камераларга кылмыш иши үчүн, мурда оор жана өзгөчө оор кылмыштарга кирүүчү кылмыш жоопкерчилигине тартылбаган оң мүнөздөмө берилген улууларды жаткырууга жол берилет.

2014-2018-жылдары Кыргыз Республикасында балдар үчүн юстицияны өнүктүрүү боюнча мамлекеттик программанын иш-чараларынын планынын алкагында КР

Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) Аппараты «Инсан мууну» коомдук фондунун кызматкерлери менен бирдикте 2015-жылдын 23-сентябрында Бишкек шаарынын ШИИБдин убактылуу кармоо изоляторунда (УКИ) мониторинг жүргүзгөн. Мониторингдин жүрүшүндө төмөнкүдөй жашы жете электердин УКИде болушунун мөөнөтү 48 сааттан ашканы айкын болгон:

- Ж. Ж., 15 жашта, УКИде 2015-жылдын 19-сентябрынан тартып 2015-жылдын 23-сентябрына чейин болгон;
- С. уулу М., 17 жашта, УКИде 2015-жылдын 18-сентябрынан тартып 23-сентябрына чейин болгон;
- С. уулу О., 16 жашта, УКИде 2015-жылдын 11-сентябрынан тартып 23-сентябрына чейин болгон;
- С. кызы А., 16 жашта, УКИде чоң аялдар менен бирге 2015-жылдын 18-сентябрынан тартып 23-сентябрына чейин болгон.

Ошентип, улуттук мыйзамдардын ченемдери жана эл аралык ченемдер бузулган.

Жогоруда баяндалгандарды эске алуу менен, КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) Аппараты Бишкек шаарынын ШИИБдин зардалы К.Жунушалиевдин атына Бишкек шаарынын ШИИБдин УКИде кармалып турган жашы жете электер жагынан улуттук мыйзамдардын ченемдери жана эл аралык ченемдер бузулушу жагынан түшүндүрмөлөрдү берүү өтүнүчү менен кат[146] жөнөткөн.

Бирок, тилекке каршы, биздин катыбызга Бишкек шаарынын ШИИБдин зардалынын орун басары, милициянын полковниги П. Асановдун колтамгасы менен Бишкек шаарынын ШИИБдин УКИде камакта кармоону текшерүүнүн жүрүшүндө жашы жете электер табылбагандыгы жөнүндө жооп[147] алынган.

Мындан тышкары, КР ички иштер министри М. Турганбаевдин[148] атына Бишкек шаарынын ШИИБдин УКИнин кызмат адамдарына карата тартип өндүрүшүн козгоо жөнүндө сунуш жөнөтүлгөн. КР ички иштер министринин орун басары А. Орозалиевдин жообунан көрүнүп тургандай, бул факт боюнча кызматтык текшерүү жүргүзүлгөн жана «текшерүүнүн натыйжалары боюнча, «Кылмыштарды жасоо жагынан шек туудурган жана айыпталып кармалган адамдарды камакта кармоонун тартиби жана шарттары жөнүндө» КР Мыйзамынын талаптарын аткарбагандыктан көрүнүп турган, ишенип берилген бөлүмдө ишти уюштурууга контролдун жоктугунан улам Бишкек шаарынын

[146] 2015-жылдын 14-октябрындагы чыгыш № 10-2188.
[147] 2015-жылдын 26-ноябрындагы чыгыш № 13-133.
[148] 2015-жылдын 5-ноябрындагы чыгыш № 10-2318.

ШИИБдин УКИнин зардалы, милициянын подполковниги З. Раимкулов катуу жазалоого татыйт, бирок КР Ички иштер министрлигинин 2015-жылдын 7-июлундагы № 691 буйругу менен ага сөгүш жарыяланган, ушуга байланыштуу мурда колдонулган жаза менен чектелишкен»[149].

Буга байланыштуу КР Акыйкатчысы (Омбудсмени) кызматтык тергөөнү жүргүзүү, ишенимсиз маалыматты бергендиги, жашы жете электердин укуктарын бузгандыгы, камакта кармоо жагынан Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын жана Баланын укуктары жөнүндө конвенциянын 37-беренесин бузууларды жашыргандыгы жөнүндө жогоруда көрсөтүлгөн фактылардын негизинде Бишкек шаарынын ШИИБдин зардалынын орун басары, милициянын полковниги П. Асановду ээлеген кызмат ордуна кызматтык шайкештиги жагынан тартип жоопкерчилигине тартуу тууралуу маселени карап чыгуу талабы менен КР ички иштер министри М. Турганбаевдин атына кат[150] жөнөткөн.

Бирок КР Ички иштер министрлигинен алынган кийинки жоопко ылайык[151] райондук соттор тарабынан камакта кармоо түрүндө бөгөт коюу тандалган, жогоруда көрсөтүлгөн айыпталган жашы жете электер аларды кийин Панфилов районунун Вознесеновка айылындагы № 14 Тарбиялоо-эмгек колониясынын СИЗОсуна жөнөтүү үчүн Бишкек шаарынын ШИИБдин УКИде болгон жана аларды Бишкек шаарынын ШИИБдин УКИде камакта кармоо негиздүү болгон. Белгиленген убакытта жөнөтүүгө № 14 Тарбиялоо-эмгек колониясынын алыстыгы, күйүүчү-майлоочу каражаттардын жоктугу жана транспорт жагындагы көйгөйлөр тоскоолдук кылган. Бирок бул жагдай жашы жете электердин укуктарын бузууну актоого жүйө болууга тийиш эмес жана бир айдын ичинде максималдуу мезгилге – 10 суткага айыпталуучулардын УКИде болушуна жол берген мыйзамдардын ченемдерин бузууну актай албайт, ага **транспорт менен камсыз кылуу көйгөйүнөн улам эмес, тергөө амалдарын жүргүзүү же соттук процесс менен байланышкан учурларда гана жол берилет. Көрсөтүлгөн учурда болсо айыпталуучулардын бири УКИде 12 сутка бою болгон.**

КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) Аппаратынын кызматкерлери тапкан жашы жете элек айыпталуучу С. кызы А-ны 2015-жылдын 18-сентябрынан 23-сентябрына чейин чоң аялдар менен бирге камерада кармоо жагынан укук бузууларга келсек, төмөнкүлөр белгиленди: Бишкек шаарынын ШИИБ кызматтык текшерүүнү жүргүзгөн,

[149] 2015-жылдын 19-ноябрындагы чыгыш № 1/8806.
[150] 2015-жылдын 4-декабрындагы чыгыш № 10-2487.
[151] 2015-жылдын 15-декабрындагы чыгыш № 1/9516.

анын натыйжалары боюнча Бишкек шаарынын ШИИБдин УКИнин зардалы, милициянын подполковниги З. Раимкулов катуу жазалоого татыйт, бирок КР Ички иштер министрлигинин 2015-жылдын 7-июлундагы буйругу менен жарыяланган сөгүш түрүндө ага мурда колдонулган жазаны эске алып, эскертүү менен чектелишкен деп белгиленген.

Жогоруда белгиленгендей, жашы жете электе карата камакка алуу түрүндө бөгөт коюу чарасын колдонуу акыркы чара болууга тийиш. Бөгөт коюу чарасы жөнүндө чечим чыгаруу учурунда соттор жашы жете электин ким экендигине, аны тарбиялоонун шарттарына, турмуштун кырдаалына байланышкан бардык аспекттерди эске алууга тийиш. Бирок колдо болгон маалыматтарга таянуу менен соттук териштирүүнүн жүрүшүндө бул кырдаалдар канчалык кылдат каралаарын айтуу кыйын.

Ошол эле убакта, иликтенген кырдаал мыйзамдарды жана жашы жете электердин укуктарын бузууга бул учурда ресурстардын (**транспорттун**) жоктугуна шылтоо кылуу менен ИИБдин жетекчилиги тарабынан актоо табылган деп ырастоого мүмкүндүк берет. Ушуга байланыштуу системанын деңгээлинде айыпталган жашы жете электердин укуктарын коргоонун кепилдиктерин **камсыз кылуу** жагынан маселелер, анын ичинде: көрсөтүлгөн жашы жете электерге карата камакта кармоо түрүндө бөгөт коюу чарасын колдонуунун негиздеринин болушу жана чындыгында эле зарыл экендиги жөнүндө маселе; УКИде зарыл жана **минималдуу ресурстардын (бул учурда, транспорттун) жоктугу үчүн ким жоопкерчилик тартууга тийиш жана мындан ары ушундай укук бузууларды четтетүү үчүн ИИБдин жетекчилиги кандай чараларды көрүүгө тийиш экендиги жөнүндө маселе келип чыгат. Ресурстардын жоктугун шылтоо кылуу менен мыйзамдарды бузууну актоонун түзүлгөн тенденциясы кызматты кыянаттык менен пайдаланууга жана ресурстар иш жүзүндө тартыш болбогон учурларда да кылмышка жол берүүгө алып келет. Ошондуктан мындай учурларда ИИБдин жетекчилиги өз кызматкерлеринин мыйзамга жат аракеттерин ушундай актоо мүмкүнчүлүгүн жокко чыгарууга тийиш.**

**Биз карап жаткан учурда жашы жете элек балдар ИИОнун кызматкерлери кызматтык ыйгарым укуктарынан аша чабышынын жана алар эл аралык укуктун жана улуттук мыйзамдардын ченемдерин сактабагандыгынын айынан кыйла көйгөйлөргө кабылган.**

**Мындан тышкары, КР Ички иштер министрлигинин жана Бишкек шаарынын ШИИБдин жетекчилиги** Бишкек шаарынын ШИИБдин УКИнин зардалы, милициянын подполковниги З. Раимкуловду катуу жазалоонун ордуна мурда жарыяланган сөгүш менен гана чектелген. Бул учурда **иш жүзүндө кызматтык**

**ыйгарым укуктарынан аша чабуу орун алган, ал тартип жазалоосунун категориясына кирбейт, анткени мыйзамдарда белгиленген жол-жоболорду бузуу, анын үстүнө жашы жете электерге карата бузуу жазык жоопкерчилигинин предмети болуп саналат.**

Ушуга байланыштуу милициянын подполковниги З. Раимкулов адамдын укуктарын жана эркиндиктерин бузган, КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) сунуштарын эске албаган кызмат адамдарынын тизмесине киргизилген[152].

**Сунуш**

**КР Ички иштер министрлигине жана КР Өкмөтүнө караштуу Жазаны аткаруу мамлекеттик кызматына**

1. 2002-жылдын 31-октябрындагы № 150 «Кылмыштарды жасоо жагынан шек туудурган жана айыпталып кармалган адамдарды камакта кармоонун тартиби жана шарттары жөнүндө» КР Мыйзамынын ченемдерин аткарууну кыйшаюусуз **камсыз кылуу**.

### 2.3.4. «Балдарга жардам берүүнүн шыр байланышы» (115) кызматы боюнча 2015-жылдагы иштер

КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) демилгеси боюнча «Борбордук Азияда эркиндиктен ажыратуу жерлеринде балдарга каршы зомбулукту бара-бара жоюу» деген үч жылдык долбоордун алкагында КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) Аппаратынын алдында күнү-түнү иштеген телефондук «Балдарга жардам берүүнүн шыр байланышы»-(115) ачылган. КР Акыйкатчы (Омбудсмен) институту балдардын кайрылууларына ыкчам аракет кылуу боюнча бардык маселелерди жана мамлекеттик органдардын аракеттеринин схемасын иштеп чыккан. Бул долбоорду турмушка ашыруу максатында КР Өкмөтүнүн 2014-жылдын 11-сентябрындагы № 527 токтому менен кыска «115» номери бөлүнгөн, ал Кыргыз Республикасынын шашылыш ыкчам кызматтарынын тизмесине киргизилген. Долбоордун максаты балдардын мыйзамдуу укуктарын жана таламдарын коргоо системасын түзүү, ошондой эле балдарга карата зомбулукту алдын алуу болуп саналат. КР Акыйкатчысы (Омбудсмени) институтунун «Балдарга жардам берүүнүн шыр

[152] Бул тизме «2015-жылы Кыргыз Республикасында адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин сактоо жөнүндө» КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) ар жылдагы баяндамасына киргизилет, ал КР Жогорку Кеңешинин кароосуна сунуш кылынат.

байланышы»-(115) кызматы ведомстволук мекемелерден келип түшкөн даттанууларды карайт жана ошондуктан кандайдыр бир ведомствонун кадыр-баркын жана кызыкчылыктарын коргоонун натыйжасында кызыкчылыктардын кагылышуусуна дуушарланышы мүмкүн болгон Кыргызстандын министрликтери менен ведомстволорунун башка телефондук кызматтарынан айырмаланып, көз карандысыз болуп саналат.

Ушундай түрдө даттанууларды берүү **механизми жардамга шашылыш кайрылууга жана зомбулук көрүнүштөрүн өзүнүн башынан өткөргөндөргө, атап айтканда, жабык мекемелердин тарбиялануучуларына, балдар менен өспүрүмдөрдүн ата-энелерине жана алардын мыйзамдуу өкүлдөрүнө, ошондой эле ушундай зомбулуктун күбөлөрүнө зарыл консультация алууга мүмкүнчүлүк берет.** «Балдарга жардам берүүнүн шыр байланышы»-(115) аркылуу кайрылгандар – тез консультация, ал эми балдарга карата зомбулук көрсөтүлгөндө зарылчылыкка жараша мамлекеттик органдарды жоопко тартуу үчүн КР Акыйкатчысынын (Омбудсмениnин) Аппаратынын кызматкерлеринин жардамын алат. Мындан тышкары, келечекте ушундай учурларга жол бербөө жана зомбулукка жол берген адамдарды жоопкерчиликке тартуу үчүн чаралар көрүлөт.

2015-жылдын ноябрь-декабрында Бишкек шаары жана Чүй областы боюнча 50 жатак мекемеде, 8 УКИде (ИВС) жана 2 ТИЗОдо (СИЗО) «Балдарга жардам берүүнүн шыр байланышы»-(115) телефонунун иши жөнүндө маалыматтык кампания жүргүзүлдү. Натыйжада жатак мекемелерде жүргөн 5057 бала жана ИВС менен СИЗОлордо кармалып турган 32 жашы жете элек балдар «Балдарга жардам берүүнүн шыр байланышы» (115) телефону уюштурулганы жана анын иши жөнүндө маалымат алды.

Шыр байланыш өз ишин Балдарды коргоо күнү – 2015-жылдын 1-июнунда баштады. «Балдарга жардам берүүнүн шыр байланышы» (115) иштеген 2015-жылдын 7 айынын ичинде 3650 телефон чалуу кабыл алынды, алардын ичинен 1836сы үн менен кабарлоо. Келип түшкөн телефон чалуулардын ичинен: 66сы – маалыматтык, алтоосу – кайталанган, жетөө – кайчы байланыш боюнча телефонду албай койгон же телефону өчүрүлгөн.

Телефон чалууларды талдоо телефон чалгандардын ичинен 45и – аялдар жана 21и эркектер экенин көрсөттү. Телефон чалуулар төмөнкүлөрдөн келип түшкөн: Бишкек шаарынан – 16, Чүй областынан – 4, Нарын областынан – 3, **Ысык-Көл областы**нан – 4, Жалал-Абад областынан – 7, Ош областынан – 5, Баткен областынан – 2, Талас областынан – 1. Мыйзам менен чыр-чатагы бар жашы жете электер кармалып турган

жабык мекемелерден «Балдарга жардам берүүнүн шыр байланышы» (115) телефон номерине телефон чалуу болгон эмес. Бардык чалуулар боюнча зарыл чаралар көрүлдү.

*2015-жылдын 26-октябрында саат 13:53тө «Балдарга жардам берүүнүн шыр байланышы» (115) телефон номерине 2014-жылы өз жанын кыюуга аракет кылган, ал эми 2015-жылы түнт болуп жана ичинен сызып калган 7-класстын окуучусу М. А. жөнүндө маалымат менен гимназия мектептин социалдык педагогу телефон чалган. Педагог КР Акыйкатчысынын (Омбудсмениnин) Аппаратынын «Балдарга жардам берүүнүн шыр байланышы» (115) кызматынын кызматкери менен маектешүүдө буларды белгилеген: «Ал өзүн бирдеме кылып коебу деп коркуп жатам. Ага тажрыйбалуу психологдун жардамы керек».*

*КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) Аппаратынын кызматкерлери тез арада Нарын областынын Жумгал районунун Билим берүү башкармалыгынын бөлүм башчысы жана Үй-бүлө жана балдарды коргоо бөлүмү (ҮБКБ) менен байланышкан жана бул жагдай жөнүндө кабарлаган, ошондой эле, кызга жардам берүү өтүнүчү менен Бишкек шаарынын мэриясынын алдындагы Балдарга жардам борборуна кайрылган.*

*Бишкек мэриясынын алдындагы Балдарга жардам борборунун көмөгү менен кызга жана анын энесине психологдун консультациясы уюштурулган. Натыйжада кыз стационарда дарылоодон өткөн жана окуусуна кайтып келген.*

Бул долбоордун иши өлкөбүздө балдарга карата зомбулукту контролдоого жана КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) Аппаратынын кызматкерлери тарабынан балдарга квалификациялуу жана тез жардам көрсөтүүгө мүмкүндүк берет. «Балдарга жардам берүүнүн шыр байланышы» (115) телефон номеринин иштеши балдарды коргоо **өбөлгөлөрүн бекемдейт, ал Кыргыз Республикасынын ыкчам кызматтарынын тизмесине киргизилген жана күнү-түнү иштеп жатат. Бул кыска номерге стационардык телефондон жана Кыргыз Республикасынын аймагында өз ишин жүзөгө ашырып жаткан уюлдук операторлордун номерлеринен телефон чалуу акысыз жүргүзүлөт.**

КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) Аппаратынын алдында ушул телефон кызматын ачуу БУУнун Баланын укуктары боюнча комитетинин 2014-жылдын майында берген төмөнкүдөй сунуштарын аткаруу болуп калды: «Адам укуктарын кубаттоо жана коргоо (Париж принциптери) жагынан иш жүргүзгөн улуттук мекемелердин статусуна

тиешелүү принциптерге ылайык Омбудсмендин аппаратынын, өзгөчө Омбудсмендин балдардын иштери боюнча орун басарынын ролу бекемделсин. Омбудсмендин Аппаратындагы балдардын укуктары боюнча топ балдардан келип түшкөн даттанууларды карап чыгуу жагынан ыйгарым укуктарга ээ болууга жана бул ишти алардын таламдарын эске алуу менен ыкчам жүргүзүүгө, ошондой эле, алардын Конвенцияда каралган укуктары бузулган учурларда укуктук коргоо каражаттарын **камсыз кылуу**га тийиш. Бул топ адекваттуу адамдык жана финансылык ресурстар менен **камсыз кылынууга тийиш**»[153].

**Сунуштар:**

**Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө**

«Балдарга жардам берүүнүн шыр байланышы» (115) кызматын республикалык бюджеттин эсебинен каржылоону 2017-жылдан тартып жүзөгө ашыруу.

**Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигине**

1. КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) Аппаратынын алдындагы «Балдарга жардам берүүнүн шыр байланышы» (115) иши жөнүндө Кыргыз Республикасынын бардык окуу жайларында маалыматтык стенддерди орнотуу мүмкүнчүлүгүн кароо.

**Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жазаларды аткаруу мамлекеттик кызматына**

1. Соттолгон жашы жете элек балдар кармалып турган бардык жабык мекемелерде «Балдарга жардам берүүнүн шыр байланышы» (115) телефонунан ээн-эркин чалууну **камсыз кылуу**.

[153] Кыргызстандын бириккен үчүнчү жана төртүнчү мезгилдүү баяндамалары боюнча корутунду сын-пикирлер. *http://webcache.googleusercontent.com/search?q=cache:GylIMv4UCbQJ:docstore.ohchr.org/SelfServices/FilesHandler.ashx%3Fenc%3D6QkG1d%252FPPRiCAqhKb7yhsgxXAJTrpBS4xD8hvJ6TxeEKzht8uXxH2EJWpoUP9Hqj0P0UVAk6w7lqsK9HS6v%252FMdQ8%252FWIVVnvFqPJFBEbqVKzMYVyzBBHstcAHr1Vbm1uD+&cd=1&hl=ru&ct=clnk* сайтынан алууга болот

## 2.4. Психиатриялык мекемелердеги бейтаптардын укуктарынын сакталышы

Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык Адам укуктары жана эркиндиктери ар бир адамга төрөлгөндөн эле таандык. БУУнун Башкы Ассамблеясы тарабынан 1991-жылдын 17-декабрында кабыл алынган 46/119 «Психикалык оорулууларды коргоонун принциптери жана психиатриялык жардамды көрсөтүүнү жакшыртуу» аталыштагы резолюциясында психикалык дарт менен жабыркаган ар бир адам мүмкүн болушунча коомдо жашап жана иштөөгө укуктуулугу жазылган.

"Психиатриялык жардам жана аны көрсөтүүдөгү жарандардын укуктарынын кепилдиктери жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамында (1999-жылдын 17-июнундагы №60) Бириккен улуттар уюмунун Башкы Ассамблеясы тарабынан таанылган принциптер чагылдырылган жана мыйзамдагы принциптер бүтүндөй алганда эл аралык принциптерге шайкеш келет, алар:

- адамдын кадыр-баркын басынтууга жол бербеген урматтуу жана гумандуу мамилелерге;
- өздөрүнүн укуктары жөнүндө маалымат алууга;
- психикалык мандемдүүлүгү боюнча кодуланбоого;
- психиатриялык жардамга, адвокаттардын кызматына жетүүгө бирдей мүмкүнчүлүк берүү;
- адамдын кандайдыр бир маданий, расалык же диний топко таандыктуулугуна байланыштуу же психикалык саламаттыгынын абалына тиешеси жок башка себептер менен эле психикалык дарты бар деп диагноз коюуга болбостугу;
- жарандын психикалык саламаттыгы тууралуу маалыматтардын купуялуулугу;
- дарылануууга алдын ала аң сезимдүү түрдө макулдугунун болуусу;

КР Акыйкатчы (Омбудсмен) Аппаратынын Психиатриялык стационарлардагы бейтаптардын укуктарын коргоо кызматы (мындан ары- кызмат) 2015-жылы 62 кайрылууну карады жана Кыргыз Республикасынын психиатриялык бейтапканаларында 8 инспектирлөө жүргүздү. Кызматкерлер тарабынан 2015-жылы социалдык-экономикалык жана жарандык маселелер боюнча (пенсия, жөлөк пул, турак жай, өздүгүн күбөлөндүрүүчү документтерди калыбына келтирүү) жарандарга консультациялар берилген.

Иштин жүрүшүндө психиатриялык мекемелердеги бейтаптардын укуктарынын сакталыш чөйрөсүндө алардын укуктарынын бузулуу фактылары орун алганы аныкталды:

- психиатриялык мекемелерге ыктыярдуу эмес госпиталдаштыруу;
- кыйноолорду колдонуу;

“Кыргыз Республикасында жарандардын саламаттыгын сактоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамынын (2005-жыл, 9-январь, №6) 70-беренесинин талаптарын бузуу, ага ылайык эмгекке жарамсыз майыптар Мамлекеттик кепилдик берүү программасынын чектеринде мамлекеттик саламаттык сактоо уюмдарынан акысыз медициналык-санитардык жардам алуу укугуна ээ.

### 2.4.1. Мамиленин жана дарылоонун катаал методдорунан коргоого укук

Кыргыз Республикасынын бардык психиатриялык мекемелеринде бейтаптарды кыйноо, аларга ырайымсыздык менен, адам жасагыс жана адамдын кадыр-баркын кемсинтүүчү мамиле кылуу кеңири колдонулат.

Кыйноонун эң көп колдонулуучу ыкмасы – бул “байлоо” деп аталуучу бейтаптарды керебеттерге колу-бутунан таңып салуу. Бул өзүнө же башкаларга зыян келтириши мүмкүн болгон бейтаптын коопсуздугун сактоо ыкмасы болуп саналат, бирок бардык жерде бул бейтаптар персоналга баш ийип, белгиленген эрежелерди аткарышы үчүн жаза болуп эсептелет. Жазалоонун дагы бир жайылтылган ыкмасы болуп жабык бөлмөдө өзүнчө кармоо саналат, ал жакка даарат ушатыш үчүн идиш коюлат. Ошондой эле психиатриялык мекемелерде жазалоо максатында нейролептикалык дары-дармектердин дозасын көбүрөөк берүүнү колдонуу улантылууда. Корректорлордун жоктугунан улам нейролептиктердин терапевттик дозалары ансыз дайындалат. Бул учурда бейтаптар ушул дары-дармектердин кошумча таасир этүүчү эффектисинен олуттуу жабыр тартышат.

*КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) Аппаратынын алдындагы Психиатриялык стационардык мекемелердеги бейтаптардын укуктарын коргоо кызматына Бишкек шаарындагы Республикалык психикалык ден соолук борборунун (мындан ары – РПДБ) №2 бөлүмүнүнөн бейтап М.Н.ден арыз келип түшкөн.*

*2015-жылдын 20-мартында саат 21ге жакын ал РПДБнын санитаркасы Г.Жумабаева тарабынан сабалууга дуушар болгон, андан кийин М.Н.ге карата 20-март саат 21-ден тартып, 21-март саат 8-00гө чейин таңып салуу* “байлоо” колдонулган.

*РПДБнын ички нускамалары боюнча бул чараны 2 сааттан ашуун колдонууга болбойт. Таңып салууларды каттоо журналында бул учур катталган эмес. Андан тышкары, дарылоочу ушул чараны колдонуу үчүн, нөөмөтчү дарыгерден уруксат алган эмес.*

*Кызмат тарабынан дароо кат даярдалып Бишкек шаарынын прокуратурасына[154] жана КР Саламаттыкты сактоо министрлигине кат жолдонгон[155]. Бишкек шаарынын Октябрь райондук прокуратурасы бул кайрылууну андан ары кароо үчүн Октябрь райондук ИИБге жөнөткөн.*

*Бирок, Бишкек шаарынын Октябрь райондук ИИБ бул кылмыш ишин "тараптардын жарашып алаганына" байланыштуу токтоткон..*

Психиатриялык мекемелердеги бейтаптарга карата таш боор мамилени жыл сайын аныктоолорго жана кылмыш иштери козголгондугуна карабастан, медициналык персонал тарабынан бейтаптарга карата таш боор, адам чыдагыс мамиле жана алардын кадыр-баркын басмырлаган мамилелер уланып келүүдө. Инспекциянын жыйынтыктары көрсөтүп тургандай, бейтаптарды түндөн таңга чейин керебетке жөнү жок эле таңып салуулар орун алууда. Инспекциялоонун жүрүшүндө бейтаптардын маалымдоосуна ылайык таңып коюлган бейтаптар медициналык персоналдардын көрсөтмөсү боюнча башка бейтаптар тарабынан сабалган учурлары бар.

**Бишкек шаарындагы Республикалык психикалык ден соолук борборун инспекциялоо**

2015-жылдын 10-мартынан 17-мартына чейин Кызмат тарабынан Бишкек шаарындагы РПБ инспекцияланган.

***а) Өспүрүмдөр бөлүмү (палаталар)***

КР Саламаттык сактоо министрлигинин 2011-жылдын 8-июлундагы №357 «Стационардык психиатриялык жардам көрсөтүүчү уюм жөнүндө" Жобону бекитүү тууралуу буйругунун №1 тиркемесинин 40-пунктунда РПДБга түшкөн 4 жаштан 14 жашка чейинкилер балдар бөлүмүнө кабыл алынат, ал эми 15тен 17 жашка чейинкилер өспүрүмдөр бөлүмүнө, эксперттик бөлүмдөргө жана палаталарга кабыл алынат. Бирок,

[154] 2015-жылдын 24- мартындагы чыгыш.№18-600.
[155] 2015-жылдын 24- мартындагы чыгыш.№18-607.

эскертүүсүндө эгер ооруканада өспүрүмдөр бөлүмү же палатасы жок болсо, анда өспүрүмдөр чоңдор бөлүмүнө кабыл алынат.

Психиатриялык медициналык мекемелерде өспүрүмдөр бөлүмүнүн же палатасынын жоктугу (балдар менен кыздар эки бөлөк кармалышы керек) 18 жашка чыга электердин укуктарын бузууга алып келет. Анткени Кыргыз Республикасынын "Балдар жөнүндө" кодексинде 18 жашка чыга элек адам бала болуп саналат, муну менен КР Саламаттык сактоо министрлигинин 2011-жылдын 8-июлундагы №357 «Стационардык психиатриялык жардам көрсөтүүчү уюм жөнүндө" жобо тууралуу буйругунун №1 тиркемесинин 40-пункту жашы жетпегендердин укуктарын, балдардын укуктарын коргоого багытталган улуттук жана эл аралык укуктун ченемдерин одоно бузуу болуп саналат. Өзгөчө белгилеп кетүүчү нерсе, жашы жетпегендердин чоң бейтаптар менен бир бөлүмдө жашашы көптөгөн терс факторлорго жана тобокелчиликтерге, мисалы, эгер жашы улуу бейтаптар тарабынан агрессия же зомбулук болгон учурларда алсыз болуп, өзүн коргой албаганы менен түшүндүрүлөт.

Эгер аскер кызматына жарамдуулукту 17 жаш курагында аныкталаарын эске алсак, анда ошол эле бөлүмдө жаңыдан аскерге чакырылуучулар болсо, алардын аскер кызматына чакырылуучунун аскер кызматына жарактуулугун аныктоо боюнча маселеде жөнөтүлгөндөр ал жакта жаткан бейтаптардан психикалык бузулуулардын симптомдорун туурап, өздөштүрүп алышы мүмкүн деген коркунуч бар.

***б) Дары дармек менен камсыздоо***

Азыркы учурда РПДБ бөлүмдөрүндө заманбап медикаментоздук каражаттардын жетишпестиги, атап айтканда типтүү эмес нейролептиктердин, антидепрессанттардын, ноотроптордун жетишпестиги байкалат. Колдо болгону соматикалык катардагы препараттардын аз эле спектри болот, ал эми ооруканага эң көбүнчөсүн тигил же бул соматикалык дартка чалдыккандар түшүшөт. Бейтаптардын бул категорияларына, алардын абалы бир топ начарлыгына карабастан психикалык бузулууларына жараша бүгүнкү күндө соматикалык стационарларларга жаткыруудан баш тартышат. Мындай стационарларга интенсивдүү терапия бөлүмдөрүн же палаталарын уюштуруу зарылдыгы, хирург жана фтизиатр штаттык бирдиктерин киргизүүнүн зарылдыгы бар, анткени аспаптык усулдар, мисалы УҮД(УЗИ), рентген менен аныктоодо бир топ кыйынчылыктар жаралат. Өзгөчө бул аялдар бөлүмү үчүн өзгөчө маанилүү, анткени аял бейтаптар кош бойлуулугу тууралуу айтышса же гинекологиялык мүнөздөгү ооруларына даттанышса, аларды кандайдыр-бир диагностикалык борборго жөнөтүүгө көбүнчөсүн мүмкүн болбой калат.

***в) Ооруканадан чыгаруу. Үй-интернаттарына которуу***

Бейтапты ооруканадан чыгаруу - өзүнчө эле көйгөй. Бейтап үйүнө чыгууга даяр болуп турат, бирок ага эч ким келбейт, аны үйүнө алып кетишпейт. Бейтап эгер үй-бүлөсү тарабынан колдоого ээ болбосо, анда аны ооруканадан чыгарууда да, аны башка медициналык мекемеге которууда да кыйынчылыктарга дуушар болот. Азыркы учурда кайда чыгарылаары белгисиз бейтаптарды, туугандары каттабаган бейтаптарды же документтери жокторду социалдык коштоонун тутуму жок. Мындай бейтаптар документтерди тариздөөдө-паспорт алууда, өнөкөт психикалык оорулар менен жабыркаган адамдарды үй-интернаттарына которууда медико-социалдык эксперттик комиссиянын (мындан ары-МСЭК) тактамасын алууга жөнөтүүдө жардамга муктаж болушат. Белгилей кетүүчү нерсе, үй-интернаттарына которууда документтердин чоң тизмеси зарыл:

- үй-бүлөлүк абалы жөнүндө маалымкат (балдары, ата-энеси жана туугандары бар же жок экендиги);
- алынуучу пенсиясынын (жөлөкпулдун) өлчөмү жөнүндө маалымкат;
- кыймылсыз мүлкүнүн бар же жок экендиги тууралуу КР Өкмөтүнүн алдындагы Мамлекеттик каттоо кызматынан (мындан ары-МКК) маалымкат;
- улгайган же майып адамдын аймактык социалдык коргоо башкармалыгынын жергиликтүү же коомдук уюмдардын өкүлдөрүнүн катышуусунда түзүлгөн материалдык-тиричилик жана үй-бүлөлүк абалын иликтөө боюнча акт;
- Социалдык коргоо башкармалыгынын сунушкаты.

Биздин көз карашыбызда, мындай талаптар аша чапкандык болуп саналат, үй-интернаттарына которуунун шарттарынын, үй-интернаттарына кабыл алуу механизмдерин жөнөкөйлөтүү зарыл, муну өзгөчө алардын өздүгүн тастыктоочу документтери жок бейтаптар үчүн жөнөкөйлөтүү керек. Бул документтер которуунун башкы шары болбошу керек, бирок кийинчерээк ал документтерди бейтаптын жашаган жери боюнча же бейтап жаткан оорукананын жайгашкан жери боюнча социалдык кызматтардын көмөгүндө чогултуу зарыл.

**Сунуштар**

**Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине**

1. Бекитилип, Юстиция министрлигинен каттоодон өткөн бардык жоболорду эл аралык ченемдерге жана “Психиатриялык жардам жана аны көрсөтүүдөгү жарандардын укуктарынын кепилдиктери жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамына (1999-жылдын 17-июнундагы №60) ылайык келтирүү;
2. Психиатриялык мекемелерде өспүрүмдөр бөлүмдөрүн түзүү маселесин кароо;

3. “Психиатриялык жардам жана аны көрсөтүүдөгү жарандардын укуктарынын кепилдиктери жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамынын (1999-жылдын 17-июнундагы №60) 11-беренесинин жоболоруна ылайык мекеменин жетекчилиги менен психиатриялык жардамга кайрылуунун ыктыярдуулугу жана дарыланууга жазуу жүзүндөгү макулдук жана госпиталдаштырууда жана дарылоонун жүрүшүндө бейтаптарга тийиштүү маалыматтарды берип туруу сыяктуу принциптердин аткарылышына тийиштүү көзөмөлдүктү камсыздоо;
4. КР Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлиги менен биргеликте психиатриялык ооруканалардан психоневрологиялык үй-интернаттарына которуунун жөнөкөйлөтүлгөн механизмин иштеп чыгуу.

### 2.4.2. Ош областтык психикалык саламаттык борборунда жаткан адамдардын укуктарынын сакталышы

Ош областтык психикалык саламаттык борборундагы бейтаптардын укуктарынын сакталышына мониторинг (мындан ары - ООПСБ) КР Акыйкатчы Аппаратынын 2015-жылга бекитилген иш планына ылайык жүргүзүлгөн. Мониторингдин максаты бейтаптардын маалыматка жетүү укугунун сакталышын иликтөө болду.

КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) Ош областы жана Ош шаары боюнча өкүлчүлүгүнөн турган мониторингдик топко башкы адис С. Ибрагимова, Т. Гапаров, “Медициналык жана социалдык укуктар борборуунун” директору У. Шадиева жана ОшМУнун юридикалык факультетинин студенттери А. Акматова, Асылбек кызы А., Касым кызы А.. кирген. Мониторинг 2015-жылдын 24-мартынан 31-мартына чейин жүргүзүлгөн. Белгилей кетүүчү нерсе, анын жүрүшүндө ООПСБнын юристи И.Сеитов тарабынан мониторинг жүргүзүүгө тоскоолдук жасалды, кийинчерээк ООПСБнын администрациясы тарабынан ага “сөгүш” жарыяланган.

***Дарылоого макулдук***

Иликтенген бардык бейтап баяндарында дарылануу макулдук басма ыкмасында даярдалган бланк түрүндө тариздетилген, анда оорулуунун фамилиясы, аты жана колу гана көрсөтүлгөн. "Психиатриялык жардам жана аны көрсөтүүдөгү жарандардын укуктарынын кепилдиктери жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамынын (1999-жылдын 17-июнундагы №60) 11-беренесинде "Психикалык мандемдүүлүктөн жабыркаган адамды дарылоо анын кат түрүндөгү макулдугу алынгандан кийин гана жүргүзүлөт"-деп жазылган. Бирок, бул бланкты толтуруу формалдык мүнөзгө ээ болууда, анткени толтурулуп бүткөн документке кол гана коюу менен бейтап аң-сезимдүү маалымдуулукта макулдук бербейт. Жазуу жүзүндөгү макулдук бейтаптын өз колу менен жазылып, өзүнүн укуктары, мекеменин иш тартиби, коюлган диагноз жана белгиленген дарылоо тууралуу кандай маалыматты алганын көрсөтүү менен аң-сезимдүү түрдө макулдук бериши керек.

"Психиатриялык жардам жана аны көрсөтүүдөгү жарандардын укуктарынын кепилдиктери жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамынын (1999-жылдын 17-июнундагы №60) 11-беренесинин 2-пунктунда жазылган бейтаптардын маалыматка жетүү укуктарынын сакталышына мониторинг жүргүзүү максатында бир канча бейтап баяндары иликтенди. Бул материалдарды талдоонун натыйжасында, психикалык мандемдүүлүк менен жабыркаган бейтаптарды алардын психикалык абалын, психикалык мандемдүүлүктүн мүнөзүн жана дарылоонун максаттарын, усулдарын жана альтернативдүү дарылоону кошо алганда дарылоонун узактыгы, ошондой эле мүмкүн болуучу тобокелчиликтер жана терс таасирлери жана күтүлүүчү натыйжалары тууралуу маалымдоонун жетишсиздиги белгиленген. Берилген маалымат жөнүндө медициналык документация- бейтап баянында жазуу жүргүзүлүшү керек. Бул талап ООПСБнын №4 бөлүмүнүн (бөлүм башчы Г.Амирбаева) документациясында сакталбайт, башка бөлүмдөрдө эч болбогондо берилген дары каражаттары тууралуу жазуу жүргүзүлөт. Аңгемелешүү учурунда жана бейтап баянын жазууда бейтаптарга алардын укуктары тууралуу өтө чектелген гана маалымат берилет. "Психиатриялык жардам жана аны көрсөтүүдөгү жарандардын укуктарынын кепилдиктери жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамынын (1999-жылдын 17-июнундагы №60) 5-беренесинде аныкталган жарандардын укуктарынын толук тизмеси ар бир бейтапка түшүндүрүлбөйт. Бирок, айрым оору таржымалдарында медициналык каражаттарды колдонуу, алардын таасилери тууралуу бейтаптын туугандарына түшүндүрүлгөнү белгиленген. Белгилей кетүүчү нерсе, "Психиатриялык жардам жана аны көрсөтүүдөгү жарандардын укуктарынын кепилдиктери жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамынын (1999-

жылдын 17-июнундагы №60) тексти көрүнөө жерде дайыма эле илинип турат. Мыйзамда бейтаптардын укуктары жазылуу. Бирок мыйзамдын толук тексти бейтаптардын кабыл алуусу үчүн оор. Маалымат алуу укугу деген маалыматты жеткиликтүү тилде жана формада берүү дегенди билдирет. Ошондуктан, мыйзамдын толук текстинен сырткары бейтаптарга негизги укуктардын тизмесинин кыскача мазмунун мамлекеттик жана расмий тилдерде ар бир мекемеде илип коюу зарыл.

Мекеменин ички иш тартибин жана ишмердигин жөнгө салуучу ченемдик актылар да бейтаптардын укуктарын коргоонун кепилдиктерин чагылдырбайт. Мисалы, КР Саламаттык сактоо министрлиги тарабынан бекитилген 2013-жылдын 29-мартындагы №22 Ош облустук психикалык саламаттык борбору жөнүндө жобо юстиция органдарында катталган. Бирок жобонун текстинде психиатриялык жардам көрсөтүүдөгү бейтаптардын укуктары чагылдырылган эмес, ошондой эле, медициналык адистердин иштөөсү үчүн адекваттуу шарттар, анын ичинде социалдык, эмгектик аспектилер, ошондой эле медиктерди камсыздоо маселелери каралган эмес, бул "Психиатриялык жардам жана аны көрсөтүүдөгү жарандардын укуктарынын кепилдиктери жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамынын (1999-жылдын 17-июнундагы №60) 22-беренесинде каралган Психиатриялык жардам көрсөтүүгө катышкан врач-психиатрлар, башка адистер, медициналык жана башка кызматкерлер эмгектин өзгөчө шарттарында иштеген адамдар үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген жеңилдиктерди алууга укуктуу болушат, ошондой эле кызматтык милдеттерин аткарууда алардын саламаттыгына зыян келтирилген же өлгөн учурларга карата милдеттүү мамлекеттик камсыздандырууга алынышат.

Психиатриялык жардам көрсөтүүгө катышкан адамдын саламаттыгына зыян келтирилип, ал анын эмгекке жөндөмдүүлүгүн убактылуу жоготушуна алып келсе, ошондой эле, майып болуп калса ага, ал эми ал өлгөн учурда анын мураскорлоруна келтирилген зыяндын орду Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган тартипте толтурулуп берилет.

Бирок мындай ченемдер азыркы учурда ишке ашырылбай келүүдө. ООПСБда ички тартиптин эрежелери тууралуу документ иштелип чыккан эмес. Анын ордуна бардык бөлүмдөрдө иштөө тартиби гана илинген, ал бейтаптар үчүн мекеменин ишинин эрежелерин түшүнүү үчүн жетишээрлик эмес. 2014-жылы КР Саламаттык сактоо министрлиги Кыргызстандын Психиатриялык Ассоциациясы менен психиатриялык саламаттык кызматынын ишмердигин жөнгө салуучу ченемдик укуктук актылардын

жыйнагын чыгарган. Аталган жыйнак ООПСБда бар, бирок, тилекке каршы, аны колдонушпайт.

***Медициналык жардамдын сапаты жана каржылоо маселелери***

"Психиатриялык жардам жана аны көрсөтүүдөгү жарандардын укуктарынын кепилдиктери жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамынын (1999-жылдын 17-июнундагы №60) 17-беренесине ылайык психиатриялык жардам көрсөтүүчү мекемелердин жана адамдардын ишин каржылоо республикалык бюджеттен, милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунан жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында тыюу салынбаган башка булактардан психиатриялык жардамдын кепилденген деңгээлин жана жогорку сапатын камсыздоочу өлчөмдөрдө каржыланат.

Учурда ООПСБ мамлекеттик бюджеттен каржыланат, ал жарым-жартылай атайын эсептен да каржыланат. Атайын эсеп көрсөтүлүүчү акы төлөнүүчү кызматтардын эсебинен, профилактикалык кароодон өткөрүү жана маалымкаттарды берүүнүн эсебинен түзүлөт. 2015-жылдын 1-апрелинен тартып КР Саламаттык сактоо министрлиги тарабынан ООПСБны милдеттүү медициналык камсыздоо фондунун тутумуна кошуу пландалган эле, бирок КР Саламаттык сактоо министрлиги менен келишим алиге чейин түзүлө элек.

ООПСБны кармап туруу үчүн мамлекет жыл сайын КР Саламаттык сактоо министрлиги аркылуу 25 млн. сом бөлөт, ал эми бир бейтапты бир күн кармоо мамлекетке 466 сомго турат, а чындыгында бардык чыгашалардын сметасын алганда, дары-дармекке, тамак-ашка жана башка чыгымдарды кошо алганда бир бейтапка эң аз болгондо 750 сом зарыл.

ООПСБ нормалдуу иштеп турушу үчүн зарыл болгон суммадан кеминде 8-10 млн. сом өлчөмүндө кем алат. Мисалы, 2014-жылы мекеме 26 310 600 сомго кем каржыланган, анын ичинен медикаменттерди алуу жана медициналык буюмдарды алууга кетүүчү сумма 2 031 600 сомду түзөт, ал эми бир бейтапты бир күндө дарылоого кетүүчү сумма 35,9 сомду түзөт. Бул бейтапты дарылоо үчүн таптакыр эле жетишсиз сумма. Жыл сайын толук каржыланбагандыктын айынан күн сайын препарат алуучу бир бейтапка 35,9 сом жетишсиз болот.

ООПСБ кызматкерлери аңгемелешүү учурунда белгилешкендей бейтаптарды дарылоо үчүн учурда колдонулуп жаткан дары-дармек каражаттарынын натыйжасы төмөн, бирок алар азыркыга чейин эле Мамлекеттик кепилдик программасында (МКП) жашоо үчүн маанилүү препараттардын тизмесине кирет. Аталган тизме 2009-жылдан

бери, дээрлик беш жылдан ашуун убакыттан бери жаңыланган эмес. Учурда психиатриялык мекемелердин бейтаптарын сапаттуу дарылоо үчүн жаңы дары-дармек каражаттары керек. Бирок ООПСБ каржылоонун жетишсиздигинен жана алардын МКП тизмесинде жоктугунан сатып ала алышпайт.

Мындан сырткары, мониторинг көрсөткөндөй, амбулаториялык бейтаптар МКП тизмесинде белгиленген препараттарды да алышпайт. Психикалык оорулар: шизофрения, талма, жөөлүмөй мандеми менен жабыркаган бейтаптардын абалы начарлаган, анткени алар 2015-жылдан тартып алар Милдеттүү медициналык камсыздоо фонду (ММКФ) менен бул каражаттарды төлөөгө келишимдин жоктугунун айынан бейтаптар жеңилдетилген баада сатып алууга рецепт ала алышпайт. Бишкек шаарындагы РПСБнын 2015-жылы февралда текшерүүсүнүн маалымкатында көрсөтүлгөндөй, №1 Үй-бүлөлүк дарыгерлер борборунда (ҮДБ ) учурда бир психиатр-врач иштейт. Ал эми №2 ҮДБ психиатр-врачтын жоктугунун айынан каттоодо турган бейтаптардын амбулатордук карталарынын дубликаттары (алар-1688 бейтаптар) ООПСБга берилген. Психиатр-врачтардын жетишсиздигинен улам жергиликтүү деңгээлде курч проблемалар келип чыгат. Бейтаптар психиатриялык жардамды амбулатордук деңгээлде алууда кыйынчылыктарга дуушар болушат, ал эми стационарда алар аптекадан дары-дармек алууга рецепттерди жана майыптыгын тариздөө үчүн МСЭКтен өтүүгө жолдомо ала алышпайт.

Мурдагыдай эле тамак ашка жетиштүү каражат бөлүүдө көйгөйлөр орун алууда. Учурда бөлүнүп жаткан каражат жашоого маанилүү керектөөлөргө да жетишпейт, ошондуктан бейтаптар курсагы чала тойгон абалда жүрүшөт. Мисалы, 2014-жылы оорукана тамак ашты 3 345 000 миң сомго сатып алган, орто эсеп менен бир бейтапка ашкана 60 сом 50тыйын чыгымдайт, бул толук кандуу үч жолку тамакка жетпеши даана көрүнүп турат.

2015-жылдын 24-мартында өткөрүлгөн мониторингдин жыйынтыгында көрүнгөндөй, ООПСБдагы тамактардын менюсу бир түрдүү, калориясы аз, эти аз, күнүнө бир эле жолу берилет. Рациондо сүт азыктары, аш-көк, жашылча, мөмө-жемиш, жумуртка, колбаса азыктары, балык жокко эсе. ООПСБнын эсеби боюнча анын ооруканасында бир бейтаптын толук кандуу тамактануусуна 125 сом жетмек. 2014-жылы 41 млн. сом керек болгон шартта, болгону 26 млн. сом бөлүнгөн.

Ошентип, мындай корутунду чыгарууга болот: “Психиатриялык жардам жана аны көрсөтүүдөгү жарандардын укуктарынын кепилдиктери жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамынын (1999-жылдын 17-июнундагы №60) 45-беренесиндеги

психиатриялык жардам көрсөтүүдө мыйзамдуулуктун сакталышына прокурордук көзөмөл жүргүзүү тийиштүү деңгээлде аткарылбай жатат. Жергиликтүү бийлик органдары (областтык мамлекеттик администрация), ошондой эле башкы врач жана башкы врачтын орунбасары мекеменин медициналык кызматкерлеринин бейтаптардын укуктарын камсыздоо боюнча аракеттерине тиешелүү көзөмөлдүктү ишке ашырышпайт.

**Ошентип, мониторингдин жыйынтыктары төмөнкү көйгөйлөрдү ачыктады:**

- оорукананын жетекчилиги тарабынан "Психиатриялык жардам жана аны көрсөтүүдөгү жарандардын укуктарынын кепилдиктери жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамынын (1999-жылдын 17-июнундагы №60) 11-беренесинде жазылган психикалык мандемдүүлүктөн жабыркаган адамды дарылоо бейтаптын кат түрүндөгү макулдугу алынгандан кийин гана жүргүзүлөт жана бейтапты ооруканага жаткырууда жана дарылоонун жүрүшүндө тийиштүү маалыматтар берилип турат деген ченем аткарылбайт.
- КР Саламаттык сактоо министрлиги тарабынан көп жылдан бери ООПСБнын реалдуу керектөөлөрүнө, бейтаптарды кароого жана сапаттуу дарылоого болгон реалдуу керектөөлөрү канааттандырылбайт, бул өз учурунда медициналык жардамдын сапатын төмөндөтөт;
- амбулаториялык дарылануудагы бейтаптардын МКП боюнча дары-дармек менен камсыздоого укуктары бузулууда; ММКФ менен келишимдин жоктугунан улам Ош облусундагы амбулатордук дарылануда жүргөн бейтаптары 3 ай бою (январь-март, 2015-жыл) МКПда каралган дары-дармектерди алышпайт;
- "Төлөйкөн" кичи районунда жайгашкан №4 бөлүмдүн бейтаптары эң начар абалда, анда ООПСБнын ушул 4-бөлүмү 1966-жылы курулган эски имаратта калган, бейтаптарды кармоо шартын таш боор, адам чыдагыс жана адамдын кадыр-баркын басмырлаган мамиле катары баалоого болот; бөлүмдүн электр өткөргүч зымдарын толугу менен алмаштыруу зарыл, антпесе учурда бейтаптарга жана персоналга коркунуч келтирүүдө; санитардык-техникалык жабдууларды жана канализациялык куурду толугу менен алмаштыруу зарыл.

**Сунуштар**

**Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине**

1. Бекитилип, Юстиция министрлигинен каттоодон өткөн бардык жоболорду эл аралык ченемдерге жана "Психиатриялык жардам жана аны көрсөтүүдөгү

жарандардын укуктарынын кепилдиктери жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамына (1999-жылдын 17-июнундагы №60) ылайык келтирүү;

1. ООПСБны толук каржылоону ишке ашыруу.

2. ООПСБнын 4-бөлүмүнүн имаратын капиталдык оңдоодон өткөрүү маселесин, ошондой эле эмерек (мебель) жана офистик жабдыктарды (керебеттер, ашкана столдору, тумбалар) жана физиотерапевтикалык жабдууларды алуу маселесин тез арада чечүү зарыл.

### 2.4.5. Чым-Коргон айылындагы республикалык психиатриялык ооруканаы инспекциялоо

Чым-Коргондогу республикалык психиатриялык бейтапкана (мындан ары – РПБ) – бул адистештирилген атайын оорукана, анда жыл ичинде 1000ге жакын бейтап дарыланат. Алардын көпчүлүгү мандемдүүлүктөн улам майып болуп калышкан. Бейтаптардын оорулары узак убакытка үзгүлтүксүз созулат, негизинен өнөкөт мүнөзгө ээ, ошондуктан бейтаптар айыгуу үчүн дээрлик 6 айдан кем эмес дарыланууга тийиш. Бейтаптардын көпчүлүгү ооруканага документсиз, жашаган дареги көрсөтүлбөстөн, чоочун кишилердин коштоосунда келип түшөт. Бейтаптар ооруканага түшкөн учурунда психикалык абалынын айынан өзүлөрү тууралуу ишенимдүү маалыматтарды бере алышпайт, эч кандай документи болбогондуктан алардын ооруканада болуу мөөнөтү узарып кетет. Оорукананын жетекчилигинин сурап-билме бюролоруна жиберген суроо талаптарына мындай жаран эч кайсы жерде жазылбаган деген жооптор келет.

Үй-интернаттарына которуунун, ал жакка кабыл алуунун механизмин жөнөкөйлөтүү зарылдыгы бышып жетти, айрыкча бул өздүгүн күбөлөндүрүүчү эч кандай документи жок бейтаптарга тиешелүү.

Чым-Коргондогу РПБда мажбурлап дарылоо бөлүмү иштейт, ага бейтаптар соттун токтому менен жалпы жана күчөтүлгөн режимде байкоо жана дарылоо үчүн түшөт. Инспекциялоонун жүрүшүндө мекемеде соттун чечимине ылайык мажбурлап дарылоо үчүн 53 бейтап бар эле. Алардын 35 жалпы режимде, күчөтүлгөн режимдегиси-18. Бирок алардын баары тең мажбурлап дарылоонун узартылганы тууралуу маалымат алышкан эмес. “Психиатриялык жардам жана аны көрсөтүүдөгү жарандардын укуктарынын кепилдиктери жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамына (1999-жылдын 17-

июнундагы №60) ылайык мекеменин жетекчилиги бейтапка адвокат чакырууга мүмкүнчүлүк бериши керек.

*Чым-Коргон айылындагы РПБны инспекциялоо учурунда КР Акыйкатчы Аппаратынын кызматкерлери тарабынан 1971-жылы туулган В,Б. деген жаран аныкталган. Ал Каракол шаардык сотунун 2015-жылдын 31-мартындагы чечими боюнча жалпы режимде мажбурлап дарылоо бөлүмүндө жаткан. Документтерге ылайык 2014-жылдын 10-октябрында В.Б.нын гаражынан кочкул жашыл түстөгү, мүнөздүү жыты бар, салмагы 5 килограмм баңги каражаты табылган. Соттук-психиатриялык экспертизанын алгачкы корутундусунун негизинде айыпталуучу В.Б. мажбурлап дарылоого муктаж эле. Ал эми 2015-жылдын 25-февралындагы соттук-психиатриялык экспертизанын экинчи корутундусунун негизинде В.Б. акыл-эси соо эмес (делбе) деп табылган.*

*Каракол шаардык соту 2015-жылдын 31-марпындагы чечими менен аны Чым-Коргондогу РПБга мажбурлап дарылоого жайгаштырууга токтом чыгарган. Соттун төрагасы бул чечимди В.Б.нын колуна тапшырып, аны психиатриялык ооруканага өз алдынча жетүүгө жөнөткөн.*

Эске салсак, КР Кылмыш-жаза кодексинин 91-беренеси психиатриялык мандем менен жабыркаган кылмышкер соттолуучунун абалын эксперттик баалоонун процедурасы жана тартиби аныктайт, анткени психикалык мандем кылмыштын себеби болгонбу же жокпу, ошондой эле аны пенитенциардык мекемеге жайгаштыруунун ордуна психиатриялык ооруканага жөнөтүүнүн негиздүүлүгүн баалоо зарыл.

**Сунуштар**

**Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлигине**

1. Оорукананын жетекчилиги менен биргеликте ооруканада бир жылдан ашуун жаткан бейтаптарды психоневрологиялык үй-интернаттарына которуу маселесин чечүү зарыл.

**2. Чым-Коргон айылындагы Республикалык психиатриялык оорукананын жетекчилигине**

"Психиатриялык жардам жана аны көрсөтүүдөгү жарандардын укуктарынын кепилдиктери жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамынын (1999-жылдын

17-июнундагы №60) 7-беренесинин 3-пунктуна ылайык мажбурлап дарылоону узартууда мекеменин жетекчилиги бейтапка адвокат чакыруу мүмкүнчүлүгүн камсыздоого милдеттүү.

### 2.4.4. Кызыл-Жар шаар тибиндеги поселогундагы республикалык психиатриялык ооруканаsupы инспекциялоо

Кыргыз Республикасынын Акыйкатчы Аппаратынын алдындагы Психиатриялык мекемелердеги бейтаптардын укуктарын коргоо кызматынын иш планына ылайык 2015-жылдын 18-20-ноябрь күндөрү Кызыл-Жардагы РПБны инспекциялады. Ал жерде дарылоодо жүргөн бейтаптардын укуктарынын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарынын сакталышын инспекциялоо учурунда психиатриялык жардам жана аны көрсөтүүдөгү кепилдиктер тууралуу мыйзамдардын талаптарынын жана КР Саламаттык сактоо министрлиги тарабынан чыгарылган айрым ченемдик актылардын бузулуулары ачыкталган. Бейтаптардын баяндары иликтенген, соттук-медициналык комиссиялардын материалдары, сот органдарынын документтери, б.а. психиатриялык мекеме бейтапты мажбурлап дарылоого кабыл алууга негиз болгон документтер иликтенген.

Инспекциялоо көрсөткөндөй, негизги көйгөй документтерди тариздөө жана бул мекемеде мажбурлап дарылоодо 6 айлык мөөнөттө болгондон кийин, анын мөөнөтүн кайра кароого же узартууга сунуштама менен сот органдарына кайрылышы керек деген мыйзамдык талаптар (КР Кылмыш-жаза кодексинин 93-беренеси, КР Жазык-процесстик кодексинин 415-беренеси) жана КР Саламаттык сактоо министрлигинин 2014-жылдын 12-сентябрындагы № 521 “Психикалык мандемдүүлүктөн жабыркаган, аларга карата соттук-психиатриялык экспертиза дайындалган жана медициналык мүнөздөгү мажбурлап дарылоо аныкталган адамдарга психиатриялык жардам көрсөтүүнү жакшыртуу жөнүндө” буйругунун талаптары бузулган. Психиатр-врачтардын бейтапты мажбурлап дарылоону узартуу же режимин өзгөртүү тууралуу кароо тууралуу корутундулары сотко жөнөтүлүшү керек. Бул жобону сактабоо деген сөз бейтаптардын психиатриялык мекемеде мыйзамсыз кармалып жатканы деп кескин бүтүм чыгарууга болот.

*1968-жылы туулган бейтап С.О. боюнча сунуштама Кара-Көл шаардык сотуна 2013-жылы 33 күн кечигүү менен жолдонгон, ал эми 1983- жылы туулган Г.А. боюнча*

*сунуштама 2014-жылы Ноокат райондук сотуна мөөнөтүнөн 12 күн кечиктирүү менен жөнөтүлгөн.*

Мындай жагдайлар адамды психиатриялык мекемеде соттун санкциясыз мыйзамсыз кармап туруу болуп саналат жана буга жол койгон адам кылмыш жоопкерчилигине тартылышы керек.

*Г. А. аттуу бейтап Кызыл-Жардагы РПБда 2 жылдан ашуун ага карата андан ары мажбурлап дарылоону колдонуу тууралуу соттун чечимисиз эле жатат. Оорукананын жетекчилиги бейтап Г.А. боюнча Ноокат райондук сотуна тийиштүү сунуштама жөнөтүлгөн, бирок оорукананын өкүлү сотко катышпаганына байланыштуу 2015-жылдын 4-августунда ишти маңызы боюнча карабай, иштин материалдарын РПБга кайтарып берген, ошондой 2014-жылдын 26-августундагы соттун чечими РПБ тарабынан мыйзамда каралган тартипте даттанылган эмес деген жүйөөгө да таянган. Учурда Г.А.нын укуктарын, анын психиатриялык мекемеде мыйзамсыз жатканы боюнча маселени адам укуктары боюнча «Эдвокаси» борборунун адвокаты коргоодо, ал эми коомдук социалдык-медициналык жардамды "Медициналык жана социалдык укук" коомдук фонду көрсөтүүдө.*

Сот органдары менен Кызыл-Жар РПБнын жетекчилигинин өз ара кызматташтыгынын жоктугунан аталган ооруканага мажбурлап дарылоого түшкөн бейтаптар бул мекемеде бир нече жылдап калып кетет, анткени соттор келип түшкөн сунуштарды канааттандыруусуз эле кайтарышат.

*Бейтап Б. К.нын байкоо режимин өзгөртүү боюнча Кызыл-Жардагы РПБдан сунуштама Жалал-Абад шаардык сотуна (психиатриялык мекеме жайгашкан жери боюнча) 2014-жылы 26-декабрда жана 2015-жылдын 3-августунда жөнөтүлгөн, сот сунушталган материалдарды маңызы боюнча карабай эле аны кайрадан кайтарган. Натыйжада, бейтап Б.К. Кызыл-Жардагы РПБда мыйзамсыз түрдө, соттун чечимисиз 8 айдан бери жатат.*

Бейтаптардын соттун санкциясыз психиатриялык стационарда болушу укуктук эле бузулууларга алып келбестен, экономикалык да чыгымдарга алып келет. Бейтаптын

ооруканада мыйзамсыз жатышы мамлекеттик бюджетке оорчулугун тийгизет, олчойгон суммага түшөт, анткени бейтапты бир сутка кармоо мамлекетке 500 сомго түшөт.

Бейтаптар мажбурлап дарылоодо оор кылмыштарды жасаганынан, мисалы, жарандардын өмүрүнө жана ден соолугуна кол салуу сыяктуу кылмыштарды жасаганына байланыштуу жатса, мисалы, 4 жылга чейин жатышы күмөн ойго түртөт, ал эми анча оор эмес кылмыштарды жасаган (мисалы, уурулук ж.б.) адамдар аны жайгаштыруу негизсиз болгону менен өтө эле узак мезгилде мажбурлап дарылоонун татаал түрлөрүн (мисалы, байкоонун катаал же күчөтүлгөн түрлөрү) колдонуу менен жатышы да түшүнүксүз.

*Кызыл-Жардагы РПБдан 1965-жылы туулган, учурда РПБда күчөтүлгөн режимдеги байкоодо Бишкек шаарынын Октябрь райондук сотунун 2011-жылдын 12-сентябрындагы токтому менен (КР Кылмыш-жаза кодексинин 164-беренесинде каралган кылмышты жасады деп айыпталуучу) М.Т.га карата сунуштама төрт жылдан бери катары менен канааттандырылбай келет.*

*Ушундай эле абал 1945-жылы туулган бейтап Х.К га (КР Кылмыш-жаза кодексинин 246-беренеси менен айыпталган) карата сунуштама да төрт ирет Таш-Көмүр шаардык сотуна аталган бейтаптын мажбурлап дарылоонун түрүн өзгөртүү жөнүндө жөнөтүлгөн. РПБнун жетекчилигинин Таш-Көмүр шаардык сотунун көчмө жыйынын өткөрүү тууралуу өтүнүчү негизсиз четке кагылууда.*

Түзүлгөн кырдаалдан чыгуунун бирден-бир башкы себеби биздин оюбузча, мажбурлап дарылоонун түрүн өзгөртүү жөнүндө сунуштама берүүчү психиатр-врачтардын жүйөлөштүрүлгөн корутундусунун жана негиздемесинин начардыгы болуп саналат, мисалы, бейтапты күчөтүлгөн режимден жашаган жери боюнча амбулатордук байкоого (милдеттүү диспансерлөө) ж.б. жолдоо. Начар, жеткиликтүү эмес негизделген корутунду-сунуштама сотко бейтаптын абалын туура баалоо, аны мажбурлап дарылоосун четке кагуу же узартуу тууралуу чечим кабыл алуусуна мүмкүнчүлүгүн бербейт. Психиатр-врачтардын комиссияларынын бир катар корутундуларын иликтеп чыкканда, медиктер өз негиздемелеринде маанилүү документ болуп саналган “Коомдук коркунучтуу жосундарды жасаган психикалык мандемдүүлүктөгү адамдарга карата медициналык мүнөздөгү мажбурлап дарылоо жана башка чараларды колдонуу тартиби жөнүндөгү” жобону колдонушпайт[156]. Атап айтканда, бул документте медициналык мүнөздөгү ар түрдүү чараларды колдонуунун критерийлери так көрсөтүлгөн (милдеттүү диспансерлөө,

[156]КР Саламаттык сактоо министрлигинин 2014-жылдын 12-сентябрындагы №521 буйругу менен бекитилген //Сборник нормативных правовых актов, регулирующих деятельность службы психического здоровья Кыргызской Республики. – Бишкек, 2014. – 90-б.

катардагы байкоо, күчөтүлгөн байкоо, катуу байкоо), коомдук коркунучтуу жүрүм-турумдун клинико-психопатологиялык жана социалдык-психологиялык тобокелдиктери, ошондуктан тигил же бул түрдөгү медициналык чара сунушталганы кеңири көрсөтүлгөн. Мисалы, врач-психиатрлардын комиссиясы күчөтүлгөн режимдеги байкоону сунуштайт, ал эми сот катуу байкоо колдонуу боюнча токтом кабыл алат.

Ошондой эле Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин башкы психиатры жетектеген комиссиянын чечиминин негизинде деген ченем да (КР Жазык-процесстик кодексинин 415-беренесиндеги “Адамдын акыл-эс абалы мурда дайындалган чараны колдонуунун зарылдыгы жок болгондой, же болбосо медициналык мүнөздөгү башка чараны колдонуу зарылдыгы келип чыккандай абалда болгондо сот медициналык мүнөздөгү мажбурлоо чарасын кыскартат же өзгөртөт”) аткарылбайт.

Бейтаптардын жана медициналык кызматкерлердин укуктарын олуттуу бузуулардын бири алардын жеке коопсуздугун камсыздоого шарттын жоктугу саналат. Инспекциялоонун жүрүшүндө Кызыл-Жардагы РПБнын бөлүмдөрүндө бир эле убакта ар кайсы: катуу, күчөтүлгөн, катардагы режимдеги байкоодогу бейтаптар кармалышат. Мисалы, №2 эркектер бөлүмүндө катуу режим белгиленген 2 бейтап, күчөтүлгөн режим дайындалган 11 жана катардагы режим белгиленген 14 бейтап кармалып турган. Ушундай эле абал №4 аялдар бөлүмүндө да аныкталган: катуу режимдеги 1 бейтап, күчөтүлгөн режим белгиленген 2 бейтап жана катардагы режим белгиленген 1 бейтап бар эле. Ушул эле бөлүмдөрдө алар менен катар эле мажбурлап дарылоо чаралары белгиленбеген жалпы негиздеги стационардык дарылоо алып жаткан бейтаптар да бар.

КР Саламаттык сактоо министрлигинин 2014-жылдын 12-сентябрындагы №521 буйругу катуу, күчөтүлгөн жана катардагы байкоо режиминдегилерди айрым-айрым кармоону милдеттендирет. Ал Стационардык психиатриялык жардам көрсөтүүчү уюмда катуу режимдеги байкоо жүргүзүү менен мажбурлап дарылануучу адамдарды бөлүмгө жайгаштыруу, кармоо жана ооруканадан чыгаруу тартиби жөнүндө нускама[157] жана Стационардык психиатриялык жардам көрсөтүүчү уюмда күчөтүлгөн режимдеги байкоо жүргүзүү менен мажбурлап дарылануучу адамдарды бөлүмгө жайгаштыруу, кармоо жана ооруканадан чыгаруу тартиби жөнүндө нускама[158] бар. Мында, коопсуздукту камсыздоо максатында катуу жана күчөтүлгөн байкоо режимдеги мажбурлап дарылоочу бөлүмдөрдүн иштеп турушу КР Өкмөтүнүн алдындагы Жазаларды аткаруу боюнча

[157] КР Саламаттык сактоо министрлигинин 2014-жылдын 12-сентябрындагы №521 буйругу менен кабыл алынган 521.

[158] КР Саламаттык сактоо министрлигинин 2014-жылдын 12-сентябрындагы №521 буйругу менен кабыл алынган 521.

мамлекеттик кызматы (мындан ары-ЖАМК) менен макулдашылууга тийиш жана андай бейтаптарга чоочун адамдардын кирбеши үчүн жана ал бейтаптар качып кетпеши үчүн ал кайтаруу менен камсыздалышы керек (Нускаманын 3, 9-пункттары). Катуу жана күчөтүлгөн байкоо режими белгиленген жана оор жана өзгөчө оор кылмыштары үчүн кылмыш жоопкерчилигине тартылган адамдардын чогуу кармалышы башка бейтаптар жана персонал үчүн коркунучтуу.

Кызыл-Жардагы РПБнын №8 (соттук-психиатриялык) бөлүмү да КР ИИМ кызматкерлеринин күчү менен кайтарууга алынган, бул - абалды бир топ татаалдатат, себеби, аларга Кызыл-Жардагы РПБ жыл сайын өз каражаттарынан 1 млн.сомго чейин акча төлөп беришет. Башкы врач Г.Тагаеванын маалыматы боюнча, 2014-жылы Кызыл-Жардагы РПБдан бейтаптар качканынан кийин мурдагы Саламаттык сактоо министри Д.Сагынбаева №2 эркектер бөлүмүн периметри боюнча кайтарууга 2 млн. сом бөлүүнү убадалаган. Бирок, бул каражаттар бүгүнкү күнгө чейин бөлүнгөн эмес. Кызыл-Жардагы РПБдагы мындай абал тууралуу азыркы Саламаттык сактоо министри аталган мекемеде болгон учурда маалымдар болгон.

Көрсөтүлгөн укук бузуулар көбүнчөсүн аталган РПБнын жетекчилигинин жана оорукана кызматкерлеринин ишиндеги кемчиликтер менен түшүндүрүлөт, анын ичинде ошондой эле медициналык мүнөздөгү мажбурлоону колдонуу, режимди өзгөртүү, узартуу же бул чараларды алып салуу боюнча тийиштүү прокурордук көзөмөлдүн жоктугу менен да байланыштуу.

Стационардык психиатриялык жардам көрсөтүүчү уюмда катуу режимдеги байкоо жүргүзүү менен мажбурлап дарылануучу адамдарды бөлүмгө жайгаштыруу, кармоо жана ооруканадан чыгаруу тартиби жөнүндө нускама дарылоо мекемесинин жетекчилигин жана саламаттык сактоонун жергиликтүү органдарын “мажбурлап дарылоодогу адамдардын укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо боюнча бардык чараларды көрүүгө” милдеттендирет. Ушул эле жерде психиатриялык мекемелерде мажбурлап дарылоону өз убагында жана туура уюштурууга көзөмөлдүк жогору турган уюм тарабынан жүргүзүлөт” деп жазылган.

Андан сырткары, “Психиатриялык жардам жана аны көрсөтүүдөгү жарандардын укуктарынын кепилдиктери жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамынын (1999-жылдын 17-июнундагы №60) 45-беренесинде “Психиатриялык мекемелердин ишине контролдук жүргүзүүнү саламаттыктын, республикалык органдары, ошондой эле КР Саламаттык сактоо министрлиги жүргүзөт”,- деп жазылган.

“Психиатриялык жардам жана аны көрсөтүүдөгү жарандардын укуктарынын кепилдиктери жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамынын (1999-жылдын 17-июнундагы №60) талаптарын аткарууда, психиатриялык жардам көрсөтүүдө жарандардын укуктарынын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын камсыздоодо КР Акыйкатчы Аппаратынын алдындагы Психиатриялык мекемелердеги бейтаптардын укуктарын коргоо кызматы маанилүү орунда турат, ошондой эле аталган мыйзамдын 45-беренесине ылайык “Психиатриялык жардам көрсөтүүдө мыйзамдуулуктун сакталышына көзөмөлдүк жүргүзүүнү Кыргыз Республикасынын Башкы прокурору ишке ашырышат”- деп жазылган.

Ошентип, Кызыл-Жардагы РПБны 2015-жылы инспекциялоонун жыйынтыктары төмөнкү укук бузууларды аныктады:

- документтерди өз убагында тариздебөө жана 6 ай мажбурлап дарылоо өткөндөн кийин соттун кароосуна материалдарды берүү талабы (КР Кылмыш-жаза кодексинин 93-беренесинде жана КР Жазык-процесстик кодексинин 415-беренесинин), КР Саламаттык сактоо министрлигинин 2014-жылдын 12-сентябрындагы № 521 “Психикалык мандемдүүлүктөн жабыркаган, аларга карата соттук-психиатриялык экспертиза дайындалган жана медициналык мүнөздөгү мажбурлап дарылоо аныкталган адамдарга психиатриялык жардам көрсөтүүнү жакшыртуу жөнүндө” буйругунун 1-пункту бузулууда;

- сот органдарынын жана Кызыл-Жардагы РПБнун өз ара кызматташуусунун жоктугунан мажбурлап дарылоого кабыл алынган айрым бейтаптар ушул мекемеде андан ары бир нече жыл бою калууга аргасыз болушат, анткени, соттор алардын иштери боюнча сунуштарды канааттандыруусуз калтырып, артка кайтарышат;

- бейтаптардын жана медициналык кызматкерлердин коопсуздугун камсыздоого шарттын жоктугу алардын укуктарын одоно бузуу болуп саналат. Кызыл-Жардагы РПБда бир эле убакта катуу, күчөтүлгөн жана катуу режимдеги байкоодогулар бир эле убакта тийиштүү деңгээлдеги кайтаруу жок эле кармалышат;

- мыйзам бузуулар Кызыл-Жардагы РПБнын жетекчилигин жана кызматкерлеринин, ошондой эле, медициналык мүнөздөгү мажбурлоо чараларын колдонуунун тартибине көзөмөлдүн жоктугу, ошондой эле, режимди өзгөртүү, узартуу же бул чараларды алып салуу боюнча тийиштүү прокурордук көзөмөлдүн жоктугу менен да байланыштуу.

Кызыл-Жар поселогундагы РПБда республиканын бардык аймагынан бейтаптар дарыланышат. Соттор медициналык уюмдун сунуштама корутундусунун негизинде медициналык мүнөздөгү мажбурлоо чараларын токтотууну карабайт жана ишти тергөө өндүрүшү үчүн, бул адамды айыпталуучу катары тартуу жөнүндө жана сотко жалпы тартипте өткөрүп берүү маселесин чечпейт. Медициналык мүнөздөгү мажбурлоо чаралары соттук-психиатриялык эксперттик комиссиянын, мажбурлап дарылап жаткан мекеменин врачтык комиссиясынын, соттолгондорду күбөлөндүрүүчү психиатриялык комиссиянын сунуштарын эске алуу менен соттун аныктамасы менен дайындалат, өзгөртүлөт жана алынып салынат. Сот тарабынан кабыл алынуучу чараны тандап алууда бейтаптын психикалык абалы жана жасалган коомдук коркунучтуу жосуну боюнча аныкталат. Комиссиянын корутундусу бейтап тарабынан жасалышы мүмкүн болгон жаңы коркунучтуу аракеттерди болтурбоо жана ага көрсөтүлгөн дарылоо-реабилитациялык иш чараларды жүргүзүү үчүн зарыл болгон жалпы принципке негизделет.

**Сунуштар**

**Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна**

1. Соттор ишти адам болгон жеринде кароо, ишти бейтаптын жашаган жерине жөнөтпөө.

**Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасына**

1. “Психиатриялык жардам жана аны көрсөтүүдөгү жарандардын укуктарынын кепилдиктери жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамынын (1999-жылдын 17-июнундагы №60) 45-беренесине ылайык психиатриялык жардам көрсөтүүдө мыйзамдуулуктун сакталышына көзөмөлдүк жүргүзүүнү күчөтүү.

2. Медициналык мүнөздөгү мажбурлоо чарасын дайындоо, өзгөртүү же токтотуу жөнүндөгү соттордун чечимдеринин аткарылышынын мыйзамдуулугуна көзөмөлдү күчөтүү.

**Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө**

1. Психиатриялык мекемелерди кайтаруу маселесин чечүү, анын ичинде сот тарабынан соттук-психиатриялык экспертизага жөнөтүлгөндөрдү мажбурлап дарылануудагы бейтаптарды кайтарууну, бул бөлүмдөрдү ЖАМКнын кайтаруусуна өткөрүп берүү маселесин чечүү.

**Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине**

1. “Психикалык мандемдүүлүктөн жабыркаган, аларга карата соттук-психиатриялык экспертиза дайындалган жана медициналык мүнөздөгү мажбурлап дарылоо аныкталган адамдарга психиатриялык жардам көрсөтүүнү жакшыртуу жөнүндө” КР Саламаттык сактоо министрлигинин буйругунун аткарылышына көзөмөлдүк жүргүзүү.

2. Балдарга карата зомбулуктун алдын алуу жана балдарды коргоонунун эл аралык жана улуттук стандарттарын бузулууларынын жоюу максатында КР Саламаттык сактоо министрлиги “Стационардык психиатриялык жардам көрсөтүүчү уюмдар жөнүндө”[159] жобонун “Балдарды кабыл алуу” деген 40-пунктун карап чыгуу же эскертүүнү алып салуу жана психиатриялык мекемелердин базасында өспүрүмдөр бөлүмүн түзүп, бул жаш курагындагы категорияга тийиштүү шарттарды түзүү.

3. “Коомдук коркунучтуу жосун жасаган адамдарга мажбурлоо жана башка медициналык мүнөздөгү чараларды колдонуунун тартиби жөнүндө” жобону бекитүү сунушталат.

**III бөлүк. Жарандык жана саясий укуктар………………**

**3.1. Укук коргоо органдары тарабынан жана эркинен ажыратылгандар кармалган жайлардагы адам укуктарынын сакталышы**

**3.1.1. Укуктук корголуунун натыйжалуу каражаттарына жеткиликтүүлүккө укуктун бузулушу: жазык-процесстик мыйзамдардын нормаларынын сакталбашы жана укук коргоо органдарынын аракетсиздиги.**

Укук коргоо органдарына кайрылуу укугу адамдын жарандык укуктарынын ажыратылгыс бөлүгү болуп саналат. Укук коргоо органдарынын кызматкерлери башка территорияны тейлегендиги, башка бөлүктө иштегендиги, кылмыштын белгилери бар экенин билдирген маалыматтардын жетишсиздиги деген сыяктуу шылтоолор, ошондой эле, башка себептер менен жарандардан арыздар менен билдирүүлөрдү алуудан баш тартууга укугу жок.

---

[159] КР Саламаттык сактоо министрлигинин 2011-жылдын 8-июлундагы №357 буйругуна №1 тиркеме.

Бирок, Акыйкатчынын аппаратына келген кайрылуулардын анализи жарандар укук коргоо органдарына кайрылууда бир катар проблемаларга капташып жатканын көрсөтөт. Жарандардан алынган арыздардын баары эле расмий катталбайт, арыздарды алуудан баш тарткан, кылмыш иштерин козгоодон негизсиз баш тарткан жана соттук медициналык экспертиза (мындан ары – СМЭ) дайындоодон баш тарткан учурлар бар.

*КРнын Акыйкатчысынын наамына Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты Д.Тербишалиевден арыз келип түшкөн[160].*

*Кайрылуудан белгилүү болгондой, 2014-жылдын 31-декабрында болжол менен саат 22:30да К.Умаров соо эмес абалында А.О.нун үйүнө келип, бычакты кекиртегине такап коркутуп, сабап жана жыныстык катнашка барууга мажбурлаган. Кийинки күнү, 1-январда болжол менен түнкү саат 2де ал кайрадан анын үйүнө келип, эшигин сындырып, дагы бир жолу сабаган.*

*Бул факт боюнча, А.О. Биринчи май РИИБсына кайрылган, бирок, милиция кызматкерлери арызды каттоону создуктурушкан, аны 2015-ж. 5-январында гана катташкан, А.О. СМЭге жолдомо беришкен эмес.*

*Андан ары, 4- жана 5-январда №4 шаардык клиникалык ооруканада жаткан арыз ээсине Барчынай жана Гүлзат аттуу аялдар келишип, аны кайра сабашкан. Ленин РИИБсынын кызматкерлери окуя болгон жерге барышып, А.О.дан арыз алышкан, күбөлөрдү сурашкан, бирок алардын аракеттеринен эч натыйжа чыккан эмес. А.О.га кол салгандар жоопкерчиликке тартылышкан эмес.*

*Депутат Д.Тербишалиев ага А.О. кайрылгандан кийин анын жүйөөлөрүн текшерүүнү суранган.*

*Бул арыз боюнча Акыйкатчынын аппараты тарабынан Бишкек ш. Биринчи май[161] жана Ленин[162] райондорунун прокуратураларына каттар жөнөтүлгөн.*

*Биринчи май районунун прокуратурасынан келген жоопко[163] ылайык, А.О. арызын өз убагында албагандык жана СМЭге жолдомо бербегендик маселеси боюнча КРнын*

[160]2015-жылдын 2- февралындагы кириш № О-88.
[161]2015-жылдын 18- февралындагы чыгыш № 13-343.
[162] 2015-жылдын 18- февралындагы чыгыш № 13-345.
[163] 2015-жылдын 24- февралындагы чыгыш № 8/1-15.

*Ички иштер министрлигинин Өздүк коопсуздук башкы башкармалыгы тарабынан кызматтык иликтөө жүргүзүлгөн, анын жыйынтыгында оперативдүү кызматкер Б.Калиевге ШИИББнын начальнигинин буйругу менен эскертүү берилген*[164].

Бул окуя боюнча прокуратура кылмыш ишин козгоого тийиш болчу, анткени зомбулукка учураган аялдан арыз өз убагында алынбагандыктан СМЭнин жардамы менен токмоктун кесепеттерин документтештирүү мүмкүн болбой калган. Кызматкерге "эскертүү" гана берилген факт прокуратура мыйзамдуулукту камсыздоо боюнча өз милдетин натыйжалуу аткарбай жатканын айтып турат. Өз кезегинде, укук коргоо органдарынын ишинин начардыгынан сексуалдык зомбулуктун курмандыктары мындай учурларда аялуу катмар катары кала берет, ал эми күнөөлүүлөр жоопкерчиликке тартылышпай, башка аялдарга да коркунуч жараткан жоругун уланта бермекчи. Жазаланбагандык сезими өзүм билемдик атмосферасын түзөт жана келечекте дагы олуттуу кылмыштарга алып келет. Бул конкреттүү мисалда зомбулуктун далили жок болсо да, КРнын Ички иштер министрлиги аялды коргоого албай, зомбулуктун кесепеттерин документтештирбей койгонун моюнга алуу менен, ал оперативдүү кызматкерди кылмыш жоопкерчилигине тартуу үчүн негиз бардыгын айтсак болот. Бул факт укуктук жактан коргоого болгон укуктун бузулганын ачык көрсөтүп турат.

Зомбулуктун курмандыктарына аны зомбулук фактысынан кийин биринчи суткада берүү маанилүү болгон медициналык күбөлөндүрүүгө жеткиликтүүлүктү камсыз кылуу максатында курмандыктар укук коргоо органдарынын кызматкерлеринин СМЭ дайындоо жөнүндө чечимдеринен биротоло көз каранды болуп калбашы, а зомбулуктун кесепеттерин ар бир медициналык мекемеде документтештире алуусу үчүн КРнын Өкмөтү шашылыш түрдө КРнын Саламаттыкты сактоо министрлиги тарабынан иштелип чыккан жана бекитилген Кыйноолорду жана зомбулукту документтештирүү боюнча нускаманы бекитүүгө тийиш.

*КРнын Акыйкатчысынын наамына Б.М. анын укуктарын коргоо өтүнүчү менен кайрылган*[165].

[164] 2015-жылдын 28-январындагы №65 буйрук .

[165] 2015-жылдын 1-апрелиндеги кириш № М-259.

*Өз арызында Б.М. 2014-ж. 17-октябрында ал Бишкек ш. Биринчи май РИИБсына арыз менен кайрылганын, анда ага чала тааныш З. Касымов 2014-ж. 21-февралында болжол менен саат 16:00дө Бишкек ш. Бөкөнбаев жана Совет көчөлөрүнүн кесилишинде денесине жаракат келтирүү менен сабап салганын көргөзүп, ага карата чара көрүүнү суранган.*

*Бул факт боюнча Бишкек ш. Биринчи май прокуратурасы тарабынан кылмыш ишин козгоодон бир нече жолу баш тартылган. Арыз ээси КРнын Башкы прокуратурасына кайрылса да анын арызы көңүл буруусуз калып жатканын көрсөткөн.*

*КРнын Акыйкатчысынын аппараты тарабынан бул арызды кароонун жүрүшүндө КРнын Башкы прокуратурасына кат жөнөтүлгөн*[166].

*Бишкек ш. прокуратурасынан келген маалыматка ылайык*[167] *тергөөчү А.Камаловдун кылмыш ишин козгоодон баш тартуу жөнүндө 2014-ж. 26-октябрындагы токтому четке кагылган. Материал Бишкек ш. Биринчи май РИИБсынын тергөө бөлүмүнө жөнөтүлгөн, а Биринчи май районунун прокуратурасынын көрсөтмөсүн толук көлөмдө аткарбаган тергөөчү А.Камаловго карата тартип өндүрүшү козголгон.*

*Көрсөтүлгөн фактылар боюнча КРнын Акыйкатчысы тарабынан Бишкек ш. Биринчи май районунун прокуратурасына кат жөнөтүлгөн*[168]*. Кошумча текшерүүлөрдүн натыйжасында 2015-ж. 7-майында Бишкек ш. Биринчи май РИИБсынын тергөө бөлүмүнө (ТБ) тарабынан КРнын Кылмыш-жаза кодексинин 234-берене 2-б. 2-п. каралган кылмыштын белгилери боюнча кылмыш иши козголду.*

*Азыркы учурда бул кылмыш иши боюнча тергөө улантылууда.*

*КРнын Акыйкатчысынын наамына КРнын Жогорку Кеңешинин депутаты Д.Тербишалиевдин*[169] *Д.Г. жана башка жарандардын жамааттык кайрылуусу боюнча арызы келип түшкөн.*

*Мурда Г.Д. КРнын Акыйкатчысынын атына кайрылган жана анын тастыктоосу боюнча Бишкек ш. Ленин РИИБсынын тергөө бөлүмүнүн(ТБ) тергөөчүлөрү А. Шеркулов, Н.Даербекова, А.Кадыркулов жана А.Борбашев анын кредитинин 28 миң АКШ доллары өлчөмүндөгү бөлүгүнө алдоо жолу менен ээ болуп алган Н.Мамутовго карата кылмыш*

[166] 2015-жыл 3- апрелиндеги чыгыш№13-716.
[167] 2015-жылдын 12- июнундагы чыгыш № 8/1-15.
[168] 2015-жылдын 27-майындагы чыгыш № 13-1144.
[169]2015-жылдын 19- мартындагы кириш. № Кл.Д-217.

*ишин козгоодон негизсиз баш тартып жатышат.*

*Г.Д. арызы боюнча КРнын Акыйкатчысы Бишкек ш. прокуратурасына ишти негиздүү кароо сунушу менен кайрылуу жөнөткөн[170]. Алынган жооптон[171] Бишкек ш. прокуратурасы тарабынан тергөөчү А.Борбашевдин токтому алынып салынганы жана материалдар Ленин районунун прокуроруна кошумча текшерүүнү уюштуруу үчүн жөнөтүлгөнү, а Бишкек ШИИБсына Ленин РИИБсынын ТБсынын тергөөчүлөрү А. Шеркуловду, Н.Даербекованы, А.Кадыркуловду жана А.Борбашевди тартип жоопкерчилигине тартуу сунушу киргизилгени белгилүү болду. Кийин аталган тергөөчүлөргө карата алардын аракеттерин талкуулоо менен чектелүү чечими кабыл алынганы жана аларга мындан ары мыйзамды мындай бузууларга жол бербөөсү көрсөтүлгөнү жөнүндө маалымат алынды[172].*

*КРнын Ички иштер министрлиги 2015-ж. 17-мартында Г.Д., Д.Т., Э.К. жана башка адамдардын арыздары боюнча Бишкек ш. Ленин РИИБсынын тергөө бөлүмү Н.Мамутовго карата КРнын Кылмыш-жаза кодексинин 166-берене 2-б. 3-п каралган кылмыштын белгилери боюнча №1-15-457 кылмыш иши козголгонун, иш боюнча тергөө аракеттери жүргүзүлүп жатканын билдирди*

Бул окуя дагы жарандардын укуктарынын бузулушун далилдеп турат. КРнын Ички иштер министрлигинин кызматкерлери болсо“сөгүш” жана “аракеттердин кеңешмеде талкууланышы” түрүндө тартип жоопкерчилигине тартылышат. Укук коргоо органдарынын ишинин начардыгы жана даттанууларды кароодон баш тартуусу, кылмыш ишин козгоодон мыйзамсыз баш тартуусу иш жүзүндө жасалып жаткан кылмыштарга шыкак берип, мындай аракеттер кылмыш-жаза жоопкерчилигинин алкагында каралышы керек эле. Жогорудагы учурда Бишкек ш. прокуратурасы жана Бишкек ш. Ленин районунун прокуратурасы өздөрүнүн функцияларын толук эмес өлчөмдө аткарышты, себеби адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерин бузуу кылмыш мүнөзүнө ээ деп ойлоого негиздер бар учурда кылмыш иши козголууга жана аны жасаган адамдар мыйзамга ылайык кылмыш жоопкерчилигине тартылышы керек эле. Укук коргоо

170 2015-жылдын 14- январындагы чыгыш № 13-48.
171 2015-жылдын 4-февралындагы чыгыш № в/680-14.
172 2015-жылдын 22-майындагы чыгыш № 16/3-3391.

органдарынын кылмыш ишин козгоодон негизсиз баш тартуусу КРнын Кылмыш-жаза кодексинин 323-беренесине ылайык жоопкерчиликке тартылууга алып келүүгө тийиш.

Кылмыш иштерин кароо мөөнөттөрү жөнүндө маселе сот адилеттигинин маанилүү элементи, териштирүү акылга сыярлык мөөнөттөрдө, негизсиз кечиктирилүүсүз болууга тийиш. Бирок, процесстик мөөнөттөрдү сактабоо сот чечимин чыгарууда олуттуу проблема болуп саналат, бул боюнча КРнын Акыйкатчысына жарандар үзгүлтүксүз кайрылышат.

Кылмыш иштерин кароо үчүн процесстик нормалар менен белгиленген мөөнөттөрдү создуктуруу ТИЗОдо кармалгандардын санынын көбөйүүсүнө алып келүүдө.

Кылмыш иштерин кароонун процесстик мөөнөттөрүн бузуунун негизги себептери болуп соттордун ишмердүүлүгүндөгү, баарынан мурда сот процессин канааттандырарлыксыз уюштуруу жана соттор тарабынан аткаруу тартибинин төмөндөшү менен байланышкан кемчиликтер менен жетишпестиктер саналат.

*КРнын Акыйкатчысынын наамына М.О. Ленин райондук сотундагы процесске байкоочу катарында өкүлүн жиберүү өтүнүчү түшкөн[173], анда Бишкек ш. Ленин РИИБсынын тергөө бөлүмүнүн (ТБ) тергөөчүсү Эркин уулу Искендердин 2014-ж. 27-январындагы Мунапыс актысынын натыйжасында кылмыш ишин токтотуу жөнүндө токтому каралып жаткан.*

*КРнын Акыйкатчысынын кызматкерлери тарабынан 7 жолу Ленин райондук сотунун судьясы Г.Аденованын төрайымдыгы алдында өткөн сот отурумдарына катышуу аракети болду, бирок ал Ленин РИИБсынын тергөө бөлүмүнүн тергөөчүсүнүн келбегендигинен жана материалдарды бербегендигинен улам кийинкиге калтырылып жатты. Жабырлануучу М.О. I топтогу майып экендигин жана коштоочуга муктаждыгын белгилеп коелу.*

*Ушундан улам КРнын Акыйкатчысы Бишкек ш. Ленин райондук сотунун төрайымы М.Омórованын наамына судья Г.Аденованын аракеттерин карап, баа берүү өтүнүчү менен кат жөнөтүлдү.*

*Андан кийин, 2014-ж. 26-декабрында сот процесси болду жана сот М.О. Бишкек ш. Ленин РИИБсынын тергөө бөлүмүнүн тергөөчүсү Эркин уулу Искендердердин кылмыш*

[173]2015-жыл 2-декабрындагы кириш № О-894.

*ишин козгоодон баш тартуу жөнүндө токтомун алып салуу өтүнүчүн канааттандырды.*

**Сунуштар**

**Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигине**

1. Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин Э.Алиев атындагы академиясы адамдын укуктарын жана эркиндиктерин сактоо боюнча окуу программасын иштеп чыксын жана киргизсин.

2. Шаардык жана райондук ички иштер бөлүмдөрүнүн начальниктеринин орун басарлары кызматкерлер арасында адам укуктарын жана эркиндиктерин сактоо маселеси боюнча профилактикалык иш жүргүзсүн.

### 3.1.2. Жарандардын укук коргоо органдарынын өкүлдөрү тарабынан кыйноодон корголуу укугу

Акыркы жылдары Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жана өлкөнүн мамлекеттик бийлик органдары тарабынан кыйноо менен күрөшүүгө жана кылмыш жоопкерчилиги нормаларын адам укуктарын коргоонун эл аралык стандарттарына дал келтирүүгө багытталган бир катар иштер жасалды. Мисалы, КРнын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 23-октябрындагы №469-б буйругу менен Кыйноого жана башка катаал, адамга жат же беделди кемсинтүүчү мамилеге жана жазалоого каршы аракеттенүү боюнча план бекитилген. Анда мыйзамдарды жакшыртуу, убактылуу кармоо изоляторлоруна (мындан ары – УКИ) түшкөн адамдардын кармалуу укуктары жөнүндө маалыматка жеткиликтүүлүгүн камсыздоо боюнча мыйзамдарды өркүндөтүү, ошондой эле, укук коргоо органдарынын кызматкерлеринин потенциалын жана алардын кыйноолорду болтурбоодогу ролун жогорулатуу боюнча иш-чаралар камтылган.

КРнын саламаттыкты сактоо министринин 2014-жылдын 9-декабрындагы №649 буйругу менен Саламаттыкты сактоонун бардык деңгээлдердеги медициналык адистери жана башка ведомстволору үчүн зомбулукту, кыйноону жана башка катаал, адамга жат же беделди кемсинтүүчү мамилени жана жазалоону натыйжалуу иликтөө жана документтөө боюнча практикалык нускама ишке киргизилген. Нускама кыйноону жана катаал мамиленин башка түрлөрүн натыйжалуу иликтөө жана документтөө боюнча Стамбул протоколунун[174] талаптарына жооп берет. Нускаманы практика жүзүндө

[174] Стамбул протоколу кыйноо жана башка катаал, адамга жат же беделди кемсинтүүчү мамиле жана жазалоо фактыларын натыйжалуу иликтөө жана документтєє боюнча нускама болуп саналат. Өзүнө кыйноонун жана катаал мамиленин болжолдонулган курмандыктарынын абалын баалоо, ошондой эле,

киргизүү саламаттыкты сактоо системасынын, ички иштер жана прокуратура органдарынын ведомстволор аралык таасирдүү өз ара аракеттенүүсү болушун талап кылат.

Ошентсе да, кыйноо жана башка катаал, адамга жат же беделди кемсинтүүчү мамиле жана жазалоо мурдагыдай эле укук коргоо органдары тарабынан кармалгандарга, камалгандарга жана жаза өтөп жатышкан адамдарга карата колдонулууда. Бул кубулуштун сакталуусунун себептеринин бири катары ага коомдогу толеранттуулуктун жогорку деңгээлин атоого болот. Кыйноону жана башка катаал, адамга жат же беделди кемсинтүүчү мамилени жана жазалоону колдонууга жол берген мамлекет цивилизациялуу мамлекеттер категориясына кирбей турганын терең аңдоо жок. Коомдо жана укук коргоо органдарынын кызматкерлеринин арасында белгилүү бир учурларда же айрым адамдарга карата кыйноону колдонуу толук өзүн актайт деген ынаным сакталып калууда. Кыйноолордун жайылышына кыйноонун натыйжасында алынган далилдерди пайдалануу мүмкүнчүлүгүн жокко чыгаруучу укуктук нормалардын жоктугунан улам аларды укук коргоо органдарынын кызматкерлери ар кандай жол менен алууга умтулушкан кылмыш-жаза процессиндеги моюнга алган көрсөтмөлөрдүн ролу белгилүү бир таасир тийгизет.

Мисалы, 2010-жылдан 2015-жылдын 11 айына чейин прокуратура органдарына кыйноо жана башка катаал, ырайымсыз мамиле боюнча 1469 кайрылуу түшкөн, анын ичинен 358 факт боюнча кылмыш иши козголгон[175] 1- диаграмма).

мындай баалоонун натыйжаларын соттук жана кыйноо фактыларын изилдөө үчүн жооптуу башка мамлекеттик органдарга берүү боюнча эл аралык нускама принциптерин камтыйт. Протоколдун принциптери өзүнө минималдуу стандарттарды иштеп чыгууну камтыйт жана адатта улуттук жана эл аралык сот иштеринде кыйноону жана катаал мамилени колдонуунун дене жана психологиялык баалоо їчїн медицина тармагындагы адистер тарабынан пайдаланылат.

[175]"Кыйнолорго жана башка таш боор, адам чыдагыс же кадыр-баркты басмырлоочу мамилеге каршы туруу механизмдерин жакшыртуу" аталыштагы тегерек столдун материалдары: 2015-жылдын 24-декабры. ParkHotel.




**1-Диаграмма. 2010-жылдын 2015-жылдын 11 айына чейин прокуратура органдарына кыйноо жанабашка ырайымсыз мамиле боюнча кайрылуулардын жана козголгон кылмыш иштеринин саны жөнүндө маалымат**[176]

2010 – 2014-жылдардын аралыгында прокуратура органдары тарабынан КРнын Кылмыш-жаза кодексинин 305-1-беренеси («Кыйноо») боюнча 41 кылмыш иши козголуп (анын ичинен 26 иш, 58 кызмат адамына карата) сотко жөнөтүлгөн. Мыйзамсыз эркинен ажыратуу (КРнын Кылмыш-жаза кодексинин 125-беренеси.) жана мыйзамсыз кармоо же камакка алуу (КРнын Кылмыш-жаза кодексинин 324-беренеси) фактылары боюнча 5 кылмыш иши козголуп, 4 иш сотко жөнөтүлгөн. Дене зомбулугун, курал, атайын каражаттарды колдонуу жана жабырлануучунун ден соолугуна оор кесепеттерди келтирүү менен кызматтык абалынан аша чаап пайдалануу боюнча 279 кылмыш иши козголгон, анын ичинен 106 укук бузуу аскер кызматкерлери тарабынан жасалган. Козголгон кылмыш иштеринен 198и тергелген жана сотко өткөн[177].

---

[176]Ошол эле жерде.
[177]Ошол эле жерде.




2-**диаграмма. Прокуратура органдары тарабынан Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 305-1, 125, 324-берене, 305-берене 2-б 3, 4, 5-пп. боюнча козголгон жана сотко өткөн кылмыш иштери жөнүндө маалымат**[178]

2010 – 2014-жж. аралыгында Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 28-берене 1-б. 2-п. негизинде (жорукта кылмыш курамы жоктугунан улам) прокуратура органдары тарабынан Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 305-беренесинин 2-бөлүгү. 3, 4, 5-пункттары, 305-1, 125, 324, 325-беренелери үчүн мүнөздүү фактылар боюнча кылмыш ишин козгоодон баш тартуу жөнүндө 1862 токтом чыгарылган. Ушул эле мезгилде прокуратура органдарынын кылмыш ишин козгоодон баш тартуу жөнүндө 1 токтому четке кагылып, иш козголгон, ал кийин Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 28-беренесинин 1-бөлүгүнүн 2-пунктунун негизинде кыскартылган.

Келтирилген маалыматтардан көрүнүп тургандай, прокуратура органдары кыйноо жөнүндө төрт кайрылуунун бирөөсү боюнча гана кылмыш ишин козгойт. Көпчүлүк учурда прокуратура кыйноо фактылары боюнча кылмыш ишин козгоодон баш тартат, ошол эле убакта иштердин олуттуу бөлүгү “кызмат абалынан  аша чаап пайдалануу” катарында козголот жана квалификацияланат.

КРнын Акыйкатчысынын наамына укук коргоо органдарынын кызматкерлери тарабынан кыйноо жана катаал мамиле фактылары боюнча жарандардын кайрылууларынын ар жылдык өсүүсү байкалат (3-диаграмма).

[178] “Кыйнолорго жана башка таш боор, адам чыдагыс же кадыр-баркты басмырлоочу мамилеге каршы туруу механизмдерин жакшыртуу” аталыштагы тегерек столдун материалдары:  2015-жылдын  24-декабры. ParkHotel.




**3-диаграмма. 2011 – 2015-жылдары КРнын Акыйкатчысынын наамына укук коргоо органдарынын кызматкерлери тарабынан кыйноо жана ырайымсыз мамиле боюнча кайрылуулардын саны жөнүндө маалымат**

Укук коргоо органдарынын кызматкерлери тарабынан кыйноо жана катаал мамиле жөнүндө жарандардын бир да кайрылуусу КРнын Акыйкатчысынын аппаратынын көңүл сыртында калбайт, алардын ар бири боюнча иш жүргүзүлөт, көзөмөлгө алынат.

Жарандардын арыздарынын анализи жол берилбеген методдор ИИО кызматкерлери тарабынан шектүүлөрдү кармоодо да, кылмыш иштерин тергөө этабында да колдонула тургандыгын көрсөтүп турат.

*КРнын Акыйкатчысына Бишкектин жашоочусу М. уулу Н.*[179] *кайрылган.*

*Анын жазганына караганда 2015-жылдын 20-майында саат 20:00гө жакын Ленин РИИБсынын кызматкерлери аны кармап алышып, Бишкектин Арча-Бешик жаңы конушунда жайгашкан милициянын шаардык бөлүмүнө алып барышканын жазат. Ал жерден аны Ленин РИИБсынын кылмыш иликтөө бөлүмүнүн оперкызматкерлери милициянын капитаны Ж.Качкеев, милицинын ага лейтенанты Т.Осмоналиев жана милициянын ага лейтенанты А.Алиев болуп үчөөлөп сабашкан. Милиция кызматкерлери аны Бишкек көркөм-сүрөт академиясынын студенткасынын сумкасын уурдап алдың деп, түнкү саат2:00гө чейин айыптоо менен түнкү саат 2:00гө чейин башына целлофан пакет кийгизишип, кыйнашкан.*

*Оперативдүү кызматкерлердин мындай аракеттеринин натыйжасында М. уулу Н. эсин жоготкон, аны эсине келтирүү үчүн милиция кызматкерлери оозуна медициналык*

[179]2015-жылдын 8-июнундагы кириш. № М-436.

*спирт куюшкан, натыйжада М. уулу Н.дин ооз көңдөйү жана кекиртеги күйүп калган, кийин ал стационарда дарылануугa аргасыз болгон.*

*Бул факт боюнча М. уулу Н. Бишкек ш. Ленин РИИБсына кайрылган, бирок анын арызы боюнча эч кандай чаралар көрүлгөн эмес. Арыз ээси КРнын Акыйкатчысынан бул фактынын мыйзам алкагында каралышын суранат.*

*Арыздын негизинде КРнын Акыйкатчысынын аппараты тарабынан Бишкек ш. Ленин районунун прокуратурасына кат жөнөтүлгөн*[180]*.*

*Көзөмөл иретинде КРнын Акыйкатчысынын аппараты тарабынан Бишкек ш. Ленин районунун прокуратурасына суроо-талаптар жөнөтүлгөн*[181]*. Алынган жооптон*[182] *жүргүзүлгөн текшерүүнүн натыйжасында КРнын Башкы прокуратурасы 2015-ж. 2-июлунда КРнын Кылмыш-жаза кодексинин 305-берене 1-б., 305-1-берене 2-б. 1-п. боюнча №150-15-108 кылмыш ишин козголгону белгилүү болду.*

*Учурда тергөө жүргүзүлүүдө.*

[180] 2015-жылдын 12- июнундагы чыгыш №13-1248.
[181] 2015-жылдын 10-июлундагы чыгыш №13-1510, 2015-жылдын 28-августундагы чыгыш №13-1837.
[182] 2015-жылдын 10-сентябрындагы чыгыш № 8-р-15.

*КРнын Акыйкатчысына Баткен областынын жашоочусу Ж. К.[183] Бишкек ш. Октябрь райондук сотунда кылмыш иши каралып жатканда соттук отурумга катышып берүү өтүнүчү менен кайрылган.*

*Арыз боюнча КРнын Акыйкатчысынын аппаратынын кызматкерлери Бишкек ш. Октябрь райондук сотунун отурумуна байкоочу катарында катышты. Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 305-беренесинин 2-бөлүгүнүн 3-пункту боюнча айыптоо тагылган бул иш Октябрь райондук сотунун судьясы З.Алгожоев тарабынан каралды.*

*Сот процессинин жүрүшүндө жабырлануучу А.М. көрсөтмөсүнөн аны Баткен областынын Кадамжай РИИБсынын төрт кызматкери сабашканы аныкталды. Бирок, жоопкерчиликке Кадамжай РИИБсынын бир гана кызматкери – Т.Нарматов тартылган. Кылмыштын калган катышуучулары түшүнүксүз себептерден улам жоопкерчиликтен бошотулушкан.*

*Андан тышкары, жабыркаган тараптын өкүлүнүн айтуусунда, азыркы учурда Баткен областынын Кадамжай РИИБсынын кызматкерлери тарабынан алардын дарегине ар кандай коркутуулар айтылып жатат.*

*КРнын Акыйкатчысынын аппараты тарабынан КРнын Башкы прокуратурасына Кадамжай РИИБсынын бул кылмышка катышы бар калган кызматкерлерин жоопкерчиликке тартуу маселесин кароо өтүнүчү менен кат жөнөтүлдү[184].*

*Бишкек шаарынын прокуратурасынан алынган жоопто сабоо фактысы боюнча кылмыш жоопкерчилигине тартылбай калган милиция кызматкерлеринин иши өзүнчө өндүрүшкө бөлүнүп алынгандыгы жана учурда тергөө жүрүп жаткандыгы көрсөтүлгөн[185]. Тергөөчүгө жабырлануучунун дарегине түшүп жаткан коркутуулар боюнча өзүнчө текшерүү жүргүзүү тапшырылган.*

---

[183] 2015-жыл 21-апрелиндеги кириш. № К-322,.

[184] 2015-жылдын 6-майындагы чыгыш №08-952.

[185] 2015-жылдын 22-майындагы чыгыш № 8/306-15.

Укук коргоо органдарынын кызматкерлери тарабынан жасалган кыйноолорду жоюу үчүн төмөндөгү иштерге көңүл буруу зарыл: арыздарды берүү процедурасын жакшыртуу; превентивдүү механизмдердин натыйжалуулугу; кыйноо колдонулганын далилдеген медициналык экспертизанын сапаты; кыйноодон жабыркаган адамдарды коргоодон баштап кыйнагандарды жоопкерчиликке тартуу; мыйзамсыз ыкма менен (кыйноо жолу менен) алынган далилдерди сотто пайдалануудан баш тартуу; соттун кылмыш процессинин контекстинде кыйноолор жөнүндө билдирүүлөргө көңүл буруусу жана мындай ар бир арыз боюнча териштирүүсү, ошондой эле, кыйноонун курмандыктарына компенсация жана реабилитация; Кыргыз Республикасында Кыйноолорго жана башка катаал, ырайымсыз мамилелерге жана жазаларга каршы аракеттенүү боюнча иш-чаралардын улуттук планында жогоруда саналган аспектилердин көбү эске алынган. Анда көрсөтүлгөн иш-чараларды 2016-жылга чейин аяктоо пландаштырылган, бирок, алардын баары эле толук аткарылган жок.

Мисалы, азыркы убакка чейин ЖАМКнын жана Ички иштер министрлигинин мекемелеринин ишмердүүлүгүн жөнгө салуучу мыйзамдарга, нормативдик-укуктук актыларга тиешелүү өзгөртүүлөр киргизилген жок. Кыргыз Республикасында Кыйноолорго жана башка катаал, ырайымсыз мамилелерге жана жазаларга каршы аракеттенүү боюнча иш чаралардын улуттук планында да айрым кемчиликтер бар, атап айтканда, анда кыйноолор, зомбулук жана коркутуу жөнүндө билдиришкен адамдарды коргоо чараларына жетиштүү көңүл бурулбаган. Азыркы учурда бул иш-чаралар планын жүзөгө ашырууну баалоо жүргүзүү, прогрессти жана болгон проблемаларды анализдөө жана кыйноолорго каршы аракеттенүү боюнча жаңы план кабыл алуу зарыл.

**Сунуштар**

**Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасына**

1. Кыргыз Республикасында кыйноолорго жана башка катаал, адамга жат же beделди кемсинтүүчү мамилелерге жана жазаларга каршы аракеттенүү боюнча иш чаралардын улуттук планынын жүзөгө ашырылышын баалоону, прогрессти жана учурдагы проблемаларды анализдөөнү жүргүзсүн.

2. Кыргыз Республикасында кыйноолорго жана башка катаал, адамга жат же беделди кемсинтүүчү мамилелерге жана жазаларга каршы аракеттенүү боюнча иш чаралардын жаңы улуттук планын иштеп чыксын жана кабыл алсын.

### 3.1.3. Эркинен ажыратылгандар кармалган жерлердеги жарандардын укуктарын коргоо

Жазаларды аткаруу, өзгөчө анын эркинен ажыратуу түрү соттолгондордун жана алардын үй-бүлө мүчөлөрүнүн укуктарына олуттуу зыян келтирет. Ушул себептен соттолгондордун укуктарын сактоо КРнын Акыйкатчысынын аппаратынын туруктуу контролунда турат жана эркинен ажыратылгандар кармалган жайларды инспекциялоо, маектешүүлөр убагында соттолгондордон арыздарды жана билдирүүлөрдү алуу аркылуу, ошондой эле, жарандардан келип түшкөн арыздар менен билдирүүлөрдүн негизинде жүзөгө ашырылат.

Эркинен ажыратылган адамдарды кармап туруунун минималдуу стандарттарын камсыз кылуу боюнча мамлекеттин милдеттенмелерин аткаруусу жана алардын укуктарын жүзөгө ашыруусу гумандуу мамилеге укуктарды жүзөгө ашыруу менен үзгүлтүксүз байланышкан. Эркинен ажыратылгандар кармалуучу жайлардагы гумандуу мамиленин деңгээлин баалоо, эл аралык стандарттарга ылайык төмөнкү аспектилерди камтыйт:

1) күчтү же чектөө чараларын ээнбаштык менен колдонуунун жол берилгистиги;

2) коргоо чаралары:

- укуктар жана процедуралар жөнүндө маалымдоо;
- тартиптик процедуралар жана аларды колдонууну каттоо;
- даттануулар жана текшерүүлөр;
- эркинен ажыратылган адамдардын ар кайсы категорияларынын (балдар, аялдар, ДЧМА) керектөөлөрүнүн өзгөчөлүктөрүн эске алуу;

3) тиричилик шарттары:

- жашоо шарттары;
- жеке гигиена, санитария;
- тамактануунун сапаты жана жетиштүүлүгү;

4) ишмердүүлүк жана башка адамдар менен баарлашууга жеткиликтүүлүк;

- режим, ишмердүүлүк мүмкүнчүлүгү (иш, окуу, дин, бош убакыт);
- үй-бүлөсү менен баарлашууга жеткиликтүүлүк;

5) медициналык тейлөө;

6) персоналдын квалификациясы.

Эркинен ажыратылгандар кармалуучу жайларда кармалган адамдардын укуктарынын бардык көрсөтүлгөн аспектилери инспекцияларды жана мониторинг жүргүзүүдө КРнын Акыйкатчысынын көңүл буруу чөйрөсүндө турат.

Жалпысынан жазык аткаруу системасынын (мындан ары - ЖАС) абалына олуттуу таасир эткен башкы көрсөткүчтөрдүн бири болуп түрмө калкынын саны эсептелет. Кылмыш-жаза мыйзамдарын гумандаштыруу максатында акыркы жылдарда жасалган кадамдар, мунапыс актыларын аткаруу түрмө калкынын азаюусуна натыйжалуу таасир эткен.

Мисалы, расмий маалыматтарга ылайык акыркы 4 жылда соттолгондордун саны жыл сайын төмөндөөдө. 2011-жыл менен салыштырмалуу соттолгондордун саны дээрлик эки эсеге – 2011-жылдагы 9 199 адамдан 2015-жылдагы 5 776 адамга чейин азайган. Соттолгондордун санынын төмөндөө тенденциясы эркектерге карата да, аялдарга карата да сакталууда.




**4-диаграмма. Соттолгондордун саны 2010 - 2015-жж. карата (адам)[186]**

Эркинен ажыратылгандар кармалуучу жайларда кармалгандардын саны төмөндөгөнүнө карабастан, ал жайларда мурдагыдай эле КРнын Жазык-аткаруу кодексинин талаптарын толук аткарууга мүмкүндүк берүүчү ресурстардын жана адистердин жетишсиздиги, өзгөчө камактагылардын ар кандай категориялары үчүн тиешелүү режимдерди камсыз кылуучу зарыл инфраструктуранын жоктугу менен байланышкан көптөгөн проблемалар бар.

[186] Кыргыз Республикасындагы аялдар жана эркектер. Статистикалык жыйнак. Улуттук статистика комитети – Бишкек, 2015. –95-б. http://www.stat.kg сайтында жеткиликтүү

***КРнын Өкмөтүнө караштуу Жазаларды аткаруу мамлекеттик кызматынын түзөтүү колонияларын инспекциялоо***

КРнын Акыйкатчысынын аппаратынын Укук коргоо органдары тарабынан жана эркиндиги чектелүүчү жерлердеги адам укуктарынын сакталышына көзөмөл бөлүмүнүн (мындан ары – бөлүм) ишмердүүлүгүнүн алкактарында 2015-жылдын I кварталында ЖАМКнын Чүй областында жайгашкан №”№ 1, 3, 8 түзөтүү колонияларын (мындан ары – ТК) инспекциялоо пландаштырылган.

Бул инспекциянын максаты байкоо жүргүзүүнүн, ошондой эле, камактагылар менен аңгемелешүүнүн жүрүшүндө соттолгондордун кармалуу шарттары, укуктарынын сакталышы жөнүндө маалымат алуу болгон.

Ушуга байланыштуу Бөлүмдүн кызматкерлери тарабынан №1 ТК (2015-ж. 18-20-марты), №3 ТК (2015-ж. 23-25-марты) жана №8 ТК (2015-ж. 26-27-марты) инспекцияланган.

№1 жана №2 ТКлар – рецидивдик кылмыштарды жасагандарды жана эркинен ажыратылуу түрүндө жаза өтөшкөн соттолуучуларды, ошондой эле, өтө коркунучтуу рецидивисттерди кармоо үчүн арналган катаал режимдеги колониялар.

Инспекциялоо учурунда №1 ТКда кармалгандардын саны 878 адам, анын ичинен өмүр бою эркинен ажыратылууга соттолгондордун (мындан ары – ӨЭА) саны 56 адам болгон. №3 ТКда кармалгандардын саны 1068 адамды, ӨЭАлардын саны – 49 адамды, №8 ТКда кармалгандардын саны 569 адамды түзгөн.

***а) Гумандуу мамиле маселелери: эркинен ажыратылгандар кармалган жайлардагы кармоо шарттары***

Бардык инспекцияланган мекемелердеги кармоо шарттары улуттук жана эл аралык стандарттарга дал келбейт. Жүргүзүлгөн инспекциянын натыйжасы боюнча, эң актуалдуу проблемалардын бири жайларды жылытуу экени аныкталган. Бардык пенитенциардык мекемелердеги санитардык техникалык түйүндөр канааттандырарлыксыз абалда, санитария, суу менен жабдуу жана канализация системалары модернизациялоону талап кылат.

Бардык түзөтүү мекемелериндеги (мындан ары – ТМ) эң маанилүү маселелердин бири болуп периметри боюнча тосмолоо саналат, себеби ал курулушунун эскилигинен

улам авариялык абалда жана калыбына келтирүүнү талап кылат. Периметри боюнча тосмолоонун биротоло кыйрап калуу ыктымалдуулугу бар, ал чоң проблемага алып келет.

Барган түзөтүү мекемелеринин баарында сууну кайнатуу үчүн электр буу казандары болгон. Соттолгондордун баары барак тибиндеги жайларда жашашкандыгына байланыштуу жарыктандыруу жана желдетүү боюнча проблемалар аныкталган жок.

Камактагылардын айтуусу боюнча, эркинен ажыратылгандардын тамактануусунда мурдагы жылдарга салыштырмалуу белгилүү бир жакшыруу бар: тамактын сапаты, тамактын азыктуулук касиеттери жана рациондун ар түрдүүлүгү жакшырган. Соттолгондор менен аңгемелешүүнүн жүрүшүндө тамактанууга даттануу болгон жок. Ар бир мекемеде нан тиешелүү өлчөмдө жана жакшы сапатта берилери белгиленди.

***б) Медициналык камсыздоо***

Азыркы учурда камактагыларды тейлөө медициналык жабдуунун жана медициналык персоналдын жетишсиздигинен улам изилдөө жана илдеттерди эртелеп аныктоо жагынан мурдагыдай эле эл аралык стандарттардан төмөн турат. Иштин өзгөчөлүгү, эмгек акынын аздыгы жана жаман иш шарттары (палаталарда жана процедуралык кабинетте жылытуу жок) квалификациялуу медициналык кызматкерлердин жетишсиздигинин башкы себеби болуп саналат.

Мисалы, №1 ТКда стоматолог жана психотерапевт сыяктуу адистер жок. Соттолгондордун айрымдары ЖАМКнын №47 ТКсында турган Борбордук ооруканага которууну каалап, калп эле ооругандай түр көрсөтүшөт. Өзүнө майыптык келтирүү максатында өзүнө кол салган учурлар болот.

Азыр ал толук эмес көлөмдө жүргүзүлүп жаткан ЖАМК мекемелери үчүн медикаменттерди жана медициналык багыттагы буюмдарды алууну финансылоо проблемасы өтө актуалдуу, мына ошондуктан дарылар менен камсыздоо көбүнчөсү соттолгондордун туугандарынын эсебинен чечилет.

Мына ошентип, инспекциялоонун жүрүшүндө медициналык камсыздоонун төмөнкү көйгөйлөрү аныкталган:

- иштин өзгөчөлүгү, эмгек шарттары жана эмгек акынын аздыгы менен шартталган медициналык персоналдын, өзгөчө орто медициналык персоналдын жетишсиздиги;
- бюджеттен жетишсиз финансылоо (медициналык жабдуу алууга жана окутуудан/адистешүүдөн өтүүгө акча каражаттары бөлүнбөйт);

- бир багыттуу медициналык адистерден кеп-кеңеш алуудагы кыйынчылыктар;
- медикаменттерди жана медициналык багыттагы буюмдарды алуудагы акчанын тартыштыгы.

Бул көйгөйлөр камактагылар үчүн саламаттык боюнча эң жогорку деңгээлдеги укуктан толук пайдаланууга, өз саламаттыгын колдоп, сактоого, ошондой эле, ооруп калган учурда жеткиликтүү жардам алууга тоскоолдук кылат. Өз саламаттыгын эркинен ажыратылган жайларда колдоп туруу мүмкүн эместиги жана жаман санитардык-гигиеналык шарттардын болушунан, саламаттыкты сактоо кызматтарына толук баалуу жеткиликтүүлүктүн жоктугунан улам көп учурда мурдагы илдеттерин күчөтүп алуу камактагылардын колониялардан чыккандан кийин кайра социалдашуусуна таасир тийгизет. Илдети дарыланбай, күчөп кетсе, мурда камакта болгон адам мекемеден чыккандан кийин кымбат дарылануу, ден соолугун калыбына келтирүү проблемаларына бет келет, ал аягында өзгөчө ТМлардан чыккандан кийин колдоосу жок болгон жалгыз бой адамдарга карата тобокелчиликтерди көбөйтүү менен бул топтун аялуулугун жогорулатат.

“Кыргыз Республикасында жарандардын саламаттыгын коргоо жөнүндө” 2006-жылдын 9-январындагы КРнын №6 мыйзамына ылайык, ведомстволук медициналык жана медициналык-санитардык кызматтардын ишмердүүлүгүн башкаруу тиешелүү ыйгарымдуу мамлекеттик органдар тарабынан жүзөгө ашырылат. Ведомстволук медициналык жана медициналык-санитардык кызматтар мамлекеттик жана муниципалдык саламаттыкты сактоо уюмдары жана мекемелери менен түзүлгөн келишимдердин негизинде өз ара аракеттенишет. Бул нормалар жынысына, жаш курагына, жашаган жерине, социалдык тегине карабастан калктын бардык топтору үчүн сапаттуу медициналык жардамга, ошондой эле, медициналык санитардык жардамдын кепилденилген түрлөрүнө бирдей жеткиликтүүлүктү камсыз кылуу үчүн белгиленген. Бирок, бул принцип көп жылдар бою сакталбай келет. Азыркы мезгилге чейин ЖАМКнын медициналык кызматы сапаттуу медициналык тейлөөнү камсыздай алчу абалда эмес. Чынында мындай абал эркинен ажыратылган адамдарга карата түз дискриминациянын көрүнүшү жана гумандуу мамилеге укуктун одоно бузулушу болуп саналат.

***в) Камактагыларды билим алуу, эмгек менен камсыз кылуу – гумандуу мамилеге укуктун аспектилеринин бири жана камактагылардын кайра социалдашуусунун зарыл шарты***

Өз алдынча билим алуу менен алектенүүгө мүмкүндүк берүүчү заманбап жана актуалдуу маалымат каражаттары, илимий жана көркөм адабияты менен бош убакытты уюштуруу, түзөтүү колониясынан чыккандан кийин кесиптик окуу жайда талап кылынган адистиктер боюнча сапаттуу окутуу, ошондой эле, кесиптик көндүмдөрдү практикада өнүктүрүү, жаза өтөө процессинде акча иштеп табуу мүмкүнчүлүгү – мунун баары камакта болгондордун андан ары социалдашуусунун, кылмыштардын кайталап жасалуу тобокелчилигин жана жыйынтыгында, рецидивизм деңгээлин төмөндөтүүнүн зарыл шарттары болуп саналат.

Барлык түзөтүү мекемелеринде камактагылардын өз телевизору менен радиосунун болушуна уруксат берилет, муну менен белгилүү даражада бош убакытты туура уюштурат. Теле менен радио өлкөдөгү жана дүйнөдөгү коомдук, саясий окуялар жөнүндө маалымат алуунун жападан жалгыз булагы болуп саналат. Акчанын жоктугунан мезгилдүү адабият жана жаңы гезиттер сатылып алынбайт, сакталып калган китепкана фондулары да узак убакыттан бери жаңыртылган эмес.

Камактагыларды реабилитациялоо жана кирешелерди алуу боюнча айрым бир оң тенденцияларга карабастан, камактагылардын көпчүлүк бөлүгү иштебей жатышат, алар кандайдыр-бир өндүрүшкө тартылбаган, бул алардын өзүнө да, түзөтүү мекемелериндеги жалпы климатка да терс таасирин тийгизүүдө. Камактагылардын иштиктүү ишмердүүлүгүнүн жана аларды эмгектик реабилитациялоо боюнча программалардын жоктугу камактагылардын жигери оң иштерди жасоого эмес, режимди бузууга жана зомбулук жасоого багытталышы мүмкүндүгүнө өбөлгө түзөт.

Иштебегендик жана акча табуу мүмкүнчүлүгүнүн жоктугу башка проблема – камактагылар мекемеден чыккандан кийин кандайдыр-бир колдоонун жоктугу менен да коштолот. КРнын Кылмыш-жаза кодексинин 150-беренесине ылайык, эркинен ажыратылуу түрүндөгү жаза өтөөдөн бошотулуп жаткан адамдар КРнын Өкмөтү белгилеген тартипте жашаган жерине акысыз баруу, ошондой эле бара жаткан жолго азык-түлүк же акча каражаттары менен камсыздалууга тийиш. Сезонго зарыл болгон кийими, бут кийими жана аларды сатып алууга каражаты жок болгондо, жаза өтөөдөн бошотулуп жаткандар бюджеттин каражаттарынын эсебинен кийим жана бут кийим менен камсыздалууга тийиш. Мындан тышкары, мыйзамдын нормаларында зарыл болгон учурда жаза өтөөдөн бошотулуп жаткандарга КРнын Өкмөтү белгилеген өлчөмдө бир жолу берилүүчү акчалай жөлөкпул берилиши мүмкүн. Бирок бүгүнкү күндө бул нормалар аткарылбаган боюнча калууда, себеби КРнын Өкмөтү тарабынан азырга чейин жогоруда

саналган предметтерди берүү тартиби да, бир жолку берилүүчү жөлөкпулдун өлчөмү да аныкталбаган.

№1 ТКда жана №3 ТКда кесиптик-техникалык окуу жайлардын болушу жакшы көрүнүш. Камактагылар үчүн кесиптик окутуу тийиштүү билим, эмгек көндүмдөрүн алуу мүмкүнчүлүгүн берет, ал камактан бошотулгандан кийин алардын коомго тезирээк интеграцияланышына жардам берет. Бирок, ал окуу жайларынын материалдык техникалык базасы жана окутуу материалдары эмгек рыногунун заманбап талаптарына ылайык жаңыртууну талап кылат.

2012 – 2016-жылдарга Кыргыз Республикасынын Жазык аткаруу (пенитенциардык) системасын өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясында[187] ЖАСтын ишмердүүлүгүнүн бир катар приоритеттүү стратегиялык багыттары белгиленген:

- мыйзамдык базаны өркүндөтүү;
- камактагыларды кармоо шарттарын жакшыртуу;
- кадр саясаты жана социалдык коргоо;
- медициналык камсыздоо;
- түзөтүүчүлүк таасир этүү жана социалдык реабилитация;
- жазаларды аткаруу жана кылмыштык укуктук таасир этүүнүн соттолгондорду коомдон изоляциялоо менен байланышпаган башка чаралары;
- өндүрүштөрдү түзүү жана өнүктүрүү, кесиптик техникалык окутуу;
- мамлекеттик, эл аралык, өкмөттүк эмес, диний уюмдар жана ММКлар менен өз ара аракеттенүү.

КРнын Жазык аткаруу кодекси 1999-жылы кабыл алынган, бирок азыркы убакытка чейин анын нормалары толук көлөмдө жүзөгө ашырылбаган бойдон калууда. 2010-жылга чейинки мезгилге Кыргыз Республикасынын пенитенциардык системасын реформалоо концепциясында жогоруда саналган максаттар жана милдеттер каралган, бирок пенитенциардык системанын мекемелеринин азыркы абалы бул маселелерге азырга чейин олуттуу көңүл бурулбагандыгын көрсөтөт. 2016-жылга карата ЖАМК системаны реформалоодо олуттуу прогресске жетишкен жок. Жүргүзүлгөн инспекциянын натыйжалары кырдаал олуттуу өзгөрүүлөрсүз калганын айкын көрсөтүп турат. Мисалы, кармоо шарттары, камактагыларга берилүүчү медициналык кызматтардын деңгээли жана сапаты олуттуу жакшырбаган, өз алдынча билим алуу мүмкүнчүлүгү дээрлик жок, бош убакытты өткөрүү мүмкүнчүлүгү чектелген, иштеп акча табуу жана майнаптуу

[187] КРнын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 15-майындагы №297 токтому менен бекитилген.

ишмердүүлүк жүргүзүү мүмкүнчүлүгү жок. Бардык бул аспектилер гумандуу мамилеге укуктун курамдары болуп саналат, ал, жогоруда келтирилген маалыматтарга ылайык, Кыргыз Республикасында сакталбай жатат.

### *г) Өмүр бою эркинен ажыратылган (ӨЭА) адамдарды кармоо проблемалары*

ЖАС үчүн бүгүнкү күндөгү проблемалардын бири ӨЭА адамдарды кармоо маселеси болуп саналат. Азыр камактагылардын бул тобу катаал режимдеги №1 жана №3 ТКларда изоляцияланган участоктордо, улуттук жана эл аралык стандарттардан алыс шарттарда кармалууда. Буга чейин айтылгандай, №1 ТКда ӨЭАга соттолгон - 56 адам, №3 ТКда – 49 адам кармалууда. ӨЭАга соттолгон адамдардын саны жыл сайын өсүүдө.

Кыргыз Республикасынын жазык аткаруу мыйзамдарына ылайык ӨЭАга соттолгон адамдар өзгөчө режимдеги колонияларда кармалууга тийиш. Бирок азыркы убакка чейин соттолгондордун бул категориясы үчүн адистештирилген мекеме жок, натыйжада алар ТИЗОнун камералык типтеги жайларында жана катаал режимдеги ТКларда, мисалы, подвалдарда кармалууда (белгилей кетүүчү нерсе, ӨЭА үчүн жаңы мекеме 2016-жылдын башында пайдаланууга киргизиле баштады).

ӨЭАга соттолгон адамдарды катаал режимдеги ТКлардын изоляцияланган участокторунда кармоо боюнча көрүлүп жаткан чаралар убактылуу болуп саналат жана бул категориядагы соттолгондорду КРнын Жазык-аткаруу кодексинин нормаларынын талаптарына ылайык кармоону камсыз кылбайт.

ӨЭАга соттолгон адамдардын катаал режимдеги мекемелерде болушу боюнча түзүлгөн кырдаал соттолгондордун түзөлүүсүнө тоскоол болууда. Ошондой эле бул кырдаал бир катар башка терс кесепеттерге, анын ичинде ЖАСтын кызматкерлеринин жана персоналынын өмүрүнүн жана ден соолугунун коопсуздугуна коркунучка өбөлгө түзөт.

### *д) Түзөтүү мекемелериндеги мыйзамдуулуктун жана укук тартибинин абалы*

Түзөтүү колонияларында (ТК) камактагылар менен иштөө негизинен аларды коргондун ичинде кайтаруу менен чектелет. Соттолгондордун жалпы санына салыштырмалуу ишке орноштурулгандардын саны ЖАМКнын ТКларындагы өндүрүш цехтеринин жоктугунан улам таптакыр аз. Соттолгондор менен иштөө күнүнө 2 жолу текшерүүгө чыгуу менен чектелет, калган убакта алар өздөрүнчө калышат. Жаза өтөөдө тарбиялоо иши укуктарын жана милдеттерин түшүндүрүү, ошондой эле режимди бузуу үчүн жаза берүү менен бүтөт. Мындай шарттар соттолгондор арасында криминалдык тар

маданияттын өрчүшүнө, кылмыш дүйнөсүнүн салттарынын кармалышына, касталык бөлүнүүлөргө, бирөөлөрдүн көкөлөтүлүп жана экинчилеринин зомбулукка, кемисинтилүүгө кабылышына өбөлгө түзөт.

Пландуу жана пландан тышкары тинтүүлөрдү жүргүзүүдө соттолгондордон тыюу салынган предметтер, анын ичинде наркотикалык заттар алынат. Мында көпчүлүк учурда предметтердин тигил же бул соттолгонго тиешелүү экени аныкталбайт, жөн гана алынган жери катталып коюлат. Мына ошентип, андай предметтерди сактоодо чынында эле күнөөлүү соттолгондор кылмыш да, тартип да жоопкерчилигин тартпашы мүмкүн. КРнын жазык аткаруу системасынын түзөтүү мекемелеринин аракеттеги ички тартип жобосунун 12-пункту менен тыюу салынган предметтердин соттолгондорго келип түшүү каналдарын аныктоо милдети тагылса да, ЖАМКнын түзөтүү колонияларынын кызматкерлери тарабынан андай иш талаптагыдай деңгээлде жүргүзүлбөйт. Бул маселе да адистештирилген прокуратуранын көңүл буруу чөйрөсүндө болууга тийиш, себеби ал түзөтүү мекемелеринин коопсуздугу жана натыйжалуу иштөө маселелери менен байланышкан.

Түзөтүү мекемелеринде соттолгондорду шарттуу мөөнөтүнөн мурда бошотууга (мындан ары – ШМБ) жана жатак колонияга (мындан ары – ЖК) которууга сунуштоо боюнча чоң иш жүргүзүлүүдө. Ошол эле убакта сот органдарынын ЖК жана ШМБ боюнча сунуштарды канааттандыруудан негизсиз баш тартууларынын олуттуу саны кооптондурат. КРнын Жогорку сотунун 2003-жылдын 2-апрелиндеги пленумунун №5 токтомуна ылайык соттор мыйзамда каралбаган жүйөөлөр боюнча, атап айтканда-берилген жазанын жумшактыгын, соттолгондун түзөтүү мекемесинде аз убакыт болушун, башканын мүлкүн ири жана өзгөчө ири өлчөмдө уурдаганы, соттолгон тарабынан өз күнөөсүн тануу, мурда соттогондугу, оор же өзгөчө оор кылмыш жасагандыгы үчүн жаза өтөп жатканы сыяктуу жүйөөлөр боюнча шарттуу түрдө мөөнөтүнөн мурда ШМБдан баш тартууга укуксуз.

Мисалы, №1 ТКда 2015-жылдын башынан 2015-жылдын 18-мартына чейин мекеменин администрациясы тарабынан КРнын Кылмыш-жаза кодексинин 69-беренеси жана КРнын Жазык-аткаруу кодексинин 145, 5-беренесинин негизинде соттолгондорго ШМБ берүү жана андан ары ЖКга которуу боюнча администрациялык комиссиянын отуруму 9 жолу өткөрүлгөн. Ошондой эле 2015-жылдын башынан 2015-жылдын 18-мартына чейин Чүй областынын Аламүдүн райондук соту тарабынан адистештирилген прокуратуранын катышуусу менен соттолгондорго ШМБ берүү жана ЖКларга которуу материалдары 8 жолу каралган.

Жалпысынан 2015-жылы 1573 соттолгонго карата ШМБ берүү сунушталган, анын ичинен 764 адамга карата (48,57%) сунуштар сот тарабынан канааттандырылган, 809 адамга карата (51,43%) өтүнүчтөрдөн баш тартылган. Баш тартуулардын көпчүлүгү жаза мөөнөтүнүн олуттуу бөлүгү өтөлбөгөндүгү жана жасалган кылмыштын оордугу менен жүйөөлөнгөн, бул КРнын Жогорку сотунун 2003-жылдын 2-апрелиндеги пленумунун №5 токтомуна ылайык, баш тартуу үчүн жетиштүү негиз болуп саналбашы керек.

Жатак-колониясына  которуу үчүн 1163 адамга материалдар даярдалып жана жөнөтүлгөн, анын ичинен сот тарабынан 725 адамга карата (62,34%) сунуштар канааттандырылган, 438 (37,66%) адамга карата сунуштардан баш тартылган. ШМБ сыяктуу эле баш тартуу көп учурда жаза мөөнөтүнүн өтөлбөгөн олуттуу бөлүгү жана жасалган кылмыштын оордугу менен жүйөөлөштүрүлгөн.




**5-диаграмма. 2015-жылы ШМБ жана ЖКга которууга берилген жана канааттандырылган сунуштардын саны жөнүндө маалымат[188]**

Катаал өкүмгө карабастан, соттолгондордун көпчүлүгү өздөрүн коомдон биротоло изоляцияланган деп эсептешпейт жана коомго кайра кайрылууга үмүттөнүшөт. Түзөтүү мекемелеринин администрацияларынын соттолуучуга карата ШМБ колдонуунун максатка ылайыктуулугу жөнүндө психологдун корутундусун берүү милдетин мыйзамдуу бекитүү керек. Сотто соттолгондун социалдык нормаларды сактоону, өзүнүн сезимин контролдоп

[188] 2016-жылдын 22-мартындагы чыгыш № 100/02-754

жана аларды социалдык жол берилген формада билдирүү жөндөмдүүлүгүн көрсөткөн психологиялык өзгөчөлүктөрү боюнча адистин пикири болууга тийиш.

Бошотулган адам өзүн жат сезип жана кайрадан кылмыш жасабашы үчүн мамлекет бошотулгандар үчүн психологиялык жардам көрсөтүүсү, ошондой эле, аларга социалдык жана башка жардам көрсөтүү боюнча чараларды көрүүсү керек. Экинчи жагынан, алардын жүрүм-турумуна контролдун мажбурлоо чаралары зарыл. Коом эркинен ажыратылгандар кармалуучу жайлардан бошотулгандардын тагдырына кайдыгер боло албайт, себеби, бул кайдыгерлик кийин жаңы кылмыштарга, жаңы курмандыктарга, алардын ордун толтуруу зарыл болгон жаңы экономикалык жана адеп-ахлактык жоготууларга айланышы мүмкүн. Мына ошондуктан ШМБ маселесине комплекстүү мамиле жасоо жана иш-чаралар планын иштеп чыгуу жана Жаза өтөп жаткандардын бирдиктүү базасын түзүү, ошондой эле түзөтүү мекемелеринин алдында соттолгондор үчүн реинтеграциялык борборлорду уюштуруу зарыл.

**Сунуштар**

**Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жазаларды аткаруу мамлекеттик кызматына**

1. Чыгашалар сметасын түзүүдө, ошондой эле ЖАМКнын бюджетинин долбоорун коргоодо бардык зарыл чыгымдарды, өзгөчө имараттардын утурумдук жана капиталдык ремонтуна, медициналык жабдууларды жана аспаптарды сатып алууга чыгымдарды алдын ала кароо.
2. ЖАМКнын мекемелеринде соттолгондорго жеткиликтүү эмгек акы менен иш орундарын түзүү үчүн мүмкүнчүлүктөрдү табуу.
3. КРнын Жазык-аткаруу кодексинин 150-беренесинин талаптарына ылайык, камактагыларды бошотулган учурда бир жолку акчалай жөлөкпул менен камсыздоо.

## 3.2. Сот процесстеринин мониторинги

Адам укуктарынын, анын ичинде соттук териштирүүлөрдүн мониторинги бул тармактагы адам укуктарын бузуулардын мүнөзүнө жана деңгээлине карата маалыматтарды жакшылап ойлонуу менен топтоп, алынган маалыматтарды талдап чыгууда жана аларды Конституция, ратификацияланган эл аралык келишимдер жана ички

мамлекеттик мыйзамдар аркылуу орнотулган стандарттар менен – укуктук нормалардын иерархиясына ылайык салыштыруудан турат.

Сот процесстеринин мониторинги төмөнкү функцияларды камтыйт:

- таанып-билүүчүлүк – адам укуктарын жана эркиндиктерин бузуулардын масштабдары жөнүндө документтештирилген маалыматтарды алууга жана мыйзамдардагы же аларды колдонуу практикасындагы кандай өзгөрүүлөр мындай бузууларды олуттуу чектей ала турганын аныктоого мүмкүндүк берет;
- көмөкчү – системадагы өзгөрүүлөрдүн зарылдыгына бийлик структураларын ынандырууга жардам берүү укук бузуулардын далилдерин жана аргументтерин жыйноого өбөлгө түзүү;
- профилактикалык – байкоо жүргүзүү жана көзөмөлдөө фактысынын өзү сот бийлигинин органдарына таасир этип, аларды адам укуктарын сактоого мажбурлай алат[189].

Кыргызстандын сот системасынын кызматкерлерине, судьялардын аракеттерине (аракетсиздиктерине) карата КРнын Акыйкатчысынын атына келип түшкөн даттануулар менен арыздардын санынын көбөйүүсүнөн улам, Сот органдары менен иштөө жана сот процесстеринин мониторинги боюнча бөлүм (мындан ары – бөлүм) түзүлгөн. Бөлүмдүн кызматкерлери жарандардын суроо-талаптарынын негизинде бардык сот инстанцияларында соттук отурумдардын мониторингин жүргүзөт.

Адам укуктары күнүнө арналган иш-чаранын алкагында бөлүмдүн кызматкерлери тарабынан Кыргыз мамлекеттик юридикалык академиясынын жана И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин студенттери менен жолугушуу өттү. Анын жүрүшүндө студенттерге КРнын Акыйкатчы институтунун ишмердүүлүгү жөнүндө маалымат берилди. Студенттерди сот процесстеринин мониторингине тартуу максатында БУУӨП тарабынан КРнын Акыйкатчы институту менен кызматташтыкта республиканын ЖОЖдорунун юридикалык факультеттеринин студенттери арасында конкурс өткөрүлдү. Студенттерди бул ишмердүүлүккө тартуу КРнын Акыйкатчысынын адамдын соттук угуулардагы укуктары менен эркиндиктеринин сакталышына мониторинг маселесиндеги мүмкүнчүлүктөрүн күчөтүүгө мүмкүндүк берет. Андан тышкары, сот процесстерине мониторинг жасоо юрист-студенттер үчүн билимин өркүндөтүү маанисине да ээ. Конкурстун жыйынтыгы менен мониторингге катышуу үчүн республиканын ар кайсы ЖОЖдорунан 15 студент тандалып алынды.

---

[189] Тємєнкї сайтта жеткиликтїї Http://Www.Hrights.Ru/Monitoring/Metod_Rekomend.Htm

Сот процесстеринин мониторинги Бишкек ш. сотторунда Бөлүмдүн кызматкерлеринин жетекчилиги менен жүргүзүлөт. Сот процесстеринин жүрүшүндө мыйзам бузууларды аныктоо үчүн БУУӨП менен бирдикте кылмыш-жаза жана жарандык сот өндүрүштөрүнүн маселелерин камтыган Байкоочунун анкетасы иштелип чыккан.

“Кыргыз Республикасынын Омбудсмени (Акыйкатчысы) жөнүндө” Кыргыз Республикасынын 2002-жылдын 31-июлундагы №136 мыйзамынын 8-беренесинин 11, 12-пункттарына ылайык, КРнын Акыйкатчысы төмөнкүлөргө укуктуу:

- бардык инстанциялардагы соттордун отурумдарына, анын ичинде, анын кызыкчылыгында соттук териштирүү жабык деп жарыяланган адамдын макулдугу алынган шартта жабык соттук отурумдарга да катышууга;
- ден соолугуна байланыштуу же башка жүйөөлөр менен аны өз алдынча жасай албаган адамдын жана жарандын укуктарын, эркиндиктерин коргоп арыз менен сотко кайрылууга, ошондой эле, мыйзамда белгиленген учурларда жана тартипте жеке өзү же өкүлү аркылуу сот процессине катышууга.

Ушул ыйгарымдарга ылайык КРнын Акыйкатчысына жарандар соттук отурумдар убагында компетенттүү жана көз карандысыз сот тарабынан иштин адилет жана ачык териштирилишин жүзөгө ашыруу максатында бардык инстанциялардагы сот отурумдарында анын өкүлүнүн катышуусу жөнүндө өтүнүч менен кайрыла алышат.

2013-жылы сот системасынын ишмердүүлүгү менен байланышкан келип түшкөн даттануулардын саны 910ду, башкача айтканда, КРнын Акыйкатчысынгын аппаратына түшкөн даттануулардын жалпы санынын 36,9%ын түзгөн. 2014-жылы мындай даттануулардын саны 808ди, башкача айтканда, даттануулардын жалпы санынын 33,5%ын түзгөн.

2015-жылы КРнын Акыйкатчысынын Борбордук аппаратына жана облустук өкүлчүлүктөрүнө Кыргызстандын сот системасына карата 1036 даттануу, же даттануулардын жалпы санынын 41,7%ы түшкөн. Анын ичинен 779у – КРнын Акыйкатчысынын өкүлүнүн сотто катышып берүүсүн суранган өтүнүчтөр, 131 арыз судьялардын аракеттерине же аракетсиздиктерине даттануулар, 35и – сот чечимдеринин аткарылбагандыгына, ошондой эле, 23 арыз - сот органдарынын компетенциясында турган маселелерге (чечимдерди, өкүмдөрдү өз убагында бербөө, сот отурумдарынын протоколдорун берүүдөн баш тартуу) байланыштуу даттануулар.

КРнын Акыйкатчысы тарабынан жарандардын укуктарын коргоону жүзөгө ашыруу жана сот процесстерине мониторинг жүргүзүү маалында алынган маалыматтарга ылайык

азыркы учурда адилет соттук териштирүүгө укук баарынан көбүрөөк төмөнкү учурларда бузулаары байкалды:

- сот адилеттигине жеткиликтүүлүккө укукту бузуу;
- сот адилеттигин жүзөгө ашырууда жан тартпастык кепилдиктерин бузуу;
- соттук териштирүүнүн акылга сыйган мөөнөттөрүн бузуу (сот процесстерин ыксыз создуктуруу);
- судьялар тарабынан этикалык нормалардын бузулушу.

Бул укук бузуулар жыл сайын кайталанат, алар жөнүндө маалымат КРнын Жогорку Кеңешине КРнын Акыйкатчысынын Кыргыз Республикасында адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктеринин сакталышы жөнүндө бардык баяндамаларында сунушталат.

### 3.2.1. Кыргыз Республикасынын Соттор кеңеши менен кызматташуу проблемалары

Улуттук мыйзамдарга ылайык, соттор тарабынан адам укуктары бузулган учурда КРнын Акыйкатчысы “Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы (Омбудсмени) жөнүндө” Кыргыз Республикасынын 2002-жылдын 31-июлундагы №136 мыйзамынын 8-2-беренесине ылайык судьяга карата тиешелүү чараларды көрүү өтүнүчү менен КРнын Соттор кеңешинин төрагасынын наамына Көңүл буруу актысын жөнөтөт.

2015-жылы КРнын Акыйкатчысынын аппараты тарабынан сот органдарына 20 көңүл буруу актысы жөнөтүлгөн, алардын ичинен:

- КРнын Соттор кеңешине – 15;
- КРнын Жогорку сотуна – 3;
- Сотторду тандоо кеңешине – 1;
- Талас шаардык сотуна – 1.

Азыркы учурда КРнын Соттор кеңешинде каралуу стадиясында 6 көңүл буруу актысы жатат.

“Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы (Омбудсмени) жөнүндө” Кыргыз Республикасынын 2002-жылдын 31-июлундагы №136 мыйзамынын 8-беренесинин 9-пунктуна ылайык Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы Кыргыз Республикасынын кызмат адамдарын, мамлекеттик кызматкерлерин, жарандарын, чет элдиктерди жана жарандыгы жок адамдарды даттанууларды же арыздарды кароонун жүрүшүндө текшерилүүчү шарттарга карата оозеки жана жазуу жүзүндөгү түшүндүрмөлөрдү алуу

үчүн чакырууга укуктуу. Бул ыйгарымдарга ылайык КРнын Соттор кеңешинин төрагасы Ж.Абдрахманов “мурда жөнөтүлгөн бардык Көңүл буруу актыларына жана айрым келген даттанууларга жооп алуу, ошондой эле, адам укуктарын коргоо тармагындагы эки тараптуу андан-ары кызматташуу маселелерин талкуулоо үчүн” 2015-жылдын 14-июлунда саат 11:00гө чакырып менен расмий кат[190] жөнөтүлгөн.

2015-жылы Кыргыз Республикасынын Соттор кеңешинин төрагасынын наамына 46 Көчүл буруу актысы, судьялардын укукка жат аракеттерине суроо-талаптар жөнөтүлгөн, бирок 16 суроо-талапка гана жооп келген. Алынган жооптор адатта, формалдуу мүнөзгө ээ жана: “... судьяга карата тартип өндүрүшүн козгоодон баш тартылат” деген мазмунда.

КРнын Акыйкатчысынын орун басары Г.Жамгырчиева КРнын Судьялар кеңешинин төрагасы Ж.Абдрахманов менен жолугушуу өткөрдү, анын жүрүшүндө жарандардын бузулган укуктары жөнүндө келип түшкөн арыздар жана даттанууларды сапаттуу кароо максатында Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын аппараты менен КРнын Соттор кеңешинин ортосундагы кызматташуу талкууланды. Анда Ж.Абдрахманов КРнын Соттор кеңешинин ишин уюштурууда кемчиликтер бар экендигин белгиледи. Анын сөзү боюнча, КРнын Соттор кеңеши коомдук башталышта иштейт жана өз аппараты жок, ушуга байланыштуу келип түшкөн бардык даттануулар менен арыздарды өз убагында кароо мүмкүн эмес, себеби КРнын Соттор кеңешинин отурумдары кварталына бир жолу гана өткөрүлөт. “Ошол эле учурда КРнын Соттор кеңешинин тартип комиссиясы ар бир даттануу боюнча судьяны жоопкерчикке тартуу же тартип өндүрүшүнөн баш тартуу жөнүндө чечим чыгарууга тийиш. Бирок, азырынча иштин мындай ыргагына түшө албай жатабыз, ал көңүл буруу процедурасынын оперативдүүлүгүнүн төмөндөшүнө алып келүүдө”, - деп айтты Ж. Абдырахманов.

Г.Жамгырчиева Кыргыз Республикасынын Соттор кеңешинин ишинин мындай системалуу проблемалары КРнын Акыйкатчысынын аппаратына арыз ээлерине КРнын Соттор кеңеши алардын даттануулары боюнча кабыл алган чаралар жөнүндө маалымдоого мүмкүндүк бербегендигин белгиледи. Мындай кайрылуулар көп түшө тургандыгын эске алсак, КРнын Акыйкатчысынын аппаратынын кызматкерлеринин КРнын Соттор кеңешиндеги уюштуруу проблемаларынын тезинен чечилишине кабатырлануусу түшүнүктүү.

[190] 2015-жылдын 7-июлу чыгыш №08-1466.

Жолугушуунун аягында судьялардын аракеттерине жана аракетсиздиктерине карата КРнын Акыйкатчысынын дарегине жарандардан келип түшкөн бардык даттануулар менен арыздар КРнын Соттор кеңешинин төрагасы Ж.Абдрахмановдун өзүнө берилди, ал КРнын Соттор кеңешинин жакынкы отурумунда бул арыздардын баарын кароого жана ар бири боюнча КРнын Акыйкатчысынын аппаратына расмий жооп жөнөтүүгө убада берди.

**Сунуштар**

**Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине**

1. Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын сот процесстеринин мониторингинин жүрүшүндө аныкталган адилет сот өндүрүшүнүн кепилдиктеринин бузулушуна алып келген себептерди жана шарттарды четтетүү боюнча Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңеши менен өз ара аракеттенүүнүн ийгиликсиз практикасы Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин профилдик комитеттерин жана Кыргыз Республикасынын Президентинин аппаратынын профилдик бөлүмдөрүн (секторлорун) кошо алганда, кошумча механизмдерди активдүү тартуунун зарылдыгын көрсөтөт.

**3.2.2. Адилет соттук териштирүүгө укуктун сакталышы**

Кыргыз Республикасы Саясий жана жарандык укуктар боюнча эл аралык пактка (СЖУЭПке) кошулган, анын 14-беренесинин 1-пунктунда мындай делет: “Бардык адамдар соттор жана сот трибуналдары алдында бирдей. Ар ким ага тагылган ар кандай кылмыш айыптоосун кароодо, же кандайдыр-бир жарандык процессте анын укуктары менен милдеттерин аныктоодо ишти мыйзам негизинде түзүлгөн компетенттүү, көз карандысыз жана калыс сот тарабынан адилет жана ачык каралышына укуктуу...”. Укуктук коомдо мыйзамдарда каралган укуктардын бузулушуна байланыштуу келип чыккан талаштарды чечүү соттун прерогативасы болуп саналат жана сот жараяны мыйзамдын үстөмдүгү принцибине негизделет.

Адилет сотко болгон укуктун минималдуу кепилдиктери көптөгөн процессуалдык талаптарды камтыйт, анын ичинде:

- сот тарабынан процесстин жүйөөсүз кечиктирилүүсүз өткөрүлүшүн талап кылуу;
- соттолуучунун сот отурумуна катышуу жана сүйлөө укугу;
- күнөөсүздүк презумпциясына укук;

- жараянда тараптардын теңата процессуалдык укуктары жана тендештиги принцибин сактоо;
- тараптардын жараяндагы жарышуучулук принцибинин сакталышы[191].

**Сунуштар**

**Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна**

1. Адам укуктарын коргоо боюнча сот адилеттигиннин натыйжалуулугун жогорулатуу максатында жана жергиликтүү соттордун ишмердүүлүгүндө адам укуктарын системалуу бузуулардын болушуна байланыштуу баш коргоо чарасы жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын жергиликтүү соттор тарабынан колдонуу практикасы изилденсин жана аларга чечимдерди кабыл алууда жана өкүмдөрдү чыгарууда эл аралык нормаларды жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын бекем сактоону камсыз кылуу зарылдыгы жөнүндө тиешелүү түшүндүрүүлөрдү берсин.

### 3.2.3. Соттук териштирүүнүн мөөнөттөрү

Сот процессинин натыйжалуулугунун маанилүү аспекти болуп анын оперативдүүлүгү саналат. Иштин сот тарабынан акылга сыярлык мөөнөттө кароо принцибин сактоонун максаты сот адилеттигине коркунуч туудурбай, ага болгон ишенимди солгундатпоо максатында сот өндүрүшүнүн бардык тараптарын ашыкча процессуалдык создуктуруулардан коргоо жолу менен адамдарды арабөк абалдан алып чыгуу саналат.

Жарандык процессте ишти акылга сыярлык мөөнөттө карап чыгуу процесс башталгандан тартып соттун токтому колго тийип чечим аткарылганга чейинки мезгилди камтыйт. Кылмыш-жаза процессинде жөнсүз кечиктирилүүсүз соттолууга укук айыптоо коюлган же адам камакка алынган (бул экөө дайыма эле дал келе бербейт) учурдан тартып соттун чечими чыгып, бардык апелляциялык процедуралар жана ишти кайра кароолор аяктаганга чейинки мөөнөткө жайылтылат. Кылмыш-жаза процессинде жөнсүз кечиктирүү айыпталып жаткан адамдын укуктарынын гана эмес, кылмыштын курмандыгын укуктарынын бузулушуна да алып келет.

Кыргыз Республикасынын мыйзамдары адилет соттук териштирүүлөр стандарттарына толук эмес өлчөмдө дал келет. Мисалы, КРнын Жазык-процесстик кодексинде соттук териштирүүнүн акылга сыярлык мөөнөтүнө тиешелүү кепилдиктер

---

[191]2014-жылы Кыргыз Республикасында адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктеринин сакталышы жөнүндө Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын баяндамасы. – Бишкек, 2015. –244-б. Төмөнкү сайтта жеткиликтүү http://ombudsman.kg/ru/content

жетишээрлик так аныкталган эмес. КРнын Акыйкатчысынын аппараты жана башка укук коргоо уюмдары практикада иштин акылга сыярлык мөөнөттө (жүйөөсүз кечиктирилүүсүз) каралбай жатканына байланыштуу көп эле жолу күбө болушту.

Жарандар кайрылууларында КРнын Акыйкатчысынын өкүлүнүн сотто катышуусун суранышат.

*КРнын Акыйкатчысынын наамына С.Адан.[192] 2015-жылдын 14-январында КРнын Жогорку сотунун отурумуна катышуу өтүнүчү менен арыз түшкөн. КРнын Жогорку сотунун өндүрүшүндө КРнын Курчап турган чөйрөнү коргоо жана токой чарбасы мамлекеттик агенттигинин өкүлүнүн С.А. ишке орноштуруу жөнүндө биринчи жана экинчи инстанциядагы соттордун чечимине көзөмөл арызы каралып жаткан. Бирок, КРнын Жогорку сотунда 2014-жылдын декабрынан бери бул боюнча соттук отурумдар дайыма кийинкиге жылдырылган, аны менен КРнын Жарандык процесстик кодексинин 353-беренесинде каралган 2 айда ишти кароо мөөнөттү бузулган. Иштин создуктурулушу С.А. КРнын Акыйкатчысынын атына арыздары менен да тастыкталат, себеби, сот отурумдары 9 жолу (2015-жылдын 28-январында, 2-февралында, 18-февралында, 2-мартында, 16-мартында, 30-мартында 23-апрелинде, 4-майында, 7-майында) кийинкиге жылдырылган.*

*Бул арыздар боюнча КРнын Акыйкатчысынын өкүлү КРнын Жогорку сотунун отурумдарына 12 жолу катышкан. Жыйынтыгында КРнын Жогорку сотунун коллегиясынын токтому менен биринчи жана экинчи инстанциялардын чечимдери алынып салынган жана иш жаңыдан кароого райондук сотко жөнөтүлгөн. КРнын Акыйкатчысынын аппаратынын кызматкерлери тарабынан КРнын Соттор кеңешинин атына Көңүл буруу актысы жөнөтүлгөн[193], анда КРнын Жогорку сотунда бул ишти карап жатышкан судьялары Ж.Байзуллаевага, Д.Арстанбаевага жана башкаларга тиешелүү чара көрүү өтүнүчү көрсөтүлгөн.*

*КРнын Соттор кеңешинен алынган жоопто бул арыз каралганы жатканы, натыйжасы жөнүндө кийин кабарланаары жазылган[194].*

*КРнын Акыйкатчысынын наамына КРнын Кылмыш-жаза кодексинин 247-беренесинин 2-бөлүгүнүн 2-пунктунда каралган кылмышты жасады деп айыпталган А.Б. кызыкчылыктарында арыз менен Н.М.[195] кайрылган.*

[192] 2014-жыл 22-декабрьындагы кириш.№А-934.
[193] 2015-жылдын 19- июнундагы чыгыш. № 08-1324; 2015-жыл 4-августундагы чыгыш № 08-1660,.
[194] 2015-жылдын 18-сентябрындагы чыгыш № С-2807/15,.

*Арызда 2014-жылдын 19-ноябрынан 2015-жылдын 13-июлуна чейин кылмыш ишин кароо күбөлөрдүн, тергөөчүлөрдүн, мамлекеттик айыптоочунун сотко келбегендигине байланыштуу ыксыз создуктурулуп жатканы жазылган.*

*Андан тышкары, Бишкек ш. Октябрь районунун прокуратурасы кылмыш ишинин Октябрь райондук сотунда ыкчам каралышы боюнча чара көргөн эмес, атап айтканда, күбөлөрдүн, калыс күбөлөрдүн жана процесстин башка катышуучуларынын сотко келиши камсыз кылынбайт. Ушуга байланыштуу №55-14-1327 кылмыш иши боюнча соттук отурум бир жылдан бери создуктурулууда.*

*КРнын Акыйкатчысынын аппараты КРнын Башкы прокуратурасынын дарегине Көңүл буруу актысын[196] жөнөттү, ага Башкы прокуратурадан жооп келген[197], анда соттук териштирүүлөр 2014-жылдын 3-, 18-, 28-декабрына, 2015-жылдын 13-, 15-, 20-, 26-, 29-январына дайындалганы көрсөтүлгөн. Отурумдар соттолуучу Ч.Турдалиевдин адвокатынын өтүнүчү жана күбөлөрдүн соттук процесске келбегендигинен кийинкиге калтырылган. Кийинки соттук отурумдар 2015-жылдын 28-августуна, 1-, 11-, 23-, 30-сентябрына дайындалган, бирок ал отурумдарга да күбөлөр белгисиз себептерден улам келген эмес. Мындан тышкары, ишке тиешеси бар күбөлөр республиканын ар кайсы региондорунда жашай тургандыгы, биринчи соттук отурумдарга келишип көрсөтмө беришкендиги, бирок кайталап көрсөтмө берүү үчүн келүүдөн баш тартышкандыгы, натыйжада күбөлөрдүн соттук отурумга келүүсү олуттуу проблема болуп жатканы белгиленген.*

*2015-жылдын 1-октябрында болгон соттук отурумда соттолуучунун адвокаты Ч. Турдалиев А.Б. бир жылдан ашуун камакта болгондугун эске алуу менен соттон баш коргоо чарасын өзгөртүүнү өтүндү, сот өтүнүчтү канааттандырууну чечти жана А.Б. баш коргоо чарасын өзгөрттү. А.Б. сот залынан бир туугандарынын, эже-карындаштарынын жана ата-энесинин жеке кепилдиги менен бошотулду. Андан кийин күбөлөрдү келтирүүнү камсыз кылуу зарылчылыгына байланыштуу сот тарабынан А.Б. кылмыш иши Октябрь райондук прокуратурасына кайтарылды.*

*Азыркы учурда Октябрь районунун прокуратурасы тарабынан күбөлөрдү кайрадан сот отурумуна алып келүүнү камсыз кылуу боюнча тиешелүү иш жүргүзүлүүдө.*

---

[195] 2015-жылдын 8-сентябрындагы кириш № Б-646.
[196] 2015-жылдын 22-сентябрындагы чыгыш № 08-1005.
[197] 2015-жылдын 12-октябрындагы чыгыш № 10/142.

*КРнын Акыйкатчысынын наамына А.Жнын. кызыкчылыгын коргогон М.К.*[198] *Бишкек шаарынын Ленин райондук сотунун 2015-жылдын 3-апрелиндеги отурумуна катышып берүү өтүнүчү менен кайрылган. Прокурор сот отурумуна келген эмес, мыйзамдык нормалар менен каралган ишти сотто кароо мөөнөтү 3-апрелде өтүп кетти.*

*Ага чейин 2015-ж. 20-мартында сотко катышып берүү өтүнүчү менен арыз алынган, бирок, ал соттук процесс жабыркаган тараптын маркумду акыркы сапарга узатууга байланыштуу кийинкиге жылдыруу өтүнүчү менен кийинкиге калтырылган экен. Бул жабыркаган тараптын күнөөсү боюнча кийинкиге калтырылган бешинчи соттук процесс экени аныкталды. Жабыркаган тарап соттук отурумга келбей койгон. Аны менен КРнын Жазык-процесстик кодексинин 252-беренеси бузулууда. КРнын Акыйкатчысынын аппаратынын кызматкерлери тарабынан судьялардын аракетсиздиги, аны менен иштин сотто каралуу убактысынын создуктурулушу жөнүндө Бишкек шаарынын Ленин райондук сотуна кат жөнөтүлдү.*

*Бишкек шаарынын Ленин райондук сотунан алынган жооптон*[199] *бул кылмыш ишин кароо ал дайындалгандан, башкача айтканда, 2014-жылдын 5-декабрынан азыркы убакка чейин калтырылып келе жатканы көрүнөт. КРнын Жазык-процесстик кодексинин 252-беренесинде белгиленген кароо мөөнөттөрүнүн өтүп кеткенине байланыштуу бул кылмыш иши эки жолу Бишкек шаарынын Ленин райондук прокуратурасына сот отурумуна жабыркаган тараптын мыйзамдуу өкүлүнүн жана жабырлануучулар Н.К. жана Т.А. келишин камсыз кылуу үчүн кайтарылган.*

*КРнын Акыйкатчысынын аппаратынын кызматкерлери тарабынан КРнын Башкы прокуратурасына Ленин районунун прокуратурасы тарабынан процесстин катышуучуларынын сот отурумуна келүүсүн камсыз кылбай жатышына байланыштуу Көңүл буруу актысы жөнөтүлдү.*

Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 34-берене 13-п. ылайык, прокурор баштапкы текшерүү органына сот отурумуна чакырылган адамдардын келишин камсыз кылуу боюнча чараларды көрүү жөнүндө жазуу жүзүндөгү көрсөтмөлөрдү берүү ыйгарымына ээ, бирок, прокурорлордун өздөрү ыйгарымын аткарбоосунан улам, жогоруда көрсөтүлгөн кылмыш ишин угуу создуктурулууда, ал соттук териштирүүлөрдүн акылга сыярлыгын бузууга алып келүүдө. КРнын Жазык-процесстик кодексинин 265-

[198] 2015-жылдын 1-апрелиндеги кириш № К-06(4).
[199] 2015-жылдын 17-апрелиндеги чыгыш № 13-843.

берене ылайык, соттук отурумга чакырылгандардын бирөө-жарымынын келбегендигинен улам ишти териштирүү мүмкүн болбогондо, сот өзүнүн аныктамасы (судья өзүнүн токтому) менен иштин териштирилүүсүн кийинкиге калтырат. Аны менен бир убакта сот (судья) тараптарды талап кылынуучу далилдерди көрсөтүүгө, а кылмыш ишин тергеген органды келбеген адамдардын келүүсүн камсыз кылууга чара көрүүгө милдеттендирет.

Соттук териштирүүлөрдүн мөөнөтү негизинен тараптарга көз каранды. Прокуратура жана тергөөчүлөр күбөлөрдүн өз убагында сотко келишин камсыз кылбаса, же процесске өздөрү келбей койсо, сот процессин акылга сыярлык мөөнөтү бузулат. КРнын Акыйкатчысына түшкөн арыздар жана сот процесстерине мониторингдин натыйжалары көрсөткөндөй, тилекке каршы, мындай учурлар аз эмес.

Соттук териштирүүнүн акылга сыярлык принцибин бузуу проблемалары улуттук мыйзамдарда тийиштүү нормалардын жоктугу менен да байланышкан. КРнын Жазык-процесстик кодексинин нормалары да, “Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын 2008-жылдын 9-июлундагы №141 конституциялык мыйзамы да соттук териштирүүлөрдүн жүрүшүндө “соттук териштирүүлөрдүн акылга сыярлыгы” же “акталбаган кармоо” түшүнүктөрүн камтыбайт жана ага аныктама бербейт. Бул кызматтан кыянат пайдаланууга пайдаланууга жана кылмыш иштерин кароону негизсиз создуктурууга алып келет, ал соттолуучунун абалына гана кедергисин тийгизбестен, жабырлануучулардын да укуктарын бузат.

КРнын Юстиция министрлигинин сайтынын маалыматтар базасында берилген Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 252-беренесинин тексти “Токтом” жана “Параграф” маалыматтык системаларынын материалдарынан айырмаланып турарын белгилөө зарыл. КРнын Юстиция министрлигинин сайтына ылайык бул берененин тексти кылмыш иштерин биринчи инстанциядагы соттордо кароо мөөнөттөрүн аныктоону камтыган эмес[200] (кар. 1-фото ).

---

[200] КР Жазык-процесстик кодексинин 252-беренесинин тексти. КРнын Юстиция министрлигинин сайтында берилген тексти. 2016-жылдын 22-февралындагы абалына карата.: http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/9?ckwds=%25d0%25a3%25d0%25b3%25d0%25be%25d0%25bb%25d0%25be%25d0%25b2%25d0%25bd%25d1%258b%25d0%25b9-%25d0%25bf%25d1%2580%25d0%25be%25d1%2586%25d0%25b5%25d1%2581%25d1%2581%25d1%2583%25d0%25b0%25d0%25bb%25d1%258c%25d0%25bd%25d1%258b%25d0%25b9



Статья 252. Срок судебного разбирательства

(1) Судья (суд) должен начать рассмотрение уголовного дела не позднее 14 суток со дня вынесения постановления о назначении дела к судебному разбирательству, а по уголовным делам, рассматриваемым судом с участием присяжных заседателей, - не позднее 30 суток.

(2) В случае неявки данных лиц без уважительной причины привод осуществляется тем органом, который расследовал уголовное дело по мотивированному постановлению судьи или определению суда.

(3) В срок судебного разбирательства не включается время, предоставленное сторонам на ознакомление со всеми материалами дела, в соответствии со статьей 250 настоящего Кодекса, а также время, на которое судебное разбирательство было приостановлено на основании статьи 265 настоящего Кодекса.

*(В редакции Законов КР от 8 августа 2004 года № 111, 17 июля 2009 года № 234, 14 июля 2014 года № 133)*

**Глава 33**
**Общие условия судебного разбирательства**

Статья 253. Непосредственность и устность судебного разбирательства

(1) В судебном разбирательстве дела все доказательства подлежат непосредственному исследованию. Суд заслушивает показания подсудимого, потерпевшего, свидетелей, заключение эксперта, осматривает вещественные доказательства, оглашает протоколы и иные документы, проводит другие судебные действия по исследованию доказательств.

(2) Приговор суда должен быть основан лишь на тех доказательствах, которые были исследованы в судебном заседании.

Статья 254. Обеспечение гласности судебного разбирательства

(1) Суд должен обеспечить открытое судебное разбирательство дела, за исключением случаев, когда это может привести к разглашению охраняемой законом государственной, военной, коммерческой тайны.

**1-Фото. КРнын Жазык-процесстик кодексинин 252-беренеси. КРнын Юстиция министрлигинин сайтында берилген тексти. 2016-жылдын 22-февралындагы абалына карата.**

Мындай кырдаал Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин текстинин 2014-жылдын 14-июлундагы №133 редакциясына ылайык өзгөртүүлөр киргизилгенден кийинки жаңыртылуудагы мүмкүн болуучу жаңылыштык менен байланышы мүмкүн. Бирок, бул техникалык ката мыйзамдардын нормаларын колдонууда олуттуу проблемаларга алып келиши мүмкүн, себеби Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин бул тексти КРнын Юстиция министрлигинин расмий сайтында жарыяланган. Мындай катанын бар экендиги Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын 2014-жыл үчүн баяндамасында көрсөтүлгөн[201], бирок, азыркы убакка

[201] “2014-жылы Кыргыз Республикасында адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктеринин сакталышы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын баяндамасы. – Бишкек, 2015. –254-б. Төмөнкү сайтта жеткиликтүү http://ombudsman.kg/ru/content

чейин Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлиги тарабынан аны четтетүү үчүн чара көрүлбөгөн.

Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 252-беренесине ылайык соттук териштирүүлөрдүн катаал убактысын белгилөө көпчүлүк учурларда жетиштүү болуп саналбайт, себеби мөөнөттөрдү узартуу көп учурда соттук териштирүүлөрдүн акылга сыярлык мөөнөттө аяктоо принциптерин бузууга алып келет. Биринчи инстанцияда да, даттануу инстанциясында да мөөнөттөрдүн акылга сыярлык мөөнөттү камсыздоо максатында мыйзамдык процедураны белгилөө зарыл.

Соттук териштирүүлөрдүн акылга сыярлык мөөнөтүн аныктоонун мындай процедуралары, төмөнкү нормаларды да камтышы мүмкүн:

1. сот өндүрүшү жана чечим, өкүм, токтомдорду аткаруу акылга сыярлык мөөнөттө бүтүүгө тийиш;

2. ишти сотто териштирүү КРнын Жазык-процесстик кодексинде жана КРнын Жарандык-процесстик кодексинде белгиленген мөөнөттөрдө жүзөгө ашырылууга тийиш; бул мөөнөттөрдү узартууга аталган кодекстер менен белгиленген учурларда жана тартипте гана жол берилет, бирок сот өндүрүшү акылга сыярлык мөөнөттө жүзөгө ашырылууга тийиш;

3. доо арыз же арыз биринчи инстанциядагы сотко келип түшкөн мезгилден тартып акыркы токтом кабыл алынган күнгө чейинки убакытты камтыган соттук териштирүүнүн акылга сыярлык мөөнөтүн аныктоодо иштин укуктук жана иш жүзүндөгү татаалдыгы, жарандык процесстин катышуучуларынын жүрүм-туруму, соттун ишти өз убагында кароо максатында жүзөгө ашырган аракеттеринин жетиштүүлүгү жана натыйжалуулугу сыяктуу шарттар, иш боюнча сот өндүрүшүнүн жалпы узактыгы эске алынат;

4. сот ишинин уюштурулушу, анын ичинде судьяны алмаштыруу, ошондой эле ишти ар кайсы инстанцияларда кароо сот өндүрүшүнүн акылга сыярлык негиздеринен ашып кетүү катарында көңүлгө алынышы мүмкүн эмес;

5. иш боюнча сот өндүрүшүнүн акылга сыярлык мөөнөтүн аныктоо эрежеси сот актыларын аткаруунун акылга сыярлык мөөнөтүн аныктоодо да колдонулууга тийиш;

6. доо арыз же арыз өндүрүшкө алынгандан кийин узак убакыт каралбаган жана сот процесси создуктурулган учурда кызыкдар адамдар соттун төрагасына иштин каралышын тездетүү жөнүндө арыз менен кайрылууга укуктуу болууга тийиш;

7. ишти кароону тездетүү жөнүндө арыз соттун төрагасы тарабынан арыз сотко келип түшкөндөн кийин беш күндүк мөөнөттө каралат; арызды кароонун натыйжасы боюнча жүйөөлөштүрүлгөн аныктама чыгарылууга тийиш, анда иш боюнча соттук

отурумду өткөрүү мөөнөтү белгиленүүгө жана (же) соттук териштирүүнү тездетүү үчүн жүзөгө ашырууга тийиш болгон аракеттер көрсөтүлүшү мүмкүн.

Башка өлкөлөрдүн мыйзамдарында соттук териштирүүлөрдүн акылга сыярлык мөөнөтүн аныктоо жана камсыз кылуу маселелери бул укуктун бузулушу үчүн компенсация маселесин караган башка адистештирилген мыйзамдар менен жөнгө салынарын белгилеп коёлу. Мисалы, Россия Федерациясында "Сот өндүрүшүндө акылга сыярлык мөөнөткө укукту же сот актысын акылга сыярлык мөөнөттө аткарууга укукту бузгандык үчүн компенсация жөнүндө" 2010-жылдын 30-апрелиндеги №68-ФЗ федералдык мыйзам бар, ага ылайык "... сот процессинде тарап болуп саналышкан же үчүнчү жактардын талашында талаштын предметине карата өз алдынча талаптарды билдиришкен Россия Федерациясынын жарандары, чет элдик жарандар, жарандыгы жок адамдар, россиялык, чет элдик жана эл аралык уюмдар, өндүрүүчүлөр, карызгерлер, ошондой эле кылмыш-жаза сот өндүрүшүндөгү шектелүүчүлөр, айыпталуучулар, соттолуучулар, соттолгондор, акталгандар, жабыркагандар, жарандык доогерлер, кылмыш – жаза сот өндүрүшүндөгү жарандык жоопкерлер, федералдык мыйзамда каралган учурларда башка кызыкдар жактар алардын акылга сыярлык мөөнөттө сот өндүрүшүнө же Россия Федерациясынын бюджеттик системасынын бюджеттик каражаттарына өндүрүү коюуну караган соттук актынын аткарылышына укуктары бузулган учурда мындай бузуу үчүн компенсация өндүрүү арызы менен сотко, арбитраждык сотко кайрыла алышат" (1-берене).

Мындай нормалар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган эмес, ал жөнүндө Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын 2014-жыл үчүн баяндамасында эске салынган[202]. Кыргыз Республикасынын Жарандык-процесстик кодексинин жана Кыргыз Республикасынын Жазык-аткаруу кодексинин аракеттеги нормаларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жана Кыргыз Республикасы тааныган адам укуктарынын эл аралык стандарттарынын талаптарына ылайык акылга сыярлык мөөнөттө соттук териштирүүнүн кепилдиктерин белгилөө үчүн адам укуктарын коргоонун бул проблемасын көңүлгө алуу зарыл.

**Сунуштар**

**Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине**

---

[202] "2014-жылы Кыргыз Республикасында адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктеринин сакталышы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын баяндамасы. – Бишкек, 2015. –254-б. Төмөнкү сайтта жеткиликтүү http://ombudsman.kg/ru/content

1. Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 33-главасы менен каралган соттук териштирүүлөрдүн жалпы шарттарынын тизмеси соттук териштирүүнү үзгүлтүксүздүгүнүн зарылчылыгы жана сотторго карата иштерди акылга сыярлык мөөнөттөрдө кароо талабы менен толукталсын.

2. Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 267-беренесинин нормаларында соттолуучунун камакта кармалуусунун мөөнөтүн судьянын мотивацияланган негиздүү токтомунун (соттун аныктамасынын) негизинде ар бир 2 айда узартуу зарылдыгы жөнүндө жобо каралсын.

**Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна**

1. Соттор тарабынан баш коргоо чарасы жөнүндө мыйзамдардын колдонулуш практикасын изилдесин жана аларга төмөндөгүдөй тиешелүү жетекчи түшүндүрүүлөрдү берсин:

- камакка алуу түрүндө баш коргоо чарасын тандоодо мыйзамдардын нормаларынын катуу сакталышын камсыз кылуу зарылдыгы жөнүндө;
- тиешелүү өтүнүчтөрдү чечүүгө формалдуу мамилеге жол берилгистиги жөнүндө, себеби айыпталуучу адамдар камакка алуу – адамдын жана жарандын укуктарын, эркиндиктерин жана жеке кол тийгистигин чектөөчү эң катаал баш коргоо чарасы болуп саналат;
- соттук териштирүүлөрдү кийинкиге калтырууга алып келген себептердин жана шарттардын анализин жүргүзүү зарылдыгы жөнүндө.

### 3.2.4. Соттук чечимди мыйзамдын негизинде гана чыгаруу принцибин бузуу жана тараптардын атаандаштык принцибин бузуу

Адам укуктары жаатындагы эл аралык нормалар "жазалоо мыйзамдын гана негизинде" жана кылмыш жасалган учурга карата каралгандан оорурак жазалоону өткөн мезгилге карай колдонууга (мыйзамдын артка карай күчү) тыюу салуу принцибин белгилейт (СЖУЭПтин 15-беренеси). Көпчүлүк учурларда бул өкүмдү кылмыш жасалган мезгилде иштеп жаткан мыйзамдын негизинде гана чыгарууга боло тургандыгын билдирет. Бирок, кылмыш жасалгандан кийин мыйзам жумшак жаза тарабына өзгөртүлгөн болсо, анда соттолуучу ошол норма менен жушак жаза алууга укуктуу. Бул принцип Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 28-беренесинин 1-бөлүгүндө да чагылдырылган: "Адамдын жоопкерчилигин белгилөөчү же оорлотуучу мыйзам өткөн мезгилге карата колдонулбайт. Жасалган учурга карата укук бузуу деп таанылбаган иш-аракети үчүн эч ким жоопкерчилик тартпашы керек. Эгерде укук бузуу жасалгандан

кийин ал үчүн жоопкерчилик жокко чыгарылса же жеңилдетилсе, анда жаңы мыйзам колдонулат".

Мыйзам жана сот алдында теңчилик принциби КРнын Конституциясынын 16-беренесинин 3-пунктунда да белгиленген. Сотто теңчилик принциби соттук териштирүүнүн жүрүшүндө жана өкүм чыгаруу стадиясында процесстик шарттар тараптар үчүн бирдей болууга тийиштигин билдирет. СЖУЭПтин 14-беренесине ылайык, мыйзам жана сот алдында теңдештик принциби ар бир тарапка аны экинчи тарапка салыштырмалуу кемсинтилген абалга койбой турган шарттарда өз аргументтерин келтирүүгө акылга сыярлык мүмкүндүк берилүүсү менен тараптар ортосундагы "адилет балансты" жана экинчи тарап келтирген далилдерди талашуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылууну талап кылат.

Мыйзам менен белгиленген адилеттүү соттук териштирүү кепилдигине карабастан, Кыргыз Республикасынын  Акыйкатчысынын аппараты мыйзамды тикелей бузган фактылар менен  дайыма бет келет.

*Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын наамына Д.А. соттун жан тартпастык принциби бузулду деген арыз менен кайрылды*[203]*.  Ал ишти изилдөөнүн жүрүшүндө арыз ээси жазгандай, жан тартпастык принциптеринин бузулушу аныкталган жок.  Ошого карабастан, адилеттүү соттук териштирүүнүн башка принциби, атап айтканда, соттук чечимди мыйзам негизинде, мыйзамдын артка карай иштешине тыюу салынуу принцибинин жана тараптардын жарышуучулук  принцибинин бузулушу айкын болуп калды.*

*Аламүдүн райондук сотунун (төрагалык кылуучу Б.К.Кубанычбеков) 2015-жылдын 18-майындагы Таш-Мойнок айыл өкмөтүнүн башчысы М.Ракишевдин Д.А. жана К.У.ну кылмыш жоопкерчилигине тартуу жана моралдык чыгымды өндүрүү боюнча жеке арызы боюнча чыгарылган токтомун изилдөөдө арыз ээси М.Ракишев шилтеме жасаган Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 128-беренесинин "Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын 2015-жылдын 10-мартындагы №53 мыйзамына ылайык күчүн жоготкону аныкталды. Ошентип, бул иш боюнча соттун чечими Кыргыз Республикасынын  Кылмыш-жаза кодексинин күчүн жоготкон нормаларынын негизинде чыгарылган.*

[203]2015-жылдын  22-майындагы кириш № 381

*Ошондой эле Д.А. арызынан жана аны менен аңгемелешүү убагында ишке катышкандар тараптан мындай аракеттер анын коомдук ишмердүүлүгүн басаңдатуу үчүн кабыл алынганы аныкталды. Атап айтканда, анын бийликтин жергиликтүү органдары – Таш-Мойнок айыл өкмөтүнүн башчысы М.Ракишевдин мыйзамдарды бузуп жатканы жөнүндө арызына байланыштуу. Бул маселе боюнча Д.А. Аламүдүн районунун прокуратурасына кайрылган, бирок прокурор К.Мамакеев эч чара көргөн эмес. Ушуга байланыштуу ал башка органдарга, Жогорку Кеңешке чейин кайрылган.*

*Ишти иликтегенде отурум убагында сот тарабынан тараптардын атаандаштык принциби бузулганы далилденди. Мисалы, иш боюнча Д.А. тарабынан бир да күбө суралган эмес, сот М.Ракишевдин аракеттерине укуктук баа берүүдөн четтеген. Соттук териштирүүдө судья айыптоочу таратын гана – Аламүдүн районунун прокурору К.Мамакеевдин жана М.Ракишевдин көрсөтмөлөрүнө гана таянган. Андан тышкары, судья соттук териштирүүнүн жүрүшүндө айыпталуучуга өз аргументтерин баяндоо мүмкүнчүлүгүн бербестен, аны соттук-психиатриялык экспертизадан өтсүн деп комиссия дайындаган. Ал тургай судья өзүнүн экспертиза дайындоо жөнүндө чечимин негиздеген эмес. Сот мажбурлаган тартипте соттук-психиатриялык экспертиза жүргүзүүнүн зарылдыгы жөнүндө күбөлөөчү шарттар бар же жок экендигин аныктаган эмес. Укук коргоо органдарынын өкүлдөрү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын алкактарында Аламүдүн райондук сотунун токтомуна даттанууга мүмкүндүк бербестен арыз ээсин психиатриялык мекемеге мажбурлап алып барышкан.*

*Бул факт боюнча Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасына жана Кыргыз Республикасынын Соттор кеңешине Көңүл буруу актысын жөнөткөн*[204]*. Бирок, ал арыз каралганга чейин судья ээлеген кызматынан бошотулганына байланыштуу Кыргыз Республикасынын Соттор кеңеши тарабынан чара көрүлгөн эмес.*

*Аламүдүн районунун прокурору К.Мамакеевге карата Чүй областынын прокуратурасы тарабынан кылмыш ишин козгоодон баш тартуу жөнүндө чечим кабыл алынган. Кийин К.Мамакеевге башка кылмыш боюнча иш козголгону аныкталды, ал сот органдарына берилип жана К.Мамакеев ээлеген кызматынан бошотулду.*

[204] 2015-жыл 19-майындагы чыгыш №07-1042.

Бул мисал мыйзамды одоно бузууга киргенине карабастан жалпысынан Кыргызстандагы адилеттүү соттук териштирүүгө укуктун сакталышы кандай абалдаэкенин түшүнүү үчүн өзгөчө мааниге ээ. Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасы жана Кыргыз Республикасынын Соттор кеңеши тарабынан келечекте мындай одоно мыйзам бузууларды болтурбоо үчүн чаралар көрүлүүгө тийиш. Атап айтканда, судьялар менен прокурорлорду окутуу жана квалификациясын жогорулатуу программаларына улуттук мыйзамдардагы новацияларды гана эмес, ошондой эле, адилеттүү соттук териштирүүлөрдүн эл аралык стандарттарын да киргизүү зарыл. Кыргыз Республикасынын Соттор кеңеши тарабынан судьялар жол берген мыйзам бузууларга байланыштуу даттануулар менен арыздарды эске алуу эле эмес, ал укук бузуулардын системалык анализин жүргүзүү жана сот системасынын алкагында ал кемчиликтерди аныктоого, жана четтетүүгө мүмкүндүк берүүчү аналитиканы даярдоо зарыл, бул болсо Кыргыз Республикасынын Соттор кеңешинин функцияларын жана ыйгарымдарын белгилөөчү нормаларга жараша, максатка ылайыктуу келет (“Соттук өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын 2008-жылдын 20-мартындагы №35 мыйзамы).

**Сунуштар**

**Кыргыз Республикасынын Соттор кеңешине**

1. Сот процесстерине мониторинг учурунда Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы аныктаган адам укуктарын бузуу жөнүндөгү билдирүүлөрүнө токтоосуз көңүл буруу.

**Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна**

1. Адам укуктарын коргоо боюнча сот адилеттигинин натыйжалуулугун арттыруу максатында жана жергиликтүү соттордун ишмердүүлүгүндө адам укуктарын системалуу бузуулардын болушуна байланыштуу баш коргоо чарасы жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын жергиликтүү соттор тарабынан колдонуу практикасы изилденсин. Аларга камакка алуу түрүндө баш коргоо чарасын тандоодо жана узартууда эл аралык нормаларды жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын бекем сактоону камсыз кылуу зарылдыгы жөнүндө нускама түшүндүрүүлөрдү берсин.

**Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине**

1. Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысына (Омбудсменине) сот отурумдарына катышууга жана адам укуктарынын бузулушу жөнүндө маалыматты (корутундуну) берүү боюнча укукту ыйгаруу менен анын процессуалдык макамын Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин нормаларында аныктоо зарыл.

2. Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 33-главасы менен каралган соттук териштирүүлөрдүн жалпы шарттарынын тизмеси соттук териштирүүнү үзгүлтүксүздүгүнүн зарылчылыгы жана сотторго карата иштерди акылга сыярлык мөөнөттөрдө кароо талабы менен толукталсын.

3. Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 267-беренесинин нормаларында соттолуучунун камакта кармалуусунун мөөнөтүн судьянын мотивацияланган, негиздүү токтомунун (соттун аныктамасынын) негизинде ар бир 2 (эки) айда узартуу зарылдыгы жөнүндө жобо каралсын.

**Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна**

2. Соттор тарабынан баш коргоо чарасы жөнүндө мыйзамдардын колдонулуш практикасын изилдесин жана аларга төмөндөгүдөй тиешелүү жетекчи түшүндүрүүлөрдү берсин:

- камакка алуу түрүндө баш коргоо чарасын тандоодо мыйзамдардын нормаларынын катуу сакталышын камсыз кылуу зарылдыгы жөнүндө;
- тиешелүү өтүнүчтөрдү чечүүгө формалдуу мамилеге жол берилгистиги жөнүндө, себеби, айыпталуучу адамдар камакка алуу – адамдын жана жарандын укуктарын, эркиндиктерин жана жеке кол тийгистигин чектөөчү эң катаал чара болуп саналат;
- соттук териштирүүлөрдү кийинкиге калтырууга алып келген себептердин жана шарттардын анализин жүргүзүү зарылдыгы жөнүндө.

### 3.3. Тынч чогулуш өткөрүү эркиндигине укук

Белгилүү болгондой, Кыргызстандын эли эгемендиктин ээси жана Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик бийликтин бирден-бир булагы болуп саналат (КР Конституциясынын 2-беренесинин 1-пункту). Ар бир адам ушул Конституцияда жана мыйзамдарда тыюу салынбаган башка дагы ар кандай иш-аракеттер менен иштерди жүзөгө ашырууга укуктуу (КР Конституциясынын 18-беренеси). Баш мыйзамга ылайык тынч чогулуш өткөрүү эркиндигине укук (34-берене) жана эркин ой жүгүртүүгө, өз пикирин билдирүүгө, сөз эркиндигине укук (31-берене) адамдын башка укуктарын жана

эркиндиктерин коргоо үчүн фундаменталдуу болуп саналат. Конституциялык ченемдерге ылайык ар ким тынч чогулуш өткөрүү эркиндигине укуктуу. Эч ким чогулушка катышууга мажбурланууга тийиш эмес (34-берене). Тынч чогулуш өткөрүүнү **камсыз кылуу** максатында ар ким бийлик органдарына билдирүү берүүгө укуктуу. Тынч чогулуш өткөрүүгө тыюу салууга жана аны чектөөгө, ошондой эле тынч чогулуш өткөрүү жөнүндө билдирүү жоктугунан, билдирүүнүн формасы, анын мазмуну жана берүү мөөнөтү сакталбагандыктан аны ойдогудай **камсыз кылуу**дан баш тартууга жол берилбейт.

Кыргыз Республикасы тынч чогулуш өткөрүүнү **демократиялык** коомдун натыйжалуу өкүм сүрүшүнүн маанилүү шарты катары баалап, ага укукту түздөн-түз бекемдеген бир катар эл аралык **келишимдерге жана башка документтерге кошулган.** Тынч чогулуш өткөрүүгө укук олуттуу мааниге ээ, анткени жарандарга мамлекеттик бийлик органдарынын алдында өз укуктарын коргоого, коом үчүн орчундуу көйгөйлөргө көңүл бурууга мүмкүндүк берет. Ал Адам укуктарынын жалпы декларациясында (19-берене), Жарандык жана саясий укуктар боюнча эл аралык пактыда (22-берене) кепилденген.

Бирок мыйзамдарда белгиленген кепилдиктерге карабастан чогулуш өткөрүү эркиндигин жана сөз эркиндигин жүзөгө ашырууда ушул мезгилге чейин көйгөйлөр белгиленүүдө.

*2015-жылдын 26-мартында Бишкек шаарында болжол менен саат 16.00дө Чүй проспекти менен Манас проспектинин кесилишинин жанында, Бишкек шаарынын мэриясынын имаратынын каршысында Ө.Т. «Бишкек шамы» муниципалдык газетасын чыгарууну кайрадан калыбына келтирүүнү талап кылуу менен жалгыз адам акция өткөрүп жаткан.*

*Бишкек шаарынын ШИИБдин Милициянын кайгуул кызматынын полкунун (мындан ары – МККП) кызматкерлери милициянын сержанты К.Абдылдаев жана старшина А.Эсенова тарабынан «Тынч чогулуштар жөнүндө» КРнын 2012-жылдын 23-майындагы № 64 мыйзамын бузуу менен, бул акцияны токтотууга багытталган негизсиз аракеттер жасалган. Мындан тышкары, Бишкек шаарынын ШИИБдин МККП кызматкерлери окуяны видеого тартып жаткан «Топньюс» интернет-басылмасынын журналисти Ж. Д-га да тоскоолдук кылган.*

*Ошонун өзү менен коомдук кызыкчылыкты билдирген, «Журналисттин кесиптик ишин коргоо жөнүндө» КРнын 1997-жылдын 5-декабрындагы № 88 мыйзамынын 4, 5-статьяларында көрсөтүлгөн жарандардын укуктарын, эркиндиктерин жана мыйзамдуу*

*таламдарын козгогон маалыматка жеткиликтүүлүк укугу бузулган. Бул учурда төмөнкүлөрдү белгилеп кетүү керек: жогоруда көрсөтүлгөн мыйзамдын 13-беренесине ылайык журналисттин укуктарын бузуу, анын намысын жана кадыр-баркын мазактоо, журналист кесиптик ишин аткарышына байланыштуу анын өмүрүнө, ден соолугуна жана мүлкүнө коркунуч, зомбулук келтирүү же кол салуу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчиликке алып келет.*

*Бишкек шаарынын ШИИБдин МККП кызматкерлеринин аракеттери негиздүү кийлигишүү болгон эмес, анткени Ө. Т-нын акциясында «Тынч чогулуштар жөнүндө» КРнын 2012-жылдын 23-майындагы № 64 мыйзамынын 5-беренесинин 5-бөлүгүнүн 4-пунктунда, 12-беренесинин 2-бөлүгүндө жана 15-беренесинде каралган ченемдерди бузуу болгон эмес жана алар тынч чогулушка тыюу салуу же аны чектөө үчүн негиз болуп саналбайт.*

*Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 108-беренесинин негизинде КР Конституциясынын 34-беренесинде каралган, ар кимдин тынч чогулуш өткөрүү эркиндигине укугун кепилдеген жарандардын укуктарын бузуу фактысы боюнча КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) Аппараты ички иштер министри М.Турганбаевге кат жөнөткөн*[205]*. О. Т-нын аракеттеринде ошондой эле коомдук тартипти жана коомдук коопсуздукту (КР Кылмыш-жаза кодексинин 2-статьясынын комментарийлери) бузуу болгон эмес. Ошентип, бул Бишкек шаарынын ШИИБдин МККП кызматкерлеринин аракеттери чогулуштардын эркиндигине жана пикирин билдирүү эркиндигине мыйзамсыз тоскоолдук кылуу болуп саналат, бул КР Кылмыш-жаза кодексинин 148-статьясында каралган кылмыш катары квалификацияланышы мүмкүн.*

*Бирок жүргүзүлгөн кызматтык текшерүүнүн*[206] *натыйжалары боюнча Бишкек шаарынын ШИИБдин МККП кызматкерлери милициянын сержанты К. Абдылдаевдин жана старшина А. Эсенованын аракеттеринде мыйзамдуулукту бузуу белгиленген эмес.*

Кыргыз Республикасында 2014-жылга салыштырганда 2015-жылы тынч чогулуштардын жалпы саны азайгандыгы белгиленүүдө. Республикада 2015-жылдын 11 айынын ичинде 395 наразылык акциясы, митингдер катталган, 2014-жылы ушундай эле мезгилде 466 акция өткөн. Саясий мүнөздөгү тынч чогулуштардын саны да азайды: 2015-жылы – 88, ал эми 2014-жылы – 230, социалдык-экономикалык жана турмуш-

[205] 2015-жылдын 27-мартындагы чыгыш № 12-655.
[206] 2015-жылдын 15-апрелиндеги чыгыш №1/2803.

тиричиликке байланыштуу митингдердин саны көбөйдү: 2015-жылы – 307, ал эми 2014-жылы – 236.

Социалдык-экономикалык туруксуздуктун, баалардын өсүшүнүн, жумушсуздуктун жана коррупциянын шартында чогулуштар айрым учурда пикир билдирүүнүн жана коомчулуктун көңүлүн буруунун мүмкүн болгон жападан жалгыз ыкмасы болуп эсептелет. Тилекке каршы, КР Ички иштер министрлигинин маалыматтары боюнча[207], тынч чогулуш өткөрүү эркиндигине жарандардын укугун бузууга жол берген бир да мамлекеттик орган, ЖӨБ органдары жана алардын кызмат адамдары ушул учурга чейин чогулуш өткөрүү эркиндигине тоскоолдук кылганы үчүн жоопкерчиликке тартыла элек.

Мамлекеттик бийлик органдары жарандык коом менен тыгыз иштебесе наразылык акцияларынын саны көбөйүшү мүмкүн.

**Сунуштар**

**Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасына**

1. Мамлекеттик органдар, ЖӨБ органдары «Тынч чогулуштар жөнүндө» КРнын 2012-жылдын 23-майындагы № 64 мыйзамын так жана бир түрдүү аткарышына натыйжалуу прокурордук көзөмөлдү **камсыз кылуу**.

2. Тынч чогулушту өткөрүүгө жана ага катышууга тоскоолдук кылган кызмат адамдарын мыйзамда белгиленген жоопкерчиликке тартылышын **камсыз кылуу**.

**Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына**

1. Ыктымалдуу түрдө жарандардын каршылык билдирүү акциясынын себеби болуп саналган маселелерди өз учурунда кароо жана чечүү.

2. Өткөрүлүп жаткан митингдер жана чогулуштар, ошондой эле аларды **камсыз кылуу** боюнча көрүлгөн чаралар жөнүндө коомчулукка милдеттүү түрдө маалымдоо.

**Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигине**

1. Иштн адамдын укуктарын жана эркиндиктерин, анын ичинде тынч чогулуштарды өткөрүүгө укукту кепилдеген конституциялык ченемдерге ылайык гана **камсыз кылуу**.

2. Өз ишинде тынч чогулуштарга негизсиз кийлигишүүнүн, мыйзамсыз чектөөнүн же тыюу салуунун, тынч чогулуштардын уюштуруучуларын жана катышуучуларын

[207] 2016-жылдын 12-февралындагы чыгыш №1/1046.

мыйзамсыз кармоонун жана жоопкерчиликке тартуунун ар кандай формаларын жокко чыгаруу.

3. Чогулуштарды чектөө же ага тыюу салуу, ошондой эле чогулуштарды өткөрүүнү токтотуу үчүн күч колдонуу жагынан кабыл алынып жаткан чечимдердин мыйзамдуулугу жана негиздүүлүгү жөнүндө маселени чечүү үчүн сот органдарына кайрылуу практикасын **камсыз кылуу**.

**Жергиликтүү өкмөттүк эмес жана эл аралык уюмдарга**

2. Тынч чогулуштарды өткөрүү эркиндигине эл аралык жана улуттук стандарттар боюнча мамлекеттик органдардын жана ЖӨБ органдарынын өкүлдөрү үчүн билим берүүчү иш-чараларды өткөрүүгө көмөк көрсөтүү.

## 3.4. Жарандардын шайлоого жана шайланууга укуктары

*(Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине 2015-жылдын 4-октябрында өткөн шайлоонун мисалында )*

Кыргыз Республикасы саясий өкүлчүлүктүн демократиялык принцибин ишке ашырууну бир топ деңгээлде камсыз кылууга жөндөмдүү болгон пропорционалдуу шайлоо системасын конституциялык деңгээлде белгиледи.

2015-жылдын 23-апрелинде Кыргыз Республикасынын Президенти 2011-жылдын 2-июлундагы №68 “Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө” КР конституциялык мыйзамына толуктоолорду жана өзгөртүүлөрдү жактырды.

Мыйзамда бир нече өзгөртүү каралган, атап айтканда, 14-березненин 2-бөлүгүнө өзгөртүү киргизилген, анда эми мындай деп айтылат: “Шайлоочулардын тизмелерине шайлоо күнүндө жигердүү шайлоо укугуна ээ болгон жана мыйзамдар менен белгиленген тартипте биометрикалык каттоодон өткөн Кыргыз Республикасынын жарандары киргизилет”.

Мыйзамга ылайык шайлоочулардын тизмесин түзүү боюнча ыйгарым укуктар КР Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик каттоо кызматына өткөрүлүп берилет. Шайлоочуларды добуш берүү маалында жарандын манжаларынын изин биометрикалык маалыматтар базасында текшерүү аркылуу биометрикалык жана жеке маалыматтар боюнча идентификациялоодон кийин гана уруксат берилет.

2015-жылдагы Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоонун жүрүшүндө шайлоо процессине 15 саясий партия катышты. 2015-жылдагы парламенттик шайлоонун өзгөчөлүгү катары шайлоо процессине, атап айтканда, шайлоочулардын тизмелерин түзүү жана добуш берүү процесстерине шайлоочулардын биометрикалык маалыматтарын милдеттүү түрдө киргизүү болуп калды.

КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) орун басары Г. Жамгырчиеванын 2015-жылдын 14-сентябрындагы 01-1 №138 буйругу менен Кыргыз Республикасынын Конституциясында жана мыйзамдарында жарыяланган жарандардын укуктарынын жана эркиндиктеринин сакталышын контролдоо, ошондой эле жарандар өздөрүнүн шайлоо укуктарын ишке ашырууда басмырлоонун ар кандай түрлөрүн алдын алуу максатында 2015-жылдын 4-октябрында КР Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо боюнча шайлоо өнөктүгүнө мониторинг жүргүзүү боюнча жумушчу топ жана штаб түзүлгөн. Бүтүндөй республика боюнча КР Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкерлердин шайлоо алдындагы ишине алдын ала мониторинг жүргүзүлгөн, анын жыйынтыгында шайлоо мыйзамдарын одоно бузуулар катталган эмес.

2015-жылдын 4-октябрында КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) Аппаратынын 57 кызматкеринен турган жумушчу топ республиканын 114 шайлоо участогунда КР Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоого мониторинг жүргүздү.

Мониторингдин жыйынтыгы көрсөткөндөй шайлоо комиссияларынын иши жалпысынан тийиштүү деңгээлде уюштурулган.

Бирок КР Акыйкатчы (Омбудсмен) Институтунун байкоочулары тарабынан бир нече жолу аныкталган шайлоочулардын тизмелериндеги так эместиктер сыяктуу жарандардын шайлоо укуктарынын бузулушуна алып келди. Алсак, биометрикалык маалыматтарын берген жана мыйзамдын талаптарына ылайык добуш берүү күнүнө 15 күн калганга чейин ошол участогунун шайлоочулар тизмесинде өзүнүн фамилиясын тактаган көптөгөн шайлоочулар ошол участокто өздөрүнүн маалыматтарынын жоктугунан улам добуш бере алышкан эмес.

Алсак, Жалал-Абад облусунун Аксы районунун № 2306 участогунда 25 адам жана № 2309 участогунда 63 адам мыйзамда талап кылынган бардык шайлоонун алдындагы жол-жоболордон өтүшсө да, өздөрүн шайлоочулардын тизмесинен таба алышкан эмес. Ушундай фактылар Ош облусунун № 5051, 5255, 5287 шайлоо участокторунда катталган. Ош облусунун Чоң-Алай районунун № 5161 участогунда шайлоочулардын тизмесинен өздөрүнүн фамилияларын мурда текшерген 46 адам шайлоо убагында өздөрү тууралуу маалыматтарды табышкан эмес. Талас облусунун № 6111 участогунда 40 адам өзүн шайлоочулардын тизмесинен таппай кетишкен.

Бишкек шаарынын Ленин районунун № 1032 участогунда шайлоочулар Н.Т. жана А. уулу У. добуш берүү үчүн шайлоо участогуна келгенде ушул участоктун шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү алар 2015-жылдын 3-октябрында эле шайлоо участогунан башка жерде добуш беришкендигин айтышкан. Бирок, ушул шайлоочулардын ырастоосу боюнча алар эч кандай алдын ала арыз жөнөтүшкөн да жана жазышкан да эмес, тиешелүү түрдө мындай ыкма менен добуш беришкен эмес. Ушундай эле факт Чүй облусунун № 7368 участогунда 21 шайлоочуга карата катталган. Териштирүүдөн кийин 6 адам добуш берген.

Добуш берүү жол-жобосунун башталышына жана участкалык шайлоо комиссияларынын ишине мониторинг жүргүзүүдө да добуш берүүчү жайларды

байланыш каражаттары менен камсыз кылуу боюнча бир катар чечилбеген маселелер аныкталган.

Алсак, Бишкек шаарынын Свердлов районунун № 1023 участогунда башкы сервер эртең мененки саат 8.00дөн 10.00гө чейин иштеген эмес. Борборубуздун Ленин районунун № 1029 участогунда шайлоочу А.А-га добуш берүү үчүн автоматташтырылган система чек берген, бирок ушул эле системанын маалыматы боюнча бул жаран ошол эле күнү мурда добуш берген деп чыкты. Свердлов районунун № 1324, 1323 участокторунда автоматтык түрдө эсептөөчү урна иштен чыккандыгы катталган, андан улам шайлоочулар өздөрүнүн укуктарын ишке ашыруу мүмкүнчүлүгүнөн ажырап, добуш берүүчү жайдан кетип калышкан. Ошентип, ушул участоктун шайлоо комиссиясы 2011-жылдын 2-июлундагы №68 "Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө" КР конституциялык мыйзамынын 12-беренесинин 1-бөлүгүндө каралган жарандардын шайлоо укугун тиешелүү деңгээлде камсыз кылышкан эмес.

Баткен облусунун Ак-Сай айыл округунун Көк-Таш шайлоо участогунда байланыштын жана электр кубатынын жоктугунан улам "Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө" КР конституциялык мыйзамынын 31-беренесинин 1-бөлүгүн бузуу менен шайлоо мыйзамда белгиленген эртең мененки саат 8.00дө эмес, 9.00дө башталган; ушундай факт Талас облусунун № 6070 участогунда катталган. Жалал-Абад облусунун № 2310, 2309 шайлоо участокторунда байланыштын жоктугунун айынан көптөгөн шайлоочулар эртең менен добуш бере алышкан эмес.

Ош облусунун Кара-Суу районунун № 5222 участогунда тизмеде өздөрүнүн фамилиясын текшерген 65 адам участкалык шайлоо комиссиясынын маалыматы боюнча

добуш берүү учурунда башка шайлоо участокторунун тизмесине киргизилгендиги аныкталган.

Нарын шаарынын № 4064 участогунда болжол менен саат 9.50дө участкалык шайлоо комиссиясынын мөөрү жок 156 бюллетень шайлоочуларга берилгендиги катталган. Участоктун иши токтоп, калган бардык бюллетендер күбөлөндүрүлгөндөн кийин бул участокто добуш берүү улантылган. Нарын шаарынын № 4069 участогунда мөөрү жок 35 бюллетень берилген ушундай эле факт катталган. Аны менен 2011-жылдын 2-июлундагы № 68 "Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө" КР конституциялык мыйзамынын 30-беренесинин 9-бөлүгү бузулган. Ушуга байланыштуу Нарын шаарындагы шайлоо комиссияларынын мүчөлөрүнүн күнөөсү боюнча "бузулуп" толтурулган шайлоо бюллетендеринин андан аркы тагдыры түшүнүксүз бойдон калууда.

Кээ бир шайлоо участокторунда 2011-жылдын 2-июлундагы № 68 "Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө" КР конституциялык мыйзамынын 29-беренесинин 4-бөлүгүнүн жана 31-беренесинин 1-бөлүгүнүн аткарылышын бузуу байкалган. Алсак, Бишкек шаарынын № 1032, 1052 шайлоо участокторунда мониторлор, башка зарыл жабдуулар жана добуш берүү үчүн көчмө ящиктер бир эле учурда шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүнө, талапкерлердин, саясий партиялардын өкүлдөрүнө, байкоочуларга көрүнгүдөй жерде болгон эмес.

Ар кандай себептер боюнча биометрикалык маалыматтарын бербеген жана ушундан улам шайлоочулардын тизмесине киргизилбеген Кыргыз Республикасынын жарандары өздөрүнүн шайлоо укуктарын ишке ашыра албагандыктарын белгилеп кетүү керек.

Алсак, 2015-жылдын 16-сентябрына карата биометрикалык маалыматтарды бергендердин саны 2 807 925 адамды түзгөн. Ал эми топтолгон биометрикалык маалыматтардын негизинде шайлоочулардын базасы добуш берүү күнү 2 761 297 адамды түзгөн[208]. Алардын ичинен ташталбаган шайлоочулардын саны 5 827 адам[209].

КР Тышкы иштер министрлигинин маалыматы боюнча чет өлкөдөгү шайлоочулардын тизмесине киргизилген 15 117 адамдын ичинен добуш берүүгө болгону 2 570 кыргызстандык катышкан, бул 17%ды түзөт[210]. 2011-жылдагы шайлоого салыштырганда шайлоочулардын тизмесине киргизилген жарандардын саны 2015-жылы азайган. Алсак, КР Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасынын маалыматы боюнча, 2011-жылы шайлоочулардын тизмесине киргизилгендердин саны 3 600 231 адамды түзгөн[211]. 2011-жылдын 10-октябрындагы парламенттик шайлоого 53 657 адам, 2011-жылдын 30-октябрындагы Кыргыз Республикасынын Президентин шайлоого 3 084 адам катышкан[212].

Жыйынтык чыгаруу менен 2015-жылдын 4-октябрындагы Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо негизинен ачык-айкын өткөрүлдү. Биометрикалык маалыматтарга негизделген жаңы технологияларды колдонуу мындан аркы шайлоолорду эл аралык стандарттарга ылайык өткөрүүгө негиз салды деп тыянак чыгарууга болот. Шайлоо алдындагы өнөктүктүн жүрүшүндө жана шайлоо күнү жарандардын шайлоого жана шайланууга укуктарынын одоно бузулушу катталган эмес.

Аны менен катар көптөгөн шайлоо участокторунда шайлоочулардын тизмелеринин такталбаганын белгилеп кетүү зарыл. Андан тышкары, буга чейин айтылып кеткендей, участоктон тышкары жерде добуш берүү жөнүндө арыз бербеген шайлоочуларды компьютердик система алар добуш бергендигин көрсөткөн учурлар катталган.

[208] http://shailoo.gov.kg/ сайтынан окуса болот, 04.10.2015-ж.
[209] http://kyrtag.kg/society/ сайтынан окуса болот, 18.09.2015-ж.
[210] http://russkg.ru/index.php?option сайтынан окуса болот, 15.10.2015-ж.
[211] www.knews.kg сайтынан окуса болот, 26.10.2011-ж.
[212] http://www.vb.kg/doc/188968 сайтынан окуса болот, 16.05.2012-ж.

Көптөгөн шайлоо участокторунда техника кээде иштебей, андан тышкары, добуш берүү убагында борбордук сервер менен байланыш, эсептөөчү урна иштебей калганы байкалды.

# Сунуштамалар

## Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына

**1.** Участкалык шайлоо комиссияларынын мүчөлөрүн өздөрүнүн кызматтык милдеттерине, шайлоочулардын тизмелери менен иштөөгө, ошондой эле 2011-жылдын 2-июлундагы № 68 “Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө” КР конституциялык мыйзамында жазылган добуш берүүчү жайды уюштурууну жакшыртуу жана бул жааттагы адистердин профессионалдык чеберчилигин арттыруу зарыл.

## Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө

1. КР Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик каттоо кызматына республиканын аймагында да, чет өлкөдө да шайлоочулардын тизмесинин сандык жана сапаттык көрсөткүчтөрүн тактоо жана жакшыртуу боюнча иштерди жүргүзүүнү тапшыруу;

2. Шайлоо участокторунда автоматтык түрдө эсептөөчү урналардын борбордук сервер менен байланышынын тиешелүү сапатын камсыз кылуу боюнча чараларды көрүү;

3. Бардык участкалык шайлоо комиссияларын интернетке туташтырууну камсыздоо.

### IV бөлүк. Кыргыз Республикасынын Акыйкатчы институтун өркүндөтүү

#### 4.1. Эл аралык кызматташтык

### 4.1.1. Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын эл аралык уюмдар менен жолугушуулары, келишимдер жана натыйжалар

2015-жылдын ичинде Бириккен Улуттар Уюмунун Өнүктүрүү Программасы (БУУӨП), БУУнун Адам укуктары боюнча жогорку комиссарынын башкармалыгы (БУУ АУБЖКБ), БУУнун Балдар фонду (ЮНИСЕФ) сыяктуу эл аралык уюмдардын өкүлдөрү жана Даниянын адам укуктары боюнча институту менен бир катар жолугушуулар болуп өттү. Бул жолугушуулардын учурунда эки тараптуу кызматташуулар талкууланды, бирок башкы маселе Кыргыз Республикасында адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерин жакшыртуу болду.

КР Акыйкатчысы (Омбудсмени) өз ишинин тажрыйбасын жана мыкты практикаларын алмашуу максатында чет өлкөлүк кесиптештер менен эл аралык конференцияларга жана семинарларга катышты, алар жакынкы жана алыскы чет өлкөлөрдө өттү.

2015-жылдын 1-июнунан 2-июнуна чейин КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) Женевага (Швейцария) сапары болуп өттү. Бул иш-чараны уюштуруучу БУУнун Экономикалык, социалдык жана маданий укуктар боюнча комитети болуп саналат. 55-сессиянын жүрүшүндө БУУнун аталган комитети Чили, Ирландия, Монголия, Таиланд, Уганда, Боливия, Венесуэла жана Кыргызстан сыяктуу өлкөлөрдө “Экономикалык, социалдык жана маданий укуктар жөнүндө” эл аралык пактынын (ЭСМУЭП) ченемдерин сактоо маселелери боюнча улуттук баяндамаларды карады. КР Акыйкатчысы (Омбудсмени) “Кыргызстан Экономикалык, социалдык жана маданий укуктар жөнүндө” эл аралык пактыда аныкталган адам укуктарын аткаруу” боюнча баяндама жасады, ал БУУнун тийиштүү Комитетине 2015-жылдын мартында жөнөтүлгөн жана БУУ АУБЖКБнын Р**егиондук** офисинин техникалык колдоосу менен даярдалган. Белгилеп кетүү керек, Акыйкатчы (Омбудсмен) сунуш кылган маалымат эл аралык деңгээлде өлкөдөгү адам укуктарынын абалына ар тараптан баа берүү үчүн зор мааниге ээ. Сунушталган маалыматтын натыйжалары боюнча, БУУнун Комитети КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) баяндамасында белгиленген көйгөйлөр боюнча бир катар сунуштарды чыгарды. Акыйкатчынын, кийин Акыйкатчынын (Омбудсмендин) милдетин аткаруучунун чет өлкөлөргө бардык иш сапарларын чакырган тарап каржылаганын белгилеп кетүү зарыл.

2015-жылдын 3-июнунан 4-июнуна чейин КР Акыйкатчысы (Омбудсмени) Брюсселде (Бельгия Королдугу) болгон адам укуктары боюнча улуттук институттардын

катышуусу менен атайын иш-чараларга катышты. Бул жыйында омбудсмендердин финансылык көз карандысыздыгы, ар бир укук коргоочу институттун иши жана милдеттеринин чөйрөсү талкууланды.

КР Жогорку Кеңешинин 2015-жылдын 25-июнунда болуп өткөн жыйналышында **депутаттар** өзүнүн чечими менен КР Акыйкатчысы (Омбудсмени) Б. Аманбаевди кызматынан четтетти. Андан мурда, 2015-жылдын 10-июнунда КР Жогорку Кеңешинин пленардык жыйналышында 94 **депутаттын ичинен 69 депутат КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) «2014-жылы Кыргыз Республикасында адамдын укуктарынын жана эркиндиктеринин сакталышы жөнүндө» жылдык баяндамасын колдогон эмес. Ушундан улам** КР Акыйкатчысы (Омбудсмени) Б. Аманбаев ээлеген кызматынан мөөнөтүнөн мурда бошотулду. КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) милдетин аткаруу орун басар Г. Жамгырчиевага жүктөлдү.

2015-жылдын 26-августунан 28-августуна чейин Улан-Батор шаарында (Монголия) ар жылдагы чогулуш жана биенналдык конференция болуп өттү, аларды Азия-Тынч океан форуму жана Монголиянын Адам укуктары боюнча улуттук комиссиясы уюштурду. Г. Жамгырчиева бул иш-чарада сөз сүйлөдү.

2015-жылдын 16-17-сентябрында Анкарада (Түркия) омбудсмен институттарынын 3-илимий симпозиуму өттү. Бул симпозиумдун максаты эл аралык тажрыйба жана билим алмашуу аркылуу адам укуктары чөйрөсүндө Түркиядагы **реформалоо процесстерине көмөк көрсөтүү, эң мыкты практикалары бар дүйнө өлкөлөрүнүн ортосунда өз ара тажрыйба жана билим алмашуу үчүн платформаны түзүү болду. Симпозиумдун жүрүшүндө омбудсмен институттарынын натыйжалуу иштешинин мүмкүнчүлүктөрү талкууланды. Симпозиумда** КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) орун басары Г. Жамгырчиева Кыргыз Республикасында адам укуктарын сактоо жана коргоо жаатындагы абал, бул чөйрөдөгү эл аралык кызматташтык жөнүндө сөз сүйлөдү.

2015-жылдын 25-27-октябрында Г. Жамгырчиева Прагада (Чех Республикасы) өткөн «**Демократиялык** коомдордо куралдуу күчтөрдүн иштери боюнча **омбудсмен** институттарынын ролу» темасындагы конференцияга катышты. Белгилүү болгондой, куралдуу күчтөр **демократиянын өнүгүү процессинде маанилүү роль ойнойт. Алардын ролу өлкөдө тынчтыкты жана стабилдүүлүктү камсыз кылуу болуп саналат. Ошентип, өзүнүн табияты боюнча,** куралдуу күчтөр өзгөчө ыйгарым укуктарга ээ жана алардын алда канча маанилүү милдети болуп күчтү мыйзамдуу колдонуу саналат. Бирок куралдуу күчтөр өз мандатынан четтегенде, **демократиялык**

институттарга зыян келтирүү же аны жок кылуу мүмкүнчүлүгү келип чыгат. Дал ошондуктан куралдуу күчтөр аткаруучу коомдук коопсуздук менен **демократиялык** стандарттарды колдоонун ортосундагы балансты сактоо өтө маанилүү. Бул балансты сактоонун ыкмасы болуп О**мбудсмен** институту сыяктуу көзөмөлдөөчү органдарды түзүү аркылуу куралдуу күчтөр **демократиялык** институттарга отчет берет деген кепилдик саналат.

**Омбудсмен**дин куралдуу күчтөрдүн иштери боюнча институттары ар кандай формаларды билдирет жана ар кандай мандаттарга ээ болот. Ошентип, конференциянын максаты о**мбудсмен**дин куралдуу күчтөр боюнча институттарын уюмдар катары аныктоо болгон, алардын мандаты өздөрүнүн юрисдикциясына ылайык ички жана куралдуу күчтөргө тиешелүү даттануулрды алуу жана карап чыгуу болуп саналат.

**Омбудсмен**дин куралдуу күчтөрдүн иштери боюнча институттары ар кандай мандаттарга ээ боло **тургандыгы**н эске алып, аларда эки максат болушу мүмкүн – ак ниетсиз башкарууну чектетүү жана адам укуктарын коргоо. Укуктарды урматтоо жана коргоо толук жана мыкты **демократиянын өкүм сүрүшүнүн ажырагыс бөлүгү болуп саналат. Адам укуктары демократиянын негизин түзгөн дөөлөттөрдүн системасын – мыйзамдын үстөмдүгүн билдирет. Омбудсмен**дин куралдуу күчтөрдүн иштери боюнча институттары куралдуу күчтөрдүн ичинде, ошондой эле куралдуу күчтөрдүн бир бөлүгү жайгашкан учурда жарандык коом менен эриш-аркак аракеттенүү учурунда адам укуктарын урматтоону арттыруу аркылуу мыйзамдын үстөмдүгүн күчөтөт.

**Омбудсмен**дин куралдуу күчтөрдүн иштери боюнча институттары секторду алда канча ачык жана жоопт уу кылат, бул **демократиялык** коомдун ажырагыс бөлүгү болуп эсептелет. Ал гана эмес, о**мбудсмен**дин куралдуу күчтөрдүн иштери боюнча институттары ишенимдин жана куралдуу күчтөргө катышуунун жогорку деңгээлин түзөт, анткени бардык аскер кызматкерлеринин көйгөйлөрүн угууга мүмкүндүк берет.

2015-жылдын 27-28-ноябрында Минск шаарында (Беларусь Республикасы) «Адам укуктары боюнча улуттук мекемелер – үмүт-тилектер жана натыйжалар» деген эл аралык конференция болуп өттү, ага КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) орун басары Г. Жамгырчиева катышты. Бул иш-чараны уюштуруучулар «Белорусь Хельсинки комитети», Адам укуктары боюнча Даниялык институту (Дания Королдугу), Адам укуктары боюнча Хельсинки фонду (Польша Республикасы) болду. Жогоруда көрсөтүлгөн иш-чарада КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) орун басары Г. Жамгырчиева Кыргыз Республикасынын улуттук укук коргоочу институтунун иши жөнүндө кең-кесири маалыматты сунуш кылды.

**4.1.2. КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) эл аралык уюмдар жана жарандык коом менен биргелешкен иш-чаралары, эксперттик, консультациялык, донордук жардам, биргелешкен иштин натыйжалары, пландаштырылган иш-чаралар**

2015-жылдын ичинде «Кылым шамы» коомдук фонду сыяктуу өкмөттүк эмес укук коргоочу уюмдар менен жолугушуулар өткөрүлдү. Жетишилген **макулдашуу**ларга ылайык 2015-жылдын 18-февралында (Бишкек шаары) жана 19-февралында (Ош шаары) Кыргыз Республикасындагы аскер кызматчыларынын укуктарын коргоо боюнча тегерек столдор өткөрүлдү. Ага Жогорку Кеңештин **депутаттар**ы, ЕККУнун Бишкектеги Борборунун жана «Кылым шамынын» өкүлдөрү катышты. Жыйында КР Коргоо министрлигинин аскер кызматчыларынын абалы жөнүндө мониторингдин (2014-жылдын август-ноябры) натыйжалары сунуш кылынды. Жыйында белгиленгендей респонденттер негизги укуктарынын сакталышы жөнүндө суроолорго жооп беришкен. Атап айтканда адамдын кадыр-баркын басмырлаган мамиле, уруп-сабоо, ошондой эле, медициналык тейлөө, тамак-аш **жана башка маселелер** бар.

Укук коргоочулар жарандардын ушул категориясынын укуктарынын сакталышын биринчи жолу терең талдап чыгышты. Өз сөзүндө КР Акыйкатчысы (Омбудсмени) аскердик наамы боюнча жогору тургандар өздөрүнө баш ийгендерге зомбулук көрсөткөн фактылар ушул кезге чейин бар, бул айрым учурда кыска мөөнөткө кызмат өтөгөн солдаттардын арасында өз жанын кыюуга алып келүүдө,- деп баса белгиледи. Бул өтө кооптуу тенденция, аны токтотуу зарыл, анткени Кыргызстандын бардык жарандарынын бакубаттуулугу жана тынчтыгы аскер бөлүктөрүндөгү адептик жана психологиялык жагдайга байланыштуу.

КР Коргоо министрлигинин Башкы штабынын зардалынын орун басары Ж. Капаров мониторингдин тыянактарынын маанилүүлүгүн баса белгиледи, анын айтымы боюнча, мониторинг аскер бөлүктөрүндөгү тартиптин, тамактануунун, медициналык тейлөөнүн, солдаттар менен офицерлердин арасындагы мамилесин, кийим-кечек менен камсыз кылуу, жазылбаган уставдык мамилелерди жоюуга жакшы жардам берет.

2015-жылы «Балдарга жардам көрсөтүүнүн шыр байланышы»-(115) өз ишин ийгиликтүү улантты, Бул долбоорду Европалык Союз «Эл аралык абак реформасы» өкмөттүк эмес уюму менен бирдикте ишке ашырып жатат. «Балдарга жардам көрсөтүүнүн шыр байланышы»(115) телефону күнү-түнү иштейт. Эгерде Акыйкатчы Аппаратынын

кызматкери ордунда болбой калса, анда жазып алуу функциясы иштейт жана баладан келип түшкөн даттануу үн топтогучка жазылып калат.

### 4.1.3. КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) БУУнун Кыргыз Республикасындагы агенттиктери менен кызматташтыгын уюштуруу, биргелешкен пландар, программалар жана натыйжалар

БУУӨП жана ЕККУ менен жолугушуулар менен катар КР Акыйкатчысы (Омбудсмени) 2015-жылы ошондой эле БУУнун башка агенттиктери, атап айтканда, БКБ, АУЖКБ, БУУнун Балдар фондунун өкүлдөрү менен жолугушууларды өткөрдү.

КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) институту менен ЮНИСЕФтин кызматташтыгынын алкагында 2015-жылдын 30-мартында эл аралык эксперт М. Атовмян даттанууларды карап чыгуу механизмдерине баа берүү маселелери боюнча тренинг өткөрдү. Бул тренингдин натыйжалары боюнча КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) Аппаратынын эксперттик-укуктук бөлүмүнө Акыйкатчыга келип түшкөн даттанууларды жана тренингдин жүрүшүндө М. Атовмян айткан сунуштарды карап чыгуунун учурдагы механизмин салыштырма талдоо милдети тапшырылды.

2015-жылдын 20- 29-апрелинде БУУӨП, АУЖКБ жана Адам укуктары боюнча Даниялык институттун колдоосунда «Социалдык, экономикалык жана маданий укуктардын мониторинги: инструментарийди иштеп чыгуу, изилдөөлөрдү жүргүзүү, отчетту даярдоо» темасында семинар өткөрдү. Бул тренинг төмөнкүдөй үч бөлүктөн турду: теориялык бөлүктө текшерүүлөрдү жүргүзүү жөнүндө нускама иликтенген, ал эми бул тренингдин практикалык бөлүгүндө бир топ Вознесеновкадагы № 14 Тарбия-эмгек колониясына барган. Экинчи топ – Степное айылындагы № 2 түзөтүү колониясында болду. Жогоруда көрсөтүлгөн мекемелерге баргандан кийин семинардын катышуучулары жасалган иш жөнүндө отчет берди.

БУУӨП уюштурган сот процесстеринин мониторингин жүргүзүү маселелери боюнча семинар 2015-жылдын 6-июнунда болуп өттү. Семинардын жүрүшүндө ушундай мониторингдерди жүргүзүүнүн дүйнөлүк тажрыйбасы каралды. Семинардын жыйынтыктары боюнча КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) Аппаратынын сот процесстеринин мониторинги секторунун планы иштелип чыкты.

8-9-декабрда БУУӨП, АУЖКБ, ЕККУ менен бирдикте КР Акыйкатчы (Омбудсмен) институтунун потенциалын чыңдоо боюнча тренинг өткөрдү. Бул тренингди эл аралык эксперт, Эстониянын мурдагы Омбудсмени Аллар Йокс өткөрдү, ал Эстон Омбудсменинин Аппаратынын ишин кең-кесири баяндады, ошондой эле КР

Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) институтунун потенциалын чыңдоо боюнча кеп-кеңешин айтты.

### 4.1.4. Мындан аркы кызматташтык боюнча пландар

КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) Аппаратынын уюштуруу иштери жана кызматташтык сектору менен бирдикте өткөрүлгөн, жогоруда көрсөтүлгөн иш-чаралар КР Акыйкатчы (Омбудсмен) институтунун, ошондой эле бүтүндөй алганда өлкөнүн кадыр-баркын жакшыртууга багыттала турган иш-чараларды өткөрүү зарылчылыгын айкындады. Төмөнкүлөрдү өткөрүү чечими кабыл алынды:

- жарандык коомдун өкүлдөрүн тартуу менен тренингдерди жана семинарларды;
- башка өлкөлөрдүн улуттук укук коргоо институттары жана өкүлдөрү, башка өлкөлөрдүн адам укуктары боюнча ыйгарымдуу өкүлдөрү катыша турган форумду;
- ЖМКлар жана КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) сайты аркылуу КР Акыйкатчынын ишин чагылдыруу боюнча кеңири масштабдуу ишти;
- эл аралык уюмдар менен алда канча тыгыз кызматташтыкты жөнгө салууга мүмкүндүк бере турган иш-чараларды.

## 4.3. Жарандарды адам укуктары чөйрөсүндөгү агартуу иштери

КР Акыйкатчы (Омбудсмен) Институтунун ишмердүүлүгүндө маанилүү орун адам укуктары жана эркиндиктери, аларды коргоонун усулдары тууралуу калк арасында агартуу иштери турат. Агартуучулук иштер өзүлөрүнүн өзгөчөлүгүнө ээ, анткени ал жарандардын кеңири чөйрөсүн алардын укуктары тууралуу эле маалымдар кылбастан, ошондой эле КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) ишмердүүлүгү жөнүндө, анын адам укуктарын коргоо тутумундагы ролун жана ордун түшүндүрүүгө багытталган.

“Кыргыз Республикасынын Омбудсмени (Акыйкатчысы) жөнүндө” Кыргыз Республикасынын 2002-жылдын 31-июлундагы №136 мыйзамынын 11-1-беренесине ылайык Акыйкатчынын (Омбудсмендин) ишинин ачык-айкындыгы кепилденет. Бул мыйзамда Акыйкатчынын адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктеринин сакталышына контролду жүзөгө ашыруу боюнча иштери ачык-айкын болуп саналат жана жалпыга маалымдоо каражаттарында чагылдырылат деп таамай жазылган.

КР Акыйкатчысы (Омбудсмени) Акыйкатчы) адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктеринин сакталышы жөнүндө, аларды коргоонун методдору жана

формалары жөнүндө маалыматтарды мезгилдүү басма сөздө жарыялоого, адам укуктары жөнүндө өзүнүн дагы башка басылмаларына ээ болууга укуктуу.

“Кыргыз Республикасынын Омбудсмени (Акыйкатчысы) жөнүндө” Кыргыз Республикасынын 2002-жылдын 31-июлундагы №136 мыйзамынын 11-1-беренесинде Акыйкатчынын (Омбудсмендин) ишинин ачык-айкындыгы кепилденгени менен **Акыйкатчынын Басма сөз кызматы маалыматтык материалдарды акысыз жарыялоо иштеринде, мамлекеттик телерадиоканалдарда жана басылма жалпыга маалымдоо каражаттарына маалыматтарды чыгарууда кыйынчылыктарга дуушар болушат.**

Мисалга алсак, 2015-жылдын 27-февралында КТРКнын жетекчилигине расмий кат жолдонгон[213] . Анда КР Акыйкатчысынын “Кыргыз Республикасында балдарга карата зомбулук менен күрөшүү” аталыштагы атайын баяндамасы боюнча 2015-жылдын 31-мартында “Ак-Кеме” мейманканасынын конференц-залында өтүүчү коомдук угууну чагылдыруу өтүнүчү билдирилген эле. Ошондой эле, 2015-жылдын 10- мартында КТРКнын жетекчилигине кат[214] жолдонуп, анда “2014-жылы Кыргыз Республикасында адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктеринин сакталышы жөнүндө” КР Акыйкатчысынын жылдык баяндамасынын долбоору боюнча 2015-жылдын 12-мартында “ParkHotel” мейманканасынын конференц-залында өтүүчү коомдук угууларды чагылдыруу өтүнүчү менен кайрылган. Бирок, бул өтүнүчтөр жоопсуз калган жана адам укуктарынын маанилүү маселелерине арналган жогорудагы иш-чараларга КТРКнын журналисттери келишкен эмес.

КР Акыйкатчысынын орунбасарынын №49 Адам укуктарынын эки айлыгын жарыялоо тууралуу буйругун аткаруу максатында Кыргыз Республикасынын Коомдук телерадиоберүү корпорациясынын жетекчилигине кат[215] жолдонуп, анда Адам укуктарынын эл аралык күнүнө карата КР Акыйкатчы (Омбудсмен) Институтунун кызматкерлеринин катышуусунда телеэфир уюштурууну суранган элек. Тилекке каршы, мындай өтүнүч КТРКнын жетекчилиги тарабынан четке кагылган.

Мындан сырткары, эл аралык донорлордун көмөгүндө тартылган, 3-декабрь-Майыптардын эл аралык күнүнө арналган кыскаметраждуу 10 минуталык фильм да КТРКнын эфиринен чыккан эмес.

---

[213] 2015-жылдын 27-февралындагы чыгыш № 06-650.
[214] 2015-жылдын 10-мартындагы чыгыш № 06-467.
[215] 2015-жылдын 2-ноябрындагы чыгыш № 06-2295.

КР Акыйкатчы (Омбудсмен) Аппараты Кыргыз Республикасындагы адам укуктарын коргоонун маселелери боюнча материалдарды өкмөттүк “Слово Кыргызстана”, «Эркин Тоо» жана «Кыргыз Туусу» гезиттеринде акысыз жарыялоого мүмкүнчүлүктөрү жок. Акыйкатчынын өтүнүчтөрүнө аталган басылмалардын жетекчилиги гезит бетинен орунду акы төлөө тартибинде гана берүүгө даярбыз деп жооп беришет.

Жогоруда баяндалгандардын негизинде КР Акыйкатчысынын басма сөз кызматы Кыргыз Республикасындагы адам укуктарынын жана эркиндиктеринин абалы тууралуу, ошондой эле КР Акыйкатчысы тарабынан уюштурулган иш-чаралардын алкагында, КР Акыйкатчы (Омбудсмен) Институту тарабынан берилген материалдарды үзгүлтүксүз чагылдырып турууга өкмөттүк басылмалардын жана коомдук жалпыга маалымдоо каражаттарынын жетекчиликтерин милдеттендирүү зарыл деп эсептейт.

2015-жылы Адам укуктарынын эл аралык күнүнө карата КР Акыйкатчысынын басма сөз кызматы тарабынан “Биз сиздердин укугуңуздарды коргойбуз” («Мы защитим ваши права») деген аталышта А4 форматындагы буклет даярдалып, мамлекеттик жана расмий тилдерде 3 миң нускада чыгарылды.

Адам укуктары күнүнө карата ошондой эле “Акыйкатчы (Омбудсмен)” гезити А3 форматында, 8 бет көлөмүндө 10 миң нуска менен чыгарылды. Бул гезиттин беттеринде республикадагы адам укуктарынын абалы, жарандардын арыз жана даттанууларына жооп берүү жана мониторинг жүргүзүүнү күчөтүү тууралуу материалдар кыргыз жана орус тилдеринде жарык көргөн. Аталган буклеттер жана газета Кыргызстандын бардык аймактарына таркатылып, КР Акыйкатчысынын ишмердүүлүгүн жайылтуу боюнча басма сөз кызматынын ишмердигинин бөлүгү болуп калды.

2015-жылдын башында КР Акыйкатчы (Омбудсмен) Аппараты Улуу Британиянын Согушту жана тынчтыкты чагылдыруу институтунун Бишкектеги өкүлчүлүгү (IWPR) менен бирге журналисттер арасында адам укуктары жана эркиндиктери чөйрөсүндөгү мыкты журналисттик иликтөөлөргө республикалык конкурс жарыялаган. Конкурс жыл сайын 10-декабрда дүйнөлүк коомчулук тарабынан кеңири белгиленүүчү Адам укуктарынын эл аралык күнүнө карата уюштурулган. Бул конкурстун максаты адам укуктары чөйрөсүндөгү журналисттик иликтөөлөрдү жүргүзүүчү журналисттерге колдоо көрсөтүү жана алардын кесипкөйлүгүн баалоо максатында уюштурулган эле.

Конкурска бардыгы болуп 65 журналисттик материал түшүп, анын ичинен 20 материал “Басылма ЖМКлар”, 45 материал «Он-лайн ЖМК/Радио» номинацияларында түшкөн.

Конкурстун жюри мүчөлөрү келип түшкөн иштерди кароодо эң оболу материалдарда журналисттик иликтөөлөрдүн элементтеринин болушун жана көтөрүлгөн проблемалардын актуалдуулугун эске алышкан. Добуш берүүнүн жыйынтыгында, калыстардын көпчүлүк добушу менен жеңүүчүлөр аныкталды:

- **«Басылма ЖМК" номинациясында:**

**1 -орун** – берилген жок;

**2 -орун** – А. Исманов – "Новые лица" гезитинин кабарчысы «Судьба ВИЧ-инфицированных детей. Спустя восемь лет…» макаласы үчүн;

**3 -орун** – А. Субанбеков – «Супер-Инфо» гезитинин кабарчысы «Беш баласын социалдык кызматкерлерге алдырган эне: Балдарыңды сатып жибердик дешти»;

**3 -орун** – А. Касыбеков – «Вечерний Бишкек» гезитинин кабарчысы «Схема отъема дома» макаласы үчүн сыйланды.

- **«Онлайн ЖМК/Радио» номинациясы боюнча:**

**1 -орун**– К. Жолдошев – «Азаттык» радиосунун кабарчысы «Кадрдык империянын караңгы жолдору» макаласы үчүн;

**2 -орун –** А. Мамытова – «24.kg» маалымат агенттигинин кабарчысы, «Энергетика. Kg: Как нас обманывали годами» макаласы үчүн;

**3 -орун –** Түмөнбай Абдинаби уулу – «Марал» радиосунун кабарчысы «Нике күбөлүктөрү оңдолуп жаңы төрөлгөн балдарга күбөлүк катары берилген» аталыштагы радиорепортажы үчүн сыйланган..

Конкурстун калыстар тобунун чечими менен "Басылма ЖМК" номинациясында биринчи орун эч кимге ыйгарылган жок, конкурстун катышуучуларына бул номинацияда 2 үчүнчү орун берилди.

Мындан сырткары, балдардын жана аялдардын укуктарын коргоо маселелери боюнча, ИИБ кызматкерлери тарабынан кыйноолор, сабоолор, камоо, мыйзамсыз камакка алууга байланышкан маселелер боюнча, ошондой эле, аймактык журналисттик иликтөө номинациялары белгиленген. Балдардын жана аялдардын укуктарын коргоо маселелери боюнча жеңүүчү катары "Азаттык" радиосунун кабарчысы К. Элкеева «Нурипа: күйөөм чачымдан сүйрөп урат» радиорепортажы үчүн, «Супер инфо» гезитинин кабарчысы Г.Асанкожоева «Аскерге кеткен уулумдун көк-ала болгон сөөгү келди» макаласы үчүн, аймактык мыкты журналисттик иликтөөлөр номинациясында «Voice of Freedom»

порталынын кабарчысы Г. Алтымышбаева «За массовую гибель людей в общественном туалете на рынке «Кара-Суу» никто не понес наказания» макаласы үчүн сыйланды.

КР Акыйкатчысына (Омбудсменине) калктын жеткиликтүүлүгүн камсыздоо жана интернет аркылуу кайрылууларды жолдоо мүмкүнчүлүгүн түзүү жана Кыргыз Республикасында укук бузуулардын алдын алуу максатында 2015-жылдын январь айында КР Акыйкатчы (Омбудсмен) Аппараты тарабынан *www.ombudsman.kg* сайтын модернизациялоо чечими кабыл алынган.

Учурда сайт аркылуу арыз жолдогон жарандар менен он-лайн кат жазышууларды жүргүзүү мүмкүнчүлүгү түзүлгөн. Ар бир электрондук кайрылуу эсепке алынат, ага каттоо номери берилет, натыйжада арыз ээси өз арызынын андан аркы жылышы, ага карата КР Акыйкатчы (Омбудсмен) Аппаратынын кызматкеринин аракетине баам салуу мүмкүнчүлүгү түзүлгөн. Арыз ээлери электрондук кайрылууларына мамлекеттик жана расмий тилде, эгер зарыл болсо чет тилде да жооп ала алышат.

Мындан сырткары, сайттын ар бир окурманы КР Акыйкатчы Аппаратынын бөлүмдөрү жана кызматкерлери менен, аткарылып жаткан иштер менен тааныша алышат жана керек болсо тийиштүү бөлүмдүн кызматкери менен телефон аркылуу сүйлөшө алат.

Учурда окурмандардын санын тактап, эң көп окулган материалдарды аныктоочу эсептегич коюу маселеси иштелип чыгууда.

Отчеттук мезгил ичинде КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) басма сөз кызматы тарабынан КР Акыйкатчысы жана Акыйкатчы Аппаратынын кызматкерлеринин катышуусундагы 64 телерадиоберүү уюштурулган, КР Акыйкатчы (Омбудсмен) институтунун ишмердиги тууралуу 240 пресс-релиз даярдалып электрондук даректер аркылуу жөнөтүлүп, интернет басылмаларда жарыяланган.

**Сунуштар**

**Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине**

1. КР Акыйкатчы (Омбудсмен) Аппаратынын ишмердигин жана адам укуктары менен эркиндиктеринин сакталышын ар тараптуу чагылдыруу максатында акысыз негизде эфирдик убакыт бөлүүнү (жумасына 30 минутадан кем эмес убакыт) КТРКнын Байкоочу кеңешине тапшыруу жана бул ченемди КР Жогорку Кеңешинин атайын токтомун кабыл алуу менен бекитүү.

**Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө**

1. КР Акыйкатчы (Омбудсмен) Аппаратынын ишмердигин жана адам укуктары менен эркиндиктеринин сакталышын ар тараптуу чагылдыруу максатында өкмөттүк басылмалар: «Кыргыз Туусу», «Слово Кыргызстана» жана «Эркин Тоо» гезиттеринен ай

сайын 1 полосаны акысыз негизде бөлүп берүү .

### 4.3.1 Коомдук талкуулар, парламенттик угуулар

2015-жылдын ичинде өнөктөштөрдүн колдоосу менен коомдук угуулар өткөрүлдү. Андай жыйындардын биринде, мисалы, атайын баяндамаларды жакшыртуу талкууланды. Атайын баяндама адатта курч көйгөйлөргө арналат. Соңку жылдары КР Акыйкатчы (Омбудсмен) Аппараты балдардын укугу, ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдардын (ДМЧА) укуктары, жабык мекемелерде жаткандардын укуктары сыяктуу темалар боюнча талкуулар өттү.

31-мартта КР Акыйкатчы (Омбудсмен) Аппараты «Баланын укуктарын коргоочулардын лигасы» коомдук фонду менен бирдикте ЮНИСЕФтин каржылык колдоосу менен «Балдарга карата зомбулукка каршы күрөшүү» темасында коомдук талкуу өткөрдү. Ага мамлекеттик органдардын, эл аралык уюмдардын жана укук коргоочу өкмөттүк эмес уюмдардын өкүлдөрү катышты. Анда балдардын укуктарын коргоону жакшыртуунун жолдору сунушталды.

2015-жылдын 22-сентябрында Ош шаарында, ошондой эле 2015-жылдын 16-декабрында Бишкек шаарында «Кыргыз Республикасынын **ички иштер органдарынын кызматкерлеринин** эмгектик укугу жана **социалдык жоопкерчилиги**» темасына атайын баяндама талкууланды. Бул иш-чараларда милиция кызматкерлеринин абалын жакшыртуу сунуштары айтылды.

### 4.3.2. Иш-чаралардын саны, тематикасы, катышуучулары жана натыйжалары

2015-жылы КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) катышуусу менен 23 жолугушуу өткөрүлдү. Бардык жолугушуулар практикалык мүнөздө болду, **атап**

**айтканда: Кыргыз Республикасында адам укуктарын сактоо жана коргоо жагындагы кырдаалды жакшыртуу үчүн биргелешкен иш-чаралар** (семинарлар, тренингдерди) өткөрүү, ошондой эле, **КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) Аппаратына техникалык жардам көрсөтүү маселелери каралды**.

2015-жылы КР Акыйкатчысы (Омбудсмени) 6 эл аралык конференцияга катышты. Алардын алкагында чет өлкөлүк кесиптештер менен байланыш түзүлүп, тажрыйба алмашуу, адам укуктарын коргоо жаатындагы мыкты жетишкендиктерди билүүгө мүмкүндүк берди.

2015-жылы КР Акыйкатчысы (Омбудсмени) кызматкерлер менен бирдикте 8 тренингге жана семинарга катышты, алар адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин коргоо жагынан билимди бекемдөөгө мүмкүндүк берди. «Балдарга карата зомбулукка каршы күрөшүү» жана «Кыргыз Республикасынын **ички иштер органдарынын кызматкерлеринин** эмгектик укугу жана **социалдык жоопкерчилиги**» деген атайын баяндамалар адам укуктарын сактоо жана коргоо жаатындагы курч көйгөйлөрдү ачты.

Жогоруда баяндалгандардан көрүнүп тургандай, КР Акыйкатчысы (Омбудсмени) институтунун эл аралык иши 2015-жылы кыйла бай жана мазмундуу болду. КР Акыйкатчысы (Омбудсмени) Б. Аманбаев ээлеген кызматынан мөөнөтүнөн мурда бошотулганына карабастан, кызматкерлер мурдагы режимде иштөөнү улантты жана ал тургай, **атап айтканда,** эл аралык кызматташтык чөйрөсүндө алда канча үзүрлүү иштеди.

Эл аралык уюмдардын жана укук коргоочу бейөкмөт уюмдардын өкүлдөрү менен жолугушуулар КР Акыйкатчысы (Омбудсмени) институтунун кадыр-баркына оң таасир этти, бул донор уюмдардан техникалык жардамдын көбөйүшүнө да түрткү болду. Бул, өз кезегинде, бүтүндөй алганда укук коргоо ишинин материалдык курамын чыңдады жана КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) Аппаратынын ишине оң таасир этти.